С кырг
Б72

К. Бобулов

# ТУШТУК КЫЗЫ



84.98 Ки7
Б 72

*Тестиер балдар жана өспүрүмдөр үчүн*

**Бобулов Камбаралы.**

Б 72 Түштүк кызы: Повесттер, аңгемелер, очерктер. Тестиер балдар ж-а өспүрүмдөр үчүн. — Ф.: Мектеп, 1983. —256 бет.

Жазуучунун бул жыйнагына «Түштүк кызы», «Чоочун киши» сыяктуу мурда өзүнчө китеп болуп чыккан повесттери, аңгемелери жана очерктери топтолду.

С (Кирг)2
ББК 84. 98 Ки7

Б $\frac{70803-213}{М\ 452\ (17)-83}$ 187. 83. 4803010200

© Түзгөн «Мектеп» басмасы, 1983-ж.

# повесттер



## ТҮШТҮК КЫЗЫ

### 1

Үйдө эч ким жокто, кечтелеп сайма сайганды, кыңылдап ырдап, кыялданганды мен жакшы көрөм. Бул менин көнгөн, үйрөнгөн адатым. Ар кимде ар кыял, ал кыялды ким тыяр дептир. Мен обу жок ыржактап күлбөйм, ырсактап бирөөгө тийишпейм, ушак айтканды зээнимде жактырбайм. Көчөдө болсун, мектепте болсун, боюмду көпчүлүктөн оолак кармап, жалгыз жүрөм.

Менин зымпыйып, өзүмдү оор басырыктуу алып жүргөнүмдү баары макташат. Апамды ээрчип, аш-тойго барып калсам, сынымды бузбай, сыңар тизелеп отурам, кеп сураса, шашпай жооп берем. Отургандардын эки көзү менде экенин билип турам. Ансайын жер карап, созулам. Улгайган аялдар адептүүлүгүмө ыраазы болушуп, маңдайымдан чоп эткирип өөп:«Өмүрүң узун болсун айланайын, биздей карып-ары» дешип, ак баталарын аяшпайт... Кээ бир энелер кыздарын урушканда: «Өзүң теңдүү Гүлайымдан үлгү албайсыңбы? Чоң кишидей акылдуу. Эл көзүнчө созулуп, керели кечке бир сүйлөп койбойт. Кандай жандын кыздары ошондой болот экен?» деп, арман кылышканын да укканмын...

Албетте, энемдей кишилердин мактоолору мага майдай жагат, көңүлүмдү эргитет. Мындан ары да өз баркымды эл көзүнө түшүрбөскө тырышып, ансайын жибектей созулам, улуу кишилердин алдынан кыя басып өтпөйм. Ошон үчүн мени жакшы кыз дешет...

Ботом мактана баштаган турбайымбы?.. Уят... уят. Бетим кызарып баратат. Бирөө ушул оюмду угуп калса, өлбөдүмбү?..

Ким укмак эле, үйдө өзүм жалгызмын. Атам, апам, укам — үчөө тең жарышып, Ош базарына кетишкен. Сиңдим экөөбүз калганбыз. Апам айткандай чоң дарбазаны ичинен кулпулап, эртеңден бери эки мээрап жүктү аптапка жайып, кайра керилтип жыйдым. Колум талып эле калды.

Эми кол бошоп, сайма сайып отурам. Үйүбүздүн үстү тарабындагы асфальт жолдон машиналар өйдө-төмөн ку-

мурскадай каттап турат. Бул дүйнөдө ар түрдүү адамдар бар окшойт. Кээ бирөөлөр машинанын үстүндө кол булгалап өтөт, кээ бирөөлөр үнүнүн бардыгынча дарылдап ырдайт, кээ бирөөлөр ажырашып кала тургансышып, бекем кучакташып алышат... Уялбайбы? Андан көрө тынч отуруп, айланага көз жиберип, суктанышпайбы, кыялданышпайбы? Аттиңай, мен машинага түшүп, алыс-алыс сапар тартсам, кандай кыялданар элем... Кыялым машина менен тең жарышмак... Созулуп, сүйлөбөйт, деп мактаган энелер менин ичимдеги уйгу-туйгу ойлорумду, жүрөгүмдү мыкчып эзген сырларымды билип коюппу?..

Мен күн өткөн сайын өзүбүздүн коргонубузду негедир жек көрүп баратам. Туюк аскадай айланаңды курчаган коргондо өзүң жалгыз отура берсең, ичиң бышып зеригесиң, бук болосуң... Көңүл түшкүр элирет, кайдадыр талпынат, жүрөгүм тынбай согот...

Бул коргонду мындан элүү жылча мурда чоң атам курдурган экен... Жаңы кезинде өтө бийик болчу деп, атам айтып калат. Бурганактап көз ачырбай, алай-дүлөй карлар жаап, аптасына созулган жамгыр куюп, жыл өткөн сайын чоң атамдын коргонунун такпайы бошоп, топурагы эзилип, урай баштайт. Айрыкча, өзүнүн көзү өткөндөн кийин бул коргон кароосуз калат...

Кечээ жакында, мен эс тартып калганда, коргонубуздун батыш тарабы аңырайып бузук эле... Элдин бош жүргөн малы кирип, тынчыбызды алганда, атам өзү шымаланып гүвалак куюп, эптеп бүтөп койгон.

Кийинки үч-төрт жылда биздин айылдагылар бири-бирине атаандашып, үй-коргон салышып, алардын жанында, биздики жепирейип, аябай ырайы суук көрүнүп калды.

Атам да арданып, коргонумду оңдойм деп ар кимден акыл сурады. Кээ бирөөлөр ушул тамтыгы кеткен коргонуңду бузуп, (антпесең баары бир эски такпайы эзилип кетет)-жаңы конушка өт дешти. «Ата конушумду чалдыбарга айлантпайм, ушул жаман коргондо өсүп-өндүм» — деп, макул болбой, эски коргонубуздун тамтыгы кеткен үстүңкү паксаларын көчүрүп, анын ордуна жаңыдан беш пакса улап урдурган... Коргонубуз тогуз паксага жетип, шаңкайып калды.

Үйүбүздүн жанынан эртели-кеч өткөн жолоочу карыялар: «Бали, куп коргон экен да! Кимдики болду экен? Мындай бийик коргон бу арада жок... Ким курса да, атасына ыракмат»— деп, тамшанып өтүшкөндө, атам ого бетер дардайып калат.

Коргонубуздун ичи кенен, беш-алты сотых келет. Мур-



далары апам бул аянтка кара тамеки экчи эле, былтыртан бери сорт алмалар мөмөлөп, шактарынын көлөкөсү далдайып жайылган сайын тамеки бышпай калды.

Буга апам капа, мен ыраазы. Анткени, кара тамекинин бүткүл түйшүгү менин мойнумда: экчүмүн, кайталап чабыктан чыгарчумун, апта сайын желкем үзүлүп отоп турчумун, күзүндө тамекини каптап алып, апам Ош, Анжиян карай жөнөчү...

Алмалар жетилгенден бери бул машакаттан кутулдум да калдым. Эң таң каларлык нерсе, кыпкызыл алмалар шагында эзилип бышып турса, үзүп жегиң келбейт... жыты буркурайт...

Ботом кыялым дагы алыстап кеткен турбайбы?

Ошентип, он жетиге жык толуп, алыскы сапарга уча турган куштай канатымды дирилдете каккылап, эми кай жерге барып конор экенмин деп, жүрөгүм туйлап, ушул коргондо сыланып-таранып турган кезим...

Кыз жүрөгү сезгич келет.

Кийинки айларда ата-энемдин базарларга көп-көп каттап жаткандыгы да кокус эмес...

Өткөн базарда апамдар көтөрүп келген куржунду кызыгып аңтарып жиберсем, эркектин бир жуп өтүгү бултаң этип чыга калды.

— Ата, өзүңүзгө алдыңызбы? — десем:

— Жок кызым,— деди да, атам заматта кызарып кетти.

— Жакшы өтүк экен... Хром турбайбы? Анан кимге алдыңар? — деп, кычагандай такып сурапмын. Менин такышымдын да жөнү бар, биздин үйдө мындай чоң өтүк кие турган атамдан башка киши жок. Атам мостоюп айласы түгөнгөн кишидей унчукпай жер карады. Карасам, жайык маңдайы тердей түшүптүр...

— Мынча такып калдың? Кереги бар.— Суктанып кармалап турган өтүктү апам колумдан жулуп алды да, жаман көзү менен акырайып карап койду.

Түшүндүм!.. Ошондо түшүндүм, ошондо аалам караңгылап, үйүбүз кыйшайып, оодарылып баратканcыды, тула боюма муздак тер жармашты. Кире качууга жай таппай шашып калдым. Атам да эшикке жылып чыга берди. Апам кулак-мээмди койбой жемелеп кирди. Жемелебей турган апам беле, баарынан да атамдын алдында өлбөгөн төрт шыйрагым калбадыбы?

Ушу менде паам жок. Атам дудук болуп, кызарганда эле эмне сезбедим экен?.. «Жакшы өтүк экен?»— деп, суктанып карап калганымды кантейин?.. Ошондон бери атама тик багып карай албай качып жүрөм.

Баарынан да ошол табышмактуу өтүк менин тынчымды алды. Каякка бассам, ал менин артымдан калбай ээрчип жүргөнсүйт. Ошол өтүктүн тык-тык этип баскан үнү угулгансыйт, карай салсам жок, анан дагы баягы тык-тык...

Баса, атамдар бул өтүктү кимге атап алышты экен? Деги атаган ээси бар бекен, же азырынча аты-жөнү белгисиз бир кишиники болду бекен? Ушулардын бардыгын билгим келет, бирок, аны мага ким айтат?..

Бул өтүктү кимге алдыңар деп апамдан кайталап сурашка оозум барбайт, уялам... Бирок, ичим үйгу-түйгу болуп билгим келет.

Кыярланып, күн бешим болду. Апамдар базардан тезирээк келсе экен?.. Зеригем... Ордумдан турсам, бүткөн боюм талыкшып калыптыр. Эстеп, керилип-чоюлдум... Эмне кылсам? Китеп окусамбы? Көңүлүм чаппайт. Жол карап, тамдын башына чыктым, те сарайдын жанында келиндер кылакташып, тамеки эгип жүрүшөт. Азыр эмгек кызыган кез...

Кызыл-Кыя тараптан бир машина зымырап учуп келатат, үстү толо кишилер, арасында жылаңбаш аялдар да бар окшойт. Кимдир бирөө ырдап жиберди. Үйүбүздүн тушуна келгенде, жанагы неме мага карай кол булгады да:

> Үйүңүздүн үстүнөн
> Ырдап өтөм, Гүлайым.
> Кимдин жары болосуз,
> Сурап өтөм, Гүлайым,—

деп кошуп жиберсе болобу? — Ырдай бер! — деп, калгандары чуулдашты. Заңкылдап эле жаагын жанып, атымды билгендей ырдап баратат.

Андан аркысын тыңшабадым. Кайсы балекет басып тамдын башына чыга калдым эле. Мына, ушул ыр бардык элге жайылат, ак жерден жаманатты болом. Эмне үчүн чыктың, кимге бой көрсөтөйүн дедиң эле деп, апам жанымды сууруп алат эми. Кайдан көзгө көрүнүп, бойго жеттим экен? Эселек бойдон, куурчак ойноп жүрсөм, мындай түйшүк түшүмө кирмек эмес.

Эмесе, биз тараптын кызга болгон адаты ушундай...

## II

...Эрксизден көп нерселер эске түшөт.

Мен туулган жерде кыздар менен балдар айлуу түндөрү аралашып ойношуп, көңүл ачып ырдашпайт, же ээн эркин эки-экиден колтукташып, киного барышпайт... Ал турмак, кыз менен жигиттин күндүзү эле азилдешип тургандын, көчөдө бирге сүйлөшүп келатканын бирөө-жарым көрүп калса: «Паланча акенин кызы чак түштө тиги менен тартынбай алым сабак айтышып турганын өзүм көрдүм! Ой тооба! Бул кыздын бети курусун, кимге тийсе да жарытпайт! Адамдан такыр ийменип коймбойт» деген ушак сасык тумандай айылды аралайт. Мындай ушактын аягы жеңил болот эмеспи! Тез эле бул кеп кыздын ата-энесине, урук-туугандарына угулат.

Бойго жеткен кызынын «элден» суурулуп чыгып, уятсыйыттан ажыраганына ариеттенген эне: «Сенин тушуңда биз баш көтөрүп басып жүрө алабызбы, же чүмкөнүп үйдөн чыкпай калалыбы?» — деп, «адепсиз» кызынын жумшак сандарынан аткып-аткып алганда, айыпсыз көз жаштар мончоктоп жерге тамат!

Кайран жазыксыз көз жаштар кайда тамбады, кайда калбады.

Чучукту какшаткан чымчуурдан кийин жаштыкка мас сулуу кыз да этияттанып, ашык жарды көргөндө, дагы бирөө байкап калбагай эле деп, кооптонуп, өзүн оолак кармайт.

Бирок, сасык айың канчалык тарабасын, каардуу апа канчалык казапка албасын, жаштыктын жалындуу илеби, ашыктыктын ысык оту жүрөктө өчмөк беле?..

Кыз бала сезгич келет, турмуштун аркы-беркисин тез баамдайт деп, карылар туура айтышат. Эгерде эркек балдар да биздин шартыбызда чоңоюша, мага ишенип коюңуздар, алар да бул жагынан калышмак эмес. Кантесиң, алардын эркек деген касиеттүү аты бар турбайбы! Ата-энелерибиз: «Эркектен эшек үркөбү?» деп коюшат.

Бул эмне деген кеп?

Мейли, эркектер кандай жаман жорук кылбасын, аларга кечиримдүү, анткени — эркек! Ал эми, аялдар, силер аларга теңелбегиле — деген үгүт.

Эсимде. Анда мен тогуз жаштамын. Оюн дегенде бетимен түшө калган жан элем... Бир жолу, кечке жуук коңшуларыбыздын өзүм теңдүү балдары менен жашынмак ойноп, күндүн кантип батканын да сезбей калыпмын... Эч ким таба албасын деп, чуңкур арыктын ичинде Шарип деген бала экөөбүз демибизди чыгарбай бекинип жаткан-быз...

— Гүлайым! — деген апамын үнү үйүбүз жактан угулду. Шарип унчукпа дегендей баш ийкеди. Мен макул болдум. Анткени, мындан мурда биз да, аларды таба албай, аябай убараланганбыз. Алардан өчүбүздү алалы деп оңойлук менен таба албас жерде жатканбыз. Кычагандай,

апамдын издеп калганын карачы! Апам Гүлайымды көрдүңөрбү деп, сурап калды эле, тиги орсойгон Кадыр озунуп:

— Карамат эже, биз дагы издеп жүрөбүз! Шарип экөө бирге бекинген эле, жарым сааттан бери таппайбыз. Карабаган жерибиз калбады. Экөө кайда жоголуп кетишкен? — деп, каратып туруп жамандады.

Мен Кадырды аябай жаман көрөм. Анткени, ал дайым бейжай сөздөр менен кыздарды тилдейт, көз көрүнө калп айтат. Оюн башталарда, ал экөөбүз бир жак бололу дегенде, мен «Итим да сени менен бекинбейт» деп, өлгүдөй уят кылганмын. Ошого өчөшүп, апама сүйүнчүлөп жатпайбы? Тура калып, эмне калп айтасың дегим келди эле, Шарип: «Унчукпа, убараланып издешсин, анын жазасын өзүм берем» деп, шыбырады.

— О, о Гүлайым, бери чык! — Апамдын каардуу добушунун жаңырыгы те алыстан кайталанды. Ырас, апамдан коркуп турсам да, Шарипке билдирбеске аракеттенип, тымпыям. Шарип экөөбүз коон уурдап жашырынган балдардай, бир-бирибизге жалдырап карайбыз. Дүрсүлдөп соккон жүрөгүбүздүн дабыштары даана угулат! Өзүбүздү ушунчалык машакатка салып, бизге не зарылчылык келди экен! Балалык да.

— Карамат эже, ушу тарапка бекингенин көзүмдүн кыйыгы менен көргөнмүн! — деген Кадырдын бөжүраган үнү угулат, улам ал бизге жакындап келатат. Биз кыбыр этпей, жер кучактап, унчукпайбыз... Алар жакындап келатышат, анакей, апамдын ак жоолугу, ачуулуу ирең көрүндү. Айлабыз түгөнгөндө, өзүбүз озунуп:

— Биз мындабыз! — деп, Шарип экөөбүз тең жарыша турдук...

— Жашасын, таптык! — деп, Кадыр жер тепкиледи.

Апам бир кадам алдыга басып, Шарипти жаман көзү менен акырая карап, анан мага:

— Жатакалгыр, беймаалда мында эмне жатасың? Кыйкырып жатып үнүм бүттү, эмне унчукпайсың а?

Эмне деп айтмак элем, айып өзүмдө, башты төмөн салып унчукпай гана туруу керек.

— Эмне тултуясың? — деп, апам кайталап сураганда, Шарип:

— Айыптуу мен, унчукпа дегем, мени уруңуз... Апам ага атырылды.

— Эй бала, долулугуңду энеңе кыл. Кандай бейбаш өскөн баласың, ары тур — деп, апам бир салды. Буга Кадыр табалап, четте карап турат. Канчалык сураса да унчукпасымды апам түшүндү окшойт, колун шилтеп:— жүр,— деди.



Зырылдап коркуп ээрчип барам. Коргонго кирдик. Апам чоң дарбазаны жаап, мага айбаттанып басканда:

— Апажан, урба!— жалынып-жалбарып мойнуна асылдым. Бирок, бекер эле коркупмун. Апам урмак тургай, алдына отургузуп:

— Айтчы кызым, ким менен ойноп жатасың? — деп кадимкисиндей мээримдүү сурады.

— Балдар менен,— дедим оюмда кыпындай кирим жок.

— А сен кимсиң? — деди апам күтүлбөгөн жерден... Мен таң калып, апама аңырайып карадым. Ой, тобоо, апам эмне деп жатат? Бул чын кебиби, же тамашасыбы? Менин ким экендигими апам кантип билбесин? Жок, апам мени эркелетип жатат.

— Гүкүшмүн,— дедим да, заматта апамын негизги оюн түшүнгөндөй:— Сиздин кызыңызмын,— апамдын мойнуна асылдым. Таң каларлык нерсе, апамдын каардуу түрү өзгөргөн жок... Оор дем алып, бети кумсарып, сурданып карайт.

— Гүкүш экениңди, менин кызым экениңди баары билишет... Анан апам оор үшкүрүп, каргылданган үнүн пастатып:— Сен жаман кыз экениңди билесиңби? Беш-алты жылдан кийин бирөөнүн бүлөсү болосуң, билесиңби? Качанга чейин атаңдын үйүндө...

Апам дагы бир нерселерди айтууга камынды эле, колум менен оозун баса калдым:

— Апажан, антпе, мен эч качан бул үйдөн кетпейм,— деп, тыбырчылап ыйладым... Анан кантип ыйлабайсың! Ата-энеңдин жылуу үйүнөн чоочун бирөөгө кантип, сагалап бүлө болосуң? Жок, менин баргым келбейт. Негедир, өксүп-өксүп ыйладым... Апам ушунчалык таш боор беле? Же менден кутула албай жүргөн окшойт. Анда мени төрөбөй эле койбойбу? Ой апажан, эч болбосо, саамай чачыман сылап, кадимкидей энелик мээриминди төгүп, мынчалык Гүкүшүңдүн көңүлүн оорутпай: «Кызым калп айтам, эркелеттим, эч жакка кетпейсиң, өмүр бою ушул чоң коргондо жашайсың»— деп койбойбу?

Апам антпейт, оор дем алат да, таштан бетер мисиреет, унчукпайт.

Жок, мен жаңылыпмын... Мынаке, апам мени бооруна бекем кысты, маңдайымдан жыттагылады. Азыр, азыр эркелетет, сооротот, ошентип кучакташабыз... Таарынчым жазылат. Эртеге дагы экиге бөлүнүп, бекинмечек ойнойбуз... Карап тур, Шарип экөөбүз дагы эч ким таппас жер-

ге бекинип аябай убара кылалы. Карап тур, шумшук Кадырды ойнубузга кошпой, ичин күйгүзөлү.

Тигине тоо кырынан кыялап ай да чыгып калыптыр. Миң-миң жылдыздар бизди карап жымыңдашат... Ушундай айлуу түндө бекинмечек ойногон кандай жакшы! Кап, кызуу ойнубузду апам бузду да.

Бирок, апам неге унчукпайт, неге эркелетпейт.

— Айланайын Гүкүш, эстүү бол... Атасынын төрүндө карыган кыз болбойт... Илгертен бери кыз баланын насиптагдыры ушундай... Апаң да бирөөнүн арзылап өстүргөн сага окшош кызы болгон... Ошондо апаң он алтыдагы селекек кыз эле... Атаң колхоздо бригат эле... Үй-тиричиликти зымдай кармап оокат кылдым. Кайын эненин да заардуу сөзүн уктум, көрө албаган абысындардын да ушагын уктум, баарына чыдадым, акыры жеңдим... Отурган, үндөбөгөн орун табат кызым. Атаң урушка кеткенде сен алты айлык боюмда калдың... Ошондо да эч кимге зарыкпай, жүгүмдү артпай, аял башым менен оокат кылдым... Ырысыбыз бар экен, атаң эсен кайтып келди. Үй ичинин тозбогонун көрүп, атаң апаңа аябай ыраазы болгон... Апаң ушинтип эл оозуна кирип, Карамат атка конгон. Кызым, сен дагы бармактайыңдан зымдай бол... Обу жок арсаңдап күлбө, эркек балдар менен жарышып жүгүрбө. Кыз балага ээрчиген ушак-айың кеп болот. Катуу басса таскак дейт, акырын басса аксак дейт. Көп сүйлөсө тантык дейт, унчукпаса тултук дейт. Уктуңбу, кыз баланын тагдыры ушундай. Мен Гүкүшүм жакшы болсо дейм, өз теңинен озуп, абийирдүү атка консо дейм... Мындан ары балдар менен ойногонуңду көрбөйүн... уят... Калмурзанын чоң эле кызы караңгыда балдар менен алышып ойноп жүрөт деп, эл кеп кылса, апаңа сөз тиет «Энесин көрүп, кызын ал»,— деген макал бар, уктуңбу кызым.

— Уктум. Күндүзү ойносом болобу?

— Күндүзү да ойнобо!

— Жаныбызда өзүм теңдүү кыздар жок, анан ким менен ойнойм.

— Эч ким менен ойнобо. Мектепте ойногонуң жетет. Тогузга чыктың, көп эрке-талтаң болбо. Илгери он жашында кыздарды күйөөгө берген. А сен... Андан көрө, окууңдан келгенден кийин кечте сайганды үйрөн. Болуптурбу?

— Болуптур,— дегемин аргасыздан...

Балапан жүрөгүм тызылдап, туз баскандай ачышты. Дүйнөдөгү эң бир кымбат нерсемден айрылгансыдым... Эмне үчүн мен кыз жаралдым экен? Эмне үчүн кыз бирөө-



нүн үйүнө бүлө болуп барат? Барбай койсо эмне болот? Кыз эмес, күйөөсү (оозум араң барды) кыздын атасынын үйүнө келсе, эмне болот? Деги ата-эненин үйүнөн айрылып жүргүчө, күйөөгө тийбей койсо болбойбу?

Жок, мени канчалык кыстаса да, күйөөгө тийбейм. Чачым агарып, карыганча ата-энемдин төрүнөн бир карыш эч жакка жылбайм — деп, муштумумду бекем түйүп, өзүмө өзүм ант бергенмин...

Моюнга алам, ырас, аным балалык экен! Турмуш түшкүр өзү эле мажбур кылат окшойт. Кыз бойго жеткен сайын, ата-энесинен өзүн артык баш сезе баштайт экен... Эмне үчүн мындай?

Тогуз, он жаш — көчө чаңытып ойноп гана жүрө турган чагың, а бирок, көрдүңүздөр го, менин ошол курагымда кандай коркунучтуу ойлор балапан жүрөгүмдү өйкөгөн, тынч уйкумду алган?

Бул оңой бекен? Эне сүтүң оозуңан кете элек, ээн үйдө жалгыз отуруудан элеңдеп корккон кезиң, а бирок, эмне деген түйшүктөр кыз баланын башына түшөт.

Ошентип, мен тогуз жашымда балалык учурумдун эң кызыктуу ойнунан ажыраганмын... Ырас, кийинчерээк да, кызыгып кетип, апама көрсөтпөй аралаша түшүп, ойноп жүрдүм. Апамдын эки көзү менде, көрбөй калмак беле? Бир жолу аябай май токоч берип «сыйлагандан» кийин, такыр даай албай калдым. Балдардын ойноп жүргөнүн көргөндө эски адатым кармап, жүрөгүм талпынчу, а бирок. Калп айткан менен болобу, баары көнүштөн экен... Кечте сайганды апамдан үйрөнүп алгандан кийин, такыр ойногум келбей калды... Мектептен келем, үй жыйыштырам, бош учурумда кечте саям. Азыр, өз колум менен жасаган буюмдарым бир сандык... Кол машинаны зырылдатып тигем... Айлыбыздын чеберимин. Ал турмак, жаңы формадагы кийимдерди да нускасын келтирип тиге баштадым!

Ботом, дагы мактанып кеткен турбаймынбы? Олдо, менин мактанчаак жаным ай!

## III

Удаалаштар аябай өч болушат дешет. Туратбек экөөбүз удаалаш да эмеспиз. Ал алты жаш кичүү. Бир жаман жери экөөбүз ит менен мышыктай аймаакыбыз. Дайыма чыр-чатакты Туратбек ээленип баштайт да, аягында балээсине мен калам... Анын, мени көзүнө илбей чакчаңдап жүрүшүндө да себеп бар.

Биз бир уядан үчөөбүз: эң улуусу мен, анан Шарапаткан, эң кенжебиз Туратбек.

Апамдын удаасынан эки кыз көз жарганына атам аябай осолдоп жүргөн имиш. Ал кызымтал болгондо: «Карамат качан уул баланын үнүн угам?» — деп, апама айып коюп жүрүптүр.

Боорунду тырмап күлө турган нерсе, акыл-эстүү, чопочоң кишилер да ушинтип таарынышат экен!

Биринчиден, таарынгыдай кыз бала эмес бекен? Ошол чиренген атамды тогуз ай бели майышып көтөрүп, азаптуу толгоосун тарткан, бармактайынан алпештеп өстүрүп, эр жеткирген, ким болду экен? Айта турган киши жок да.

Экинчиден, апамды айыптап нааразы болууга атамдын кандай акысы бар? Аялдар төрөй турган баласынын зубаласын камырдай жууруп алышса, анда кеп башка.

Акыры атамдын эңсеген тилеги орундалып, маңдайы жарылып сүйүнгөн күнү да келди.

Апам уул төрөдү!

Ошондо мен жетиде элем. Апамдын толгоосу башталганда, атам мени тонуна бекем катып, мулуңдап сүйүнүп, коргондун ичинде ары-бери басып жүрдү.

— Кызым,— деди атам жадырап-жайнап кубанып.— Апаң уул төрөсө, айылдын аягына чейин сүйүнчүлө.

— Сүйүнчүлөйм ата,— дедим да капыстан:

— Ата, апам кыз төрөсөчү? — Атамдын кашы үйрүлүп, кабагы бүркөлө түштү:

— Жап оозуңду, апаң уул төрөйт.

Менин шагым сынып, мостоюп, унчукпай калдым. Атамдын мынчалык жаны ачышып, мени какканына таң калдым. Мен да апамдын уул көз жарышын каалап турбайымбы?

— Гүкүш,— деди атам акыл айткандай.— Апаң кыз төрөсө, бүт айылды сүйүнчүлөбө.

— Эмне үчүн?

Кыз төрөлгөндө бүт айылды салтыбызда сүйүнчүлөбөйт — деди түшүндүрүүгө аракеттенип. Бирок, мага таптакыр түшүнүксүз.

— Эмне үчүн?

— Уят болот.

— Эмне үчүн уят? — деп, мен да кычагандай сурапмын... Атам эмне дээрин билбей унчукпай кутулду.

Жаңы бөбөк оңой-олтоң төрөлбөй, апам бечара ач кыйкырык салып: «Өлдүм, өлдүм. О Калмурза, ыразылыгыңды бер!» — деп чакырат. Атам эшиктен аттап: «Ыраазымын, байбиче!» — деп, ыйламсырай жалооруса, апам ан



сайын үйдү башына кийип: «Көзүмө көрүнбөй жогол ары!» — деп, айбаттанып чаңырат. Атам башына бирөө союл менен чапкандай артка чегинет, апам көп өтпөй дагы ыраазылык сурап чакырат, атам адатынча эшиктен мойнун созуп: «Ыраазымын!» — дейт да, кетенчиктейт.

Айласы түгөнгөндө атам айбаныбыздагы сериге отуруп, маңдайынан самсаалап аккан терин аарчып: «Катындын тилин алган мен акмак!» — деп башын мыкчып өкүнөт.

Атам бекер өкүнгөн жери жок.

Ай-күнүнө жеткенде, доктурдан төрө деп, атам бир нече жолу кайталап сураса да, апам көгөрүп болбой койгон. Анткени, апам бизди эч кимдин жардамысыз, кыйналбай-кысталбай өзү төрөп, өзү буту-колун жыйнап, чулгап алган экен... Ал турмак, Шарапаткандын төрөлгөнүн бир үйдө уктап жаткан атам туйбай калган имиш...

Түш ооган кезде үйдөн жаңы бөбөктүн бакырап ыйлаганы угулганда, атам мени таштап:

— О, үнүңдөн айланайын! — деп, ичкери карай жүгүрдү.

— Уул экен, уул экен! Сүйүнчү! Сүйүнчү! — деген аялдардын үйдү көтөргөн чуруладаган үндөрү угулду. Мен дагы энтигип жетип барсам, бардыгы жаңы бөбөктүн үстүнө жабыла түшүп, үймөлөктөп калышыптыр.

— Ыраазымын байбиче, ыраазымын. Эми эч арманым жок. Тилегеним ушул болчу — деп, атам дубалга сүйөнүп, өктөм отурган апамдан жалооруп, көзүн албайт.

— Канаке, көрманаң? — деп аялдардын бирөө атамдан көрүндүк доолаганда, ал тырышып турбай, ич чөнтөгүнөн бир тутам акча сууруп чыгып, чачып жиберди. Аялдар биринин үстүнө бири түшүп, опурап-топурап терип жүрүшөт. Кээ бирлери талаша кетишип айрып да алышты.

— Ой, туугандар, араң тапкан уулумдан алыс болгула — деп, атам жаңы гана төрөлгөн бөбөктүн үстүндө күйпөлөктөйт.

Эшиктин каалгасын сүйөнүп, тигилерге таңдана карап турган мени атам көрө коюп:

— Гүкүш, эмне карап турасың! Сүйүнчүлөп айылдын аягына жетип калды го десе, сен алиге астанада сагалап турасыңбы! Жүгүр кызым! — атам буйрук бергенде, мен да тызылдап чуркап жөнөдүм.

— Бир үй калтырбай баарын тегиз сүйүнчүлө! Апам уул төрөдү де! Эч ким укпай калбасын! — Ушинтип артымдан атам заңкылдап кыйкырып калды.

Бутум жерге же тиет, же тийбейт. Ар бир үйгө кирем да, күйүгүп дем ала албай: «Сүйүнчү, апам уул төрөдү!»—

дейм. Кимиси болбосун жаркылдап сүйүнүп: «Оозуңа май, айланайын! Агаң бечара уулум жок деп, зарланып жүрдү эле, жакшы болгон турбайбы!» — деп, көңүлүнөн чыккасын бере салышат... Дагы ары чуркайм... Кайсы үйгө кирбейин, баары макулдашып алышкансып: «Атаң бечара!»— деп сөз башташат... Мен анысына да көңүл бурбайм... Айылдын аягына жетем, эми эмне кылам деп, арсар турсам, бир аксакал чал эшек минип жогортон келатыптыр. Кебетеси бейтааныш... Жаныман өтө бергенде:

— Чоң ата! — дедим.

— А кызым!— деп, карап калды.

— Сүйүнчү бериң! Апам уул төрөдү,— дедим тартынбай...

— Куп жакшы болгон экен... Берейин, берейин — деп, чөнтөгүн аңтарып, беш сом сунду да:— Кимдин кызысың? — деди.

— Калмурзанын...

Таанбайт экенмин... Ата-энеңе айтып кой, уул болгону куп жакшы болуптур, айтарым эле, акыл-эси менен болсун — деп, эшегин кыдыңдатып өз жолу менен кете берди...

Бала болбосом, чоочун кишиден эмне үчүн сүйүнчү сурадым экен? Ушуну ойлогон сайын бетим кызарат...

Ошондо апам төрөгөн тырмактай бөбөк чоңойгондо мага сөөк какшаткан сөздөрдү айтарын билсем, антип жанталым калбай өрөпкүп сүйүнчүлөбөй калайын... Анын азыркыдай бейжай болорун ким билиптир! Ой, Туратбектин обу жок эркелигин ойлосом, жаным кашаят.

Ырас, ал үчүн да Туратбек өзү айыптуу эмес...

## IV

Атам айткан убадасында бекем туруп, айлыбызды бүт чакырып жаңы бөбөккө той өткөрдү... Арзымат деген бардык тиши күбүлүп түшкөн чалга тон жаап, ак батасын алып, бөбөктүн оозуна май салып, Туратбек деген ат койдурду...

Ошол күндөн Туратбек биздин үйдөгү эң ыйык, эң касиеттүү атка айланды...

Үйдөгү иш эрмегибиз, сүйлөгөнүбүз, убара болгонубуз: Туратбек, Туратбек... Ал үч айында арсаңдап күлдү. Бул биз үчүн чоң майрам болду... Атам жетине албай, уулум күлдү деп, бардык элге жайды... Алты айында, анын астыңкы эки тиши чыкты... Атам районго чаап барып, уулуна бир сыйра кымбат баа кийимдер сатып келди... Туратбек тетик чыгып, он айында телтеңдеп басты. Ой, ошондо



баарыбыз өз көзүбүзгө өзүбүз ишенбей, улам сынап көрүп: басты, басты! — деп, жар салдык. Туратбектин тили ата деп чыкты... Атам терисине сыйбай семирип: «Уулум ата дебедиби» — деп, айыл-ападагыларды чакырып кой сойду.

Ошентип, убакыт өткөн сайын биздин үйдүн эрке-талтаңы Туратбек болду да, Шарапаткан экөөбүз «өрдөктүн түрү суук» баласындай четтеп кала бердик...

Жакшы тамак болсо Туратбек ичсин, жакшы кийим болсо Туратбек кийсин... Күн бүркөлүп калса, чаң-тополоң түшүп: «Кокуй Туратбек кайда жүрөт, издеп тапкыла, суук тийип калбасын, күн тийсе, кокуй Туратбек кайда, аптап өтүп кетпесин!» — деп апам биздин тынчыбызды алат.

Ушинтип, көзүн жалдырап карап, айтканын эки кылбай орундап турса, ким болсо да, бутунун туурасы менен басып алчактабайбы...

Эмесе, бир гана жолкусун айтып берейин...

Эсимде, апам алыскы айылга кеткен болчу. Окуудан келерим менен үйдү жыйнаштырып, казан-аяк жууп жатканмын. Туратбек сырттан тал чыбыкты ат кылып минип, ылай буттары менен эдиреңдеп төргө өтө чапты. Канча убараланып жыйнаштырган үйүм чаң-чуңга толду да калды. Туратбек мени кантер экен деп, кыйраткансып, кийиздин үстүндө ары-бери басып турат. Өзүм сүйүнчүлөгөн укамдин ачыктан-ачык шылдыңдап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды, өзүмдү өзүм токтото албай:

— Өлө элегиңде үйдөн чык! — дедим жулунуп...

Туратбек буйругумду кулагына илип да койбойт, тилин соймоңдотуп чыгарып, маскаралагандай арсактап күлөт... Анысы аз келгенсип, кийизге оонап-оонап алды... Да буйрук кылдым... Жок, Туратбек тоготуп койбойт... Жүгүрүп барып, кулагынын тарсылдагын жулуп алгыдай чойгулап, эшикти карай сүйрөдүм. Ал буттары менен тепкилеп, колдору менен чачыма асылды. Экөөбүз тытышып да калдык...

— Үйдөн чык!

— Чыкпайм!

— Чык дейм!

— Чыкпайм дейм! — менден өкүмүрөөк кыйкырат. Өзүмдөн алты жаш кичүү укамды башкара албаганыма намызданам... Элдин инилери эжелеринин тилинен чыкпайт, мойтоңдошуп жүрүшөт. Ушул Туратбек кантип өзгөчө чаарбаш болгонуна жаным кашаят...

Ал астымда жатып да, каткырып күлүп, ачуумду келтирет...

— Бала, апам келгенде айтам.

— Айтсаң айта бер. Мен да айтам...

Ошская областная библиотека инв N 460720

— Эмнени айтасың?

— Айтам. Балдар менен ойногонунду айтам.

Ой, тооба, каратып туруп калп айтканына таң калам. Жок, таң калбайм. Апам дайыма бир жакка кеткенде, Туратбекке минтет: «Эжең коргондо жалгыз калды. Жанынан жылбай отур. Балдар менен ойносо өзүмө айт»,— дейт...

«Гүлайымың балдар менен ойноду» деп, ал калп айтса да, апам мени урушарын билип турат. Ошон үчүн, ал мага жөн жерден жалаа жаап, коркутуп жатпайбы?

— Айтсаң айт. Үйдөн чык.— Эң аягында колунан сүйрөдүм. Ал тырмышып, колун жулуп алып:

— И, үй сеники беле? — дейт.

Мен эмне деп жооп айтууну билбей, бир тыным эңгиреп туруп калдым, анткени, ооба, үй меники десем эле, анын айтар сөзү кулагыма жат. Ошол заардуу сөздү укпас үчүн, аргасыздан унчукпайм...

— Чык! — дедим демите.

— Бул үй кимдики экенин билесиңби?

Анын сөзүн укмамыш болгондой, оозума талкан куюп алгандай тымпыйып, дагы унчукпайм. Менин эмне себептен койдой момун боло калганымды Туратбек түшүнүп, ыраазы болгондой, мени түбөлүккө багындыргандай, ийне менен оюп тешкендей бүтүкүй көздөрүн кыбындатып:

— Үй, акең, Туратбектики.— Чоң атам кейиптенип малдаш токуна отурду.— Атам айткан... А сенин үйүң бул эмес. Түшүндүңбү? — Сенин үйүң...— деп, камданып келе жатканда эле, оозун баса калып туш келген жерине чыпылдатып чаба бердим. Ал дагы жер тепкилеп үйдү башына көтөрүп ыйлады, ушул бир тууган кара чечекей инимден көргөн кордукка ызаланып, мен дагы эмшиңдеп ыйладым... Эмне үчүн мен кыз жаралдым экен? Эч болбосо, шымын эптеп кие албаган ушул жаман Туратбек да кыйынсынат... Туратбекти канчалык күчөнүп ийлесем да, ал эжекелеп мойнума асылбады, калп айтам деп, жалооруп жалынбады... Кайра менин муунум бошоп, ыйлаганымды көрүп, чыйралгансып, көз жашын аарчыды да мурдагысындай чакчаңдап:

— Сен эрге тийсең кетесиң, бул үйдө мен калам, атаэнемди карыганда өзүм багам,— деди эң акырында...

Бул жолу айбаттанып ага асылганым да жок... Көңүлүм караңгылап, отуруп калдым. Туратбектин кыйынсынган кебетесинде, «алың ушул беле» дегендей жышаана туюлгансыйт...

Бул эмне деген кордук, шылдың...



Апама арыз-муңумду айтсамбы деп да ойлоном. Бирок, апамдын айтары түшүнүктүү:

— Өзүңдөн алты жаш кичүү укаңа теңелесиңби? Жаш бала да. Өзүңө аймаакы кылып...— деп, апам айыптын бардыгын мага жүктөйт. Туратбек экөөбүздүн ортобузда мындай чыр-чатактар далай жолу болгон да.

Ошол күнү кечкурун атам Туратбекти мойнуна алчактатып мингизип, коргонго кирди. Атам үчүн мен киммин дегендей, Туратбек тилин мага чыгарып, жиниме тиет. Атамдын мойнунда алчактап, эки бутун салбаңдаткан Туратбектин кебетесин көрүп, аябай ичим күйдү, осолдодум.

Мен деле мындан беш-алты жыл мурда Туратбектей бала болгомун. Атам жумуштан келе жатканда дайыма алдынан утурлап чыкчумун. Эсимде жок, атам бир жолу да мойнуна мингизип, Туратбектей алчактатып эркелеткен эмес. Бар болгону конфет, оюнчук берип, кызым деп, маңдайымдан жыттагылап өөп койчу. Мен атамдын мойнуна асылып, көкүрөгүн жыттагылап, эркелөөнү каалоочумун, бирок, атамын суз кебетесин көрүп, негедир батына алчу эмесмин...

Өзгөчө, бүгүн менин жанымды кашайткан Туратбекти атамдын мойнунан көргөндө, боюма калтырак аралады, качанга чейин ушул жаман Туратбектин ызасына чыдайм... Атама бүгүнкү чыр-чатакты тартынбай айтып, жүрөгүмдү өйкөгөн оор нерседен кутулгум келди. Балалык кыялым кармап, эреркеп, атамдын мойнуна асылайын дедим, бирок атам боюн окчун тартып, маңдайымдан өөп:

— Эстүү бол кызым... Чоң кыз да атасына асылат бекен?— деди мени уяткаргандай, жемелегендей.

Адатта чоң кыз деп, бойго жеткен кыздарды айтат. А мен ошондо он үчтө элем, алтынчы класста окуучумун, өзүмдү эселек кыз деп эсептечүмүн. Чынында эле эселек кыз болчумун. Атама күтүлбөгөн жерден «чоң» кыз болгонума таң калам.

Жок, мен таң калбайм... Мен туулган жерде, кыз он экиден ашкандан кийин, көзгө көрүнүп калган турбайбы, бойго жетип калган турбайбы деп, энелер угуза кеп кылышат. Ошол эле дейсиңби? Андан да орой, андан да кулакка оор учураган акыл-насааттарды айта беришет.

Мындай өөн кептерди укканда манаттай болуп кулагыңа чейин кызарасың, уяласың, секирип чычалайсың... Өзүң тырмактайсың, анан тигиндей суук сөздөр! Мындай кептерди күн сайын уга берип, уга берип, акыры ташмалтага айланат да, кыздын кулагы да көнүп калат экен...

## V

Кимде-ким биздин мейманканага кирсе, төмөнкүлөргө көңүл бурбай койбойт.

Төрүбүздө шыпка жете катар жыйылган үч мээрап жүк, үйүбүздүн көркү. Ырас, алардын арасында эмнелер гана жок. Эки кыжым көрпө, үч товар көрпө, беш атлас көрпө, жети шайы көрпөбүз бар. Качан көрсө бир жерине чаң жукпай, жыйылып гана турат. Апам экөөбүз кээде гана бузуп, аптапка жайып, көпшүтүп кайра жыйып коёбуз... Кээ бир көрпөлөрдүн капталганына жети, сегиз жылга аяк салды. Бирок, ушул убакка чейин эч бирине тирүү жандын эти тие элек...

Анан, үйүбүздүн текчелериндеги айнектүү шкафтардагы катар тирелген чыныларга, гүлдүү чайнектерге, табактар менен ликаптарга көзүңүз түшөт. Өзгөчө, дубалда илинген эки кашкар килемге суктанасың!

Булар менин септерим экен! Былтыры апам чачымды майдалап өрүп отуруп, чечилип сүйлөп мындай деген.

— Бул буюмдардын бардыгын сага атап жыйнап жүрөм. Сен менин тун баламсың. Элдин кыз чыгарып, келин алганына апаңдын көзү күйүп жүрөт. Оюмда сенин даңазаңды көтөрүп, элден ашырып кыз чыгарсам деген максатым бар... Төркү үйдөгү илинген килемдер, жыйылган көрпө-төшөктөр, идиш-аяктар жана чоң сандыктагы толо буюмдардын бардыгы — сенин себиң. Апаң эсен болсо, жаман атаңдын аягынан жел өтүп турса, чоочун жерде кызын жер каратып, кызартпайбыз деген ниеттери бир... Бу биздин айылда эч бир жан кызынын себине эки килем бере элек, кызым... Септүү кыз түшкөн жеринде, абысындарына барктуу болот, сөзү өтүмдүү болот... Мен өз башымдан өткөндү айтам... Менин ата-энем колу жука кишилер эле. Бир кийиз, эки көрпө, үч чыт төшөк, эки жаздык менен ушул коргонго көчүрүп келишкен. Ыраматылык кайын энем (топурагы торко болсун) тили заар, териси тар киши эле. Дайыма ачууланганда, оң келсе да, келбесе да ошону эскерип: «Ата-энеңдин кайсы берген себине чалкалайсың! Элчилеп септүү келин болсоң, эч кимге күн көрсөтөр кебетең жок экен! Тигини! Кудая шүгүр, жетим кыздай шүлбүрөп келгениңе» — деп, табалачу! Кызым, апаң ушундай заардуу сөздөргө да чыдап, оокат кылган... Мен ушуларды ойлосом, азыр дагы сыздап, узун боюм жерге кире түшөт... Кызым да кайын энеден, абысындардан ушундай чучук какшаткан заардуу сөздөрдү укпасын, анан мага наалат айтпасын деп, апаң сен төрөлгөндөн бери колуна киргенин жыйнап жүрөт.



Апам ичинде көптөн бери бук болгон сырларын мага жашырбай айтканына жеңилдегендей үшкүрүп:

— Апаң сага боло айтат, ушул кызым өз теңинен озуп, жакшы жерге түшүп, өсүп-өнүп кетсе экен дейт... Апаңдын андан башка тилеги жок. Таш түшкөн жеринде оор кызым... Дагы кулагыңа куям... Майда жашыңды жашап койдуң, кичинелигиң калган жок... Он алтыга чыктың... Өзүңдү жакшы карма! Окуп-чокуп ишчи болгон аялдардын да жалчып кеткенин көрбөдүм... Көбү эрлеринен ажырашып, соттошуп, жакалашып басып жүрөт. О, андан өлүм артык!

Мен апамдын энелик мээримин төгүп, ак пейилдүү сөздөрүн укканымда: бүткүл боюм элжиреп, жаш баладай мойнуна чап жармашып, ошол учурда ак мамасын жыттагым келди. Ыраазылыгымды билдирип, алкышымды айткым келди, бирок сөөккө сиңген уялчаактык, тартынчаактык жеңип башымды көтөрбөй жер карадым, эки бетим тамылжып, уялдым, **тердедим**.

Апам кандай мээрбан, кандай камкор! Кызым жат жерде жер карабасын деп, төрөлгөнүмдөн бери сеп жыйнап жүрүптүр! Беш-алты жашымда, апам мени алдына отургузуп, кандайдыр бир жагымдуу, кайгылуу обон менен үнүн созуп:

Үч күндүк жолго аттанып,
Испайрам суусун кечирем.
Кимдин го кызы дедиртем,
Анан Гүкүшүмдү
Алыскы жолго көчүрөм...

— деп, ырдап калар эле...

Мен бул ырды аябай жакшы көрчүмүн, улам апам аягына жеткенде, кайра: «Ыйда» — дечүмүн. Апам да тилимди алып, көпкө эрикпей ырдай берер эле. Кээде, мен апамдын ушул ырын тыңшап жатып, мемиреп уктап кетер элем...

Аттиңай, апам айттырбай билип, ошол ырын кадимки обонуна салып, азыр ырдап берсечи!

Апам себи жок кыз жер карайт деп, эң туура айтат! Эмесе бир мисал келтирейин...

Өзүбүздүн айылдык Темир аке былтыр башка тараптан сүйлөшүп жүргөн кызын ала качып келген... Ошондо баарыбыз жабалактап барып көргөнбүз... Биздин жеңебиз чачы түйдөктөй кызыл томолок неме экен... Ал салтка көнүп, үлпүлдөп жоолук да салынбаптыр! Катын-калачтар-

цан ыйбаа кылбай, кайра качырып тиктеп, ар кимдин оозун карайт... Кемпирлер Темир акеге миң наалат айтышып, жерге түкүрүп тарап кетишкен.

Бир жакшы жери Темир акенин зайыбы үй оокатка тың чыгып, кайын энеси ар бир үйгө барып, эки алаканын карс уруп: «Ий ортак, Темириме ыраазымын. Түйдөк чач келиним — келин эмес, алтын экен, алтын экен... Мынабу кемзелимди өзү тикти... Колу гүл турбайбы? Кылган оокатычы? Бал татыйт... Ичкиң келет, такыр курсагың тойбойт... Эмне кыласың, акыр келинге жетиндим да... Берки зор келиним быякта эле калды» — деп, тамшанып айтып жүрдү...

Түйдөк чач жаш абысыны элдин оозуна кирип, айрыкча кайын энеси оозунан түшүрбөй мактап жүргөнүн зор келин угат да, ичи өрттөнүп, кекене баштайт, көп өтпөй эртеси эле айып таап, уруш чыгарат. Темир акенин зайыбы абысынын ак жерден жалаа жаап жатканына ачуусу келип, тилин тартпайт. Ошондо зор келин шымаланып:

— Тилинди тарт түйдөк чач! Мен беш жыл кызмат кылып, орун тапкан келинмин. А сен, түйдөк чач астананы аттай элек жатып эмне мага теңелесиң. Үч ыштаныңды салып келген, кара чамаданыңбы? Энем берген сан төшөктөрүм абийириңди жаап жүргөнүн билесиңби? — дейт.

Бечара түйдөк чач жеңем аябай кемсинип, ошондон кийин абысынынын сеп төшөгүнө такыр жатпай коюптур дейт...

Апам Гүкүшүм жат жерде жер карап, абысындарына күлкү болбосун деп, мага дүйүм-дүйүм сеп жыйнап жүргөн турбайбы?

О, кагылайын, өпкө-жүрөгүмдү чабайын апам! Сенин ак сүтүңдү, не бир, не бир тоодой эмгектериңди жаман кызың кайтарат болду бекен? Бул жөнүндө ойлосом, башым катат, уйкум келбейт...

Кыз бала түнөгүндө куйрук-канатын жетилткен канаттуу куш сыяктуу экен... Кези келгенде канат кагып учат экен, башка аскадан жылуу түнөк камдайт экен...

Эки катар мээрап жүгүбүздүн ортосунда чоң кызыл сандык бар. Апам тойлордон тийген, атам базар-учурдан сатып келген эндей материал болобу, тигилүү кийим болобу, алардын бардыгын бүктөп, ошол сандыкка салат да, кулпулап, ачкычын чачпагына байлап алчу...

Ырас бул сырдуу сандыктын ичинде эмнелер бар экенин билгим келчү, кызыкчумун, далай жолу апамдын ачкычын уурдоого аракет кылдым, бирок, апам сактанып, алдырбады! Кантейин!



Акыры учуру келгенде, апам жашыруун сандыгын аңтара ачып, ичиндеги буюмдарды чубап чыкты... Сырдуу сандыктын ичинде эмнелер гана жок дейсиң...

Жалпы эсеби менен аялдардын жалаң тигилүү көйнөгү отуз, эки помбаркут, хан атлас, көк карга шайы, товар (чыт менен иласти эсепке албаганда) баары — кырк кишилик экен... Он бир жүн оромол, сегиз жибек оромол, 12 жуп зайпана мааси бар экен... Апам ушулардын баарын мен темтеңдеп баскандан бери термелеп жыйнап жүрүптүр! Ал турмак, апамдын атластан түптүз каптай тигилген этеги кең сеп көйнөгү да арасында жүрөт. Бул көйнөгүн апам этине салбай, тун кызымдын себине кошом деп, атайы ырым үчүн сактап жүрүптүр!

Анаң кантип апамдын аскар тоодой асыл эмгегин актар алар бекемин деп ойлонбойм? Ойлоном да!

Апамдын ичиндеги туюк сырларын билгенден бери тынчым жок, уйкум келбейт! Көчөдө жүрсөм да, сабакта отурсам да, идиш-аяк жууп жатсам да, септерим тууралу ойлоном! Үйдө эч ким жокто, мээрапта керилген жүктөрүмө суктанам, сыйпалап карайм, жүрөгүм элжиреп кучактайм, эч бир жерине чымын кондурбайм... Текче шкафта чабалакейдей катар тизилген идиш-аяктарыма көз кырымды салам. Эрикпей ар бирин чүпүрөк менен сүртүп чыгам...

Өзгөчө, эки мээраптын ортосундагы апамдын чоң сандыгы көзүмө жылуу учурайт, аны улам ачып, ичиндеги буюмдарымды кармалап көргүм келет, сылагым келет. Кээде күйө-мүйө түшпөгөй эле деп кооптоном, бирок чоң кара кулпу жолотпойт. Ушул сандыктын ачкычын апам мага эле ишенип берип койсо болбойбу деп таарынсам, кандайдыр мага бейтааныш дабыш кулагыма шыбырагансыйт: «Ашыкпа Гүкүш! Жакында самаганыңа жетип, чоң сандык эмес, апаң жыйнап жүргөн башка буюмдарга да ээ болосуң!»

Ооба, мен да үйлүү-жайлуу болом! Ошондо сеп төшөктөрүмдү керилте жыям, идиш-аяктарымды кыдырата тизем, бир килемимди дубалга илем, экинчисине орун жетишпесе, жүк астына бүктөп коём. Эч бир буюмума чаң жугузбай, үйүмдү мистей таза кармайм. Бардык сеп кийимдеримди жип тартып, катар-катар илип салам. Катын-калачтар келип көрөбүз деп, үстүмө киришет, мен сынымды бузбай, керилип-чоюлуп чай куям... Алар чай ичимиш болуп, астыртан үйүмдөгү ар бир буюм өз ордундабы, ал турмак колумдагы чайнектин түбү капкара эмеспи, ошого дейре карап чыгышат. Алардын ой-максаты эптеп

эле менден кынтык таап, айтып кетүү! Мээраптагы түрдүү түстөгү көрпө-төшөктөрүмдү, кош килемди, өзгөчө бир нече катар менин сеп кийимдеримди көрүшкөндө, ичи тары ызаланат, ак ниеттүүсү кубанып, баракелде деп, апама миң мертебе ыракмат айтышат. Септүү кыз! — деген атагым алыска угулат, өзүм жат жерде жер карабай өктөм жүрөм. Ботом, дагы мактана баштаган турбайымбы?

Жашырып не кылабыз, биз кыз калкы мактанчаак келебиз!

## VI

Жакында айлыбызды дүңгүрөткөн мындай кокус иш болду.

Менин бармактайдан бирге өскөн, бир-бирибизден тырмактын учундай сыр жашырышпаган, эки-үч күн көрүшпөй калсак куса болуп сагынышкан жанажан Айзада деген курбум бар эле. Биздин ажырагыс курбу экенибизди баары билишчү.

Айлымда эки бала бар,
Экөөнүн бою барабар.
Аттиңай,
Ал кыздарга кол жетпей,
Биздин жүрөк жарадар.

Ушинтип кимдир бирөө биз тууралуу кошуп, анан экөөбүздүн бүткүл сымбатыбызды, кыял-жоругубузду сыпаттап ырдаптыр. Ушул ырды оздон түшүрбөй той-тойлордо боз уландар боздоп ырдап жүрүшөт...

Чыны Айзада экөөбүздүн боюбуз да барабар. Айырмабыз, ал кара тору, мен ак жуумал. Экөөбүздү жымылдап майда өрүлүп, ийри такымыбызга жеткен чачыбыздан эч ким айып табалбайт...

Биз бир-бирибизге шай келген курбуларбыз. Баса, Айзаданын бир өксүгү бар. Атасы ушул колхоздо раис болуп туруп, кырк үчүнчү жылы согушка кетип, каза тааптыр. Апасы үч-төрт жыл кара кийип, оокат тиричиликтен кыйналганда, эрге тийиптир. Азыркы эринен эки баласы бар. Айзада атасын эстеп, ыйлап отуруп, эч болбосо жансыз сүрөт калбаптыр, чоңойтуп дубалга илип коюуга деп арман кылып калат! Бул, айла түгөнгөндөгү сөз да.

Бир-бирибизден тырмактын учундай сыр жашырбайбыз дебедимби? Ооба ошондой элек...

Айзаданын Оштогу пединститутун үчүнчү курсунда окуган өзүбүздүн жерлик Кемел деген менен үзбөй кат алышып, өмүрлүккө кол кармашабыз деп, антташып жүргөнүн бир гана мен билчүмүн. Айзада өрөпкүп, сүйгөнүнөн келген ар бир катты келери менен мага окутууга шашчу.



Кемел сыртынан караганда койдой момун, көп сүйлөбөгөн жигит! Айрыкча, анын мурдунун үстү дайыма тердеп, уялыңкы кебетесичи! Анын Айзадага жазган ашыктык каттарын окуганымда, ой тооба деп, таң калчумун. Сыягы ашыктык адамдын тунук сезимдерин ого бетер козгоп, көңүлүн көтөрөт окшойт...

Кемелдин каттарынын негизги мазмуну шаарда ашык жарлар эч кимден тартынбай кол кармашып, ачык-айрым баса беришет, муну эч ким жаман жөрөлгө деп санабайт. Студенттер Токтогул, Навои парктарын аралап, Ак-Буура дарыясын бойлошуп, көңүл ачышат, эс алышат.

Аларга көзүм күйүп, мен көп учурда жалгыз жүрөм. Айзада окууга келсе, биз дагы элчилеп колтукташып, мынабу көчөлөрдө бассак, тиги скамейкаларда сыр чечишип отурсак, деп ойлонсом, жүрөгүм толкуйт, бетим чымырап, кыялым асманга учат! Сүйгөнүм, мынча мени зарыктырбай жаш жанымды азапка салбай, тезирээк эле келсең экен! Аябай сагындым!

Ооба, бул каттар жүрөктүн назик тамырларынан атырылып чыккан ашыктыктын, «сүйгөнүмө тезирээк жетсем экен!» деп, эки көзү чачыраган жаш жигиттин жалындуу каттары эле! Айзада Кемелдин мындай каттарын окуганда, эки бети оттой албырып, балбылдаган чоң көздөрү жалжылдап, кыялында ошол замат зымырап учуп барып, сүйгөнүнө жанашып, Ак-Бууранын боюнда сейилдеп жүргөндөй толгунданчу, кээде таптак секирип, мени бекем-бекем сыга кучактап:

— Гүкүшжан, ушул тилегиме жетсем, арманым болбос!— деп, ак пейли менен жалбарчу.

Анын кыз башы менен ашыкчылыкка башы айланып, мынчалык элиргенин жактырбай, суз гана:

— Катка ушунчалык болосуңбу? Калп эле алдап кат жазып жатканын кайдан билесиң? Жигиттерге ишенүүгө болбойт,— дечүмүн өзүмдүн башымдан өткөн бир окуяны эстеп...

— Кемел калп жазбайт, мен ага ишенем,— дечү ишеничтүү. Ичимен анын көңүлү токтугуна суктанчумун.

Кемел катынын арасына дайыма улуу жазуучулардын ашыктык, достук, адилеттик жөнүндө айткан эң акылман ойлорун көчүрүп, үзбөй жазып турат. Ырас, биз ага жооп жазарда мындай акылдуу сөздөр таба албай түйшүк тартабыз, кыйналабыз. Жүрөктүн учунда не бир укмуш-укмуш сөздөр, ойлор катылып тургансыйт, бирок калем кармап, ак баракка үңүлгөндө эле бардыгы — эртеңки суюк тумандай кайда тарап кеткенин билбей каласың...

Экөөбүз акылдашып, башыбызды тырмап, ойлонуп-ойлонуп кат жазабыз, кайра окуп көрсөк, көңүлүбүз тойбойт, ушунчалык сөзгө жардыбыз, ачууланып тытып салабыз! Көңүл тынчыбай кайра жазабыз. Жакпайт... Ошентип, бир жума өтөт. Шордуу Кемелден дагы жалбарган, күнөм санаган кат келет... Анын уйкусу келбей күн сайын кат күтүп, тамагынан аш өтпөй, саргарып жүргөнүн билебиз... Боорум эзилип, өзүмдү токтото албай, негедир кыткылыктап күлөм... Кантип эле тамак ичпей жүрсүн?

— Эмне үчүн? — дейт Айзада тыржыйып...

— Күлөм да, кантип эле тамак ичпей саргайып жүрсүн.

— Жүрсө жүрөт да,— дейт Айзада кабагын чытып...

Кемелиң жалганчы, ал ошентип жалбара кат жазып коюп, азыр мурдунун үстү тердеп, столовойдо башка кызга кыйшактап, тамак ичип отурганын кайдан билесиң деп, бетине айткым келет да, ансыз деле азап чегип жүргөн досумду аяп, унчукпайм... Кайдагы дейди сөздөрдү айтып, көңүлүн көтөрөм, учурун таап, Кемелди да сөзүмө кыстарып, мактап өтөм, анын ар бир кыял-жоругуна атайын токтолом, сырткы кебетесинин сулуулугун сүрөттөп өтөм да:

— Ушундай жигитке туш келген бактылуусуң, ортакжан! — дейм.

Айзада жаш баладай ак көңүл эмеспи!

— Гүкүшжан, ушундай адамгерчилигиңди эч унутпайм! — деп, ыраазылыгын билдирет.

Кээде кычагандай Кемелден жооп кат кечигет. Бир жума өтөт, кат жок, экинчиси өтөт, кат жок... Бул мезгилде Айзада жаркылдап күлбөй, башына оор кайгы түшкөн кишидей, мостоюңку, кабагы салыңкы, суз жүрөт... Ойлогону Кемел... Бир гана өзүмдөн кыпындай сырын жашырбайт.

— Гүкүш, кат келбейт да,— деп амалсыз сурайт. Эмне үчүн кат келбегенин мен билип коюпмунбу?

— Колу бошобой жаткандыр,— деп көңүл улайм, буга ал ишенбейт.

— Кат жазышка колу бошой калмак беле?— деп нааразы болгондой сүйлөнөт да,— ооруп-сооруп калбады бекен?— деп, тынчсызданат... Мен теңтушумдун мынчалык күйөрман, мээрбан болуп кеткенин жактырбайм да:

— Сабыр кыл, сабырдын түбү сары алтын эмеспи,— деп какшыктайм. Заматта Айзаданын көзүнө жаш тегеренип:

— Кат келбей жатса анан кантип сабыр кылам... Сен менин ичимдеги уйгу-туйгуларды түшүнмөк белең?— деп көз жашын аарчып: — Түндө түш көрдүм... Ак-Бууранын



бийик көпүрөсүнүн үстүндө турам. Эл кым-куут. Издегеним Кемел. Бир оокумда ал ойсондоп күлгөн сулуу кыз менен басып баратат. Кыйкырам, укпайт. Мен жеткиче алар көпчүлүктүн арасына сиңип кетишет. Ойгонсом түшүм... Таң аткыча кирпик какпай чыктым. Дагы сабыр кыл дейсиң?..

Ичимден теңтушумдун баладай жоругуна күлкүм келет. Эселек десе, түшкө да ушунча болобу? Ырас, анын азап чеккен кебетесине боорум ооруйт.

— Ойго келбеген нерселер түшкө кире берет. Мен түшүмдө өлүп да калам,— деп араң сооротом.

Көп өтпөй Кемелден кат келет. Айзада жер тепкилеп сүйүнүп, улам кайталап окуй берет, окуй берет! Ал ээн талаада жалгыз өскөн кызыл гүлдөй өңүнө кирип, кулпура түшөт. Карап туруп көзүм күйөт.

Менин эмнем кем Айзададан? Эмне үчүн жүрөгүм каалаган киши менен сырдашып кат жазбайм... Ал жүрөгүмдө өкүнүч калтырган окуядан кийин, көп эле жакшы балдар жалынып-жалбарып кат жазышты. Арасында көңүлүмө жаккандары деле бар эмес беле? Далай каттарды жооп жазбай, тытып таштабадымбы? Эмне үчүн ичимде уйгутуйгу болгон асыл сезимдеримди басып жүрөм? Эмне үчүн теңтушум Айзадача ашыктыктын азабын тартпайм, кубанычын сезбейм?

Айзада: «Онунчуну бүтүп, Оштогу пединституттун биология факультетине кирем. Кемел экөөбүз ээрчишип жүрөбүз, окуйбуз, анан келечекте бир орто мектепте мугалим болуп иштейбиз»,— деп мактанганда, мен тилим байлангандай жер карап унчукпайм...

Төртүнчү чейректин башында Айзаданын башын кайгы басты. Мындай кокустук болот деп, анын түшүнө да кирбесе керек. «Эмне кылам, теңтушжан?»— деп акыл сурап, көз жашын чубуртуп, өксүп-өксүп ыйлайт. Эптеп айла таап, туюк аскада камалган теңтушумду колунан тартып алсам дейм бирок амалым жок. Алсызмын, менин колумдан эмне келет? Адатымча: «Сабыр кыл, сабырдын түбү сары алтын»— дешке дитим барбайт, бул жолу антип айтууга мүмкүн эмес. Айтсам да, ал сабыр кылбасына көзүм жетет.

— ...Биздин айылда атактуу Эсенаман атка конгон бир жигит бар. Сырткы кебетеси адам кызыккыдай эле неме. Ал орто мектепти бизден үч жыл мурда бүтүп, ошондон бери эч жерде окубай, иштебей, ата-энесинин төрүндө бойго жеткен кыздай созулуп жүрөт. Ырас кийгени жакшы костюм, пальто, мингени «Победа» машина... Азырынча эч

нерседен камы жок... Каалаcа, Фергана, Анжиян, Ош шаарларын бир күндө тегеренип, көңүл ачып келет... Анын атасы райондо көп жылдан бери базарком болуп иштейт. «Абдылда аке район эмес, бүткүл областка келиң-алыңы, дасторкону менен таанылган өтүмдүү киши... Областтан келген чоңдор да аны менен кол алып көрүшөт»,— деп атам суктана айтып жүрөт. Ошон үчүн Эсенамандын талтандап жүрүшүнө эч ким тыюу салбайт имиш... Кайсы бир шаарда Эсенаман бирөөлөрдүн кызын талашып камалып калганда, атасы куткарып келиптир деп айтып жүрүшөт... Анын уятсыз кылык-жоруктарын айта берсең, бет чыдабайт... Эсенаман жалгыз уул болгондуктан, ата-энеси анын көзүн карашат имиш... Жалгыз баланын баары бейбаш, эрке өсөт бейм. Биздин Туратбек чоңойгондо ушул Эсенамандын таз кебетесин киеби деп корком...

Абдылда аке Эсенаманды эл катары адам кылам деп, не бир аракеттерди кылбады дейсиң. Фрунзеге биринчи жолу окууга жибергенде, чөнтөгүнө беш миң салып жибериптир деген кеп бар. Эсенаман акең шаарда көрүнгөн балдар менен ээрчишип, пиво ичип жүрүп, акчасы түгөнгөндө, чемоданын салбандатып сүйрөп келгенин бир көргөнмүн... Ал кантип экзамен тапшырганы тууралуу бир кызык кеп айтылып жүрөт...

Эсенаман менен бир бүткөн Муратбек деген бала бар. Ал дурусураак окучу. Экөө тең арызды мединститутка тапшырышат... Химиядан экзамен башталганда, Муратбек биринчи кирет да жаман алып чыгат. Бер жакта эси чыгып турган Эсенаман жанынан түңүлүп:

— Сен жаман алгандан кийин, мен убара болбой эле коёюн,— деп экзаменге кирбей кетенчиктейт...

— Ой, кудай урган неме экенсиң, коркпой кире бер... Кокус оң келип, дурус баа алып каларсың,— деп Муратбек кыстаса да, ал улам кетенчиктеп:

— Жок, бекер убара болгум келбейт. Сага оң келбеген мага оң келмек беле? Өлсөм да, кирбейм деп, документин кошо алыптыр,— деген айың айыл арасында айтылып жүрөт. Фрунзеге окууга барабыз деген балдарга баягы Эсенаманча болбогула, тобокел деп, экзаменге кирип көргүлө,— деп урук-туугандары эскертип калышат.

Атактуу Эсенаман,
Чатактуу Эсенаман.
Арыбай, карыбай,
Жүрөсүңбү сен аман,

— деп кимдир бирөө маскаралап чыгарган ырды айылдагылардын баары билишет.



Атасы айласы түгөнгөндө уулун үйлөп, оокат-тиричилик кыл деп, бөлүп коёт. Эсенаман оокат-тиричилик кылмак беле, тирүү өлүгүн атасына артып, бир күн Ошто, бир күн төштө «Победасына» тааныш аялдарын салып жүрө берет. Аялы саргаят, муңун ичине катып, күтөт, күтөт... Акыры үмүтү үзүлгөндө, атасыныкына барып, такыр келбей коюптур...

Ошол Эсенамандын атасы Абдылда аба байбичеси экөө жашыруун келип, 20 миң сом калың берип, Айзаданын башын байлап кетиптир. Бул кудалашуу өтө жашыруун иштелиптир. Эгерде бирөөгө оозуңдан чыгарсаң асылып өлөм,— деп Күлсүн эже карганып коюптур.

Той болбойт экен, окуу жабылары менен Айзаданы Эсенаман машинасына отургузуп, пас тараптагы эски тааныштарыныкына эч кимге билгизбей алып кетет экен. Элге өздөрү убадалашып жүрүп, качып кетиптир делип таралат экен. Бирок, Күлсүн эже «Кайран кызымдан айрылдым, айрылдым»,— деп чачын жулуп, көчөгө кыйкырып чыгууга убадасын бериптир!

Бул эмне деген жүзүкаралык, жалакорлук! Эптеп өз айыбын жабыш үчүн эскилик эмне гана аракеттерди кылбайт.

Айзадага ушунча боорум ооруйт, эч нерсе эмес теңтушжан, көнүп кетерсиң, бардык кыздар ушинтип күйөөгө чыгып жатпайбы? Бизди ата-энебиз кантип эле калыңга сатсын, алган акча жөн эле ырым-жырым, салт. Бизди бекер берсе, ата-энебиз деле сызга отуруп калбайбы?— деп көңүл айтар элем, эгерде Эсенамандан башка бирөө болсо?

— Мен кантип ошол Эсенаманга чыгам? Ойлоп көрсөң Гүкүшжан!— десе, көз жашы жамгыр...

Мен оор абалдамын. Ооба туура айтасың. Эсенаманга чыкпа деп да ачык айталбайм, анткени, болор иш болуп, ата-энелер кол алышып коюптур! Эң эле аргасыз абалдамын! Бармактайдан бирге өскөн теңтушумдун келечек тагдырын ойлосом, менин да зээним кейип, өксүп, ыйлагым келет.

Күн чыкпай үй саап жатканмын, жогор жактан ый аралаш чаңылдаган үндү угуп, жүрөгүмдүн тамырлары зырп этип, чочуп кеттим. Жаңагы үн улам биздин үйгө жакындап келатат, мен тыңшап турам.

— Ой, эл-журт барсыңбы?— деген Гүлсүн эженин үнүн тааный коюп, шылкыйып отуруп калдым. Эки тиземдин арасындагы челек кулап сүт жайыла төгүлдү. Мен түш көрүп жаткандай нес болом. Айзаданы Эсенаман түндө алып кеткен экен да?

Кечээ биздин үйгө Айзада келген болчу. Апам жок эле. Ал менин жууган чачымды майдалап өрүп берген.

— Кемелден кат-кабар барбы?— деп мен тамырын тартып сураганмын.

— Кемелден да түңүлүп калдым.

— Койчу?

— Ишенип кой, Гүкүш. Болгон ишти жашырбай жазып, эмне кылабыз деп кат жиберсем: «Кантмек элек. Каргыш тийген эскичиликке наалат айтып, Кемел шордуу таза махаббатынан айрылып кала берет да... Бактылуу бол»,— деп жооп жазыптыр...

— Койчу.

— Сенин ишенбегениңе күйөм да, кантейин?— деп оор үшкүргөн Айзада жөн эле ичинен чыгарып айтып жатат го деп ишенбей:

— Ошол катын мага көрсөтчү,— деп сураганмын.

Айзада тоготпогондой мурдун чүйрүп сүйлөгөн.

— Ошонун катын сактап жинди болуптурмунбу? Кечээ анын бардык каттарын, сүрөттөрүн отко салып, өрттөдүм.

— Койчу?

— Өрттөбөгөндө, аларды мен башыма тартат белем.

Мен күйүтүн козгобоюн деп, андан ары териштирип сураган эмесмин. Кепти кайра өзү козгоп:

— Гүкүш, ишенсең, Эсенаманды жакшы көрүп баратам. Түндө түшүмө кириптир,— деген күлүп сүйлөп. «Койчу, ортакжан, ошол сөйрүктү ким жакшы көрсүн»,— деп айтып жибере жаздап, оозумду араң басып калганмын.

— Эмне унчукпайсың? Эсенамандын элден эмне кемчилиги бар? Сулуу десе, сулуу, барктуу ата-эне. Заңгыраган жаңы үй, мингени «Победа».

Мен өчөшкөндөй унчуккан эмесмин. Айзада ыраазы болгондой минтип мактанган: «Айзада колума тийсе, кирпигине кир жугузбай, ата-энеме кызмат кылдырбай, төбөмө гана көтөрүп жүрбөсөм»,— деп жоро-жолдошторуна мактанып жүрөт имиш. Буга эмне дейсиң?

— Баягы Эсенамандын сөзү да,— деп жиберип. — Ким билет, эми аялдын баркына жетип калгандыр,— дедим оозумдан капыс чыгып кеткен сөзүмдү араң оңдогомун.

Айзада үйүнө кечке жуук кеткен. Дарбазага чейин узатып чыгып, артынан көзүмдү үзбөй карап тургамын. Ал башын оң мүрүсүнө кичине шылкыйтып, ойлуу басып бараткан. Теңтушумдун бир тутам белине, такымынан өткөн чачына, эч бир жеринде айыбы жок боюна кимдин көзү түшпөсүн! Ак маралдай керилген Айзада, сөйрүк, Эсенаманга кор болобу?



Айзада көпүрөдөн аша бererде мага кайрылып кол булгаган. Көрсө, кечээ коштошкону келген экен... Эгер тукучактап өөп калбайт белем? Ушул жолу менден жашырыныптыр...

Гүлсүн эженин чуу кыйкырыгы күчөгөндөн-күчөп, апам, анын артынан мен көчөгө жүгүрүп чыктык. Заматта коңшу аялдар топтоло калып, жылаңбаш, чачтары иретсиз апсыйган Гүлсүндү тегеректеп, ирендери үрпөйүп, кажылдап бир нерселерди сурап жатышат.

— Жатарда кызың бар беле?

— Айланайындар бар эле, калп айтсам күн батканча жаным чыксын! Жанаша жаткан быз, азыр туруп сыйпалап таппай калдым. Карабаган жерим калган жок...

Ой жүзүкара! Кылгылыкты кылып, оозу-мурду кыйшайбай, каргаңып жатканын карачы! Бул аялдын колунан ар кандай кыянатчылык келгидей. Дагы уялбай, бетинин бир эки жерин аймап алыптыр! Мен да энтигип жетип бардым. Муундарым калтырап, көз жашым кирпиктеримде мөлтүрөп кылгырат. Айзада ошол сөйрүккө кор болгон экен да...

Гүлсүн эже буркурап ыйлап, оозуна кирген сөздү ылгабай өз кызын каргап-шилеп жатат.

— Барган жерден бак таппай, өмүр бою куурап өтсүн, жалчыбасын.

— Кой, антип каргачу эмес — деп, апам кагып койду.

— Сени Гүлайымың бирөөнүн этегин кармап качып кетсе, каргабаганыңды көрөт элем...

— Оозуңа кара таш. Сенин кызыңа ит окшосун,— деп апам чычалай түштү.

Акыры чыдап тура албадым.

— Өзүңүз Эсенаман аке менен качырып жиберип...— деп, ар жагын айталбай, жаш баладай шолоктоп ыйлап жибердим.

Тегеренип турган аялдар чуулдай түштү.

— Уктуңарбы?— деди Гүлсүн эже көздөрүн коркунучтуу алактатып.

— Кызымды оң жолдон чыгарып бузган ушул. Карасаңар уялбай айыпты мага жүктөп жатат дагы,— деп чаңырып жиберди.

Апам тиртеңдеп мени кыстады.

— Айт, кайдан билесиң буларды?— Жаным кашайып калган мен тартынбай билгенимди айтып бердим.

— Калп, мунун баары калп!— Жулмалап жиберчүдөй мага жулунганда апам жолун тосту.

— Ой, жүзүкара катын!— Апам шымаланып, күчөп кирди. — Кызыңды өзүң качырып жибересиң, анан уялбай бети-башынды аймап долуланасың, өлбөйсүңбү ошондон көрө.

— Сен өл. Эгер кызымды Эсенаман алып кетсе, мен бутундан элдин көзүнчө өбөйүн, эгер башка бирөө ала качып кетсе, сен бутумду өбөсүңбү?

Апам тобокел деп, анан анын тайманбай сүйлөгөнүнөн тартындыбы тайсалдап:

— Ой мээси жок катын, сенин бузуку кызың качса, мага эмне күч келди. Өзүң кошо качсаң да кабыргам кайышып койбойт, — деп апам мени жетелеп үйдү карай басты...

— Качтыңбы? Менин кызымды сен качырдың!— деп артыбыздан кыйкырып калды...

Айзаданын качышы бүткүл айылды, мугалимдерди дүрбөлөңгө түшүрдү. Издөө башталды... Райондон эки милиция келди. Таң каларлык нерсе, Эсенаман түндө үйүндө ооруп жатыптыр... Түшүнүксүз... Гүлсүн эженин тили узарып, каерде болсо, бизди жамандап басып жүрөт... Эмне калп айтасың, эл алдында адамды өлтүрбөдүңбү?— деп, апам санымдан аткып алды... Жазыксыз мен ыйладым...

## VII

Кыскача тарых мындай экен... Айзада бирөө аркылуу Кемелге куштун тилиндей кат жиберет. Ал кайраттанып, кантип болсо да куткарып алам деп талпынат.

Ош шаарында областтык кыздар орто мектеби бар. Кемел ошол мектептин директоруна келет да, болгон окуяны жашырбай айтат, жардам сурайт. Директор тийиштүү кишилер менен макулдашып, «Айзаданы өзүң чуу чыгарбай алып кел, андай окууга дилгир кызды кабыл алабыз, жогорку окуу жайга киришине бардык жактан жардам беребиз»— деп убада берет. Кемел иштин жөнүн кыскача баяндап, Айзадага кабар берет, болжошкон түнү келип таксиге салып кетет.

Бул кабар айылга шамалдай тез тарады.

— Ой тооба, ушундай да бети жок кыз болот экен ээ. Биздин айылда эч качан мындай адепсиздик болгон эмес,— деп жакасын карманып, жерге түкүргөндөр андан көп.

— Жүрөгүндө оту бар кыз экен, ушул Эсенаманды куп шерменде кылды окшойт,— деп табасы кангандар мындан көп.



Гүлсүн эже Ошко арызданып барып, кирбеген жери калбаптыр дейт. «Силер мага окшогон жесирдин арызын укпасаңар, Маскөөгө жазам... Менин эрим согушта өлгөн»,— деп жулунган имиш.

Айласы түгөнгөндө, Айзадага барып, жалынып-жалбарып, жаңылдым-жаздым, ошол Эсенамандан кол үзөм, мени элге шылдың кылба, жүр кетели деп, көз жашын төксө да, Айзада көгөрүп болбой коюптур. Гүлсүн эже кайрылып үйгө барбайм, Ак-Буурадан агып өлөм,— деп коркутса да, Айзада көнбөптүр. Гүлсүн эже кызын каргап-шилеп үйүнө түңүлүп кетиптир.

Эсенаман аке аябай жер тепкилеп кейиген имиш:

— Мындайлыгын билгенде, озунуп ала качпайт белем? Эзилип бышып турган кызыл алмамды оозуман алдырдым,— деп тирүүлөй өлгөн имиш. Ал уялбай ата-энесине айып жүктөп: — Окуусуна карабай ала качайын десем, коркуп тилимди албай койдуңар эле, мына окуусун бүттү, даяр келинди үйүңөргө киргизип алгыла,— деп чамынган имиш дейт.

Адамда ар болбосо ар нерсе деп сүйлөй берет да. Мен Эсенамандай шерменде болсом, журт аралап басып жүрбөй, бейтааныш жерге качып кетип, ошол жакта төбөм менен жер казып, абийир, атак алганда гана келет болчумун. Дагы уялбай: «Кемел менден калган кызды зордуктап ала качты да... Карап турасыңар, анын акесин таанытам»— дейт имиш!

Баарынан да апамдын табасы канды. Көңүлү жакын аялдарды үйгө чакырып, түрдүү тамактарын дасторконго жайнатып коюп Айзада жөнүндө кеп салат.

— Качкан кыздын энеси жаман да... Энелүү кыз качат деген эмне кеп? Билесиңер го, Гүлсүн өзү жаш кезинде ушундай ойноку эле.

Мен тамылжып кызарып, баш көтөрбөй, улам чай сунуп, карылардын кебин тыңшайм...

— Карамат мактанба, баарыбыздын бойго жеткен кызыбыз бар, ичтеринде эмнелерди ойлоп жүргөнүн билип коюппузбу? Алдырарда жаздырар болгон да,— деп Калча аяш энем каяша сүйлөсө, апам жулунуп макул болбойт:

— Ортак, ал сөзүңүздү кайра алыңыз... Менин Гүкүшүм кыз аттуудан өзгөчө чыкты. Улууга тике карап, каяша сүйлөбөйт... Эркектин алдынан кыя басып өтпөйт...

— Ылайым барган жерден бак тапсын!

— Ызааттуу болсо, урмат көрөт...

— Жаш адамдын уяттуусу жакшы!— деген кубаттоолорду укканда апам ансайын күчөйт:

3—340

— А жер жуткур Айзада эчкидей шудуңдап, эки көзү ойноктоп турчу эмес беле, ортактар. Мен ошонун көзүнөн коркчумун. — Апам жакасын кармап, сөзүн улантат. — Ой тооба, апасы барса келбей коюптур... Энесине жакшылык кылбаган кыз, тийген эрин жалчытат дейсиңерби? Дагы бир үрпөк баш жүр десе, этегине илешип кылчайбай кете берет... Баскан изин кетмендеп салчу кыз экен...

Бир заматта отурган аялдар ичип жаткан чайын токтото коюшуп, Айзаданы жамандап киришет. Мындай учурда айың сөз табылбай калмак беле? Катыча апа эриндерин тиштенип: «Эч кимге айтпагыла, ошол жер жуткур кыз Кемел менен илгертен соо эмес экен... Ошол үчүн качыптыр»— десе, Салийма эже бирөө тыңшап тургансып, үнүн пастатып: «Эч кимге айта көрбөгүлө, Айзаданын боюнда бар имиш, ошол үчүн келбептир дейт... Гүлсүн деле билет имиш, элден уялып өзү качырган имиш, калп эле каргапшилеп жүрөт»,— десе тоңтуңдап араң баскан Галбү кempир башын чайкап: «Ой тобаа!» — деп жакасын кармап күбүрөнөт.

— Өзүңөр билет турбайсыңарбы? Боюнда болгону чын болуш керек, бекер жерден өрт чыкмак беле? Бузуку кыз болчу! — деп апам ансайын жулкунуп сүйлөйт...

Албетте булардын бардыгы калп, ушак! Айзадаханды кимиси менчелик билмек?! Мындай жок жердеги ушактарды ким жаратып жүргөнүн билбеймин... Ушундай чоң кишилер калп айтыштан уялышпайбы? Сиздер калп айтасыздар, Айзада сүттөн таза!— дегим келет, бирок, оозума бир нерсе такалып калгандай айталбайм. Эгерде мен ошентсем эле өз абийримди төгөм... Булар азыр дарбазадан чыгар замат бир-бирине:

— Бул да соо эмес.

— Айзаданын досу болчу.

— Караматтын да шору бар экен!— деп айтып кетишет. Мындай кептер жөн жатпайт, дуулдап тарайт эмеспи. Адептүү, абийирдүү кыз деген наамдан айрылам. Баарынан да апамдын балээсине калам. «Сага эмне күч келди? Эмне үчүн энеңдей аялдарга атырыласың!»— деп жанымды быякка сууруп алат. Ач кулактан тынч кулак, тымпыйып отурганым жакшы го!

Ансыз деле бул аялдардын ар биринин ууру көзү менде!

Апам элдин көзүнчө кызым эркектин алдынан кыя басып өтпөйт деп мактанганы менен Айзада качкандан бери аябай кооптонуп, менин баскан изиме түштү.

— Сабактан чыккандан кийин бир минута токтобой туура үйгө жөнө, уктуңбу?— деп мектепке барарымда күн



сайын кулагыма куят... Ошол дейсиңерби, мен мектептен чыксам, Туратбек даяр:

— Апам тез келсин деп чакырып жатат,— деген анын кекээрдүү буйругун күн сайын угам...

Кокус Туратбектин «кызың балдар менен күлүшүп, бирге келе жатыптыр» дегенин уксачы, анда апам күйүп-бышып:

— Шойконуң бар болсо апаңдан түңүл... Мен Күлсүндөй журт аралап жүрө албайм. Тетиги күрпүлдөп агып жаткан Агарттын дарыясынан апаңдын сөөгүн таап аласың, билдиңби,— деп коркутат, эсиңди эки кылат.

Мурда апам Туратбекти бооруна кысып, жыттап жатчу. Азыр апам экөөбүз бирге жата турган болдук. Күнүгө жатарда апам көк дөбөтүбүздү айбандагы түркүккө байлап, чоң дарбазабызды кулпулап, үйдөгү эшикти ичинен бекем такактап коёт да, төшөккө жатып алып, көпкө дейре келме келтирип: «О кудай, доско күлкү, душманга таба кыла көрбө»,— деп өзүнчө күбүрөй берет. Уйку-соодо жатып, кээде боорум эзилип, күлкүм келсе, кээде апамдын кебетесин көрүп, аяп кетем: «Апажан, мага ишене бериңиз, менде андай жаман ой жок, өзүңүздү кур бекерге кыйнабай, тынч уктай бериңиз»,— деп айтсамбы дейм, бирок андан бетер күмөн санап, тынчы кетпесин деп корком. Ошол үчүн эч нерсени туймамыш болуп, апамы бекем кучактап жата берем...

Апам кыйналып уктоочу болду... Кечээ чочуп ойгонсом, апамдын кысталган үнү араң чыгат, кимдир бирөөгө жулунгансыйт, менин билегимди бекем кармап алыптыр. Коркуп кеттим...

— Апаа!— деп түрткүлөп жиберсем, ойгонду да мени көрө коюп:

— Кудая шүгүр, түшүм турбайбы? Түшүм түлкүнүн богу, өзүм иттин богу,— деп ырымын кылып, түкүрүнүп, анан мени жаш баладай бекем бооруна кысып жыттагылады...

Апам аябай коркунучтуу түш көрүп, чочуп калса керек... Жүрөгүнүн дүк-дүк этип соккону даана угулат, чарчагандай өрөпкүп дем алат. Таң атып калса керек, биздин кызыл короздун чаңырган үнү угулду. Дагы эле апамын жүрөгү дүк-дүк...

— Апа, басырык бастыбы?

Апам оор үшкүрүп, мага ыраазы болгондой:

— Кайдагы басырык басмак эле, беймаза түш көрдүм...

— Дайыма кыйналып уктай турган болдуңуз да... Эмне коркунучуңуз бар?— деп сурайм билмемишке салып.

— Гүкүш, майда жашың калган жок. Айтпасам да өзүң баамдап жүргөндүрсүң кызым... Эне түшкүр бойго жеткен кызынын азабын аябай тартат экен... Тигине, атаң түшүнө дүйнө кирбей уктап жатат... Ойлоп да койбойт.

Апам унчукпай калды. Чынында эле атам токтоо, анча-мынчага ачууланбаган бейкам адам... Ушунча уйкусу катуу, эгер үй өрттөнүп кетсе да, сезбей коңурук тартып уктай берет... Бечара апамдын какшаганынча бар...

— Кыз бала бирөөнүн аманаты... Эч нерседен кем кылбай чоңойттук, өстүрдүк. Көп эле кишилер сөз салып жүрүшөт, эч кимисине көңүлүм тойбойт... Менин максатым, барган жериң оокаттуу, алың-келиңдүү кишилер болсо... Барганда маңдайың жылып кайтса деген тилек да... Апам кейигендей оор үшкүрүндү:

— Кызым өзүңдөн жашырып эмне кылайын... Жатакалгыр Айзада качкандан бери апаңда жан жок. Жаман-жаман түштөрдү көрөм. Түшүмдө сен тиги Абдылда менен качып кеткен имишсиң, мен жер муштагылап, өңгүрөп ыйлап жүрөм. Гүлсүн табасы канып: «А Караматканым, мактаган кызың ушул беле?»— деп, алаканын чаап карсылдап күлөт. Мен эмне дээримди билбей, жерден таш алып ага атырылам... Кайриет түшүм экен. Биздин досубуздан душманыбыз көп. Бизди жер каратсаң, мен ак сүтүмдү кечпейм.

— Апа, кайдагы кептерди сүйлөйсүз,— дегемин төшөктү бекем чүмкөнүп:

— Чүмкөнбө, сөзүмдү ук,— апам таң аткыча акыл-насаат айтты. Андан кийинчерээк мына мындай кызык окуя болду. Түн жарымында ойгонуп, эшикке чыккым келди. Апам коңурук тартып катуу уктап жатат. Керели-кечке кир жууп аябай чарчаган болчу. Апамды аяп, ойготкум келбеди. Акырын туруп, бутумдун учу менен басып, эшикти кырч эткирбей тышка чыктым... Ай жарык экен. Эмнеден коркмок элем? Качанга апамдын этегине асылып, шырп этсе, элеңдеп жүрмөкчүмүн? Жетишет, бойго жетпедимби?

Эми гана жайланышып отурганымда, апамдын ый аралаш ачуу үнү угулду... Коркуп кеттим, ордумдан тургуча шаштым. Ээнбаштык кылганыма кейидим да:

— Апа, мен мындамын!— деп доош бердим.

Апам экөөбүз босогодон беттештик. Апам бечаранын өңү өчүп кетиптир. Ирени купкуу, чырак кармаган оң колу калтырайт. Көйнөгүн да толук кийбептир, сол жеңи бош салаңдайт. Караңгыда кайда жүрөсүң дегендей, уйкусу



умачтай ачылып, атам ыштанчан дүрдүйүп апамдын артында турат. Айыптуу кишидей жер карадым.

— Кайда жүрөсүң жети түндө өзүң жалгыз?— дейт апам чыракты бетиме кармап. Унчукпайм, атамдан уялам...

— Ой, кайда жүрөсүң?

— Ушул жерде эле...

— Ушул жериңдин аты жокпу?

— Коргондо...

— Коргондо жарым түндө бышырып коюппу?

Эмне демекмин... Эркек болсом, айтар жообум даяр эле... Кызмын да, бет маңдайымда атам турса. Бүткөн боюмду чыпылдап тер басты. Унчукпайм, атам үйгө кирди.

— Каерге отурдуң? Көрсөт — деп, апам панызды кармап, ээрчип алды. Караңгыда ошол орунду таппай темселеп да жүрдүк.

— Калп айтыпсың?

— Ушул жерге отургамын?

— Канакe?

— Мынаке...

Апам өз көзү менен көрүп, жаны тынды окшойт...

— Түнү жалгыз чыкпа дебедим беле?

— Сизди аяп, ойготкум келбеди...

— Мен жерге кирейин... Ойгото бер, апаңды кудай албайт. — Сол жеңин оңдонуп кийди да, ачуусу тарагандай. — Ойгонсом ордуң бош. Сыйпалайм жоксуң... Күлсүндүн таз кебетесин кийген экемин деп, атаңды жулкуп ойготтум...

— Коюңузчу апа!

Ээрчишип үйгө кирдик, атам уктай элек экен...

— Жок жерден чуу чыгарып адамдын уйкусун буздуң,— атам наалый сүйлөдү.

— Бир жолу уйкуң бузулса, эмне болуптур, мен күнүгө уктабай жүрөм.

Апам өзүнчө бирдеме деп күбүрөдү да, тил кайырбай төшөгүн чүмкөнүп тетири бурулду...

Апам экөөбүз чечинип кучакташып жаттык...

О, кагылайын апажан! Сиздин энелик жүрөгүңүз мынчалык мээрбан, мынчалык боорукер жаралды экен? Эне түшкүр баланын азабын дайыма тартат турбайбы?

Жүрөгүм эзилип, апамды бекем-бекем кучактап, алкымынан жыттагыладым. Үч-төрт жаштагы наристе болуп калсамчы? Дайыма апамдын койнунда эркелеп жатмакмын. Ээним кейпп, көзүм ымдаша түштү бейм.

— Ыйлап атасыңбы?

— Жок апаке!

...Таң атканча апам экөөбүз тең көздөрүбүздү жумуп, жүрөгүбүздү өйкөгөн бир нерсе тууралу ойлонуп жаткансыдык. Тилибиз унчукпаса да, жүрөктөрүбүз сүйлөшүүдө.

## VIII

Жылдар мынча зымырап тез өтөт? Кечээ эле мен эрбеңдеп, апамдын этегине жармашып жүргөн бир секелек кыз эмес белем?

Мынакей окуу жылы аяктап, жакын арада жетилүү аттестатына ээ болобуз деп, мамлекеттик экзамендерге кызуу даярдык жүрүп жаткан учур. Күн сайын консультация, контролдук жумуш, жадап да кеттим...

Агайлардын мамилеси да башкача. Сабак билбейсиңер, жакшы даярданбайсыңар деп, мурдагыдай жемелешпейт. «Биз өз билгенибизди үйрөттүк, аябадык. Ар бириң жакында өз алдыңарча кесип тандап кетесиңер. Туура жол тандай көргүлө, кийин арман кылбагандай болгула»,— деп аталык камкордук менен эскертишет.

— Ыракмат агай! — деп, балдар туш-тараптан чурулдашат.

Бирок, мен көңүл кошмун, капамын. Эмне үчүн тезирээк бүтсөм экен деп шаштым экен? Аттиңай, азыр биринчи класста окуп калсамчы?

Менин көзүмө кызыл баркут чапан кийген, чачтары сербейген, болпойгон жоош ак сары кыз элестейт. Ал арткы парталардын бириңде, агайды көзгө илбей нан чайнап отурат.

— Гүлайым нан жеп жатат,— деп кимдир бирөө сүйүнчүлөйт. «Б» тамганы үйрөтүп жаткан агай жанына басып келип:

— Нан жебе, уят болот,— дейт анын чачынан сылап.

— Жейм, курсагым ачты,— деп ыйлап жиберет. Бардыгы жапырт күлүшөт. Агай алдап-соолап соорото албай жүрөт.

Ошол бойдон ак сары кызга суктанам...

Экзамендер да аяктайт, он жыл бою бирге окуган балдар кесип издеп, туш тарапка чилдей тарашат. Кажылдап сабак окуп отуруп баш ооруп чарчайбыз. Ошондо, ким кайсы окууга барат деген маселени күн тартибине коюп, балдар ар бири өз оюн жашырбай айтып чурулдашат. «Салтанаттуу» чогулушту комсорг эмессиңби деп Ыдырыска тапшырат. Ал колуна чоң бийлик тийгенсип, заматта мурчуюп, сестүү карап:



— Ким биринчи өз пикирин айтат?

— Мен.

— Сөз жолдош Эргешов Аманбайга берилет.

Аманбай балдарга карап, өзү айыл-чарба институтундагы зооветеринардык факультетине өтөм, бул менин илгертен самап жүргөн мактасым,— деп кыскача баяндайт.

— Жолдош Эргешовго суроолор барбы?

— Бар.

— Сен былтыр университеттин тарых факультетине кирем деп жүрбөйт белең?

Аманбай бул суроого жооп берем дегендей баш ийкеп:

— Шарип дос, былтыркы менен быйылкынын айырмасы бар го. Жыл сайын адамдын оюу өсөт эмеспи.

— Дагы суроо барбы?

— Бар.

— Кайсы себептен сен өзүңдү айыл-чарба институтунун студенти деп эсептейсиң? Мүмкүн окууну бүтпөй каларсың? Мүмкүн институтка өтпөй каларсың?— Аманбай каткырып күлгөн кээ бир балдарга жаман көзү менен кыжырлана карап:

— Бүтөм да, өтөм,— дейт ишеничтүү.

— Түшүнүктүү,— деп Абдылда көзүн кысат.

— Эмне үчүн көзүңдү кысасың,— дейт Аманбай эриндери кубарып. Абдылда ушуну гана күтүп тургандай, ордунан шып туруп, баарыбызга моокуму кангандай күлүп кайрылат.

— Аманбайды карасаңар мунун эркине койсо, көзүңдү да кысууга болбойт, чүчкүрүүгө да болбойт...

Класcты көтөргөн каткырык.

— Эгерде, атасындай колхоздун башкармасы болсо, ой, бул эч кимге күн көрсөтмөк эмес экен?

— Атама асылба.

— Карасаңар, муну, күбө болгула, мен атасына асылып жатамбы?

Ыдырыс чыр чыгып кетпесин деп, экөөнүн айтышын токтотуп, сөздү Кадырга берет.

— Мен Фрунзедеги автодорожный техникумуна кирем да, эки жылда бүтүп инспектор болом.

— Ой жаны жок, кечээги «чогулушта» финансы техникумуна кирем дебедиң беле?— дейт Аманбай.

— Дегеним чын, бирок инспекторлук пайдалуу көрүнөт. Ошону тандадым.

— Буга ишенип болбойт.

— Эртең дагы өзгөрөт.

— Ишенбесеңер койгула, инспектор болгонумда көрөсүңөр. Кадыр таарынгандай өз ордуна отурат.

Ыдырыс капкара чачын салаасы менен сылап:

— Сөз Өмүрзаков Абдылдага берилет.

— Сөзүм жок.

— Окугуң келбейби?

— Баары окууга кетип калса малды ким багат, эгинди ким орот? Мен колхоздо иштейм, карыган ата-энеми багам. Силер окуй бергиле.

— Болуптур зордобойбуз. Дагы ким сүйлөйт?

— Кыздар сүйлөсүн.

Сөз Зулайга берилет. Ал ордунан козголуп койбой:

— Мен саанчы болом.

— Абдылданын үгүтү күчтүү болду го.

— Зукештин окугусу келип турат, бирок...

Зулай ордунан тура калып какшыктап жаткан балдарга атырылат.

— Силердин ишиңер канча, эмне кылсам өз эрким.

Азыр кезек мага келет, эмне дейм? Зулайды туурап саанчы болом десемби? Жок, антпейм. Эмне десем? Окугум келбейт деп кесе сүйлөсөмбү? Себебин айт дешет. Кандай себеп табам?

— Сөз Гүкүшкө берилет.

Мен укмамыш болуп баш көтөрбөйм.

Ошол учурда класстын эшиги ачылат да, секретарь кыз:

— Кыздар, силерди директор чакырып жатат,— деп өз убагында мени туюкка камалган жеримден куткарып калды.

— Директор агайга балдардын кереги жок бекен? — деп, Кадыр кычылык кылып, башын тырмайт.

Айткандай эле директор агай чакырыптыр.

— Келгиле, кыздарым, отургула. Биз стулга коомай отурдук. Агай да кебин түз эле окуудан баштады:

— Экөөң тең Фрунзеге окууга бармак болдуңар. — Биз жер карап унчукпадык. — Эмне, окугуңар келбейби?

— Агай, менин саанчы болом деген тилегим бар,— деп бул жолу да Зулай озунуп койду. Агай колундагы карандашын тыкылдатып, башын чайкады да:

— Кызым ушул өзүңдүн сөзүңбү, же апаң үйрөткөн сөзбү?

— Жок агай, өзүмдүн оюм.

— А сенчи кызым?— деп, мага кайрылды. Баягы эле жүрөктү өйкөгөн суроо, эмне дейм?

— Билбейм агай...



— Түшүнүктүү... Эмесе, кыздарым, кеп ушундай. Быйыл райондо онунчу классты бүткөн кыздардын баары жогорку окуу жайына барат. Ушундай көрсөтмө бар. Бизде саанчылар жетишет, окуган кыздар жокко эсе. Экөөңөрдүн тең атаңар кыздарыбызды жиберебиз деп, убадасын бериштн. Ыргылжың болбой экзаменге жакшы даярдангыла.

Биз ордубуздан жай туруп, «чын айтып жатасызбы?» дегендей жалдырап карадык.

— Агай, атам макул болдубу?— дейм ишенбей, күмөн санап.

— Калмурза аке макул болду, кызымды Фрунзеге жиберишке кайылмын деп убада берди.

Таң каларлык! Эч нерсе түшүнбөйм, бетим ымыр-чымыр. Ишенбейм, дагы эле күмөн санайм. Агайды жал-жал карап, Зулайды ээрчий чыктым. Коридордо балдар үймөлөктөшүп, кулактарын түрүп, бизди күтүп турушуптур.

— Кыздар, эмне кеп?

Мен унчукпадым.

— Биз Фрунзедеги каалаган окуу жайына экзаменсиз кабыл алынат экенбиз!— Зулайды балдар тегеректеп ортого алышты.

— Баарыбызбы?— деп Аманбай чебеленет.

— Жо-ок. Силерди эмес, бизди, кыздарды, Гүлайым экөөбүздү,— деп Зулай кубанычтуу добушун бийик чыгарат. Балдар ичтери күйгөндөй чурулдашат. Кадыр бизге суктанып карап:

— Кап, кыз эле болуп калсамчы?— деп арман кылгансып сүйлөйт. Баарыбыз жапырт күлдүк. Жакшы тилегиң бар экен дешип, балдар Кадырдын сөзүн ала качышып, туш тараптан какшыкташат.

Бирок, алардын көңүлдүү тамашасы кулагымдын сыртынан кетип, жүрөгүм туз куйгандай ачышат.

Атам кантип макул болду экен? Ишенбейм... ишенбейм...

## IX

Артымдан бирөө кубалагандай үйгө шашып келатам, бул эмне кеп деп эч нерсеге түшүнбөй, ойлонуп келатам. Мындай кысталыш учурда жол да арбыбайт! Жүрөгүм кабынан суурулчудай талпынат... Дүк... дүк... дүк...

Эч качан минтип шашкалактап, элдин сугу түшкөн сынымды бузган эмесмин. Бирөөлөр көрсө, эмне дейт? Элеңдеп аяк-быягымды карайм.

Коргонубуздун сыртындагы жапыс талда атамдын жээрде аты окуранып, жер тепкилеп турат.

Кирдим. Апамдын ачууланган добушун угуп, тандырыбыздын жанында токтой калдым.

— Көзгө кармаган жалгыз кызымды жанымдан карыш эч жакка жылдырбайм дедим, жылдырбайм! — Апамдын үнү буулугуп чыккансыйт.

Түшүнүктүү!

Мен алардын үстүнө шарт кирип бара албай, же артыма кайта албай, ордумда арсар туруп калдым.

Апам тынбай какылдап, атамдын жазасын колуна нак карматып жатат. Апамдын заардуу добушуна чыдабай, мынабу жансыз коргонубуздун дубалдарынан жаңырык чыгууда, бирок атам тилсиз кишидей унчукпайт. Чыдамкайлыгына ыракмат, э!

Унчукпоо атамдын көнүмүш адаты. Апамдын сары түгү бетине жамырап чыгып, жаны кейип ачууланганда, атам эч качан каяша сүйлөбөйт. Ушул убакка атамдын эркексинип, апама атырылып муш көтөргөнүн көрө элекмин. Чыр-чатактын баарын апам баштайт да, жемени атам угат. Ошон үчүн апамдын теңтуштары: «Карамат багың ачылган зайыпсың да, кызыл камчы эрге жолуксаң, тилиң бир кулач болмок эмес»,— дешкендерин көп уккам.

Атам апамдын тилинен такыр чыкпайт, айтканын эки кылбай орундатат. Апам ансайын бааланып, оюна келгенин кыла берет. Буга атамдын урук-туугандары наразы. «Калмурза адамбы? Бир жоош өгүз да. Аны аялы ноктолоп мурдунан жетелеп алган»,— деп кеп кылышат. Кантсе да апам багы ачылган зайып...

Күтүлбөгөн жерден атамдын кыйкырыгын угуп, селт эте түштүм. Өз кулагыма ишенбейм.

— Эй макулук, кандай түшүнбөгөн жансың? Менин эркимде болсо, кызымды окутайын деген оюм жок, акыры ишенесиңби адамга. Жалгыз эле сенин кызың барыппы? Биздин райондун кыздары такыр жогорку окуу жайларына окубайт деп, жолдош Ташымовду секеге чакырып, бүйрөдө катуу жаза бериптир, акыры түшүнөсүңбү? Ар кимге жан керек да. Сенин кызың үчүн мен кызматымдан шыпырылып, көчөдө салактап басып жүргүм келбейт. Акыры түшүнөсүңбү?

— Кызматым... Кызматым... Бош жүргөн адамдын оокаты өтпөй калыппы? Ошол кызматыңды Ташымов мойнуна тагып алсын. Түшүндүрүп айтпайсыңбы? Тилиң жокпу?

Ооба, атамдын тили жок, унчукпайт. Ага боорум ооруйт, негедир ичим кайнайт. Атамдын мынчалык жер караган жоошугун мен да жактырбайм. Мен атамдын ордунда болсом, ордумдан атырылып тура калып: «Эй ка-



тын, өз ишиңди бил, менин кызматыма киришпе. Кызым эл катары окууга барат. Кеп ушул»,— дейт элем.

Атам унчукпайт.

Алар унчугушпай калышты. Эч нерсе укпаган, билбеген кишидей момоюп үйгө кирдим. Апам кумсарып, сары түгү бетине чыгып калыптыр, чоң сандыктын жанында отурат. Атам кире бериште айыптуу кишидей жер карап мурчуят.

Эч кимиси озунуп келдиңби деп да койгон жок. Мен да унчукпай, сыртка карай жөнөдүм. Ооба, азыр апам артымдан сынап карап турганын желкемен көрүп турам.

Мага бардыгы эртеси түшүнүктүү болду. Мындай күтүлбөгөн окуя болот деп ким ойлоптур дейсиз.

Кечээ биздин колхозго райкомдун биринчи секретары жолдош Ташымов өзү келип, активдер менен кеңешме өткөрүптүр. Талкууланган негизги маселе, кош айдоону, чөп орууну мөөнөтүнөн мурда бүтүрүү эмес, онунчу классты бүткөн кыздарды милдеттүү түрдө жогорку окуу жайына жиберүү экен. Эсепке караганда биздин райондун кыздары республикабыздын жогорку окуу жайларында өтө сейрек учурайт имиш.

Бул имиш эмес чындык! Алыска барбай биздин колхозду алып көрөлү. Силерге жалган, мага чын, ушул убакка чейин биздин колхоздон бир дагы кыз онунчу классты бүтүп, жогорку окуу жайларына кире элек десем, кээ бирөөлөр аябай таң калышы мүмкүн. «Кантип? Бул жалган, апыртуу» — деп, мага жалаа жабышы да ыктымал. Албетте бул угууга өтө оор, бирок чын кеп. Ал мындайча: биринчи класста балдар менен кыздар теңме тең эле болот. Кыздар жогорку класстарга жеттиби, элегендей суюла берет, суюла берет.

Биз да ушундай болдук. Он эки кыз биринчи класстын астанасын кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбүз калдык, кайсы күнү чоочун үй-бүлөнүн казан-аягын калдыратып калар экенбиз деп жүрсөк Айзада качып кетти. Ал да окуунун айынан...

Ошентип, көз көрүнөө арабыз суюла берди. Ойлоп көрсөң бул коркунучтуу! Сен кызсың! Бир күнү сени менен бир окуп жүргөн, бирге өскөн, сырдаш теңтушуң капыстан күйөөгө тийип кетет да, анын орду бош калат. Агайлар мектеп жашындагы кызды күйөөгө зордуктап жиберишти деп, тийиштүү жерлерге билдирет. Текшерүүгө киши жиберилет. Сурүштүрүп келсе күйөөгө тийген кыз сельсоветтин каттоосунда эч кеми жок он сегизде болуп чыга келет. «Өзүм каалап, өзүм тийдим. Эч ким зордогон

жок, өзүмдүн окугум келбейт»,— деген үйрөтүлгөн сөздөр даяр. Өзү окутуп, өзү таламын талашкан окуучу кызынан ушундай кепти угушуп, агайлар да ичтеринен тынышат.

Кетчү кыз кетет, агайлар ар бир сабак сайын тизме окуганда, кеткен кыздын фамилиясын атабай, аттатып өткөндө өзүңчө эле ичиңен сыздайсың, басмырт болосуң. Тизмеде өз кезегиң келгенде «бар» деп, бош айтып, кайра отурууга шашасың. Бетиң чымырап, агайга тик карай албайсың. Мүмкүн агай: «Кызым качанга чейин бармын деп, өзүң добуш берип турар экенсиң, же сени да ата-энең он сегиз жашка толтурууга камынып жатабы?» — деп астыртан сынап карагансыйт.

Чынында коркунучтуу. Сен араң он бешке чыктың, бирок, жашыруун күчтүн жардамы астында он сегизге секирип жетип, аз келгенсип бирөөлөрдүн шыбырына эрксизден көнүп: «Окугум келбейт» — деп, каратып туруп калп айтып турсаң, анан агайлар сага кантип нааразы болбойт!

Жакын арада менин да ордум бош калып, агайлар фамилиямды аттатып өткөндө, кимдир бирөө озунуп: «Калмурзаева да эрге тийип кетиптир»,— деп кыйкырар деген санаа менен ушул күнгө жеттим.

Эми онунчуну бүтөрүмө шектенбей калдым. Баягы жоон топ он эки кыз быйыл онунчуну бүтүп, баарыбыз каалаган окууларыбызга кетсек кандай жыргал болор эле! Окусак деп талпынып, бирок, тилектерине жетпей калган теңтуштарымды эстесем, көзүмөн жаш кылгырат, түз куйгандай ичим ачышат.

Көздөрү ойноктогон, каштары чийилген капкара, чукугандай сөз тапкан, эч кимден жалтанбаган Катыйча эске түшөт. Анын кубулжутуп ырдаган обонучу! Угуп отургум келет. Ал «Эсимде», «Эсте секет» деген ырларды катырчы эле. «Мыскал эжедей артист болсом» — деп, эңсеген тилегин жашырбай айтчу. Катыйчаны жетинчи классты бүтүп, каникулга тараганда, апасы: «Кызым Папандагы тагасыныкына кетти» — деп, элге угузду. Окуу ачылганда, апасы, кызым ошол жакта окуп жатат деген справка тапшырып кутулуп кетти... Кийинки жылы окуп жаткан кыз энесиникине үч айлык уулун ороп, төркүлөп келди. Кызын окутпас үчүн биздин ата-энелер ойго келбеген айлаларды ойлоп таба алат!

Керели кечке бир сүйлөп койбогон, акыл-эстүү кыз periси Касиеткан азыр кайдасың? Аны да сегизинчиде окуп жүргөндө, ата-энеси көз көрүнө эле Араванга күйөөгө берип жиберди. Ошондон бери аны көрө элекмин. Ата-энесиникине да аз келет. Жалган болбосун, былтыры областтык газетанын бетинен Касиеткандын пахта терип жүргөн сүрөтүн көрдүм. Кыйын терет, кайраттуу келин деп мактаптыр.



Эсимде: кайсы бир жолу алгебра сабагынан кечигип калсак, агай киргизбей койгон. Экөөбүз мектептин алдындагы чоң жийденин алдынан шылдырап аккан тунук суунун боюнда сырдашканбыз. Ал суу менен ойноп:

— Гүкүш, кээде мен минтип ойлоном... Окуй берсем, окуй берсем, такыр күйөөгө чыкпасам. Анан, өзүбүздүн ушул айылга келип иштесем. Анан үй-жайлуу болсом, ынтымактуу жашап, ал экөөбүз ээрчишип басып жүрсөк.

— Апей, ал дегениңдин аты жокпу?

— Ой, мен дөөрүп жаткан турбайымбы?— Касиеткан уялганына чыдабай, озунуп мага суу чачкан. Экөөбүз көйнөктөрүбүз көл-шал болгуча суу чачышып ойногонбуз. Мен аны чычалатыш үчүн туюк эле «ал» — деп койсом ал айтпа деп, муштагылай берер эле. «Эч кимге айтпа» — деп жалынып жалбарчу. Биздин туюк сырга түшүнбөй кыздар жабалакташып:

— Бизге да айтып койсоңор. Мынча ардактап сүйлөгөн «ал» дегениңер ким?— деп каңкуулап сурашса, Касиеткан мага жалбарчу:

— Ортакжан, айта көрбө.

— Ал дегенибиз, Алдаберген,— деп айтчу эмесмин.

— Кыйын экенсиңер,— деп кыздар таарынышчу, өздөрүнчө жоромолдошчу, белгисиз «алды» издешчү.

Эгерде Касиеткан жогорку окуу жайын бүтүп, жүрөгү эңсеген «ал» — деген белгисиз кишисине жетсе, кандай бактылуу болор эле!

Эч кимге сырын айтпаган, капыс араздашып калса, оңойлук менен жазылбаган Толуну кантип эстен чыгарайын! Анын бир кемчилиги өңдүү-түстүүлүгүнө мактангансып жүрчү. Ошон үчүн, биз мурдубузду чүйрүп, көп учурда андан бөлүнүп кетчүбүз. Биздин ичибиздин күйгөнү — балдар аны көз көрүнө сулуусуң, кимдин жары болор экенсиң, ошондо көрсөк — дешип, айта беришчү.

— Мен эч кимдин жары болбойм, врач болом. Силердин мынабу бир кулач тилиңерди кесем,— деп ал асылган балдарды күйдүрүп жооп берчү.

Айта берсең, бардыгы биринен бири сонун кыздар экен! Теңтуштардын кадырына эми жетип отурбаймынбы? Ырас, учурунда бир-бирибиз менен урушканбыз, жамандашканбыз, кайра жазылышканбыз. Бул кеп эмес... Анар, Бермет, Асыл, Айкыз, Ыраат, Бурул, Саажы, Акыштарды ойлоп көрсөм, сонун кыздар эле!

Бармактайдан бирге өскөн, бирге окуган, жанымдай көргөн теңтуштарым азыр кайдасыңар! Билем, билем... Алдың эки балалуу болуп, артың бирден төрөп, башыңарга түйшүк тартып, кээде балалык чагыңарды, бирге окуган ынак теңтушуңду эстеп, жүрөгүңөр сыздап, «аттиңай,— деп жүрөсүңөр!

Теңтуштарым, силерди мен аябай сагындым. Силер дагы мени эстейсиңерби?

Тектир бир тектир, тектир саз,
Тебишип ойнойт өрдөк каз.
Теңтушту теңтуш эстесе,
Төгүлүп агат көздөн жаш.

Ушинтип теңтуштарын аябай сагынган бирөө ырдаган экен. Мен да көкүрөгүмө сагыныч батпай, буулугуп кеткенимде жогорку куплетти улам кайталап ырдасам, сагынычым бөксөргөнсүйт.

## X

Быйыл кыздарды сөзсүз Фрунзеге окууга жиберет экен, жаны ачышканда Ташымов өзү белсенип киришип калыптыр деген кабар биздин айылды жалбырттаган өрттөй аралады. Эки аялдын башы бириксе сүйлөшкөнү, иши, эрмеги ушул кеп. Бул күтүлбөгөн кабарга Күлсүн апа жер тепкилеп сүйүнүп жүрөт дейт. Ал жолуккан аялды атайы токтотуп алып: «Кыйын болсо Карамат кызын эми куткарып алсынчы! Ол, этеги делбиреп бирөөнү мазакташка жаралган... Буюрса, көрүп турам. Ошол жер-суудa тийгизбей мактаган кызы чачын кырктырып, бир жүн башты ээрчип, окуп жүргөндө кантер экен? Кантип жаны чыдаар экен? Охо, күп болду да. Табам ушунчалык канып атат ортак. Караматтын кызын окууга тарткан өкматтан айланайын. Испайрам суусун кечирем, алыскы жолго көчүрдеп, оозун бир карыш кылып мактанчу эле, буюрса көчүрөгөнүн көрөбүз! Кыздарын окутпай калыңга саткан ата-энелерге өзгөчө чара колдонобуз,— деп райком Ташымов Чолок Калмурзага колун кезеп сүйлөгөн имиш. Эски-чигулушта экенин билген да. Күп болду, ортокжан. Эмирик кимде экенин билген да. Күп болду, ортокжан. Эми «Айзадажаным кайда окуса, ыраазымын» — деп, ар кимге заңкылдап айтып жүргөнүн апам да угуп: «Элден чыгып, энесин таштап, бир жетимдин этегин кармап кеткен бузуку кызын актабай эле койсун! Адамда ар болбосо, аңырандап (апамдын тилинин заардыгы ай) сүйлөй берет да. Менин көзүм тирүү турганда кызым жанымдан жарым карыш жылбайт» — деп, күүлөндү.



Апамдын төбө чачын тик тургузган беймаза окуя эртеси болду. Аркы өйүзгү беттеги колхоздо апамдын кара чечекей бир тууган Уулбү деген сиңдиси бар. Ошо таежем кокус келип, апамдын күйүтүн угуп, ого бетер жарасын ырбатып кетпедиби?

— Айланайын эже, кантип Гүкүштөй кызды ошол Фрунзеге окууга жибересиң. Кантип чыдап турасың! — Алаканды шак коюп, чала-бучук ыйлап жиберди. — Абысынымдын Фрунзеге барган уулу ооруган экен, ошого барып келди. Ал айтып отурса, чачың тик турат эжекебай? Фрунзе бүт эле бузулуп кеткен имиш. Кыргыздын ымаңы ысык Гүкүштөй кыздары чачын түбүнө чейин кырктырып, теги адам кебетесинен кетип калыптыр дейт.

— Койчу, кантип эле?— деп, апам ишенип турса да, бушуркөп коёт. Таежем андан бетер күйүп-бышып алаканын шак эттирет да, кебин улантат:

— Эжекебай, эсиңиз барда, этегиңизди жабыңыз. Айдай кызыңдын убалына калып, мусулманчылыктан чыгарып, элдин бетин карай албай калбайлы. Абысын түшкүр тизмектеп айтып отурса, көңүлүң айынып, кыжырың келет. Бойго жеткен кыздар күпкүндүз эркектер менен колтукташып, кучакташып жүрө берет имиш. Же адамдан тартынып коюшпайт имиш. Антип эки-экиден болбосо бастырбайт имиш, чоң кыздар турмак кичинекей кыздар да балдар менен колтукташып анан басат имиш. Менин абысыным калп айтчу катын эмес! Өз көзү менен көрүптүр: түндөлөрү жер жуткур окуучу кыздар караңгы бактардын түбүндө эркектер менен кучакташып турганын көрдүм дейт. Ошол эле дейсизби? Жанагы абысынымдын уулу окуган беш жылдык окуунун жатаканасында балдар менен кыздар аралашып жата берет имиш.

— Калп айтпачы! — Апамдын жаны ык этип, ийне менен сайгандай секирип кетти.

— Калп айтсам өлүп кетейин эжекебай, баламдын күнүн көрбөй калайын.

— Кой, антип суук сөздөрдү оозуңа алба.

— Абысыным айтат: күн чыгарда бир чачы сапсайган кыз төшөгүн көтөрүп, бир кызыл майкечен жигитти колтуктап, бактан чыгып келатыптыр дейт. Жакамды кармап, оозум ачылып, аңкайып эле карап калыпмын. Ой бетиң курусун, чарыкты жамап алганын, уялып койбойт. Дагы арсаңдап күлүп, кызыл майкеченди чымчылап коёт. «Булар эмне кылып жүрөт» — деп, уулумдан сурасам, ал уялып жер карап: «Сааркы салкында мээ сергек болот деп сабак окуп жүрүшөт» — деп, эптеп жашырып койду. Мен

ишенгеним жок, баамымда, ошол бактын арасында түнөп чыгышкан немелер,— деди абысыным.

Мен да аңкайып таежемдин сөзүн тыңшап, текчеге сүйөнүп, колумдагы ак чыныны эрмектеп туруп калыпмын. Таежемдин кейип-кепчиген сөздөрү жүрөгүмө тикенектей сайылат. Таежем күүлөнүп, алаканын улам шак эткирет да, жаңы кубат менен жаны ачышканын, күйгөнүн билдирип, кебин улантат:

— Жалган-чынын ким билсин. Ошол окуган кыздардын бир да соосу жок имиш. Боюна болуп калса, догдурга барып, сойдуруп алдырып салат имиш.

— Бузулган эл турбайбы? Гүкүшүмдү анан кантип, ошол жакка жиберейин! Жибербейм! — Апам да кайраты тайып ыйлап жиберди.

— Жибербе, эжекебай. Айтайын деп, ишимди таштап күйүгүп келдим. Жездем экөөң бир аракетин кылгыла.

— Э, жездекең жемирилип калсын. Жолдош Ташымовго убада берип койдум деп, лөкүйүп тилимди албай атат.

— Тилиңизди алдырыңыз. Менден уккандарыңызды төкпөй-чачпай айтып бериңизчи, кантер экен?

— Айтам.

— Айтыңыз. — Таежем дагы бир нерсени эстей койгондой, алаканын шак эткирди. — Ошол жактын бир жаман адаты бар имиш. Бети курусун, айтып отурса. Чырайлуу-чырайлуу кыздарды артынан пайлап жүрүп, аңдооч коюп, бир күнү ону келгенде «Победага» аңтара салып ала качат экен. Эжекебай, жумурткадай таптаза Гүкүштү ушуларды угуп, билип кантип Прунзеге жибересиз, кызыңызды бармактайынан бирөө ала качып, анан Ысык-Көл дейби, Талас дейби бир жерине сандалып барам деп, өстүрдүңүз беле? — деп, таежем көз жашын шыпырып алды.

Мындай, адамдын санына без чочута турган суук кабарды укканымда, апам эмес, Фрунзеге барып окусам деп, эки көзүм төрт болгон дилгир жан мен да, тайсалдап калдым. Биз адамдын сымбатына жарашыксыз, чыкчыйган көйнөк кийген, эриндерин боёшкон, чачтарын кырктырышкан шаардык кыздардын газета-журналдарга чыккан сүрөттөрүн көрүп, күлүп жүргөнбүз. Ал эми күпөкүндүз эле кучакташып, өбүшүп, боюнан алдырышкандарына денем дүркүрөп, ишенбей, чочуп турам. Эгерде, ушундай болсо, эң жаман! Кыздар жибектей созулуп, биринчи кезекте өз абийирин сактап жүрүш керек да... Анан окуу...

Мүмкүн, таежем апыртып айтып жаткандыр. Ким билет. Мүмкүн, бул кыздардын ата-энелеринин эсин чыгарыш үчүн ойлонулган ушактыр. Кантип эле университеттин жатаканасында кыздар менен балдар аралашып жатсын! Каерде болсо да тартип болот эмеспи.

Быйыл кышта биздин мектепке Ош пединститутунун студенттери практикага келишти. Теңи эле кыргыз кыздар экен. Ырас, алар бирге окуган балдар менен колтукташып жүрүшкөнүн көрдүк, бирок, таежем айткандай шумдуктарды байкабадык.

Өз оюмду тайманбай апама айтуудан тартындым, батына албадым. Жаны кейип, урушарга киши таппай, көзүнө кан толуп турганда апама акыл айтуу коркунучтуу, кутулбаган балээге каласың.

Мунун үйрөткөн акылын карасаң, ушак деп коёт. Менин кара чечекей сиңдимдин күйүп айткан акылы ушак имиш. Оюна койсо Прунзага барып, чачын кырктырып, жеңи жок көйнөк кийип, ээн-эркин жүргүсү бар. Өлсөм да окууга жибербейм!— деп долуланып, кулак-мээмди жебейби. Мындай заардуу кеп уккандан көрө, ач кулактан тынч кулак тымпыйып, кеп тыңшап отурганым эп эмеспи.

Таежем апамдын кулагына куюп, «Гүкүштү окууга жибере көрбө» деп, жер муштап кеткенден бери биздин үйдө уруш-жаңжал. Апам эптеп эле шылтоо таап баарыбыз менен урушат. Мен кичине чеки бир нерсе кылсам: «Көрчү, окууну уккандан бери мунун түрү өзгөрдү», эгерде, экзаменге даярданып баш көтөрбөй китеп окуп калсам колумдан жулуп алып: «Мага мударис болуп көрүнбө, баары бир окууга жибербейм» — деп, чамынат. Мен эмес Туратбек да мурдагысындай талтаңдап апама асыла коюп көп таяк жеди. Табам канып калды.

Баарыбыздан апамдын балээсине калган атам. Эртең менен туруп кетет да, жатарда гана үйгө келет. Чай ичет да жатып алат. Апам болсо башына соксоюп отуруп алып, ачууланат, урушат, жалынат, ыйлайт.

— Акыры ошол Ташымовуң да тирүү жан го, жолун таап, беш-алты миңди берип койсо да, Гүкүштү калтырсак?— деп атама кайрылат.

— Кадырың жан болсун, Ташымов андайга барчу киши эмес.

— Камырап койбогон кандай таш боор жансыз? Ойлоносузбу, акыры?— Атам тетири карап унчукпайт.

— Акыры эр болгондон кийин бир масылаат айтасызбы?

Апам чарчаганда, сабыры суз жаныма кынтаят. Көпкө уктай албай ары-бери ойдолоктой берет. Көзү илинип, уктап кетсе да денеси дирилдеп, чочуп ойгонот!

Айтпаса да түшүнүктүү! Баягы, коркунучтуу түштөр да!

## XI

Айла издеп, райондук комсомол комитетине баратабыз... Сууга чөгүп бараткан адам жан талашып, колуна илинген балырга асылат турбайбы?

Апама бул акылды ким үйрөттү экен? Атамбы? Же, өзү ойлонуп тапты бекен? Апам айлакер аял. Керек болсо, өкмөт менен партиянын чечимин да куп эпчилдик менен өз кызыкчылыгына пайдалануудан тартынбайт.

Менде не жазык. Апам жаз деди жаздым. Жүр деди ээрчип баратам.

Жолду ката апам эбиреп-жебиреп акыл үйрөтүүдө.

— Бетме-бет келгенде тартынбай айт. Уялып жер карап, шек алдырчу болсоң таарынба. Элге шылдың болобуз. Тике карап: «Окуп бүттүм, эки жыл иштеп анан уланам»,— де тилиңди кесип албайт.

— Уктуңбу?

— Уктум.

Апам менин уялчаак экеними, кысталыш учурда сөзүмдү таппай калаарымды билет. Ошол үчүн кайталап сурап, сынап: — Мен ошол Адыловмун, сен үстүмө кирдиң. Арызды көрүп:

— Туура эмес, окуйсуң,— дейм кабагымы салып, анда эмне дейсиң? Ырас эле эмне дейм... Так жооп бере албай буйдалып калдым.

— Мынакей, көрдүңбү? Буйдалып калдың? Жок, агай, мен иштегим келет, элге пайда келтиргим келет дебейсиңби? Дагы Прунзага барам дейт. Бир суроого так жооп бере албай жатып. Жүүнүң бош. Атаңы тартпай кал. Агар мен беш класс бүтсөм, бүт районду башкарат элем,— деп апам мактанып да жиберди.

Моюнга алыш керек, мендей орто мектепти бүтсө, бир кыйла жерге кетмек. Отузунчу жылдары алты ай лекбезде окуган экен, арбаландатып кат жаза билет. Апамдын бир арманы ичинде.

Зуулдап райондун борборуна да жетип бардык. Кирердин алдында апам мага эскертти:

— Эч уялба. Тартынбай айт.

Райкомдун сырткы бөлмөсүндө бир сары татар кыз машинка басып отуруптур. Апам баш ийкеп учурашты да:

— Кызыке, Адылов барбы?— деди.

— Бар, күтө туруңуз. Азыр келет,— деди.

Биз ак шейшеп менен капталган диванга жеңил отурдук. Дубалдагы чоң саат «чык-чык» этип кагат, убакыт өтөт. Негедир бетим тамылжып уялам, жүрөгүм туйлайт.



Каалга ачылганынан карай салсак, Адылов экен. Ордубуздан леп тура калдык.

— О Карамат эже, келиңиз. Калмурза аке күүлү жүрөбү? Бала-чакалар тынчпы?— деп алыстан эле кол узатып, илбериңки учурашты.

— Биз сизге келдик эле,— деди апам.

— Абдан жакшы болуптур, келчи эмес элеңиз... Кана эмесе, кириңиз,— деп апам экөөбүзгө каалга ачты.

Отурдук.

Мен лениндик комсомолдун катарына ушул бөлмөдө өткөнмүн. Дайыма адилет болом, бардык кайратымды элдин кызыкчылыгына жумшайм деп, ошондо убада бергенмин. Тигине, маңдайда улуу Ленин мээримдүү күлүмсүрөп, мени жылмайып карап турат. Мүмкүн, Ленин: «Кызым, тартынба. Башыңды бийик көтөрүп, болгон ишти ушул жерде айт» —деп, тургандыр. Ленин ата, мен сиз самагандай эмес окшойм. Кантейин, апаман корком, апамды аяйм!

— Коош, келип калыпсыз,— деп Адылов апама кайрылды. Апам мага карады. Шол замат кемселимдин ички чөнтөгүнөн үч бүктөлүү арызды сууруп чыгып, ага сундум.

Апам «Эми жаның болсо айт» дегендей бутумду басып койду.

Апам экөөбүздүн эси-дартыбыз тиги окуп жаткан кагазда. Жарым барак арызымды бир саат окугандай сезилди. Эмне деген жооп берер экен деп, тыбырчылайм. Бою-му калтырак басып, нымшып тердегенсийм. «Гүкүш, азаматсың, кыздардан биринчи болуп сен жазып жатасың? Комсомол кубаттайт» — деп, колумду тура калып кысса кантем? Анда апамдын күнү тууйт.

Тигине агайдын кабагы бүркөлүп, оң кашы жогору серпиле түштү. Кызыл карандаш менен арызымдын бир-эки жерин сызып да койду.

— Азыркы балдарга түшүнүп болбойт. Атасы экөөбүз оку, биздин мүмкүнчүлүгүбүздөн пайдаланып билим ал десек, тултуңдап тил албайт. Мен комсомолкамын, колхозго иштейм деп, жанымды койбойт. Колуңузда турган арызды жазып, ээрчитип бар дейт. Келбеске айла барбы!— Апам айыптын баарын мага түртө салып, өзүн актап, суунун аркы өйүзүнө өтө качты. Адылов койдон момун боло калган апамы, жер карап үңүрөйгөн мени, алмак-салмак карады. Колундагы карандаш менен столду такылдатып, ойлонуп калды. Апам бир нерсе ойлоп тапкандай, жымың этип күлүп койду.

— Гүкүш, ушундайбы?— деп менден күлүмсүрөп сурады.

— Ушундай — деп араң эле баш ийкедим.

— Дурус, дурус,— деп телефондун трубкасын алып:— Жолдош Ташымов менен байланыштырып коюңузчу?— деп кимдир бирөөгө кайрылды.

Жолдош Ташымовго биздин эмне үчүн келгенибизди түшүндүрүп айтты. Ал дагы көпкө бир нерселерди айтты окшойт. Бир жолу агай күлүп да жиберди. Айрыкча апам көзүн трубкадан албай заңкайып карап турат.

— Ата-энеси оку десе да, кызы иштейм деп жатыптыр де.— Апам тынчы кетип кошумчалайт.

Адылов трубканы көңүлдүү илди да, жадырап-жайнап бизге карады:

— Чечилди!— деп столду акырын черткиледи.— Жакшы жакка чечилди. Калмурзаева азаматсың! Чыныгы комсомолка сендей болуу керек. Сенин үлгүлүү демилгеңди жолдош Ташымов да аябай жактырды.

Секретардын ар бир сөзү жүрөгүмө ийнедей сайылууда. Мунун баары какшык эмеспи, уялып, башымды көтөрө албайм.

— Эмнеге жер карайсың?— деди секретарь таңдана.— Башыңды өйдө көтөр.

— Жаш да, уялып жатпайбы?— деп апам кошумчалап койду.

— Ушундай азамат кызды өстүргөн сизге да ыракмат, Карамат эже!

Апам мардайып башын ийкеңдетет.

Адылов сөзүн улантты:

— Биздин бир боордошубуз Казакстанды уктуңуз беле Карамат эже?

— Уккамын.

— Уксаңыз ошол жерде миллион гектар аянтка буудай эгилген, эгин кый турган жылы, түшүмдү жыйноого техника жетишпейт.

Казакстандын бизге кандай тиешеси бар дегендей апам олурайып карап калды.

— Биз дагы ошол жакка райондон бир топ жаштарды жибермекчибиз. Жакшы болбодубу, кызыңыз да барып келсин.

— Эмне-е!— деп ордунан ыргып турду.

— Чочубаңыз Карамат эже. Казакстан аябай жакшы жер, кызыңыз жер көрүп, эл көрүп, башы бышып келет. Кеп ушундай, эмесе,— деп Адылов менин арызымдын четине кол коё баштаганда, апам айласын таппай шашып калды.



— Айланайын токтой турчу, кызым Казагыстан-Мазагыстанга барбайт.

— Мен түшүнбөйм.— Адылов таң калгандай болуп, далысын күүшөдү.

— Кызыңыз иштейм, окуудан бошотуңуз деп арызданып отурбайбы?

— Балам, сен арыздын маанисине туура түшүнбөй калдың? Менин кызым өзүбүздүн колхоздо иштейм деп жатпайбы?

— А, ошондой деңизчи. Түшүнүктүү... түшүнүктүү... Бирок, биздин колхоздордо күч жетиштүү. Азыр, Казакстанда эгин бышып, жардам күтүп турат. Ал жерге ар-намыстуу, мыкты комсомолецтерди жиберебиз.

— Менин кызым жанымдан карыш жылбайт.

— Бая эле ошентпейсизби?

— Мен арызданам.

Адылов кытмыр күлдү:

— Карамат эже, Сиз арызданып жүрөсүзбү, же кызыңызбы?— Биздин бардык жашыруун сырыбыз көлдүн үстүнө калкып чыгып калбадыбы? Арызданганда эмне чыгат. Мен бетиме чарык жамап алган жан эмесмин да. Өлбөгөн төрт шыйрагым гана калды, жашырууга жер таппай, сыртка чыга качтым.

— Токтоо-о!— деген апамдын өкүм буйругуна да карабадым. Сыртта кезек күтүп отургандар аңкайып эле артыман карап калышты. Машинага да түшпөй, үйгө жөө жөнөдүм.

Өмүрүмдө биринчи жолу апамдын тилин албай койдум.

## XII

Карамат жолдош Ташымовдун «Виллисин» минип жүрөт деген кабары бүт колхозго ошол күнү тараптыр. Эртеси эле, апамдын теңтуштары келишип, айтып берчи, биз да билип алалы деп такып сурай баштады. Апам баарын төргө катар тизип алып, мага чай куйдуруп, өзү шымаланып айта баштады.

— Кызым колхоздо иштесин деп, кирбеген жерим калбады. Эч кимиси макул болбойт. Эмне жанымды аяйын, Ташымовдун үстүнө жулунуп кирип бардым. Кичи пейил киши экен: «Келиңиз, төргө өтүңүз» — деп, ордунан тура калып учурашты. Өзүмчө андай жылуу-жумшак мамилеге мардайып калдым. Иш оңолду деп, ичимен кымылдап турам. Кабагымды салып сыр бербейм.

— Сизге арызданып келдим эле.

— Билем, билем, сиз Калмурзанын зайыбы Карамат эмессизби? Менин пейлим силерге маалим эмеспи, мындай учурда коюу уюткан айрандай мелтиреп туралбайм.

— Аты, жөнүмдү кайдан билесиз?— деп тайманбай сурап калдым.

Ташымов кашын серпип, билинер-билинбес жылмайды да:

— Аяш, сизди кантип билбейин, билем: — Апам мен киммин, байкап көргүлө дегендей отургандарга бир сыйра дымактуу карап койду.

— Ой ушул Ташымовдун сага көзү түшүп жүргөн го,— аяш энем апамды чычалатты.

— Сен тууралуу сөз кошпочу,— деп апам сөз улантты: — «Сиз гана эмес онунчуну бүтүп жаткан Гүлайымканды да билем»,— деди.

Кыйын экенсиң билсең дегендей жактырбай баш ийкедим.

— «Биз билүүгө милдеттүүбүз. Биз көп учурда эт, сүт, май, пахтаны талап кылабыз. Бирок ошол эт, сүт, май менен жабдыган адамдарыбыздын ал-жайын жакшы билбейбиз. Биз ар бир колхозчунун үйүнө баш багып, ал-абалын сурашыбыз керек. Түшүнүп эле турам, кантейин убакыт жетишпейт». Ташымов жай ордунан туруп, терезенин ак пардаларын эки жакка түрүп, кайра менин каршымдагы диванга отурду...

— Карасаң, шылтоолоп сага жакындап келатканын.— Аяш энем дагы апамдын сөзүн бөлдү, бирок апам ага тил кайрып убара болгон жок.

— «Сиз эмне үчүн келип отурганыңызды да билем. Кана эмесе аяш, сыр жашырышпай ачык сүйлөшөлү» — деп, ботом алкымдан алса болобу.

Мен дагы негизги маселеге эми жеттик дегенде кабагымды салып, калп эле жөтөлүп койдум. Ташымов коркутуп-үркүтүп чочондоп кирсе, адатымча ар этип эле бетинен алып урушайын деп камданып турам. Ташымов аябаган куу киши көрүнөт, сөзүн алыстан баштады:

— Сиз тууралуу көп-көп мактоолорду уккам. Калмурза жарак кармап, кан кечип фронтто жүргөндө, аялы колхоздо иштеп, жаштыгына карабай бала-чакасын жүдөтпөй бакты дешет. Ушул чынбы?

— Чын,— деп жиберипмин.

— Өзү абдан кайраттуу аял. Күйөөсүнөн да кыйын дешет, чынбы?

Уялып унчукпадым, мактоо кимге жакпасын, денем жибигенсип баратты.



— Мен сизди үгүт-насаат максатында мактап жатканым жок, өзүмдүн ак пейлимден чыккан пикиримди айтып жатам. Эгер сиз жогорку окуу жайын бүтсөңүз, же мыкты иншмер, же окумуштуу болор элеңиз. Биз билген окумуштуу аялдар өзгөчө дейсизби. Сиздей эле аялдар. Ну, өтөр иш өттү. Бирок биздин кыздарыбыз окубай жатышат.— Кейигендей Ташымов башын чайкады. — Ушул сиз кызымды окутпайм десеңиз анан ким окутат. Карамат, сырызымды окутпайм десеңиз анан ким окутат. Карамат, сырыңызды жашырбай айтыңызчы, эмне үчүн кызыңызды окутуңуз келбейт. Окугандын эмнеси жаман?

Мен дудаланып жооп таппай калдым. Эмне десем? Түз эле мойнумдун жоон жерине салып :— Окуткум келбейт,— десем чекилик болор, анан эмне дешим керек?

Ишенсеңер оозуман сөзүм түшүп, жалдырап отуруп калыпмын. Баягы жулунган Карамат жок. Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарыптыр дейт. Жонумдан чыпылдап тер кетти.

— Сизден суранарым кызымды быйылча калтырсаңар, келерки жылы өзүм эле жетелеп окууга киргизейин. Эң аягында айлам түгөнүп ушуну айттым.

— Аяш, быйыл менен келеркинин эмне айырмасы бар? Өлүмдөн башканын эртеси жакшы. Көп кабырганыз кайышпай кызыңызды окууга жибере бериңиз, милдетин мойнума мен алайын,— деп Ташымов сөз түгөндү дегендей ордунан турду.

Таң каларлык нерсе, ооз ачалбай мен да сыртты көздөй бет алдым. Ташымов сыртка узатып чыгып шоферун чакырды да: — Бул кишини үйүнө жеткирип кел,— деп буйрук берди. Ташымовго ошондо бир ыраазы болдум.

Жолдош Ташымовдун ордуна отуруп бир чалкалап келатам. Алыстан кишинин караанын көрүнсө эле башымды чыгарып коём. Адамдар таң калып карашат. Эки атчан киши шашып салам да айтып жиберишти. Башымды ийкеп койдум.

Көпүрөдө гезит-журналдарын асынып Папа келатыптыр. «Виллисти» өтө берип токтоттурдум.

— Бери келиңиз,— деп шопур чакырды эле, бечера Папа энтеңдеп жетип келип:

— И, сиз белеңиз. Ташымовдун «Виллиси» го деп коёт. Шашып калыптыр.

— Кат барбы?— дедим.

Анын «баягы биздин Караматпы, же ошол кокус чоң болуп калганбы» дегендей чочуган кебетесин көрүп турам.

Андан бери магазиндин алдында эл топтолуп туруптур. Дагы токтотуп магазинге бардым; самын, чай алдым. Качкандар бирин-серин келе башташты.

— Жолдош Ташымов го десек, Карамат эжем турбайбы?— деп жалпакташат. Эч кимисине сыр бербей, ордума отурдум. Баары таң калып карап калышты.

Үйгө түшпөдүм. Түз эле өйүзгө, колхоздун конторуна өттүм. Көздөрүнө бир көрүнүп, үркүтүп коёюн дедим. Раис баш болуп чайханада чай ичип отурушуптур: «Виллисти» көрүп, баары дабырап жетип келишти. Арасында Калмурза да жүрөт.

— О Карамат, качан секретарь болдуң — деп, Эргеш тамашалап сурайт. Унчукпадым. Калмурзаны артыма отургузуп, үйдү карай жөнөдүм. Калмурза жолдуката жан-алы калбай: «Аксакалдын «Виллисин» сага ким берди?» — деп, энтеңдеп сурайт. «Өзү берди» — десем ишенбейт. Акыры шопурду күбө тартып, ишендирдим. «Карамат, сенден балакет качып кутулбайт» — деп, далыма чапкылайт. Шопур боору эзилип кыткылыктап күлөт...

Апам өзүнө ыраазы болгондой:

— Ошонтип, ортактар бир күн Ташымовдун «Виллисин» минип, элди үркүттүм. Чоң болгон жакшы окшойт. Баары эле ийилип салам берет.

Апамдын оозун карап отурган аялдар сукташышкандай:

— Карамат-аламат,— деп ким айтса да туура айткан.

— Арызданып барып, Ташымовдун «Виллисин» минип алганын карасаң.

— Сен кокус чоң болсоң, адамдарды кууруп салчу кебетең бар экен. Бечера Папаны мынча өмгөктөдүң?

Апам кушубак, көңүлү көтөрүңкү:

— Э, ортактар, айта жүргөнгө жакшы. Ташымовдун доорунда бир жыргап алдым.

Аялдар үй-үйлөрүнө тарашууга камынат, галошун кийип жатып, Калча эже мени көрө коюп:

— Ошентип Гүкүштү Прунзага жиберем дечи.

Апам сабыры суз жооп берет:

— Жиберем да.

Апам менин Фрунзеге барышыма акыры ынанган экен! Ыракмат, Сизге жолдош Ташымов!

Уйкум келбейт. Башым жаздыкка тиер замат мемиреп уктаган жан элем. Ары толгоном, бери толгоном, ойлобоско аракет кылам. Баары бир уйкум келбейт. Көңүлүмдү алагды кылыш үчүн бир, эки, үч... деп, миңге чейин санап чыгам. Баары бир уйкум келбейт.



Мамлекеттик экзамендерибиз да жакында бүтөт. Алган бааларым да жакшы. Эмки жумада тарыхтан, анан химиядан экзамен тапшырабыз да, ошентип, орто мектепти бүтөбүз!

Ушуларды ойлосом, жүрөгүм туйлап, көкүрөгүмдү жарып чыгып кетчүдөй болот. Ошон үчүн уйкум келбейт.

Жакын арада ата-энемди, үкаларымды, туулган жерди таштап, алыска-алыска, апамдын сөзү менен айтканда, мусапыр шаарга окууга жөнөйм! Бейтааныш чоң шаар, эл кымгуут, башың айланат, бирөөнү-бирөө билбейт дейт. Алды-артыңа түшүп, ысык-суугуңа күйчү мээрбан ата-энең алыста. Тирүү жансың. Ооруп каласың, ким карайт, ким күйөт? Абалың кандай болот? Кокус пулуң түгөнүп калат. Үйдөн келгиче кимден зарыгып сурайсың? Кыйын, кыйын!

Ушулардын бардыгы элестеп, уйкум качат.

Мен бала болуп ушул өзүбүздүн райондон ары чыккан жан эмесмин. Ырас, жалган болбосун, кичине кезимде апамы ээрчип Ошко барып, адашып калып аябай эсим чыккан.

Апам куюндай болуп, буту-колу жерге тийбеген жан. Алды-артына карабай, зуулдап кете берет.

Базарга кире бериште, аттарчилер упа, эндик, тарактарын тизип коюп отуруптур. Кыздын көзү кызылда дегендей, көзүм кызарып, алаксып калдым.

Жанымда апам жок. Элеңдеп ары карайм, бери карайм жок. Тегерегимдегилер баары бейтааныш кишилер. Эмне кыларымды билбей, өңгүрөп ыйлап жибердим. Бир заматта чоочун кишилер ороп калышты.

— Кызым, ким менен келдиң эле?— деп сурашат, мен энтигип, түшүндүрүп айта албайм.

— Апа-а!— дейм өңгүрөп.

— Кызык катын экен а, жаш баланы ара жолго таштап,— деп бир ак сакал чал кейип да жиберди.

Апам да эси чыгып, көздөрү алактап издеп жүрүптүр. Өңгүрөгөн үнүмдү угуп жетип келди. Апама жармашып калдым.

— Алаңдабай жүрбөйсүңбү? — деп мени жемелеген.

Фрунзе Оштой эки келет, үйлөрү бийик, карасаң башың айланат дейт. Анда оңой эле адашып кетүүгө болот го. Темтейип адашып жүргөнүңдө бирөөлөр артыңдан түшүп, «Победага» салып, Ысык-Көл же Тянь-Шань деген жагына ала качса, эмне кылам? Же окуудан жок. Муну ойлосом, түк эле туулган айылдан жылгым келбейт.

Жок, мен окугум келбейт деп, чын дилимде көгөрүп отуруп алсам, ким зордоп жибере алат? Жылбай коюшка

дагы чыдабайм. «Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер» — дешет кыргыздар. Үйдө калсам, эртеби-кечпи бирөөнүн үйүнө бүлө болуп барасың да, телпейип, үлпүлдөп жоолук салынып жүрөсүң!

Ушуларды ойлосом, тезирээк эле экзамендер бүтүп, самаган Фрунзеге жөнөсөм экен деп, ойлосом дагы уйкум келбейт!

Үч күндөн бери биздин үйгө Калча эже эртели-кеч көп келе турган болду. Апам экөө төркү мейманканага киришет да, бирөө тыңшап тургандай, күдүңдөшүп сүйлөшө беришет. Мен кирсем басылып калышат. Бүгүн чай киргизип чыгып баратып: «Айтып кой Алмаканга, сеп жагынан камтама болбосун» — деген сөзүн угуп калдым.

Атам да адатынан тышкары уктабай, апам менен түн оогуча сүйлөшө турган болду. Дагы бир шумдукту жүрөгүм сезгенсийт...

Айрыкча апамдын кыялына ишенбейм. Апамдын ичине ким кирип чыгыптыр. Мүмкүн, апам Ташымовго кызымды окууга жиберем деп, калп эле убада бергендир. Учуру келгенде, жыландын башын кай жактан көрсөтүшүн билесиң? Апамдан ар нерсени күтүүгө болот.

Ушуларды ойлоп, жүрөгүм кооптонот, денем дүрүлдөп, негедир коркуп, уйкум келбейт.

Бир, эки, үч... жүз...

Батыраак эле таң атып, анаң күн кеч кирип, экзамендер бүтсө экен деп шашам.

## XIV

Апам менен Калча аяш энемдин күдүңдөшүүндө кеп бар экен. Апам мени алып кала албасына көзү жеткенден кийин, амал издей баштайт. Кантип ымандуу кызымды шаарга жалгыз жиберем деп, тыбырчылап жүрүп, кокус, Аманбайдын Фрунзеге окууга барарын угат да, күтүлбөгөн акыл табат. «Раис акамын уулу Прунзага окууга барганатыптыр. Алмакан келин-алыңдуу, сөөк карындашка ылайыктуу байбиче» — деп, атама кыңгыратып угузат. Атам алгач, атасынын көрү, раистиги өзүнө деп, ынабайт. Апам атамдын кулак-мээсин койбойт: «Түшүнбөгөн садда адамсың да. Бизге анын чоңдугу же дүйнөсү керек эмес. Гүкүш окуп жүрүп бир чачы сепейген немени ээрчип кетсе, эмне кыласың? Мен ошол жагын ойлоп атам» — деп, шаштысын алат. Атам да кабыргасы менен кеңешип көрүп:

— Биз өзүбүз сөз айттырсак, уят эмеспи?— деп кыйылат.



— Сиздин саддалыгыңызды? Биз өзүбүз айттырмак белек? Калчаны ортомчу коёбуз. Ал өзүнүн сөзү кылып, эжесин көндүрөт. Кудалашабыз да, эки баланы кошо окууга жиберип, тынчып калабыз. Атам а макул болуптур.

Калча эже апамдын ынак теңтушу, Алмакан эженин бир тууган сиңдиси. Айласы түгөнгөндө апам ушуну ойлоп тааптыр! Бул өтө акылдуу ойлонулган куулук. Жашыруун кудалашып, калың алып, менин бак таалайымды, башымды Аманбайга энчилеп, анан элге: «Мынаке, кызымды окууга жибердим» — деп, апам мактанат эмеспи.

Кеп анда эмес...

Аманбай — аябаган шок, өзүммүн деп, менменсинген бала. Ырас, сабакты жакшы окуйт. Бирок, кээ бир мугалимдер атасынын урматы дейби, опсуз эле макташа беришип, бир жолу аны үйлөгөн чаначтай дердейтип коюшкан. Эмесе анын эски жоруктарынан баштайлы...

...Төртүнчүдө окуп жаткан чагыбыз. Жыл жарымында биздин агайыбыз сабатсыз деп, айдалып анын ордуна башка жактан бейтааныш мугалим келди. Ал кыска бойлуу, бетинин сөөктөрү оркоюп чыгып турган жаш жигит экен. Жаңы агай биринчи сабакта баарыбыз менен илбериңки сүйлөшүп, аңгемелешип чыкты. Агай экинчи сабакта окуучуларды жоктоп, тизме чакырды. Аманбай уруксат сурабай эле ордунан тура калып:

— Агай, менин фамилиям журналда биринчи жазылып турчу эле, сиз тизменин аягына жазып коюпсуз?— деп наразылыгын билдирип, тултуйду. Тултуюшунун жөнү бар. Айдалган агайыбыз ушул убакка чейин анын атасына жагынгысы келип, тамга тартибин бузуп, «Эргешов барбы?» — деп, биринчи чакырчу...

Жаңы агайыбыз антпептир, жылмайып:

— Фамилияң ким?— деди.

— Эргешов,— деди сыймыктангандай, дагы минтип кошумчалап,— агай, менин атамды билбейсизби?

Агайдын чекеси тырыша түштү.

— Билбейм. Тамга тартиби боюнча «Э» тамга аягында келет. Биринчи класста окудуң беле?—деп кайра өзүн уяткарды.

Биз жапырт күлүп жибердик. Аманбай эмне кыларын билбей, бир кызарып, бир бозоруп туруп калды.

Кийинки сабакта Аманбай таарынып, үйүнө кетип калды. Жаңы агай «менин фамилиямды тизменин аягына жазып коюптур» — деп, атасына арызданып барыптыр.

Эргеш аке да кызык киши да. Фамилия тизменин аягындабы, башындабы—андан эч нерсе өзгөрбөйт да. Ариф-

метиканын тили менен айтканда, сандардын орду алмашуусу менен сумма өзгөрбөйт эмеспи.

Андан акылың бөксөрбөйт, боюң кыскарып калбайт деп, уулун уяткарып койбой, Эргеш аке эртеси Аманбайды учкаштырып, директер агайга келип:

— Уулумду таарынтпагыла, биринчи жазып койгула,— деп талап коёт. Бүт мугалимдер ортого алып: «Аманбай аксакалдын жалгыз уулу, өкмөткө эмгек сиңирген, кадыр-барктуу киши, сен жаңы келгендик кылба» — деп, сураныша да, агай тилдерин албай:

— «Бул го колхоздун раиси экен. Көрүнүктүү жетекчилерибиз деле тамганын тартиби менен жазылып жүрөт» — деген имиш.

Сөзү сынып, ар намыстанган Эргеш аке ачууланып, уулун коңшу колхозубуздун мектебине окутуп койгон.

Жаңы агайыбыз сабакты жакшы түшүндүрөт экен. Биз баарыбыз жакшы көрүп кеттик. Бирок, кийинки жаңы окуу жылында сүйүктүү агайыбызды таппай калдык.

Бешинчи класста Аманбай кайра бизге кошулду.

...Анда алтынчыдабыз. Физкультура сабагынын мугалими ооруп калып, балдар өзүнчө эле дене чыңдамак болушту. Чоң көпүрөдөн мектепке чейин жарышып, ким озуп чыкса, ошол класстын күлүгү деп аталмак. Кыйынсынган беш бала суурулуп чыгып, багалектерин түрүп, эдиреңдеп чуркап кетишти. Алардын арасында бир-бирине өч Аманбай менен Абдылда да бар.

Аралык жарым чакырымча бар, кимиси озуп келер экен деп карап турабыз.

Бир карасам, Аманбай эң алдыда чымын-куюн болуп чуркап келаткан экен. Анын артынан Абдылда келатат.

— Аманбай, бол, бол! — деп аны жактагандар жаны-алы калбай кыйкырат.

— Абдылда, ыкчамда, аз калды,— деп аны жактагандар кол булгашат. Мен ал учурда Аманбайды ичимен жакшы көрчүмүн. Болжогон жерге он кадамча калды. Абдылда зуулдап жанаша түштү.

— Аманбай, Аманбай! — Тыбырчылап, кыйкырып жиберипмин. Менин кыйкырыгымды укпай да калды. Абдылда андан озуп, биринчи келди. Чарчаган, ызаланган Аманбайга эч ким көңүл бурбай, озуп кеткен Абдылданы тегеректешип:

— Азамат, чыныгы күлүк сен экенсиң!

— Келе колуңду, класстын күлүгү.

— Бали, азамат!— дешип, ортого алып мактап жатышты. Абдылда аябай күйүккөн экен, араң дем алат.



Аманбай эриндери кубарып, ага карай басты. «Азаматсың, досум» — деп колун кысар бекен деп турам. Кайдан кыссын? Ал эч качан биринчиликти башка бирөөгө берген эмес да, дайыма биринчи!

Кепке-сөзгө келбей эле Абдылданы кулак түпкө муштап калды. Баарыбыз чурулдай түштүк. Абдылда бирөөгө оңойлук менен өнөктүн алдыра турган жан эмес экен?— деп, тегеректеп карап турабыз. Кымыңдап, эси-дартым Аманбай жыгылбаса экен дейм.

Өкүнөм, бул жолу да чаңга булганып, жыгылып калды. Алдында жатып, Абдылданы мурунга коюп жиберди эле, кан жайыла берди.

— Абалың ушул экен го!— деп, ал чоң ишке жарагансып, чаңдарын кагынып туруп кетти.

Булардын бардыгын, тентектик, балалык шоктук деп коёлу.

Анда такыр эси-дартымдан чыкпаган, жүрөгүмдү ызалантып мыкчыган, дагы бир шайкелеңдигин кантип унутам?

...Биздин ынактыгыбыз сегизинчи класста окуп жүргөндө башталды. Экөөбүз бир класста окуйбуз, күнүгө көрүшүп турабыз. Ага алымсынбай, кат жазышабыз. Анын да себеби бар: эгерде балдар менен кыздар көз көрүнөө жанаша басып, жакшынакай ой-тилектерин кымсынбай сүйлөшө ала турган болсо, анда биздикиндей «ууру» каттар болбосуна мен ишенем! Эмне, биздин ошол бир-бирибизге бере албай кыйналган каттарыбызда жашыруун чоң сырлар бар дейсиңерби? Жок, жөнөкөй эле өз ара сүйлөшө турган сөздөр болчу.

Аманбай эркек бала эмеспи, катын китебиме, же чөнтөгүмө учурун таап салып койчу. Мен кыйналчумун. Кээде, үч-төрт күн жазган катым «ууру чөнтөгүмдө» сакталып жүрүп, тытылып кетчү. Мага кимдир бирөө эле карап тургандай сезилчү. Аманбай көз карашымдан сезип, жаныма отура калып: «Бери бер» — дечү. Чоочун көз көрүп калабы деп, мен апкаарып батынчу эмесмин.

Акыры мындай амал ойлоп таптым. Аманбай экөөбүз бир айылданбыз. Мен алдыда шыпылдап баратып, катымды түшүрүп коём, ал жете келип илип кетет. Ошентип, беш ай кат түрүндө сүйлөштүк. Комсомолдордун райондук активине барганыбызда, элден уурданып экөөбүз жанаша отуруп, сүрөткө түшкөнбүз. Мен кечтелеп (эстеп жүр деп алыс сапарга коштошуп жаткандай) атластан кол жоолук тигип бергемин. Аманбай сегизинчи мартка деп атыр, упа, самын, бетмай берген.

Эгерде биздин булактын көзүнөн чыккан тунук суудай ынактыгыбыз булганбай, ушул күнгө созулса, анда мен апамдын күтүлбөгөн амалына маңдай жарылып кубанбайт белем?

Ал үчүн да Аманбай айыптуу...

Бул кокустук тогузунчу класстын башында башталды. Бизге Айбашев деген жаңы директор келди. Агайдын Аписа деген кызы бар экен, бирге окуп калдык.

Аписа ашкан шайыр, дилгир, оюнкарак кыз экен. Тез эле баарыбыздын ич-коюнубузга кирип, биз менен ынтымак болуп кетти. Ал мурду куюлуп түшкөн сулуу эмес болучу, жылдыздуу эле. Айрыкча анын кыялычы. Эч ким менен урушпайт. Бизге балдар тамашалап тийишсе, дароо тултундап, ошол замат беттен алып уруша кетебиз. Анткени, апаларыбыз жашыбыздан: «Балдарды өзүңө аймакы кылба. Тийишсе беттен аймап ал, агайыңа айт» — деп кулагыбызга куюп үйрөткөн.

Аписачы! Жо-ок! Ал такыр бизге окшобойт. Балдар кокус орой сөз айтып жиберсе, ал башын чайкап күлүп туруп:

— Ой, ой, ушул сөз кантип тамак ичкен оозуңдан чыкты,— деп жакшы сөз менен уяткарып коёт экен.

Биздин класстын балдары аны жакшы көрүп, биз четте калдык. Ошон үчүн жактырбай, түйдөк чач деп, кырыбызды салып жүрдүк.

Ал шаарда окуптур. Орус тилин суудай билет экен. Ал эрмайкачан, эмчегин торсойтуп, эч кимди көзүнө илбей эркек балдар менен атаандашып, волейбол ойночу. Айрыкча ал велосипед минип, биздин кыштактын көчөлөрүнөн өйдө-төмөн зырылдап өткөндө кемпирлер жакаларын кармашып:

— Ой тооба, кыргыздын кызы да ушундай болобу? Бул ата-энелүү кызбы? Дагы директор имиш. Элден мурда өзүнүн кызын адептүү кылып албайбы? Мунусун койбосо, көрөсүңөр бул кыздын мойну үзүлөт,— деп кезенишкенин көп уктум.

Кийин экөөбүз ынтымак боло баштаганда:

— Аписажан, ушул айыл арасында велосипед минбесең, такыр жарашпайт экен. Кемпирлер наразы десем, боору эзилип күлүп:

— Ой Гүкүш, сенин башыңда да эскичилик жаткан экен. Чеховдун «Кутудагы кишисине» окшойсуң да. Велосипед тепсең дене чыңалат, фигура кооз болот. — Анан ойлоно калып, ал эми чоң энелерибиздин оюна койсоң, биз илгеркидей үлпүлдөп, төрдө отурушубуз керек. А кабиз илгеркидей... чанка биз алардын ою менен жүрөбүз. Мисалы үчүн сен



сулуу кызсың! Ким болсо да көз салып өтөт. Мынабу талпайган маасы-галошту качан таштайсың? Сенин сымбатыңды бузуп атат. Туфли кийсең, жарашпайбы? Келинге окшоп, жоолук салынып жүрөсүң.

Экөөбүздүн ынактыгыбыз күчөй берди. Анын кеңешин угуп, маасы-галошту, жоолукту таштадым. Сабакты бирге даярданабыз. Кээде биздикине келип калат. Апам «кызым кел-кел» — деп оозунун учунда айтымыш болот, ал кеткенден кийин:

— Карасаң, эки балтырын кызартып, уялбай отурат. Уят кеткен да, көп келбесин биздин үйгө,— дейт.

Кантип келбе деп айтам? Дагы бир жолу черчение сызып отуруп:

— Аманбай мага жагат. Шамдагай. А сагачы?— деп менден сурады. Мен унчукпадым, ичим тарып «ал экөөбүз былтыртан бери кат жазышып жүрөбүз» — деп айтууга камданып оозум барбай, унчукпай койдум.

Ай менин тартынчаактыгым, уялчаактыгым! Эмне үчүн мен аны жактырып жүрөм деп, тайманбай эле айтпадым экен! Ошондо сыр жашырбасам, мындай болбойт эле. Сентябрдын аягында сокур ичеги болуп, райондук ооруканада жатып калдым. Апийса күн алыс велосипед менен келип, ал-абалымды сурап, мектептеги жаңылыктарды айтып турду. Аманбай бир жолу келип, терезеден шыкаалап кабар алып койбоду. Табышмак, эмне үчүн келбейт? Ал жер үстүндө барбы?— деп сураштан Апийсадан уялам. Апийса мектептеги жаңылыктар, бирге окуган балдар, кыздар жөнүндө эбиреп-жебиреп сүйлөйт, бирок, ал тууралу ооз ачып койбойт.

Көп өтпөй эле окуучуларды Ошко пахта теримге алып кетти деп уктум!

Ноябрдын башында алар жумуштан келишти, мен айыгып чыктым. Апийсам баягысындай эле мойнума асылып илбериңки. Ал сыртын салып, унчукпайт. «Гүкүш, жакшы айыгып чыктыңбы?» — деп да койбойт. Ызаланам, ыйлагым келет. Бул эмнеси? «Ушунчалык белең?» — деп кат берсем жооп жазбайт, жаныма жакындабайт.

Кийинчерээк, биздин кыздарга кеңири жайылып, ырдалып жүргөн:

Кат берсе, жообун унуткан,
Ушундай белең «А» тамга.
Унчукпай неге жүрөсүң,
Убайды салып адамга,—

деген куйүттүү ырды мен чыгарган болчумун... Апийса менен ынактыгын, экөөнүн жаныбыздагы көмүр кенине вело-

сипедчен тең жарышып, киного барып жүрүшкөнүн билип, бирге түшкөн сүрөтүбүздү, анын каттарын тытып-тытып, суууга агызып жиберипмин. Жаңыдан бөртүп келаткан алгачкы тунук махабатымдан ошентип кол үзгөнмүн.

Апийса мурдагысындай эле жалпактап:

Бирге сабак окуйлу, биздин үйгө кел, же: ушул базарда кенде кызыктуу кино болот экен, бирге баралы? (мен жиндиминби, экөөнүн арасына кыпчылып) — деп, суранат.

Мен колум бошобойт деп, суз мостоём. Ал, алакандай көздөрүн жалтылдатып: «Гүкүш, эмне жер карап сүйлөйсүң? Биздин арабыздан бир кара мышык өтүп жүрөбү» — деп билмемиш болсо, ансайын желкем тырышат.

Анын кичи пейилдиги да жинимди келтирет: «Жигиттин тартып алдым го, ошого ичиң күйүп жатабы?» — деген дей сезилет.

Алардын ынак мамилесин баары билишчү. Айбашев агай да билет имиш деп укчумун.

Кийинки жылы Айбашев агай башка районго, мектеп-интернатка директор болуп, көчөр күнү Апийса ажырашаяк кылабыз деп, бирге окуган балдар менен кыздарды үйүнө конокко чакырды. «Келбесең катуу таарынам» — деп жалынып сураганда бардым. Тамак ичтик, ырдадык. Баарыбызды Аманбай сүрөткө тартты. Апийса күтүлбөгөн жерден Аманбай экөөбүздү жанаша туруп сүрөткө түшкүлө деп өтүндү. Биз болбой койдук. Ал бал тилге салып жатып, бизди сүрөткө тартып алды. Бирок, биз урушкан китидей мурчуйган кебетебиз менен сүрөткө түштүк. Балдар аны-муну айтып да күлдүрө албады.

Апийса мени ары жетелеп барып, колума бүктөлүү кагаз берип: «Мен жөнөп кеткенден кийин»,— деп суранды.

Биз агайдын жүктөрүн заматта машинага жүктөдүк. Коштошор учур келди! Аманбай жалдырап Апийсаны карайт, ал артын салат. Машина дүрүлдөгөндө, Апийса баары менен кол алышып коштошуп, мени бекем кучактап, бетимден өөп: «Кат жазышып туралы?— деп айтты да, машинага ыргып чыкты. Узун кирпиктеринин ымдаша түшкөнүн көрүп калдым...

Кол булгап, биз калдык. Машинанын үстүндө Апийса тике туруп, кызыл косынкасын булгалап баратты. Бул булгоо бизгеби, же Аманбайгабы ким билет?

Коштошордо колума карматкан Апийсанын катын ушул убакка эң кадырлуу эстелик катары сактап жүрөм. Минтип жазыптыр: «Кечээ ал экөөбүз киного бардык. Кайтып келатканыбызда ал эстеликке сүрөтүн берем деп, комсомол билетин аңтара баштады. Бир сүрөт түшүп кетти озунуп ала койсом: экөөңдүн жанаша түшкөн сүрөтүңөр. Артында сенин колуң менен жазылган бир куплет ыр жүрөт. Ал эмне дээрин билбей, колумдан жулуп алып тытып жиберди. Аны менен да сүрөт алышып жүргөн турбайсыңбы деп урушуп, таарынып басып кеттим. Ал арттымдан жетип, колумдан кармап, болгон окуяны айтып берди.



Былтыр күздө такып сураганымда, эмне үчүн жашырдың экен? Сенин уялчаактыгың ай. Ишенип кой, силердин ынак мамилеңерди билген эмесмин.

Эми эмне кылуу керек? Өзүм да билбейм. Мен аны жакшы көрөм. Эгерде мындан ары силердин көз карашыңар күчөсө, мен кубанам, каршы эмесмин.

Гүкүш, сен кандай жакшы кызсың? Сени эч качан унутпайм!» Жаңыдан көктөп келатканда, солуп калган менин балалык сезимим кайра жанданмак беле? Таң калам, эмне үчүн ал биздин сүрөттү сактап жүрдү экен? Түшүнбөдүм...

Апийсага: төгүлгөн аяк толчу беле, өтөр иш өттү. Силердин ынак болушуңарга тилектешмин. Сага кыпындай да таарынычым жок деп, кыскача кат жаздым.

Кийинчерээк Апийса кат жазып, өзүнүн ыраазылыгын билдириптир: «Аманбай кат жазып жүрөт. Бир-эки жолу келип кетти. Мамилебиз жакшы эле. Ушундай боло берет турбайбы? Бирок, анын ата-энеси менин атымды уккубуз келбейт дейт имиш. Көрө жатарбыз» деп кайгырып жазыптыр.

Аманбай ата-энесине ошол кызды алам, ал экөөбүз бирге окууга барабыз деп, айттырган экен, Эргеш аке ызырынып: «Ал кызды астанама аттатпайм»,— деп уулунун шагын сындырыптыр деген айың тарап жүрөт. Жалганбы, чынбы билбейм.

Аманбай шок, эрке болгону менен ата-энесинин тилинен такыр чыкпайт. Муну жакшы билем.

...Бир кезде эч себепсиз чанып кеткен Аманбайга дагы башым байланабы? Жүрөккө так болгон эски кеп, ар-намыс муунтуп, ачууландым. Көз жашымды чубуртуп, жаным кейигенде уят-сыйытты таштап, ушулардын бардыгын апама жашырбай айттым да:

— Ошол немеге мени кантип кор кыласыз,— деп жалоорудум. Апама менин көз жашым, зыркырап айткан сөзүм таасир этпеди.

— Мына, өзүң айтып отурасың, бизден мурда кат алышып жүргөн турбайсыңарбы?

— Ал чанып кетпедиби?

Апам боору эзилип, каткырып күлөт.

— Чанып кетпедиби? Бул сөздү кайдан үйрөнүп жүрөсүң?

Эрди-катын гана бир-бирин тоготпой чанат. Эми жашабай жатып, качан чанышып жүрөсүңөр? Булардын билбегени жок. — Менин салаалаган көз жашымды жеңинин учу менен сүртүп: — Апсыйган чалга бараткансып өксүп ыйлабачы кызым? Айзада качканда, сөйрүк Эсенамандын атасы: «Каалашынча калың берем»—деп, сөз айттырганда: «Баласы биздин кызга тең эмес» — деп макул болбой койгонбуз. Ошондон бери атаңа кас болуп, тетири карап жүрөт. Аманбай жакшы атанын баласы, өзүң менен тең. Апасы да келиң-алындуу, камбыл аял. Экөөңдү кошо окууга жиберебиз. Ээрчишип жүрөсүңөр. Биякта биздин да уйку тынч. Ыйлабачы!

Күйүтүм терендеп, сызылып, өпкө-жүрөгүмдү аралап чыгат да, көз жашым басылбайт.

Апам менин жүрөгүмдү мыкчыган кекти, оргуштаган сезимимди кайдан түшүнсүн?

## XV

Түн көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Асманда уюлгуп түнөргөн кочкул булуттар биздин коргонубуздун үстүн гана чүмкөгөнсүйт. Кээде тоо башы жаркылдап, алыстан күн күркүрөйт.

Мен жаңы көчүрүлүп келген келиндей жоолукту үлпүлдөтө салынып, өзүбүздүн төркү мейманканада отурам. Апам эң жакшы кийимдеримди кийиндирген. Жалгызмын... Демим кысталат, тамагыма бир суюк нерселер топтолот. Эчкирип ыйлагым келет.

Апам Шарапаткан менен Туратбектин курсактарын тойгузуп, күн батканда эле меймандар келчү үйдүн бурчуна зордуктап жаткырып койгон. Шарапаткан кыз эмеспи, бир нерсени баамдагандай жаткысы келбей: «Апа, эжемдин жанында отурайынчы» — деп жалбарып сураса апам кагып койду эле, жал-жал карап жатып калды. Алар эч нерсе менен иши жок уктап жатышат. Бейкам балалык кандай жакшы!

Апам бүгүн керели кечке шымаланып, ак патир нандарды жапты, боорсоктор жасады. Азыр дасторкону даяр. Ардактуу меймандарды гана күтүп турат.

Бирок, алар кычагандай кечигишет. Ошон үчүн апам да, атам да тыбырчылап, кыжыл. Атам улам көчөгө чыгат да, жол карап күтөт, күтөт, жадаганда башын жерге



салып суз кирет. Мен баарын терезеден көрүп турам. Апам мойнун созуп:

— Көрүнөбү?— деп бирөө тыңшап тургандай секин сурайт.

— Жок,— деген атамдын ачууланган үнүн угам.

— Сизге эмне жин тийди, келишет да.

— Келишпесе коюшсун... Эмне, бой көтөрүп, назданышат жол каратып. Айтпадым беле, Эргеш чоңдугуна ишенип чалкаларын билгемин,— деп колун артына алып, айванда ары-бери басат да,— ушул ишти бузуп салайынбы?— апама угуза сүйлөйт.

— Ой, сизге эмне жин тийди. Сабыр кылың да. Иштери чыгып калгандыр. Же элдин аягы басылсын деп жатышкандыр. Иш бүтүп калганда,— деп апам менин үстүмө кирет. Кыжалаттыгын билдирбей, калп эле күлүмүш болот,— бирок, бетиндеги сары түктөрүн кантип жашырат?

— Эрикпей отурасыңбы Гүкүш... садага болоюн, өпкөмдү чабайын,— деп маңдайымдан кабат-кабат өбөт. Кирпигимде көлкүлдөгөн көз жашым мурдуна жукканда, чочумуш болуп:

— Ыйлабачы!— деп бооруна кысат.

— Апа!

— Садагаң болоюн. Атаң ошенте берет. Азыр келет,— деп көңүл айтып эшикке чыгат да, атамды нары жетелеп барып, жемелей баштады. Апамдын «кызың» деген сөзүн угуп калдым. Түшүнүктүүбү! Көп ары-бери басып кыжына бербечи, кызың ыйлап атат деп, акыл үйрөттү да...

...Элдин аягы басылганда, жашырынган уурудай Эргеш аке, Алмакан эже, Калча аяш энемдер келишти. Алардын келгенин коңшуларыбыз эмес, эшигибиздин алдында кулагын жапырып жаткан көк дөбөтүбүз да туйбай калды. Алар союшка чоң куйруктуу кой жетелеп, мага помбаркуттан көйнөк, кызыл хром өтүк, жүн жоолук, костюм, апама атлас көйнөк, атама пальтолук драп алып келишиптир. Мен кийимдерди кызыгып караганым да жок.

Кудалар мейманканага отурушту. Атам алардан бата алып, өзүбүздүн куйругуна кучак жетпеген кара коюбузду сойду.

Жамгыр жаап кирди. Калча аяш энем чыгып, очоктун боюнда казанга эт салып жаткан апамдын жанына отура калып:

— Аяш эмне мурчуят. Такыр сүйлөбөйт.

— Адаты да, эми билдиңби?— деп апам жууп-чайып жатпайбы.

— Эмне кечиктиңер?

— Эл тынсын, кой жетелеп бараткаңыбызды бирөө-жарым көрүп калат деп эле жездем көгөрүп отуруп алды.— Аяш энем кысталып сүйлөдү. Кийинки шыбырашкандары угулбады.

Аяш энем кирди да, атам апамдын жанына келди.

— Эмнеге чакырдың?

— Кудаларга эмне унчукпайсыз?

Атам отко чырт түкүрдү да, жактырбаган үн менен:

— Ырдайынбы?

— Ырда деген ким бар? Үйгө келген мейманды ит кабат болбой, унчукпасаң уят эмеспи? Жакшылык иштн ойноп-күлүп бүтүргөн жакшы да.

Атам бирдеме деп, сүйлөнүп кирип кетти. Артынан апам жөнөдү.

От жалбырттап күйүп, казанда койдун эти боркулдап кайнап, төркү мейманканада кобур угулат.

Кыз деген ушул экен да. Өпкөм көөп, демим кыстыгат, бакырып ыйлап, нөшөрлөп куюп жаткан жамгырды жыңайлак аралап: «Эл-журт ойгонгула! Силер эч нерсени туйбай мемиреп уктап жатасыңар. Төркү мейманканабызда менин өмүрүмдү баалап жатышат»,— деп жар салсам... андайга жарасам, кеп ушундай болмок беле?

Үргүлөп баратып, кимдир бирөөнүн күдүңдөп сүйлөшкөнүн кулагым чалды. Тааныш үн. Анан эшикке чыга калсам, атам менен апам сүзүшчүдөй, бет маңдай болушуп, талашып жатыптыр. Алар мени байкашпады. Дубалга сүйөнүп, демимди чыгарбай, тыңшап калдым.

Деги булар эмне жөнүндө талашып жатат?

— Сиз жинди болдуңузбу? Мен аял адам болгонум үчүн унчукпайм. А сиз айтканыңыздан кайтпаңыз. Көгөрүп жер карап, отура бериңиз. Алар ушунча аттанып келишип, куру кайтышмак беле?

Атам мурутун чыйратып ыңгыранат:

— Тырмышып жатып алуу уят эмеспи. Көп суктук жакшы эмес. Мынчадан кеми жок дешке бетиң чыдабайт экен, мал баалап жаткансып.

Атам дагы чырт түкүрүндү.

Апам атамды арыраак жетелеп:

— Ушу сиздин саддалыгыңыз качан калат? Бизге калыңды бекер бермек беле. Ошого ылайык сеп беребиз. Баш берип жатабыз...

Атам маңдайын тырыштырып, мурчуят.

Кимде-ким мал базарда болсо, соодалашуу кандай жүргөнүн билет. Сатуучу малынын баркын көтөрүп, мактап, ти-



шин көрсөтүп, уй болсо сүтүн айтып, жылкы болсо күлүктүгүн, жорголугун мактай берет. Алуучу да митаамдык менен улам ары өтүп, бери өтүп башын чайкап, төмөндөп айтат. Көңүлүнө жагып турса да, сыр алдырбай кетенчиктей берет. Ар кимиси өзүнүн наркын айтып: «Барака табың, барака табың»,— деп колдорун бекем кысыша берет.

Булар нарк коюп, талашып-тартышкандай, мен мал эмесмин да. Бул эмне деген дөдөйлүк!

— Апа-а!— деп бакырып жибердим. Апам селт бурулду да, атам кирип кетти.

— Караңгыда турба, үйгө кир.— Апам үйгө жетелеп кирди.

— 25 миң берсин деп көгөрүп жатам, бул да сенин баркың.

— Мага андай барктын кереги жок!— деп жаным ачышып кыйкырып жибердим, апам колу менен оозумду баса калып:

— Шүк, эс-акылың менен бол. Биз сени сатып жатыппызбы, эси жок десе. Эркелетип койсо, чоёндоп баратасың да. Бул — илгертен келаткан элибиздин салты. Мен да 25 миңдик сеп жыйнап жүрөм.— Апамдын үнү каргылдана түштү.— Апаң сенден айлансын! Сени тынчысын деп, апаң ушинтип жатпайбы?— Апамдын ысык-ысык көз жашы бетиме тамганда, мен ансайын шолоктоп ыйлап, экөөбүз бир кыйлага кучакташып туруп калдык!

— Ой, кайдасың?— деген атамдын үнү бизди ажыратып жиберди.

Эргеш аке да көп кыйылыптыр. Мен мунун бардыгын сиңдимден уктум. Ал кобур-шыбырдан ойгонуп кетип тыңшап жатыптыр. Эргеш аке 20 миңден бир тыйын ашпайм деп, көгөрүп отуруп алган имиш. Апамдар сыртта тартышып жүргөндө алар да өз ара келише албай, кызандашыптыр. Алмакан эже, менин аяш энем Эргеш акени ортого алып: Кызы бардын назы бар, айтканына көнөлү. Биз беш миң сомдук адам белек, баш алып жатпайбызбы? — дешиптир. Эргеш аке ачууланып: «Кызын бекер бере тургансып, Калмурза эмне мурчуят? Мына деп туруп кетермин, уулум өзү эле Прунзеден ээрчитип келет. Анын үстүнө Амаштын бул кызга анчалык көңүлү жок»,— деген имиш.

Апажан, сен дагы менин баркымды көтөрдүм дейсиң?

Бирок Алмакан эже: «Уулуң Прунзеден ээрчитип келген каснетсизди үйүмө киргизбейм. Гүлайым уят-сыйыттуу,

ымандуу кыз» — деп отуруп алган имиш. Сыягы, алардын ортосунда келишпестиктер бар окшойт.

Акыры калың апам каалагандай 25 миң сомго токтоптур. Баа бычылгандан кийин, алардын жайдары күлкүлөрү, бапылдаган сөздөрү угула баштады.

Эт тартылды. Алмакан эже өзүнүн шыбагасын: «Мендей байбиче болсун»,— деп мага берип жибериптир. Ооз тийип да койбодум.

Эттин артынан, эки бала ынтымактуу, ырыстуу болуп, өсүп-өнсүн,— деп үй көтөрө: «Оомийин!» — деп бата кылышты.

Апам үстүмө шыпылдап кирип:

— Тура гой. Энең сөйкө салганы келатат,— деп кабарлады.

Эринип турдум. Алмакан эже каадасын бузбай, жай басып кирди. Мен уялып жер карадым.

— Гүкүш, эми биздин бала болдуң, ырыс-кешиктүү бол, айланайын. Эсен-аман жүрсөңөр, бизге ошол канимет.

Кемселинин чөнтөгүнөн күмүш сөйкө алып, өзү шыкаалап жатып кулагыма салды.

— Ырыс-кешиктүү бол!— деп жашып, маңдайымдан чоп эткирип өптү да апама карап: — И кудагый, ушул жамандардын астына кирели. — Толкунданган үнү дирилдеп, аппак оромолунун учу менен көз жашын сүртүмүш болду.

— Кудагый, жакшылык ишке ыйлачу эмес.

— Ыйлабай калайын, жетине албай, жашып кетпедимби.

Аяш энем да эбиреп-жебиреп (кулагыма да кирбеди) ийилип өбөм деп, көлкүлдөгөн көз жашымды көрүп, чочуп кетти:

— Ыйлаба!—Митаам жылмайып. — Кыз жыргаар жерине ыйлап барат,— деп шакылыктап күлдү.

Ыйласаң минтишет, тирмейип ыйлабай койсоң дагы бир нерсени ойлоп табышат. Биздин энелерден шылтоо качып кутулбайт экен го!

Жашырынган уурудай алар түн жарымында кайтышты. Апам көңүлү тынчыгандай:

— Ох, белим ий, чарчадым!— деди.

...Мен кирпик какпай, нөшөрлөп куюп жаткан жамгырды тыңшап, уктай албай жаттым.

Баса, эртеге химиядан экзамен эмес беле?



## XVI

Чочуп ойгондум. Башым зыңкылдап ооруп, курсагым ачып калыптыр. Ойлосом, кечээги түштөн бери жакшылап тамак ичпептирмин. Бирок, тургум келбей, бекем чүмкөнүп, ныксырап жата бердим.

Күн чыгып калса керек. Апам өзү шымаланып уй саап, кошуп кел бадага деп, Туратбекти жумшады. Турбадым... Тарткынчыктатып жетелеп, торпокту аркандап келди. Турбадым... Түндө жуулбай калган казан-аяктарды калдыратып жууду, кыйналып-кысталып от жагып, сааган сүтүн асты. Турбадым.

Атам атын токуп коюп, чай ичти. Апама бирдемелерди шыбырап, анан аттанып жөнөп кетти. Турбадым.

Өчөшкөндөй жата бердим. Күндөгүмдөй тура калып, өзүм билип уй саап, торпокту аркандасам, сүт бышырсам, кызымдын көңүлү кушубак жаркылдап жүрөт, ыраазы экен деп, ичтеринен ойлонушпайбы? Кайсы бетим менен атам менен бир дасторкондо бет маңдай отуруп, нанүштө кылам? Бетим чымырайт...

Бүгүн химиядан эң акыркы экзамен. Озунгандар жооп беришип, эмне баа алдым экен деп, мектептин узун коридорунда толкундап ары-бери басып жүрүшөт. А мен баш көтөрбөй, төшөктө чүмкөнүп жатам. Аманбайдын бетин кантип карайм? Жер карап унчукпайм. Ал өзү тийишип саламдашса кантем? Унчукпай койсом балдардын алдында осолдоп, таарынып калсачы? Жайдары күлсөм абалың ушул экен го деп, ичинен мыскылдайт го. Эмне кыларымды билбей, мукурайм.

Апам башыма отуруп, төшөктү ачып көрүп:

— Өпкөмдү чабайын, тура гой. Күн шашке болуп калды. — Уйпаланган чачымды сылап: — Курсагың ачкандыр, тура гой,— деди.

Уктамыш болуп, билмемишке салдым. Мурдалары кеч жатып, эртеси уктап калсам, апам мындай мээримдүүлүк менен башыма отуруп: «Тура гой»,— деп сурачу эмес. «Турбайсыңбы сасып жатпай, кыз бала кептердей сергек болчу» — дечү.

Азыр чачымды сылап башымда отурат.

— Тура гой, Гүкүш. Экзаминиңе барбайсыңбы?

Унчукпай туруп, дубалда илинген күзгүгө бардым. Көзүм шишип, ыйлаганым билинип турат. Түндө чечинбей бир тийген экемин, кечээ кийген крепдешин көйнөгүм уйпаланып калыптыр. Башка учур болсо апам куп жемелейт эле, азыр эриндерин тиштенип унчукпады.

Түндө Алмакан эже мага атап берген жиликти Туратбек айвандагы сөрүдө аймандап жеп жатыптыр. «Жыргаптырсың» дедим ичимен. Ал мени көрө коюп:

— «Эжекем эрге тийсе, эскиси мага тиет» — деп арсактап күлүп коёт.

Баса калып жикжийте муштадым баланы. Колунан жилиги ыргып, озондоп ыйлап калды. Апам да мени жактап:

— Жакшы кылдың ошону, э бежай өспөй кал. Экинчи ошентчи, жамажайыңды жырып коём,— деп айбат кылды.

— Туратбек бежайлык кылганда дайыма ушундай атырылсаңыз, мындай болмок эмес, апа. Айып өзүңүздө. Мейли, өкүрүп ыйлай берсин!

Бетимди жууп, эртеңки нанүштөгө апам экөөбүз бир отурдук. Курсагым ачып турса да жүрөгүмө эч нерсе барбайт. Апам зордоп жатып бир чай пияла каймакты жуткуруп жиберди.

Башка көйнөк кийип, күзгүнүн алдында каранып турсам, апам минтип эскертти.

— Түндөгү ишти эч ким билген жок. Жашыруун... Адамдын душманы адам. Билинип калса, атаңа сөз тиет.— Чай ууртап коюп. — Дагы теңтуштарыңа мактанып айтып койбо. Теңтуштарыма мактанат имишмин!

— Кокус кайнатаңа туш келсең, тастандабай, жашырынып кал. Ызат-урмат деген адамдын ичин жылытат. Түбөлүк атаң ошол киши.

Тура берсем апам дагы көп сөз айтчудай. Ансыз деле ичим бир кап болуп, терим жукарып, сөз көтөралбай турам.

— Айылга барам, тез кел,— деп апам артымдан кыйкырып калды. Туратбек таарынып баягы ордунда көмкөрөсүнөн жатат. Жата берсин.

Дарбазадан чыга берип, Зулайга беттеше түштүм. Ал көмөкөйүн көтөрүп сүйлөп:

— Муну карасаң, шашып койбойт. Экзамен тең ортолоп калбадыбы? Агайлар сени эки жолу жоктоп, чакырып кел деп мени жиберди. — Ал көзүн сүзүп, кебетемди байкады окшойт. — Ооруп атасыңбы?

Жооп бербей башымды чайкадым.

— Анан эмне кечигесиң?

— Жөн эле.

— Жөн кантип болсун? — Тыржыя түштүм.

— Сени тергөөчү койду беле?

— Койдум, койдум. — Дөрдөйгөн эриндерин кымтылап чурмуйду.

Экөөбүз сүйлөшпөй, жанаша басып бараттык. Жайдын



күнү жаш бала деп туура айткан. Түндөгү асманды чүмкөп, уюлгуган кара булуттар жок. Күн чайыттай ачык. Аба таза. Жолдун боюндагы катар мырза теректердин жашыл жалбырактары жамгырга жуулуп, өзгөчө кооз көрүнөт. Алсыз шамалга кыл учтары ары-бери назик ийилет.

Капыстан, сопоң этип бет маңдай тараптагы көпүрөнүн арт жагынан тору аттын койкондогон башы, камчыланган Эргеш аке чыга калды. Анын жанында дагы бир атчан бар экен! Заманам тарып, шашып калдым. Шарт артыма бурулуп качып берсем, Зулай эмне деп ойлойт? «Эргеш акени көрүп, дыргаяктап качып берди. Соо эмес. Болуп коюптур»,— деп элге заматта таратып жибербейби? Эмне кылам? Анаке, атчандар да жакындап келатат. Экөө кобурашып, сүйлөшүп, бизди да көрбөйт. Бетим чымырап, жүрөгүм ойноктойт. Уят, уят, уят! Өлүм, өлүм!

— Зулайжан, сен күтө тур! — деп жол боюндагы Токтобай акенин үйүнө кире качтым. Алардын кабаган ити тандырдын астынан чыга калып, арсылдап качырып жөнөдү эле, бир чыңырып отура калдым. Кайриет, ит катылбады. Кыймат эже корккон үнүмдү угуп, чыга калып итти кубалап, мени апаптады.

Мынаке дагы туюк жарга камалбадымбы? Эмне деп шылтоо айтам? Денемдеги коркконум тарап, бетим өрт болуп ысып баратам. Кайдагы балээге камалдым эле?

— Үйгө кир садага? Эмне кызарып кеттиң? Уялба. — Ар жакта дубалга куйругун такап ырылдаган итке айбат кылып. — Нары тур өлө элегиңде.

— Ачыткы сурап кел деп, апам жумшады эле. — Адам кысталган учурда, жалган шылтоо тапканына да кубанып кетет экен!

— Түгөнүп калды эле,— деди кейигендей.

«Куп жакшы болуптур»,— деп жарыя айтып жибере жаздап араң токтодум. Ме деп кармата салса эмне кылат элем? Коюңуз десем болбой узатып чыкты.

— Апаңа айт, бар болсо аябайт элем,— деп артымдан карап калды.

Быякка баратканымды көрүп шек санап калды го. Кокус мен мектептен келгиче апама жолугуп: «Гүкүштү ачыткыга жиберген экенсиз, түгөнүп калды эле» — десе эч нерсеге түшүнбөгөн апам: «Үйүмдө ачыткым бар, сага Гүлайымдай башка бирөө көзүңө көрүнгөн го» — десе, эмне болот? Кыймат эже арданып: «Көзүмө башка нерсе көрүнбөй-нетпей эле сенин кызың келди. Ишенбесең Зулайдан сура»,— деп муну күбө тартса кантем?

Нары жакта, ыргалган көкмөк чөптөрдүн учтарын кармалап, Зулай күтүп туруптур.

— Апам бир буюм сурады эле, жок экен, дедим сыр алдырбай.

— Бар болсо да Кыймат эже бербейт.

Азыр мектепке кирем. Аманбай жооп берип, сөзсүз беш алам деп, кыйынсынып, менин келишимди күтүп тургандыр. Кантип беттешебиз. Мындан аркы мамилебиз кандай болор экен?

Балдар экзамен жүрүп жаткан класстын каалгасынын алдында туруптур.

— Гүкүшсүз экзамен да кызыксыз болот экен.

— Ошон үчүн мен кирбей отурбайымбы?

— Карасаң, тирмейип окуй берип, көзү шишип келиптир.

Баягы учуп жүргөн тамаша сөздөр. Тиги бурчтагы терезеде эки колун шымынын чөнтөгүнө салып Аманбай бозоруп туруптур. Капа... Ал көзүнүн кыйыгы менен жактырбагандай карап, шыпылдап ары басып кетти.

Бул эмне деген жоругу? Анын жакасына жармашып, этегине эрмешкен бирөө бар бекен? Бечарам ий. Аңгыча кезек келип экзаменге кирдим.

Гүлдүү столдо директор агай, химия сабагынын мугалими, экзамен комиссиясынын председатели сүйлөшүп отуруптур. Колум калтырап билетти алышымды билбейм.

— Коркпой, көздү жумуп ала бер,— деген директор агайдын үнүн угам.

Билетти алып, бош парталардын бирине отура берипмин.

— Номериң канча?

«Ал эмне үчүн мага кырын салат. Андай кыйын экен, ата-энесине айтып, болдурбай койбойбу?»

— Калмурзаева, билетиндин номери канча?

Эми түшүндүм да:

— Номериби? — шашып көз жиберип,— беш.

Көңүлүм алагды болуп билеттин суроолорун, номерин да карабастан отура берипмин.

Көңүлүм жай таппай тургандыгын агайларга билдирип койдум окшойт. Химия сабагынын мугалими атайы келип, ийилип акырын сурады:

— Суроолору түшүнүктүүбү?

«Ооба» дегендей баш ийкедим.

— Эгерде билбегениң болсо, тартынбай эле сурай бер.

Бул жолу да байкабай баш ийкеп жиберипмин. Агай таң калгандай карады да:



— Гүкүш ооруп турасыңбы? — деди.

— Башым ооруп атат.

— Ошондой, өңүң бузулуп турат.

Агай жаныма отура калып, билеттеги суроолорду үстүртөн түшүндүрө баштады. Баш ийкемиш болом да, Аманбайдын жактырбай, кейкейип басып кеткенине ачууланам, муундарым калтырайт. Кезек күтүп отура алгыдай эмесмин.

— Агай, азыр жооп берсем болобу?

— Даярдыгың жакшыбы?

Унчукпай баш ийкедим.

— Эргешов да даярданбай жооп берем деп калды. Өзүң бил,— деп агай ордуна отуруп, беркилер менен кеңешти да: — Даярсыңбы? — деп менден кайрадан сурады.

Бактыма жараша билеттеги суроолор оңой экен, токтолбой жооп бердим.

— Азамат,— деп койду экзамен комиссиясынын председатели. Эч кимиси кошумча суроо да берген жок.

Сыртка чыксам, жакшы жооп бердиң, тыңшап турдук деп, жабалактаган колдор куттуктады. Ал көрүнбөйт. Башым ооруп атат деп шылтоолоп, бааны күтпөй үйгө жөнөдүм.

Ыкчамдап басып баратам, ыйлап баратам. Кайриет, тааныштардан эч ким жолукпады.

Ошентип, орто мектепти ый менен бүттүм. Ушундай болот деп кимдин башына келиптир дейсиң. Эсен-аман онунчу классты бүтсөм, арманым жок деп ойлочу элем. Азыр армансызмын деп айта аламбы?

Апам көз жашымды көрүп чочуп кетти:

— Сага эмне болду?

— Эч нерсе.

— Эмнеге ыйладың?

— Жөн эле.

— Жөн ыйлачу бекен? Бирөө капа кылса, айт, колуна өлүп берейин.

— Жок.

— Жакшы баа албай калдыңбы?

— Жок.

— Жоктон башка жообуң жокпу?

— Анан эмнеге ыйладың?

— Жөн эле.

— Бир жериң ооруп жатабы, садага болоюнум.

— Жок.

Апам үргүлүп-кагылып, үстүмө үйрүлө түшкөндүктөнбү, эркедимби, эки-үч мончок жана бетимен төмөн кулады.

— Айтчы, эмнеге ыйлайсың? Бетиңди көз жашың менен жуугудай, мен өлө элекмин го. Кызымдан эми тынчыдым го деп отурсам... Апам маңдайын үтүрөйтүп кейип жиберди.

Ичимди тээп жаткан оюмду айтып, сырдашайын десем, апам ушинтет да! Эгерде, анын жактырбагандай суз мамилесин, ары карап кейкейип басып кеткенин апама айтсам:

— Ошого да ушунча болосуңбу? Андай жеңил болчу эмес, элдин көзүнчө эле сага жүгүрүп келмек беле,— деп апам жемелерин билип турам.

Мейманканага кирип жатып алдым. Апам да унчукпай, уйкудан калган көздөрү менен жал-жал карап, башымды сылап жанымда отурду.

Түштөн кийин агайлар келип, онунчу классты жакшы бүтүшүм менен куттуктаншты. «Жакын арада Фрунзеге жөнөтөсүңөр, Карамат эже, Гүкүштү даярдай бериңиз? — деп директор агай эскертти.

Фрунзеге, Фрунзеге! Менин жүрөгүмдү өйкөгөн асыл максатым ушул эмес беле? Жакында ата-эне, туулган жер, урук-туугандар менен коштошуп, Фрунзеге жөнөйт экенбиз да. Машинага отуруп: «Кош апаке!» — дей турган мезгил келген турбайбы?

Бирок, бир нерсе жүрөгүмдү өйкөп, чайыттай ачык көңүлүмдү суз кылат. Ал экөөбүздүн алдыдагы мамилебиз кандай болор экен? Ылайым эски таарынычтарды унутуп, Фрунзенин жашыл бактарын аралап, ынтымактуу окуп жүрсөк экен?..

## XVII

Кирүү экзамендерин тапшырып бүтүп, үч күндөн бери бошпуз. Бекерчиликтен жадап да бүттүк. Күн бийик көтөрүлгүчө уктайбыз. Конкурстун жыйынтыгы чыгып калгандыр деп, көңүлүбүз түтпөй күнүгө университетке беш-алты жолу барабыз, анча-мынча өң тааныштардан сурайбыз, күбүрөшүп сүйлөшкөндөрдү тыңшайбыз, анан сабырыбыз суз, жашаган бөлмөбүзгө келип, ар кимибиз өз керебетибизге жата кетебиз.

«Эртең өткөн-өтпөгөндөрдүн тизмеси илинет экен»,— деген кабар тарап, менде жан жок. Ар кандай жаман ой башыма кылт этип түшө калат. Санааркап да бүттүм.

Күн бешимде Аманбай келип, айыл чарба институтунун ветеринардык факультетине өткөнүн айтты. Куттуктайм деп колун кыстым. Өңү кумсарып кызуу. Билдирбеске канчалык аракеттенсе да, оозунан ичкиликтин жыты



буркурап турду. Жанында күлгөн сайын кашка тиштери көрүнгөн, бети-башы толо мурун бир жигит бар экен.

— Аяш менен тааныштырбайсың да,— деп ал өзү эле озунуп колун сунду:

— Атым Алишер, фамилиям Беккaзиев, кыркынчы жылы туулгамын. Ата-тегим таза. Аманбай экөөбүз бир факультетке экзамен тапшырдык,— деп жапылдап сүйлөп, бир паста өмүр баянын айтты да, колумду кыса кармап:
— Атыңыз ким аяш? — деп сурады. Кандай жулунган немесиң дегендей мен жактырбай карадым. Ал кытмыр күлдү да:

— Жаман көрүп калдыңыз ээ. Көзүңүздөн көрүп турам. Атыңыз жашырынбы аяш? — деп дагы эле колумду коё бербейт.

— Мен сиздин аяшыңыз эмесмин.— Жиним келип, колумду жулуп алдым.

— О-о! Айыптуумун карындаш.

— «Сиздин карындашыңыз да эмесмин, ойлоп сүйлөңүз» дегим келип, ушул оозу-мурдуна сөз илешпеген немеге теңелбейинчи деп унчукпадым. Ал Аманбайга күлө карап:

— Э дос, пиво ичип отуруп, сүйлөшкөн кызыма барабыз дебедиң беле? — Аманбай аны далыга чапкылап.

— Кыз деген чычалап жүрүп көнөт да.

— Аяштын андай сырын кайдан билейин.

Мен тетири бурулуп кетип калайын деп, батынбадым.

— Кийинип чык, көчөгө басып келели,— деди Аманбай.

— Бүгүн бара албайм.

— Себеп.

— Башым ооруп турат.

Мен калп айттым. Аманбай келсе, шаарды кыдырып келели деп, эртеден бери күтүп отургам. Мынабу Алишер деген немеси шыпылдап; улам «аяш» деп, анысы аз келгенсип, өзү: «кыз деген чычалап жүрүп көнөт да» — деп кекирейип, ардантып коюшту. Болбосо барат болчумун! Алишер ары басып кеткенде, Аманбай көзүн сүзүп:

— Азыр чыкпасаң, экинчи келмей жок,— деп кекете сүйлөдү.

— Мейли, келбесең.

— Болуптур, эсен бол.— Аңгыча Алишери жаныбызга келди. Аманбай калп эле жаркылдап күлүмүш болуп:

— Алишер дос, аяшың бүгүн чыгалбайт экен, башы ооруп туруптур,— деди.

Мен таң калып карап эле калдым! Азыркы сүйлөгөнү

да, үнү да, күлкүсү да башкача! Алишер дагы колумду кысып:

— Өтө өкүнүчтүү. Башыңыз айыкканда келебиз,— деди жылмайып.

Аманбай колумду суз кысып, унчукпай чыгып кетти. Мен анын артынан жүгүрүп чыгып: «Токтой тур, азыр чыгам» — деп, жалынмак белем?

Бөлмөгө кирип, кроватыма үстөмөнүмдөн түшүп жатып алдым. Биздин мамилебиз качан оңолор экен? Фрунзеге келгенибизге бир айдан ашты. Аманбай үзбөй келип, кабар алып турду. Эки жолу ээрчишип киного бардык, эч кимден жазганбай-тартынбай жанаша отурдук, бирге тамак ичтик. Караңгы киргенде университеттин алдындагы скамейкаларда сүйлөшүп отурдук, ары-бери бастык. Ал бир жолу өбүүгө аракеттенди эле, бетимди алаканым менен жаап, жеткирбей койдум. Бирок, ушул убакка чейин черибиз жазылып, эзилишип сүйлөшпөдүк, ички сырыбызды айтышпадык. Жолугушубуз да суз, коштошуубуз да суз. Азыр да болбогон немеден таарыныша кеттик. Алишер деген шыпылдап кайдан келе калды эле?

Сайракан сырттан жүгүрүп кирип, зыңкылдап ырдап, күзгүгө карап чачын тарана баштады.

— Гүлайым, турбайсыңбы? Күн кечкирди,— деп кулакка жагымдуу үнү менен сүйлөдү. Мен жата бердим.

Аңгыча кимдир бирөө эшикти черткиледи.

— Мүмкүн эмес,— деп Сайракан каткырып күлдү.

Мен шашып тура калдым, эшик ачылып, узун бойлуу, чачы үрпөйгөн, жол-жол жеңи жок көйнөкчөн, кара тору жигит кирди. Сизге ким керек дегендей мен жалдырап карап калдым.

— Кечирип коюңуз.— Ал жүгүнүп койду. Мен унчукпадым.

— Руксат эмес дебедим беле? — Сайракан чоң, капкара көздөрүн ойноктотуп, тийишип сүйлөдү. Жулунуп киришинде кеп бар турбайбы, деп, мен тымып калдым.

Кирген жигит алмак-салмак күлүңдөп бизди карап:

— Кулагым дүлөй эмеспи,— деди.

— Анда врачка барыш керек.

Ал сөз таппай, унчукпай калды.

— Ай, ай Авазбек, маданиятты качан үйрөнөсүң? Дагы университеттин үчүнчү курсунда окуйт.— Сайракан нааразы болгондой баш чайкады.

— Же Гүлайым өзү озунуп таанышса деп турасыңбы?

— Ой, менин байкабастыгым. Кечирип коюңуз.— Кол сунду: — Авазбек.



— Гүлайым.

— Абдан жакшы.

Мен уялып, колумду тартып алгыча шаштым. Авазбек бир аз унчукпай отурду, анан тура калып:

— Жүргүлө «Ала-Тоого» барып, көңүл ачып келели.

— Биз көңүл ача албайт экенбиз,— деп Сайракан кылыктанып, керебетке отура кетти.

— Эмне үчүн?

— Ушундай.

— Таң каларлык.

— Таң каларлык эмес.

— Анан кандай?

Сайракан ордунан тура калып, бат-бат сүйлөдү:

— Биз деген университетке сагалап турган жанбыз. Сиз деген — үчүнчү курстун студентисиз. Айырмасы асман менен жердей. Мүмкүн, эртеге биз жолдо болорбуз.

Авазбек башын оң жак мүрүсүнө шылкыйтып укту да:

— Мелдешесиңерби? — деди эч нерседен, эч нерсе жок.

— Эмне жөнүндө?

— Мен айтам: экөөңөр тең өтөсүңөр, деп...

Сайракан сол көзүн кысып, колун кезеп сүйлөдү:

— Мунун митаамдыгын көр. Алдагың бар ээ? Биз жаш бала эмеспиз.

— Анда мелдешкиле.

— Мелдешпейпиз.

— Анда өтөсүңөр.

— Өтпөйбүз.

— Жүргүлө, кечки киного үлгүргүдөй бололу.

— Жүрбөйбүз. Кино-синого биз бара албайбыз.

Мен быякта туруп, бечара Авазбекти аяп кеттим. Кандай токтоо, кандай сылык! Мен Аманбайга бирөөнүн көзүнчө минтсем: «Барбасаң кой, мага эмне»,— деп бая эле каалганы карс жаап кетип калмак.

Бале десе, дарт деп каяша айтып жатып, акыры Сайракандын жүрөгү жибиди окшойт:

— Айтпаса, өзүң билбейсиңби? Сен карап турсаң, биз кантип кийинебиз? — Авазбек кулагынын учуна чейин кызарып, чыккыча шашты. Ал чыгар замат Сайраканды жемеледим:

— Аябай осол кылбадыңбы, менин көзүмчө. Антпей жүр көңүлүнө кетет.— Сайракан түшүнбөгөндөй мага алайып карады:

— Ой, ботом, осол дегениң эмне? Осёл — орусча эшек.

— Осол такыр андай эмес, уят деген мааниде.

— Бул кыргыз сөзүбү?

— Билбейм, биз жактагы кыргыздар ушинтип сүйлөшөт.
— Түшүндүм. Осол боло берсин. Мен анын этегине жармашмак белем? Ошол силер жакта аялдар өз күйөөсүн сиз дешет имиш, ушул чынбы?
— Чын. Атын айтпай, сиз деп ызатташат.
— Мына кызык тамаша! Атын айтпай терген, сиз десе эле сыйлап калат бекен? Мүмкүн ошол аялдар сыртынан сиз деп жылмайып коюп, ичинен өлүгүңдү көрөйүн, сенден качан кутулар экенмин деп каргап отурушкандыр.
— Койчу! — мен чочуп кеттим. — Антишпейт.
— Сен алардын ичине кирип чыгыпсыңбы? Урматташкан көңүлү жакын адамдар бир-бирине сен деп кайрылышат. Ал эми бейтааныш, сыпайы кишилерге, өзүнөн улуу кишилерге сиз деп кайрылат.
Мен жаакташып талашкым келбеди. Сайракан гардеробдон кызыл көйнөгүн сууруп чыгып, жарашабы дегендей боюна ченеп, сөзүн улады.
— Менимче кыз деген сүйгөн жигитин башынан катуу кармаш керек. Сүйөм деп жалына берсең, башка кыздарга көз арта баштайт. Гүкүш, бул сырды көкүрөгүңө бекем түйүп кой.
Сайракан жаныма отура калып:
— Туура айтасың Гүкүш, мен ороймун. Авазбекти капа кылып койгон окшоймун я? Ал митаам, ичиндегисин такыр билдирбейт. Ага кокус айтып койбо, мен аны жанымдай жакшы көрөм. Билесиңби, биз үч жылдан бери сүйүшүп жүрөбүз. Врач болоюн деген оюм бар эле, Авазбектин жанында жүрөйүн деп, университетке кирдим.
— Фрунзеге окууга барам десең, апаң каршы болгон жокпу? — Кокус эле сурап жибердим.
Ал мага таң калган көздөрү менен карады да:
— Жо-ок. Өз апаң да каршы чыкмак беле? Кайра окууга өтүп алса экен деп тилешет. Апам окууга узатып жатып: — «Эми балам, окууга өтсөң, билип турам, күйөөгө да ошол жактан кетесиң. Кудайым багыңды ачсын» — деп ыйлайт. «Ой апа, кам санабай жүрө бериңиз, окуумду бүтүп үйгө эле келем, анан күйөөгө чыгам» — десем, такыр ишенбейт. «Бардык эле мен билген кыздар ошол жактан күйөөгө чыгып кетип жатат, багың ачылсын, кызым».
Мен үтүрөйүп карап калсам керек. Баягы Уулбү таежемдин жер муштап ыйлаганы да ырас окшойт:
— Сен дагы ушул жерде өзүң эле күйөөгө чыгып аласыңбы?



— Учуру келгенде чыгып алам. Ата-энеме күйөө тапкыла деп бармак белем?
Биз эбиреп сүйлөшүп, Авазбекти унутуп салыппыз. Ал азыр коридордо качан чыгат деп саргайып күтүп тургандыр.
— Кийинбейсиңби, Авазбек күтүп калды.
— Күтсүн, жигит күтүш үчүн жаралган. Дагы күтөт. — Каштарын жогору серпип коюп,— Гүкүшжан, айтсаң, сүйгөн жигитиң барбы? Тартынба!
Мен эмне дешим керек. Бардыгы бар да. Эмне жашырам.
— Эгер жок болсо, Авазбектин бир жолдошу бар, тааныштырып коёюнбу?
— Кой, таанышпайм — деп, чочуп кетипмин. — Бар.
— Окуйбу?
— Айыл чарбага өттү.
— Силер да биздей бактылуу турбайсыңарбы?
Мен кызарып унчукпадым.
— Азыр эмне үчүн келбейт.
— Келди, мен барбай койдум.
— Таарындыңбы?
— Жок, жөн эле баргым келбеди.
— Биз менен да барбайсыңбы?
— Ооба.
— Эмне үчүн? Бизге да таарындыңбы?
— Жок. Ал жүр дегенде барбай, силер менен кетсем, ал урушат. — «Урушат» — деген сөз кокус оозумдан чыгып кетти.
— Урушат дейсиңби?
— Жо-ок, урушпайт, капа болот.
— Кыскасы барбайм дечи. Сайракан жасанып чыгып кетти.
Мен жалгыз калдым. Күн батып, каш карайып калган экен...
Адам кубанганда кадимкидей ыйлайт дешсе, такыр ишенчү эмесмин. Ый — кайгыдан, күйүттөн чыгат, а күлкү, каткырык көңүл чактыктан, кубанычтан — деп ойлочумун. Жок, мен жаңылып жүрүпмүн. Көрсө...
Бүгүн саат тогуздан мурда эле университетке кирем деп жүргөндөр приказдар илинчү жерге быкылдап толуп кетти. Бардыгынын эле өңдөрү саман. Ар ким өзү менен убара.
Сайракан экөөбүз эч кимге кошулбай четте турабыз. Биз менен экзаменди кошо тапшырган, бети жымсал, мур-

ду кетирекей кызыл беттүү кыз жанындагы үч кызга эбиреп-жебиреп бир нерселерди айтат.

Түндүктүн кыздарын албайт имиш. Чоң кызматта иштеген таекем айтты. — Мени уксун дегендей, заңкылдап бийик сүйлөйт.

— Эмне үчүн? — деп, берки кыздар сестее түштү.

— Биздин ордубузга түштүктүн кыздарын алат имиш? Алар ооз ачалбай калса да бардык окуу жайларына кабыл алынсын,— деген жогору жактан буйрук берилиптир.

Бул кыз биринчи жолу минтип жалган-жашыктарды айтып, ушак жүргүзүп жаткан жери жок. Ал экөөбүз тарыхтан экзаменди бирге тапшыргандбыз. Кирүүгө нооват меники эле. Ушул кыз алдыма кыстырылып мен кирем дей баштады.

— Сен эки алсаң да өтөсүң. Мынабу делдейген көйнөгүң каяктан келгениңди айтып турбайбы? Биз шордуу төрт алсак да күмөн, деп жанды күйгүзгөн. Айтышып отурбай, өзүмдөн мурда өткөрүп, артынан кирдим. Чакылдап сүйлөп, кыйынсынганы менен эч нерсе билбейт экен. «Биринчи орус революциясы эченчи жылы болгон» — деп мугалим сураса, оозу-мурду кыйшайбай шакылдап:... «1917-жылы улуу Ленин атабыздын башчылыгы астында болуп, жүзү кара Николайды тактан кулаткан. Эмгекчилер эркиндикке чыккан» — деп баратат. Мугалим араң токтотту. Быякта табалап карап отурдум. «Петр биринчи эченчи жылы туулган» — деп сураса: «Пётрби? Туулган жылын билбейм. Киносун көргөмүн. Абдан эр жүрөк киши экен?» — дейт, бети кызарып койбой: «Агай үч эле койсоңуз болот. Мен эки жылдан бери фабрикада иштедим. Өндүрүштүк практикам бар. Мынакей жакшы иштеди деген мүнөздөмөм» — деп сумкасын аңтара баштаганда, мугалим баа койду.

Мен жооп берип чыксам, кетпей күтүп туруптур.

— Жолдош, эмне алдың?

— Төрт.

— Мына айтпадым беле, билбесе да буга жакшы баа коёт,— деп жанында турган бейтааныш эле балдарга арыздана кетти.

Мен да арыма келе түштүм:

— Петрдин качан туулганын билбейсиң, биринчи орус революциясы эченчи жылы болгонун билбейсиң, анан дагы мактанасың? Уялбайсыңбы? — дегенмин.

— Энекебай, каратып туруп калп айтканын карасаңар. Айтпадымбы, мугалим өзү баш ийкеп отурбадыбы?

Сага даба жок экен деп, айтышпай кетип калганмын.



Бул мурду кетирекей кыз ошондон бери мага өч. Азыр дагы менин жиниме тийиш үчүн атайы өңгөчүн созуп, жалган-жашыктарды апыртып жатат.

Сайракан тыкылдап алардын жанына басып барып, «Кетирекей мурунга» кайрылды.

— Кечиресиз жолдош, жашыруун болбосо, чоң кызматта иштеген таекеңиздин фамилиясы ким? — Кетирекей мурун мисирее карады:

— Сиздин ишиңиз эмне?

— Билгим келет.

— Жок, айта албайт экенбиз.

— Айта албасаңыз мындай ушактарды таратпаңыз. Дагы уялбай комсомолдун значогун тагынып алыпсыз.

— Энекебай, муну карасаңар? Сен эмне милиционер белең?

Аңгыча топтолуп тургандар дуулдап, приказдар илинчү доскаларга карап жабалактап калышты. Кимдир бирөөлөр мени түртүп өттү. Сайраканды да жоготуп койдум. Элдин баары эле моюндарын созуп, алдыга жүткүнүшөт. Мен да өмгөктөп жатып, эл сээлдегенде биздин тизме илинген доскага жакындадым. Алактап тизмени карайм, түгөнгүр, менин фамилиям көрүнбөйт. Өтпөй калган экенмин, мууңдарым калтырайт. Жок. Калп! Тигине менин фамилиям. Өтүпмүн! Башка фамилия болуп жүрбөсүн деп, ишенбей карайм. Калмурзаева Гүлайым деп, кашкайып жазылып турбайбы?

Кубанганда, кадимкидей көз жаш чыгарын ошондо билдим.

— Гүкүш! — деп эле бирөө мойнума асылып калды. Сайракан. Менин кирпигимдеги көз жашымды байкай коюп, кашы серпилип, заматта суз боло түштү.

— Сайракан, өтүпмүн! — деп айткыча шаштым.

— Эмне ыйлайсың? Эсимди да чыгардың.

— Өзүм да билбей калыпмын.

Экөөбүз көпкө ажырап, сагынышкан достордой кучакташып:

— Гүкүш, мына эми бирге окуйбуз.

— Ооба, Сайракан! — дедим ичим бөксөргөндөй.

Тегеректегилер бизге таң калгандай карап турушуптур.

## XVIII

Төрт кыз бир бөлмөдө жашай турган болдук: Сайракан, мен, Валя жана баягы жинимдей жаман көргөн «кетирекей мурун». Анын аты Айгүл экен. Ошону менен бир

жашап калганыма капамын. Сүйлөгөнү да, кыңылдап ырдаганы, жорук-жосуну да жакпайт. Экөөбүз акыры чачташа кетебизби деп корком.

Эң жакшысы Сайракан экөөбүздүн бир жашап калганыбыз. Керебетибизди да жанаша койдук. Күн өткөн сайын экөөбүз бир туугандай болуп баратабыз. Айгүлдүн ичи күйөт. Кечээ кино көрүп келели деп чакырды эле, ал барбай койду.

Азыр Сайракан тамак даярдап, кухняда жүрөт. Мен бөлмөбүздүн балконунда ары-бери баскандарга көз жиберип отурам.

Заңкайган университеттин үч кабат имараты көзүмө ушунчалык жылуу учурайт. Былтырлары университеттин имаратынын газетага чыккан сүрөтүн көрүп: «Кандай бактылуу жаштар, ушул имараттын койнунда окушат болду экен? Ошолордун да арманы бар бекен?» — деп ойлочумун. Университеттин студенттери сабак окуп жатышат — деп сүрөттөрү газетага чыгып калса да, кандай немелер болду экен деп баса калып карачумун. Өзүм дагы күтүлбөгөн жерден университетке өтүп отурам. Моюнга алыш керек, мындай болот деп эч ойлогон эмесмин.

Бүрсүгүнү биринчи сентябрь! Ошол күнү эртелеп туруп, таза жуунуп-таранып, жаркылдап кийинип, Сайракан экөөбүз өзүбүз теңдүү жаштардын арасында университеттин босогосун аттайбыз. Сабак башталат. Илимге сугарылган агайлар лекция окуй баштайт. А биз анын оозунан чыккан ар бир пайдалуу сөздөрдү кулагыбыздын сыртынан кетирбей, илип калууга талпынабыз. Кечээ кухняда жогорку курстун студенткасы бир кызга университет — бул мектеп эмес. Доцент, кандидат, профессор агайлар эшиктен кирет да, баш ийип саламдашып, лекциясын баштайт. Колун шилтеп коюп тынбай окуй берет, окуй берет. Коңгуроо угулганда, чоң папкасын колтуктап чыгып кетет. Сенин үлгүрбөй жатканың менен иши жок. Жалпы тартип ушундай дегенин угуп коркуп калдым. Ошол эжеке чын айтса, окуш да оңой эмес бейм.

Кыйынчылыгына да кайылмын. Миңдеген студенттердин биримин да. Тырышсам, мен үлгүрөм. Ак кагаздын бетин тирмейип карап, беш жыл окуйм.

Эски адатым тутуп, кыялданып кеткен турбайымбы? Гүкүш, эсиңде болсун, бул жер университет, бул жер шаар деген болот, атаңдын тогуз пакса чоң коргону эмес.

Кечээ апамдан кат алдым.

«Жанымдан артык көргөн, алыскы шаарда окуп жаткан асыл кызыма жүрөгүмдөн кайнап чыккан ысык дубай



саламымды жиберем. Кызым окууга өттүк деген дилгиремиңди алып атаң экөөбүз куп сүйүндүк. Эми кызымжан, бизди дос-душман алдында уятка калтырбай өзүңө кыл жугузбай жакшы жүр. Көп эле кино-театрга бара бербе. Кечкурун асти көчөгө чыга көрбө кызымжан, тилимди алсаң сактыкка кордук жок, бирөөлөр чакырса эшикке чыкпа, кимсиң деп терезеден сүйлөш, башка балдар андай-мындай бузукулук сөз айтса кагып сал, уруша кет. Столовойдон оокат ичпе, чочконун гөшү аралаш болот дейт. Ачка жүрбө, ысык өтүп кетет. Пулуң камчил болсо тартынбай кат жаз кызым, өзүңдү жакшы алып жүр балам, өмүрлүк бетиңе көө сүйкөбө. Мени куда болгон деп ар кимге айта бербе, чалкан газитке чыгып калбайлы, балам оозуңа сак бол, бизден кабатыр болбо баарыбыз тынчпыз. Кайын энең балдарымды сагындым качан көрөр экенмин деп ыйлап жүрөт бечара, анан кантсин. Көрүшкүчөң эсен бол балам өзүңдү жакшы алып жүр, мен десең, сагынып, сагынып Карамат».

Катты апам өз колу менен арбаңдатып жазыптыр. Ырас, апамдын каты сабатсыз жазылган, грамматикалык, орфографиялык каталары ар бир сүйлөмүндө толуп жатат. Бирок, бул сабатсыз каттын ар бир сөзүндө апамдын түн терметкен ой-санаасы, сагынычы, энелик мээрими жатпайбы?

Эне артыкча жаралган жан экен го. Билем, азыр апамдын уйкусу өзүнүкү эмес. Түн жарымында селт этип чочуп ойгонот, түшүн жакшылыкка жоруп, түйшүк тартып, кирпик какпай таң аттырат.

Биз Фрунзеге шашылып жөнөп калдык.

Бизди мындай капыс алып жөнөйт деп, апам ойлогон эмес. Беш-алты күн мурда кабар берет деп камырабай жүргөн. Бирок апам күткөндөй болбоду. Эсимде июлдун башы эле. Мен ичкери мейманканада апамдын жаңы товар көйнөгүн машинеге жүрүп жаткамын. Атам түштөн кийин өйүз тараптан чаап келип, эртеге окууга барчу кыздарды раисполкомдун орун басары өзү Фрунзеге алып жөнөйт экен, азыр мага жолдош Ташымов телефон чалды, болгула, даярдангыла деп угузду.

Жашырып эмне кылайын, мен кубандым. Окуу жабылгандан бери чоң коргондо тумчугуп отуруп, аябай ичим бышып, зериккен болчумун. Баса, мурдалары мынчалык зерикчү эмесмин, аны-муну жасап, кыялданып отура берчүмүн. Фрунзенин кабары угулгандан бери башкача абалдамын.

Тетирисинче, эртеге кызымды жибере албайм, такыр

даярдыгым жок, алар кете беришсин, кызымды артынан өзүм жеткирип барам деп апам жулкунду. Бирок апам жибербейм деп ыйлап-сыктап жатып, тиякка-биякка өзү жүгүрүп, даярдана баштады. Сүткө камыр жууруп патир токоч жапты, эт кууруду. Кечкурун түбүнөн майын агызып палоо жасап, ал эле, ал деп кыстап жатып жедирди. Чоң чемоданга керектүү кийимдеримди өзү бүктөп салды. Поездде уурулар көп деп, миң сомду кемселимдин колтугуна бекемдеп тикти. «Шаар жерде бекем бол, теңтуш кыздарың пул сураса бере бербе, мусапыр шаар, өзүңдө жок болсо, эч ким жарым тыйын кайрылышпайт» — деп кулагыма куйду. Бек болот десе ачка саргайып жүрө берип ысык өтүп кетпесин. Бир курсактан пул аяба. Жан кызым мен десең столовойдон тамак ичпе, чочконун гөшүн берип коёт имиш. Лагман, шорпо сатчу чайкана бар дейт. Ошого барып жүргүлө,— деп дагы кулагыма куйду.

Койчу десем тилимди албай, боорсок бышыра баштады. Мен жардамдашайын десем:

— Эртеге жол жүрөсүң, бүгүн уктап ал. Поюзда көз ирмебей кетиш керек,— деп төшөк салып зордуктап жаткырып койду.

Бирок, менин уйкум келбеди. Ата-энемдин үйүндө эркелеп өстүм. Он жетиге чыктым. Эртеге эси көңүлүмдөн чыккыс атамдын үйүн таштап, алыс сапарга баратам. Алды жагымда эмнелер күтүп турат? Маңдай жарылып кубандырган жакшылык ишпи, же жүрөктү жаралап, мыкчып эзген кайгыбы? Азырынча белгисиз, уйкум келбейт.

Апам дүпүлдөп үйгө кирди.

— Эртең кетип калат, сагынам,— деп кайгылуу, атамдын коңуругун уга койду да:

— Бейкапар уктап жатканын карасаң. Мусурманым ойлонуп койсочу,— деп атамдын үстүндөгү төшөгүн жула тартып:

— Кылгылыкты кылып коюп, чиренип уктайсыз да, туруң.

Атам кенеп койбой, уйкусурап сүйлөйт:

— Адамды тынч уктатасыңбы, ой.

— Уктатпайм. Акыры түшүнөсүзбү, эртеге Гүкүш кетип калат. Жүрөгүңүз таш адамсызбы? — Апам чала-бучук ыйлап жиберди.

— Уктабай эмне кылайын. Же таң аткыча Гүкүш окууга кетет деп ырдап жүрөйүнбү? Ой, тооба,— деп атам нааразы болгондой ары жагына оодарылып жатты.



Өчөшкөндөй, апам төшөктүн жанына отуруп алды.

— Дагы ой,— деп коёт. Сиз элчилеп түзүк ата болсоңуз, Гүкүш окууга барбайт эле.

Атам табасы кангандай сүйлөнөт:

— Муну кара. Кызымды окууга жиберем деп Ташымовдун «Виллисин» минип, көчө чаңытып жүрсөң, мен эмне кылам?

Атам жоош болгону менен, өтө митаам. Айыптын баарын апама оодара салды. Апам да айыптуу кишидей тили байланып калды. Заматта атамдын кулактын кужуруна тийген коңуругу угула баштады. Атамдай бейкам киши бар болду бекен?

Апам менин башыма келип отурду, чачыман сылады:

— Уктап атат. Эртеге кетип каласың, мен сагынам. — Апамдын бир тоголок көз жашы бетиме тамганда, кучагымды жайып, мойнуна асыла түштүм.

— Апажан! Ыйлабачы!

— Кетип калсаң ыйлайм да.

— Мен үзбөй кат жазып турам, күн сайын апажан, эч нерсени жашырбайм.

— Өзүң тун балам элең, аябай сүйөнүп калыпмын. Кетериңди угуп эңшерилип атам.

Апажан! Мен сиздин азап чеккениңизди сезбей жатам дейсизби? Баятан бери атамчылап уктап атат дейсизби? Баарын угуп, баарын тыңшап жатам.

Апам чечинбей жаныма жатып, мойнумдан бек кучактайт.

— Гүкүш, өзүңдүн да, биздин да бетибизге көө сүйкөбө.

— Апажан! Такыр камсанабаңыз, айтканыңыздай болом — деп ичимде убада берем.

— Гүкүш, бирөөлөр кыйшандап тийишсе, беттен алып, уруша кет, өзүңө жакындатпа.

— Болуптур апа, ошентем, жаныма жолотпойм, ишенип коюңуз,— дейм, ичимде убада берем.

— Гүкүш, кечинде кино-синого делдектеп барба.

— Барбайм апа.

Таң агарып аткыча апам экөөбүз кирпик ирмебей сырлашып жаттык. Апам акыл-насаат айтты, мен тыңшадым.

Эртеси күн чыкпай, биздин үйгө Калча аяш энем түйүнчөк көтөрүп келди. Бышырылган эт, боорсок жана үч жүз сом экен. Айымкан эже эл көзүнөн чочулап, сиңдисинен берип жибериптир. Аманбай бир аптадан кийин барат дептир.

Күн көтөрүлүп калганда, үйүбүздүн үстүнө кыздар

толгон машина токтоду. Шарапатканды, Туратбекти бек жыттап, көзгө жылуу атамдын үйүн таштап, машинага отурдум. Узатып келебиз деп, атам да, апам да кошо жөнөдү. Бизди баштап бара турган райисполкомдун орун басары орто бойлуу, ичкиликче чалып сүйлөгөн, чырайлуу кара тору Адалат деген келин экен. Апам бир паста сураша кетип, анын ичкиликтик тейит уруусунан экенин билгенде, ага жармашып: «Көзүң жылуу учурады эле, көрсө сиңдим турбайсыңбы? Мен ичкилик кызы болом. Каттамып жүрөлү. Мынабу сиңдиң окуйм деп жулунуп баратат. Айланайын жакшылап көз сал»,— деп жол ката эскертип барды.

Кара-Суу станциясында поездди бир жарым саатча күтүп калдык. Апам кайраттуу жан эле, мындай эңшерилип ыйлаганын көргөн эмесмин. Мени карайт да, токтоло албай жаш баладай ыйлайт.

— Менин ыраматылык кайын энем жалгыз уулун согушка узатып жатып, көзүнө жаш албай койду. Баламдан истала кылып, көзүмдү түкүрүктөп алдым,— деп айтып калчу.— Сиз кызыңызды мынабу бир карыш жерге окууга жиберип айтпайсызбы? Кааласаңыз, бир саатта самолётто барасыз,— деп Адалат эже алаксытса да, апамдын көз жашы тыйылбады.

— Жалгыз уулу урушка барганда ыйлабаса, ол кемпир өзү өлгөндө ыйлайбы? — дейт апам менден көзүн албай ансайын жашып.

— Жөнү жок ыйлабачы,— деп атам корс этти.

— Ыйлайм, ишиңиз эмне,— деп атама атырылат.

Аңгыча, паровоздун кулакты тундурган добушу угулду. Биз түшчү Фрунзе — Жалал-Абад поезди жетип келди. Түбөлүккө ажырашчудай апам экөөбүз кучакташып, кучакташып ажыраштык. Атам маңдайымдан өөп койду. Опурап-топурап поездге түштүк. Терезеден карасам атам көкүрөгүн жакжайтып апама бирдемелерди айтып жатат. Апам тыңшап койбой ыйлап жатат. Мени терезеден көрө коюп кол булгайт. Өзүмдү бекем кармап турган мен да ыйлап жибердим. Аңгыча айкырып поезд жөнөдү. Терезеге бек жабышып кол булгалайм. Карасам апам да жүткүнүп жүгүрүп, башындагы жоолугу түшүп калды, ага караган да жок, поездге жетпей акыйып карап кала берди. Аттиңай, зуулдап жүрүп бараткан поезд токтобойт турбайбы? Эмесе, мен секирип түшүп, апамдын мойнуна асылар элем.

Билем, апам үйгө жеткиче атамдын кулак-мээсин койбой урушуп барды. Билем, апам үйгө барып, менин буюм-



дарымды көрүп жашыды. «Гүкүшүмдүн тиккен көйнөгү» — деп да кармалап отурду. Билем, апам ошол түнү улам түшүнөн чочуп ойгонуп, бейкапар уктап аткан атамды түрткүлөп, безилдеп сүйлөдү.

— Сага эмне болду. Айтчы, ким ыйлатты? Карай салсам, мурдунун үстү тердеп, Сайракан жанымда үрпөйүп туруптур.

— Апамды сагындым.

— Ой, баракелде десе! Азыртадан сагындым деп ыйлап жүрсөң, беш жыл кантип окуйсуң.— Жаныма кынала отуруп.— Көз жашыңды аарчы. Айгүл көрсө табалайт. Менин да карыган апам бар. Сагындым. Кантебиз, сагынсак да окуйбуз да.

Туура айтасың дегендей көз жашымды сүртүндүм. Экөөбүз тең улутунуп, кылгырып батып бараткан күндү карап калдык. Бирок, анын сулуулугуна суктанбадык. Экөөбүздүн тең учкул ойлорубуз бизди өстүргөн ардактуу апаларыбызга карай сабалап учуп бараткансыды...

## XIX

Күнүгө сегиз сааттан окуйбуз, баш көтөрбөй мугалимдердин лекциясын тынбай жазып жатабыз, качан буларды кайталап чыгабыз, башым маң. Орто мектепте да сабак оор деп наалып жүргөнүбүзгө күлкүм келет. Кайран орто мектеп.

Анан, таң калаарлык агайлар бар экен.

Фольклордон лекция окуган агай биринчи күнү: «Эскертем, силерди университеттин студенти дейт. Жыл сайын илимий эмгек жазасыңар. Азыртан өзүңөрчө илимий ойлоого көнгүлө. Менин оозумдан чыккандын баарын көчүрүп жазып, жатка билишиңер да жакшы натыйжага алып келбейт. Анткени, менин жаңылышым ыктымал. Илгертен бери устат жаңылбаган болсо, анда илим өнүкпөс эле»,— деп жалпыбызга жарыя эскертти. Эки сөздүн башын жакшылап кураштырбай жүрүп, кандидат агайдын кемчилигин биз кайдан билели. Анан ушул агай мукамына келтирип лекция окуйт экен, бир сөзүн калтырбай көчүрүп жазып жатабыз. Окумуштуу деп, ушул агайды айтыш керек.

Бүгүн бир терсаяк баланы тарыхчы агай лекциядан кубалап чыкты. Менин табам кана түштү, анткени танапис учурунда жаныма келип кыйшаңдап, каяктан келгенимди сурайт, жаныңызга отурайынбы дейт. Уруша кеткемин. Ошол неме арт жакка отуруп, лекция жазбай, китеп

окуп жатканын агай көрүп, бир эскертти, укпады, эки эскертти, кулак салбады, үчүнчүсүндө уялып койбой: «Агай, сиздин лекцияңыздын баары кулагыма куюлуп жатат, ишенсеңиз айтып берейинби»,— деди эле агай ачууланып, аудиториядан кууп чыкты.

Куп табам канды да.

Курагы отуздан ашып, төбө чачы түшүп калган бир киши арданбай окуп жүрөт. «Беш балам бар, эң чоңу сегизинчиде окуйт» — деп мактанып коёт. Карыганда окуп эмне кылат. Беш жыл лекция жазып, калган эрбейген чачтары түшүп, такырбаш болуп үйүнө барат. Бала-чакасын багып, үйүндө жатпайбы?

Ошентип, баш көтөрбөй бир апта өттү. Эртең дем алыш.

Ишемби күнү жатаканада кыздар калбайт экен. Баары эле жасанып, редикулдарын булаңдатып, кино көрө бүз, шаарды кыдырып келебиз деп кетип жатышат. Элди көрүп, Айгүл да кошо дарбып: «Бекер отургандан көрө шаарга чыгып жигит издеп келем, анан бирге жүрбөйсүңөрбү бир басалы. Билип жүрөм, силердин жигитиңер бар эмеспи. Күтөсүңөр го. Жакшы отургула»,— деп бая эле жалгыз кеткен. Коркпойт.

Убакыт зымырап өтүп бարатат, бирок экөө тең убадалашып келишпейт, каалга чертилбейт. Бүгүн жигиттерибизди бири-бири менен тааныштыралы деген болчубуз. Өчөшкөндөй келишпейт.

Сайракан күйүп-бышып, балконго чыгып жол карайт, көрүнүшпөйт, тыбырчылап бөлмөнүн ичинде ары-бери басат.

— Биз жинди экенбиз. Азыртадан буга окшогон бюрократ жигиттерди тартипке чакырбасак болбойт. Гүкүш, качанга жол карап, саргайып күтүп турабыз. Жүр, өзүбүз эле шаарды кыдырып келебиз.

— Койчу.

— Бара беребиз.

— Мен корком.

— Эмнеден коркосуң? Шаарда бөрү жок.

— Бирөөлөр алып качып кетсечи.

— Гүкүш, сенин жүрөгүңдү ким чыгарган? Көчөдө бара жаткан кыздарды ким ала качмак эле.

Кулагыбызды түрүп тыңшап калдык. Коридордо кимдир бирөө топулдатып басып келатат.

— Бул эркектин басканы. Келатат.

Экөөбүз эч нерсени билмексен болуп, колго тийген китепти кармап окуп калдык. Топулдаган добуш биздин



каалганын тушуна келди. Же Аманбай, же Авазбек. Азыр каалга чертилет. Биз унчукпай коёлу... Бирок, эч ким биздин каалганы чертпеди, жаңкы топулдак коридордун аягына кетип жок болду. Биз өзүбүзчө осолдоп, китептерибиз колубуздан түшүп, мостоюп отуруп калдык.

Күтүп, күтүп анан намызданып кийине баштадык. Мен Аманбайлар берген помбаркут көйнөгүмдү кийип жатсам, Сайракан жактырбайт: — Гүкүш, капа болбо. Өзүңдүн белиң бир тутам, сулуу кызсың, анан айылдык модада бели кең көйнөктү киесиңби? Сымбатыңды бузуп жатат.

Ардана түштүм. Өзүнүн кымбат баа көйнөгү жок, дагы мага сынтагат. Мен анын жеңи жок, көкүрөгү ачык шапалактай көйнөгүн жалынса да кийбес элем.

— Ушул көйнөгүмдү эле кием,— деп болбой койдум. Баса, Сайракандын тилинен чыкпагандай мен анын сиңдиси белем? Ал башын чайкап кытмыр карап койду да:

— Зордобойм,— деди.

Биз жасанып көчөгө чыктык. Сайракан колтуктап алды.

— Койчу, жөн эле басалы да.

— Жапайыдай секирбечи. Бул жерди шаар дейт.

— Кытыгым келип атат.

— Көнүп кетесиң. Тиги кемпир-чалды карасаң.

Аппак сакалы көкүрөгүнө түшкөн, таяк таянган чал кемпирин колтуктап баратат.

— Булар үйүндө эле отурбайбы — дедим жактырбай.

— Бийлеп келишет.

— Кайсы абалына ушулар бийлешсин.

Автобус күтүп туруп кылдык. Асманда каалгып турган айды көрүп кубанып кеттим.

— Айды карасаң,— дедим колумду сунуп.

Айдын он төртү экен. Шаардыктар бизчилеп, ай карашпайт окшойт, айлуу түндүн баркын, сулуулугун билишпайт окшойт.

Автобуска отурдук. Бет маңдайыбызда тике турган мурутчан жигит бизден көзүн айырбай койду. Бир аялдама өттү, эки аялдама өттү, дагы эле жалдырап карайт. Сайракан деп акырын кулагына шыбырадым. «Сени сүйүп калган неме го»,— деп жинине тийдим.

Автобустан түшүп, «Ала-Тоого» бардык. Эл ушунчалык көп, чалынып жыгылгыдайсың. Ушундай жерлерде үч-төрт катар тизилип, колтукташып алышат. Кызык нерселер бар экен. Эки кыз этеги бир карыш көйнөк кийиптир, тушап койгон аттай, араң аяк шилтешет. Шаарда кабанак иттер жок окшойт. Булар адашып, айылга барып кал-

са, иттер кубалап, эч жакка кача албай, абийири кетишмек.

Эл көп экен, киного кире албадык. Бирден мороженое жеп, фонтандын жанына келип отурдук. Жаштардын тунук күлкүлөрү угулат. Кичине эле тийип кетсе ийилип кечирим сурашат.

Панфилов паркына жөнөдүк. Кең көчөгө лыкылдап батпаган элден башым айланат. Ушулардын бардыгына нанды кантип үлгүрүп бышырат. Паркка кирсек, бир жерде эл бийлеп жатыптыр.

— Бийлеген кандай жакшы,— деп Сайракан көзү өтүп баратат.

— Бий билесиңби? — кокус сурап алдым да, ичимен бушайман жеп калдым. Сурашымдын өзү күлкү келтирерлик. Ал Пржевальск шаарында өсүптүр, орус классында окуптур, көлдө так ак чабактай сүзөм дейт.

— Билбегендечи. Жетинчиде үйрөнгөм. Сен билбейсиңби?

— Билбейм.

— Мектебиңерде бий кружогу жок беле?

— Бар болчу, катышкан эмесмин,— деп калп айттым.

Кайра келатканда жөө кайттык. Шаарды кыдырып көңүлү ээликтиби, Сайракан жолду ката Ысык-Көлдү мактады.

— Гүкүш, сөзсүз Ысык-Көлгө алып барам. Ошондо калп айтпаганыма ишенесиң. Жээгинде карап эле тургуң келет. Айрыкча азыркыдай айлуу түндө эки-үчтөн болуп алып кайыкка отуруп, эс алсаң ага не жетсин! Ысык-Көлдүн эки түрдүү кыялы бар. Бирде күрпүлдөп, ак көбүгү асманга сапырылып турат. Кебетеси каардуу. Бирде тыптынч, көшүлүп, чайпалып турат. Анча мынча жалкоо толкун жээкке чалп этип тийип, артка чегинип турат.

Сүйлөшүп отуруп университетке келип калыппыз. Жатакананын алдында үңкүйүп Аманбай өзү жалгыз скамейкада бутун учкаштырып отуруптур.

— Саламатсызбы,— дедим озунуп.

Ал ордунан козголбоду, жанымда турган Сайраканды бир кыйгач карап коюп:

— Жети түндө кайда жүрөсүң,— деди кекеткен үн менен. Сөз табалбай экөөн алма-телме карап калдым.

— Сиз ким болосуз,— деди Сайракан тартынбай.

— Аманбаймын.

— Анда, мен Сайраканмын. Аябай, бүгүн жол караттыңыз го. Күтүп-күтүп, айлабыз түгөнгөндө, башка жигиттер менен кетип калдык.



Аманбай ишенди белем, мага түнөрүп карады.

— Сайракан калп айтпачы, экөөбүз эле барбадыкпы,— дедим чый-пыйым чыгып.

— Гүкүш, жашырып эмне кылабыз. Чакырды, бардык, мороженое алып берди, жедик, узатып койду, келдик! Ушундай эмеспи? Аманбай ичи тардык кылса, кечикпей жүрсүн. Мен кеттим,— деп кирип баратып, көзүн кысып койду.

— Жалган, тамашалайт,— дедим жанына отуруп.

— Жашырба,— деди буркулдап ары карап.

Ары-бери өтүп жаткан кыздар бизди карайт. Ак жерден балээге калбадымбы? Кайдан ушул эпилдеп-жепилдеген Сайракан менен бирге баса койдум эле. Мени түртө салып, өзү шыпылдап кетип калганын көрсөң.

Ал ордунан турду, быякка жүр деп баш ийкеди. Артынан ээрчий бастым. Экөөбүз унчукпайбыз. Түн жакшы. Столбадагы жалгыз лампочка желге ыргалат. Караңгыда бири-бирине ыкташып тургандардын шыңкылдаган күлкүлөрү угулат. Төмөн бастык, жогору бастык. Акыры жүрөк ээзген жымжырттыкты Аманбай бузду.

— Айт жашырбай, ким менен бардыңар?

— Ишенесиңби, эч ким менен.

Ал токтой калып сүзгүдөй үңүлүп:

— Жанагы кыз айтпадыбы. Жаныңды жебе.

— Жаныма асылба,— дедим тайманбай.

— Асылам, менсиз сага басууга ким уруксат берди? Ээнбаштыгыңды токтот.

Башыма ысык кан толуп кеткенсиди. Мен Аманбайдын никелүү аялы белем. Кайда бассам, өз эрким. Бул мынча неге оңурандайт.

— Кайда бассам, өзүм билем.

— Билбейсиң.

— Билем.

— Көп тепеңдешпе. Аягы жаман болот,— деп сөөмөйүн кезеп сүйлөдү. Мен үн чыгарбай ыйладым. Ал табасы кангандай, эки колун шымынын чөнтөгүнө салып, ормоюп карап турду.

-Апажан, ушул абалымды билер бекенсиң?

Аудитория тыптынч. Студенттердин калем саптарынын гана кагазга тийип шырпылдаган дабышы угулат. Капкара чачына бирин-серин ак аралаша баштаган, ирени куп-куу, узун жаак бул академик агайдын лекциясы дайыма кызыктуу өтөт. Ал безенген чечен да эмес, коңур үнү менен салмактуу сүйлөйт, билинер билинбес дудаланып коёт. Бул агайдын кыргыз тили боюнча түзгөн грамматика-

ларын окуп чоңойбодукпу. Былтырлары эле кандай керемет киши болду экен деп суктанчубуз. Ошондо анын өзүнөн тарбия алабыз деп ким ойлоптур.

Ал убакыт бүттү дегендей тырмышып жазып жаткан бизге карап:

— Суроонор барбы? — деди.

— Бар, агай.

Терезе тарапта отурган кызыл бет бала ордунан тура калып:

— Агай, Сиздин оюңузча тил кызыктуубу, же адабиятпы?

Анын суроосун жактырбай күлгөндөр болду. Агай чарчаган көздөрүн кыбындатып:

— Балам, мындай суроо болбойт. Ар бир илим өзүнчө кызыктуу. Көп, изилдеген илимге бүткүл дитиң менен берилишиңде болот. Илимди сүйбөсөң, ага көңүл кош мамиле кылсаң, ал сени оңой эле чанып кетет.

Жылмандап Айгүл ордунан турду:

— Гүлайым деген кыз экөөбүз бирге турабыз. Көп учурда анын «осол», «пайдубал», «шиңгил» деген сөздөрүн түшүнбөйм. Бул кыргыздын сөздөрү эмес десем, талашып болбойт.

Түшүнүктүү дегендей агай колу менен белги берди.

— Ал кызым түштүктөн го.

— Ооба агай,— деп Айгүл дагы ордунан тура калды.

Агай эмне дээр экен деп кооптонуп турам.

— Бул өтө кызыктуу маселе,— деди агай жайбаракат.— Түштүктүн диалектисин биз адабий тилде аз колдонуп жүрөбүз. Менимче, бул диалектинин артыкчылыгы бар. Кызым, сен «шиңгил», «пайдубал» деген сөздөрдү түшүнбөдүм дейсиң. Билбешиң мүмкүн. Анткени, биз жакта мурун жүзүм эгилген эмес. Короо-жай да кийин курулган. Кызым, мындан ары чычалабай, ошол жолдошуңдун керектүү сөздөрүн үйрөнө бер.

— Агай, кыргыздын сөзү эмес да.

— Кантип кыргыздын сөзү эмес. Антип, бөлүштүрүп отурганда нан да, «ата» да, «аял» да, «кагаз» да нак кыргыздын сөзү эмес, сөз асмандан түшпөйт. Турмушка, тиричиликке зарыл сөздү жерип отурбай, сиңирип гана алуу керек.

Агай дагы бир нече сөздү айтып, Айгүлдү аябай осол кылат эле, коңгуроо безилдеп калбадыбы. Агай чыгары менен Сайракан кара күчкө эле:

— Гүкүштү академик агай мактады,— деп кыйкырды.

Абалың ушул экен го деп Айгүлгө көтөрүлө карадым.



## XX

Таанybаган жигиттер сөз айтып, шаштымды алды. Кечээ күн батарда бөлмөдө жалгыз отургамын. Сизди чакырып жатат дегенин, Аманбай келген го деп, төмөн түшсөм, ал көрүнбөйт. Бул эмнеси? Чакырган кыз калп айтканбы деп турсам, өмүрүмдө көрбөгөн бейтааныш жигит:

— Саламатсызбы? Сизди мен чакырдым эле. Убактыңызды алгандыгым үчүн кечирип коюңуз,— деп кичи пейилдүүлүк менен колун сунат.

— Сизди мен таанybайм,— деп кетенчиктеп, колумду тартып алдым.

Ал оңтойсуз абалга түшүп, галстугун оңдомуш болду да:

— Ырас, сиз мени таанybайсыз, бирок мен сизди тааныйм. Атыңыз Гүлайым, фамилияңыз Калмурзаева, өзүңүз биринчи курста окуйт эмессизби?

— Кайдан билесиз, мунун барын, сизге ким айтты? — дедим кабагымды салып. Ал, эми сөзүбүз уланып кетти дегендей, күлүп койду.

— Гүкүш, билген үчүн айтып жатам да.

— Мен сизге Гүкүш эмесмин.

— Кызык,— деп сол колу менен чачтарын сылап.— Анан эмне дейин...

Менден айып кетсе, кечирип коюңуз, Гүкүш дейт.

Чындап ачуум келе түштү:

— Айтыңызчы, эмне чакырдыңыз? — дедим.

— Бүгүн опера театрында «Чолпон» болот экен. Бүбүсара өзү бийлейт экен. Билет алып, сизди чакырып келдим эле.

— Барбайм,— деп терс бурулуп кетип калдым.

— Токтой туруңуз, айта турган сөзүм бар,— деп кала берди.

Сайракан келгиче бөлмөдө камалып отурдум. Эшикке чыксам эле жанагы чоочун жигит жолумду тосуп: «Гүкүш, жүрүңүз театрга барып келели» — деп кыстоочудай сезилет. Ар нерсе оюма келет, корко баштадым. Бул жигит менин аты-жөнүмдү кайдан билип жүрөт? Ага ким айтты экен? Менин баскан изиме чөп салган кишилер бар турбайбы? Гүкүш, этият бол, көп эле Сайраканга теңелип, эшик-эликке түнү чыга бербе... Анан, Сайраканга да ишенип болбойт. Сыртында жылмаңдап Гүкүш-мүкүш деп, ичинен эмнелерди тымпыйып ойлоп жүргөнүн билип коюпмунбу?

Ошол күнү Сайраканды ээрчитип чыгып, коридордун башындагы диванга отуруп сүйлөштүк.

— Ой, Гүкүш, жигиттерге мамиле кылышты билбейт турбайсыңбы? Бирөө театрга чакырды деп, капа болосуңбу? Кээ бир кыздарга эч ким сөз айтпай, ичтери күйүп жүрүшпөйбү.

— Сайракан, жаман көрсөң мейли, сенин ушул жеңилжелпи кыялыңды жактырбайм. Бирөө менен сүйлөшүп жүргөндөн кийин башканын эмне кереги бар,— деп катуу айтып салдым. Бирок, Сайракан кызаңдабады.

— Сен эч нерсени түшүнбөйт турбайсыңбы? Мен сөз айткан жигиттерге макул бол деп жаткан жерим жок. Аманбайың өзүңө кут болсун. Мен жигиттерге маданияттуу мамиле кыл деп жатам. Алар да адам. Мисалы сен жигитсиң, сага бир кыз аябай жагып калды, түшүңө кирет, апкаарып сөз айта албайсың. Акыры бир күнү чымырканып, ошол кызды киного чакырдың эле, ал кыз сөзгө келбей: «Мен сиз менен баргым келбейт» — деп шагыңды сындырды дейли. Элестетип көрчү, өзүң кандай абалда болор элең?

— Ар түрдүү жигиттер болот. Бирөө кагынып кетип калат. Кыялы терс немеси ызаланып, тилдеп жиберип, эл алдында уят кылат. Же арданып, сага жетпесем жигит атым өчсүн деп, артыңдан түшүп, бир күнү ала качат.

— Ала качат?

— Ооба, ала качат, аяп коймок беле. Гүкүшжан. Анда кантесиң?

Эсим чыгып, чындап эле коркуп калдым. Сайракан акылдуу, тунук көздөрү менен кадала карап:

— Кыз дегенге, айрыкча өзүңдөй сулуу кыздарга кимдердин көзү түшпөйт, кимдер ашык болбойт. Алды тарапта далай жигиттер артыңдан чуркайт. Алардын баары менен уруша берсең, адамдын жаны калабы? Андан көрө аларды капа кылбай, ичтерине чок салыш керек. Сылык гана:

— Кечиресиз агай:

> Көкүрөктө бир жүрөк,
> Көпкө кантип үлгүрөт.
> Көрүнгөнгө талпынса,
> Калбыр болор үлбүрөп.

Бир акын ушинтип жазган экен,— деп сөздүн башын кылтыйтып койсоң, ичинен тымып кете берет. Сага да ыраазы.

Бул куулук-шумдуктарды Сайракан кимден үйрөндү экен? Менден бир жаш гана улуу. Сүйлөсө, акыл айтса,



чоң энемдей. Бул ушул кыялы менен Авазбекке далайды көрсөтөт го.

Сайракан диванга чалкалап, башын колдоруна коюп, арман кылгандай сүйлөдү:

— Мага жигиттер сөз айтпайт да. Ой-бой, ар түрдүү жолго салып, азапка салар элем.

— Кантип?

— Мисалы, биринчи күнү: «Бүгүн сиз менен сөзсүз киного барат элем, өзүм да зеригип отурдум эле. Кокус ишим чыгып калбадыбы?» — дейт болчумун. Анан эртеси келгенде: «Эртеңден бери даярданып отурсам, карабайсызбы, бир жолдошум үйүнө чакырып келип калыптыр. Барбасаң экинчи бетиңди карабайм деп, бөлмөдө отурат» — деп, үчүнчү күнү: кабагымды салып: «Башым ооруп турат, бүгүн лекцияга да барганым жок»,— демекчимин. Кыз жигитти ойнотом десе, шылтоо табыла берет. Акыры жадаганда, жигит да түңүлүп барбай коёт.

— Түңүлбөй эле күн сайын келе берсечи?

— Анда, карап көрүү керек. Шагын сындырбай, киносуна барып койсо, андан эч нерсе кыйрап кетпейт. Мүмкүн ал чындап сүйгөн чыгар.

Деги Сайраканга түшүнбөйм. Кийинки күндөрү шектенип, жанына жолобой жүрөм.

Теке маңдай беттешип, анын ким экендигин өз көзүң менен көрүп турсаң да бир жөн экен. Менин уйкумду качырып, жүрөктүн зарпын алган дагы бир табышмактуу балакет башталды.

Жума күнү лекциядан кийин кабинетте сабак окуп, кеч келдим. Бөлмөдө Валя эле бар экен. Ал бир жакка даярданып жатыптыр.

— Сага бирөө телефон чалды,— дейт. Мен ишенбедим.

— Тамашалабачы.

— Комсомолдук сөзүм.

— Атын айттыбы?

— Жок.

— Эркектин үнүбү, же аялдыкыбы?

— Эркектин үнү.

Мен тынчсызданып, ойлоно баштадым. Мага ким телефон чалмак эле. Өткөн базарда атам менен сүйлөштүм. Мүмкүн, Аманбайдыр. Жатаканада кыйналып кеттим, квартира издеп жатам, ылайыктуусу табылбайт,— деп ал кечээ келип кеткен. Ким болду экен?

Караңгы киргенде, буфетке барсам, швейцарка төмөн жактан: — 45-бөлмөдөн Гүлайым деген кызды чакырып кой,— деп өзүмө кыйкырат.

— Менмин,— дедим эч нерсе оюмда жок.
— Анда телефонго кел.
Валя калп айткан эмес окшойт,— деп заматта эстей койдум. Кантип телефонго жеткенимди билбейм. Колдорум калтырап, трубканы дурустап кармай албаймын. Кимдир бирөөнүн телефондон оор дем алганы угулат. Демимди чыгарбай тыңшап турам.
— Саламатсызбы? — деген жоон үнду угам. Такыр бейтааныш үн. Калтырайм, унчукпайм.
— Саламатсызбы, угуп жатасызбы? — дейт кайталап. Ал да толкундап, колдору калтырап жаткансыйт. Акыры чыдабадым.
— Сиз кимсиз? — дедим чаңырып.
Артымдан кыздардын күлкүсү угулду.
— Сиз Гүлайымсызбы?
— Ооба.
Ал бир паска унчукпайт, апкаарып калды бейм.
— Саламатсызбы карындаш?
— Айтыңызчы, сиз ким болосуз? — дедим.
— Карындаш, менби. Мен... Баары бир билбейсиз. Мен сиз менен жолугушайын дедим эле.
Андан аркы сөзүн уккум келбеди, айтпаса да түшүнүктүү болбодубу. Трубканы тарс ордуна коюп, бозоруп туруп калдым.
— Кызым, жигитиңди телефондон ыза кылба,— деп тётя Феня капа болгондой сүйлөдү. Анын сөзүнө да көңүл бурбадым. Бул ким болду экен? Бирөө кармап калчудай бөлмөмө шашып жөнөдүм. Экинчи этажга чыкканымда тётя Феня дагы кыйкырды:
— Ай кыз, дагы чакырып жатат.
Энемдей аялдын тилин албай кетип калышка болбоду, мойнумдан байлагандай аргасыз барып «коркунучтуу» трубканы алдым. Жанагы дарылдаган үн. Азыр апкаарыбай, чыйрак сүйлөдү.
— Гүкүш, убара кылгандыгым үчүн кечирим сурайм. Менин жаман оюм жок, жакшы тилегим бар. Капа болбоңуз. Кошуңуз,— деп бат-бат сүйлөп трубканы койду.
Сабырым суз, бөлмөмө кайтып келдим. Башым маң. Мүмкүн, Аманбай үнүн өзгөртүп, кантер экен деп, сынап телефон чалып жаткандыр. Же баягында театрга чакырып келген кара костюм жигит болду бекен?
Бул жолу да ичиме батыра албай, Сайраканга айттым.
— Жигиттердин башын айланттың го. Сурдуулугуң ай, сулуусуң да,— деп суктанып карайт.
— Сулуу болбой жерге кирейин,— деп капаланып керебетиме жата кеттим. Ал жаныма отуруп чачымды сылады.
— Баса ким болду экен? Билиш керек эле.
— Билгим келбейт.
— Менин билгим келет. Дагы телефонго чакырса, мага айт, мен сүйлөшүп, чакырган жерине барайын, макулбу?
Мен макул болдум.
Бирок, андан кийин эч ким телефон да чалбады, чакырган да жок. Мен окуу залында отурсам да, көчөдө жүрсөм да, базарга барсам да, кимдир бирөө артымдан калбай карамалап ээрчип жүргөнсүйт. Баса, бул ким болду экен?
Күңүр күз келип, дарактар газандай баштады. Билинер-билинбес жел жүрсө, сабактарында өлүмсаки ыргалган сары жалбырактар калкып учуп түшөт. Кышты унутпагыла дегендей эскертеби, асманда сансыз кара каргалар каркылдап, айланып учушат. Кээде, шаардын үстүнөн кечиккен турналар аптабы мээ кайнаткан түштүккө учуп өтүшөт. Эртели-кеч жалаң кийимчен жүрө албай калдык. Бул жакта кыш эрте түшөт бейм.
Бүгүн дем алыш. Керели кечке үйдө отурдум. Аманбай да келбеди. Күн батарда жатаканабыздын алдына эки жигит келди да, бирөөсү скамейкага отура калып, озондотуп баян тарта баштады. Алгач кыздар терезеден баш багып, жүрөгү жараланган шордуулар, силер кимдин көңүлүн козгомок элеңер дешкендей, текебердүү карашып, көңүл бурган эмес. Бирок, тиги жигит башын бир жак мүрүсүнө кыйшайтып ,баянын сыбызгытып, озондотконун койбоду. Күн да батты. Баяндын боздогон үнү басылбады. Бир карасам, беш алты жаштар көңүлдүү бийлеп атышыптыр. Баяндын жүрөккө жагымдуу дабышы далай бийге ышкыбоз кыздар менен жигиттерди ээликтирди бейм, улам эл көбөйө берди.
— Бийлеш керек,— деп Айгүл да кур калгансып шашып жөнөдү. Эшик карс ачылып, Сайракан энтелеп жүгүрүп кирди. Ал шашып-бушуп, жакында магазинден кезекте туруп алган көк штапель — жүн көйнөгүн кийине калып:
— Жүр, бийлейбиз,— деп жеңимден тартты.
—Билбейм десе.
— Кештеси бар дейсиңби, үйрөнөсүң. — Билбесең да четинде карап тур,— деп Сайракан мени сүйрөп чыкты.
Бийлегендердин арасында кимдер гана жок! Жогорку курстун студенттери, биз теңдүү жапжаш кыздар менен

эзилип сүйлөшүп, бийлеп жүрүшөт. Тиги киши бир колу менен Айгүлдүн белинен кучактап алыптыр. Чимирилип айланышканда, биринин денеси бирине тийип жатат. «Мурутчан» бирдемелерди анын кулагына тынбай шыбырайт, Айгүл ыраазы болгондой, макул болгондой, ырсайып, күлүп, баш ийкейт, көздөрүн сүзөт. Карап тургандардан да тартынбайт.

Мынабу кара көз айнек тагынган кызды карасаң! Үстүндөгү көйнөгү ушунчалык үлбүрөп жука, кара комбинациясы көрүнүп турат. Анысы аз келгенсип, эл көрсүн деп, аппак көкүрөгүн ачып коюптур. Көкүрөгүндө капкара калы бар экен! Ботом, бети чымырап койбойт. Бийлеп жүргөн жигитин теңсинбегендей, башкаларга көз артат, тааныштарына жарк этип күлүп кол булгайт, баш ийкейт. Апам ушуларды өз көзү менен көрсө кантер эле?

Сайракан кимдир бирөөгө ызырынгандай тынчсызданып, улам айлананы элеңдеп карайт. Авазбек көрүнбөйт. Аркы жактан боз костюмчан жигит чоң-чоң арымдап басып келип, сылык жүгүнүп:

— Карындаш, уруксат этиңиз,— деп Сайраканга кайрылды. Мен таң калгандай Сайраканды карап калдым. Ал мага билинер-билинбес жылмайды да, күткөнүм-самаганым ушул эле дегендей, тиги жигиттин кучагына чап жабышты да, бийлегендерге аралашып кетти.

Ушул Сайракан соо эмес? Бул эмнеси? Бийлебей койкүнөн, же баркынан ажырайбы? Азыр Авазбек келип калса, эмне деп жооп берет.

— Жүрүңүз карындаш, бийлейли,— деп кимдир бирөө менин колумду кармаганда, денем дүркүрөп, чочуп кеттим.

— Коюңуз,— деп ачууланып карасам, Авазбек экен!

Эмне дээримди билбей кызарып-татарып, жер карадым. Эси дартым: «Сайракандын шашмалыгы, бир пас сабыр кыла турса, келмек экен. Эми кантет?» Сайракан Авазбекти көрсө жүгүрүп келет го деп ойлогом. Ал бизге күлүмсүрөп кол булгап, алиги жигит менен кенеп койбой бийлеп жүрөт. Авазбек да ачууланбады.

— Жүр бийлейбиз,— деп мени чакырды эле.

— Билбейм,— дедим сырымды жашырбай.

— Үйрөнүш керек. Биздин учурда бий билбеген адам көп нерседен кур калат.

Унчукпадым. Авазбек бий жөнүндө көп нерселерди айтты. Менин жер карап унчукпаган мамилемден жададыбы, билбейм, турду, турду анан аркы четте үмүттөнүп карап турган эки кыздын бирөөсүн бийге чакырды. Ал кыз да каршылык көрсөтпөдү.



Бий токтоду. Алиги жигит Сайраканды жеңил колтуктап, мен турган жерге жеткирип:

— Сиз менен бийлегениме ыраазымын,— деп ыракмат айтып ары басты. Сайракан да көңүлү ачылгандай жайдары тиктейт.

— Жепжеңил алып жүрөт экен, жыргап гана бийледим.

— Авазбекти көрдүңбү?

— Көрдүм.

Авазбек келди.

— Сиз менен ушул жолу бийлөөгө болор бекен? — деп Сайраканга кайрылды. Ал өзгөчө кейигендей:

— Өзүңүздүн жүрүш-турушуңузга карайбыз.

Дагы бий башталды. Алар үнсүз-сөзсүз эле бийлеп жөнөштү.

Ары четтеги кара чач, орто бойлуу жигит менден көзүн албай карап туруптур. Бир секундага көздөрүбүз чагылыша түштү. Ошол замат башка жакты карадым. Бул ким болду экен? Эмне мынча менде акысы барсынып жалдырап карайт. Ал жакты карабайм, бирок, көзүмдүн бир кыйыгы ошондо. Ал жалгыз турат. Эч ким менен да сүйлөшпөйт. Бул жигитти мен кайдан көрдүм эле... Өңү тааныштай. Такыр эстей албай койдум. Бир карасам, ал менин жаныма келип калыптыр. Ал колумдан бекем кармап калчудай, шарт бурулуп, бөлмөмдү карай жүгүрүп жөнөдүм. Артыма кайрылып караган да жокмун... Кимдир бирөө кастрюлда аш алып баратса керек, кокус колунан түшүрүп жибере жаздадым. Бөлмөмө кирдим да, ичинен бекитип, терезеге отурдум. Бул жигитти кайдан көрдүм эле?

Аны тигилердин арасынан кыдырата издей карап, таппай койдум. Сайракан менен Авазбек көңүлдөрү шат бийлеп жүрүшөт, алардан көзүмдү албайм. Сайракан бийлеп жатып да, бирдемелерди ага эбиреп-жебиреп айтууда. Авазбек ынтаасын коюп тыңшап, кээде гана жооп берип коёт. Кээде алар жаштыктын жалынына берилишкендей, чимирилип айланышат, буттары жерге тийбегенсийт, заматта көңүлдөрү тынчыгандай, каалаган ойлоруна жеткендей жай айланышат, бир орундарынан жылышпай, бири-бирин азыр гана көрүшкөндөй жалооруп карашат. Ашык жарлар ушундай болушса, көкүрөктө эмне арман калсын? Бүгүн дем алыш күнү. Баян озондоп, жүрөктүн муңун козгойт. Көңүлдөрү чак, жарашыктуу кийинишкен жаштар тынымсыз бийлешет. А мен чачымды сылап, терезеде жалгыз отурам.

Аманбай бүгүн да келбеди.

Бий айыптуубу, Сайракан айыптуубу, же өзүм айыптуубу, ажырата билбей жүрөм.

Биздин комсорг бий кружогу бар экен, билбегендер жазылгыла деп жарыялаганда, башкалар жабалактап катталып жатышты, а мен арсар абалда калдым: эмне кылсам? Жазылсамбы? Жер тепкилеп бийлеп жүргөнүм апамдарга угулбай калмак беле? — деп турганымда, Сайракан озунуп мени жаздырып койду. Бий үйрөнгүм келбейт деп айта албай, амалсыз макул болдум.

Ошондон бери бий кружогуна үзбөй барып жүрөм. Өзүм да кызыгып кеттим. Мен өңдүү бий билбегендер көп экен, бешинчи курста окуган эжелер да келип жүрүшөт. Ушул убакка чейин үйрөнбөй алар эмне кылып жүрүштү экен?

Бир жаман жери кружоктун жетекчиси көңүлдүү болот, тез үйрөнөсүңөр деп, ар бир жигитке бирден кызды кошуп койду. Менин энчиме баягы бий күнү көзүмө тааныш учураган кара чачтуу жигит туш келди. Ошол түнү жакшылап байкабай калыпмын. Адамга тигилип караган чоң көздөрүнөн мээримдүүлүк төгүлүп тургансыйт, бир гана айыбы оң кашынын үстүндө оймоктой жалтырак тагы бар экен. Күйүктүн орду го?

Биз экөөбүз тең унчугушпай, бий үйрөткөн кишинин оозун гана карайбыз. Бирок, бул өңү тааныш жигит бир нерсени шылтоолоп, сөз баштагысы бар, бирок тартынгандай, апкаарыгандай унчукпайт. Кокус оң бутумду басып алып, аябай сүрдөп кетти.

— Кечирип коюңуз, байкабай калдым.

— Эч нерсе эмес.

Үнү коңур экен. Андан кийин көпкө унчугушпадык. Кээ бир кыздар «энчисине» тийген жигиттери менен заматта таанышып, аты-жөнүн билип, «сеңге» өтө баштаптыр.

Кружоктун аягында ал кошо чыкты. Асман ала бүркөк тартып туруптур. Ай булутка бир жашынат, бир жарк этип чыга калат. Биздин жатакананын жанына келгенде, ал колун сунуп:

— Жакшы жатыңыз! — деди.

— Өзүңүз да.

Ал дагы бир нерсе айтчудай кыңырылгансып ордунан жылбады. Мен да жал-жал карап унчукпадым.

— Атыңыз ким? — Кулакка жагымдуу коңур үнү апкаарыгандай чыкты. Ушул минутада менин ичимде эки сезим күрөшүп жатты: биринчиси, апаңдын кулагына күйганын унуттуңбу? Эсиңе кел да, азыр ушул жерде беттен ал, менин атымдын сизге эмне кереги бар, айтпайм десең



экинчи сага жолобой, көңүлүң тынч жүрөсүң. Ал эми экинчи сезим: бул жигит атыңды жөн эле сурап жатат, анда айып жок. Гүкүш, качанкыга чейин атыңды сураган киши менен уруша кетип жүрөсүң. Бул жерди шаар дейт, университет дейт. Атыңды айта бер. Жаныбыздан кимдир бирөөлөр шаңкылдап күлүп колтукташып өтүштү, вокзал тараптан паровоздун чарчаган-чаалыккан үнү угулду.

— Эмне үчүн унчукпайсыз?

Мен чочугандай жалт карадым да, айта салдым:

— Гүлайым.

— Туратбек. — Ал колумду бекем кысты, мен бир нерсени эстегендей аны таң калгандай карап калыпмын. Ал сүрдөгөндөй жер карады. — Агай, фамилияңыз Жаркымбаев эмеспи дедим жүрөгүм ыкчамдап согуп.

— Ооба, Жаркымбаев, кайдан билесиз? — деп, шашып сурады.

— Билем... Болуптур,— деп ал этектеп калчудай артыма карабай жүгүрүп кетип калдым.

Былтыркы күзүндө газетадан «Тайманбаган эрдик» деген кызыктуу макаланы бетибизден түшө калып окуганбыз. Туратбек Жаркымбаев деген жигит түнү караңгы көчөдө келатып, кайсы бир үйдөн буруксуган түтүн, жалбырттаган жалын чыгып, ыйлаган жаш балдардын аянычтуу дабышын угат да, тайсалдап карап турбай, терезени тээп сындырып, өрттөнүп жаткан үйгө жулунуп кирет, көз ачырбаган уюлгуган түтүн, соймоңдогон жалындын арасынан жер кучактап ыйлап жаткан балдарды сыйпалап таап, кичүүсүн көтөрүп чыгып, экинчисине кайра киргенде кийимине от жармашат, колдору күйөт, бирок, соймолоп отуруп, оозунан кан агып, эси ооп калган берки баланы да жалындын арасынан жулуп чыгат. Жаркымбаев филфактын экинчи курсунда жакшы окуган студент, жолдошторунун арасында абдан барктуу,— деп макаланын аягына жазылганы эсимде. Ошол макаланын орто ченинде өзү сактаган эки баланын ортосунда түшкөн сүрөтү да басылган болчу. Биз эки-үч сыйра окуп, сүрөткө таңданып караганбыз. Айзада ушул жигитке ашык болуп калдым, кат жазам деп тамашалаганы эсимде. Мен үйгө ошол газетаны ала келсем, апам терезеден шамал өтпөсүн деп желимдеп жабыштырып коюптур. Туратбектин терезеге жабыштырылган газетадагы сүрөтүн ары-бери өткөндө улам көрө берип, өңү көзгө тааныш болуп, атыжөнү жүрөккө катталып калган экен.

Кайда барсам да ошого жолуга турган болдум. Кечээ университеттин чоң окуу залына кирсем, Туратбек агай

төр тарапта баш көтөрбөй жазып жатыптыр. Негедир жүрөгүм туйлап, бетим ымыр-чымыр ысып, кайра чыккыча шаштым. Ал артымдан кубалап келаткандай тепкичтен шашкалактап түшүп келатам.

Универмагдан жүн жемпер сатып алып чыксам, ал газета-журнал саткан киоскиде туруптур. Ал карап калды. Бирок мен көрмөмүшкө салып, жанынан шыпылдап өтө берерде унчукту:

— Саламатсызбы? — Жалт карадым да, баш ийкеп бир нерсе дегенсидим.

— Шашып бараткансыз го. — Ал жанаша басты.

Беш-он кадам унчукпай бастык. Светофор жолубузду жаап, токтоп калдык. Кычагандай машиналар кумурскадай өтүп жатат.

— Биздин борборубуз да Москвага айланып бараткан го,— деди ал өтүп жаткан машиналардан жадагандай.

Бул жолу да унчукпадым.

Жол боюндагы дарактардын сары жалбырактары дабырап биздин үстүбүзгө түштү. Ал эки-үчөөн абадан кармап алып, кейигендей сүйлөдү.

— Ушинтип күз да келип калды. Жакында кар да түшөт. — Бир аз унчукпай басып. — Биз жакта азыр күн жылуу,— деп койду.

Бул жолу унчукпай коё албадым.

— «Биз жагыңыз» каяк?

— Түштүк.

Дагы сөзүбүз үзүлүп калды. «Кайсы райондон болосуз?» — деп сурагым келип, тартындым. Баса, мага анын эмне кереги бар?

Жатаканабыздын жанына келгенде:

— Бүгүн кечинде университетте кызыктуу кино болот экен, бараласызбы? — деди капкара көздөрү менен тигиле карап:

— Баралбайм.

Ал осолдогондой оң кулагын кармалап туруп жолуна түштү. «Карындаш, сиз менин аты-жөнүмдү кайдан билесиз?» — деп сурайбы десем, ал тууралуу ооз да ачпады.

Аманбай келип калабы деп күтүп отуруп, түңүлгөнүмдө университеттеги киного жалгыз келдим. Чоң залга эл жык толуп калыптыр. Эч жерде орун жок. Кетсем бекен? — деп, ыргылжың дубалга жөлөнүп турсам, кимдир бирөө колумдан тартат. Туратбек! Калпым ачылып, манаттай кызара түштүм бейм. Ага тике карай албай койдум.

— Жүрүңүз, орун бар,— деп шаштырды.

— Ыракмат, мен ушундай эле турам.



— Сизди келет деп, баятан бери орун ээлеп, акыйып отурам.

— Келбейм дебедим беле?

— Келбедиңизби? Кино башталып калды,— деп кулагыма акырын шыбырады. Башымды төмөн салып, элди аралап баратам, такыр жетпейбиз, бир күн жол жүргөндөй убакыт кеткенсиди. Элдин баары мени жамырап карап тургансыйт. Кулагым чуулдайт, кызарган бетим оорлошуп, салаңдайт. Эмне үчүн келдим экен?

Орто ченде эки орун сакталып туруптур. Башымды көтөрбөй отурдум. Айланамдагы кужулдагандардык баары мени айыптап жатышкансыйт: «Бул кыздын сүйлөшкөн жигити башка. Карасаңар, анын көзүн боёмолоп, эми мунү ээрчитип калган турбайбы? Дагы жер карап уялып коёт»,— деп мени көрсөтүп, бир-бири менен шыбырашып жатышкансыды. Жарык өчүп, кино башталганда кичине жеңилдегенсип калдым.

Менин чоочун, таанybаган адам менен жанаша биринчи отурушум. Туратбек мени бир жолу чочутуп албайын дегендей, өз боюн оолак кармап, унчукпай отурат. Анын эки көзү кинодо болсо да, эси-дарты, ой-санаасы менде.

Эмне деген картина экенин түшүнбөдүм, тыңшаганым да жок. Ичим уйгу-туйгу. Ушунча элдин арасында отуруп, эмнегедир корком. Бүткүл муундарым калтырайт. Сайракандын азабы өттү го. Ал зордуктап кружокко жаздырбаса, Туратбекти билмек да эмесмин. Сайракан, сениби, карап тур.

Залда отургандар бир ооздон дуулдап кыйкырып күлүп жиберишти. Карай салсам, шляпа кийген семиз жигит жаагын сыйпалап, ачууланган кыздан кечирим сурап атыптыр. Ушунун эмнеси күлкү?

Картина бүттү. Эл опурап-топурап, чыгууга жол тийбейт.

— Сизге картина жакпады окшойт? — деп сурады ал сынагандай көз караш менен тиктеп. Мен ошол заматта жооп бербедим.

— ...Анткени, аягына чейин башыңызды төмөн салып отурдуңуз... — Ал унчукпай калды да. — Начар картина экен. Мага да жакпады.

— Эмне үчүн? Кызык эле экен,— деп койдум сыр алдырбаска аракет кылып.

— Мага эптеп эле көрүүчүлөрдү күлдүрүш үчүн жазылган картиналар жакпайт. — Мен эмне дээримди билбей, унчукпадым.

Эшикке чыктык. Күн бүркөлүп, калдайган кара кочкул

булуттар шаардын бийик имараттарынын үстүндө уюлгуп көчүп жүргөнсүйт.

— Сиз Сайракан менен бир бөлмөдө турасызбы?

— Ооба. Аны кайдан билесиз. — Кыска гана түшүндүрдү.

— Авазбек экөөбүз бир группада окуйбуз, анын үстүнө жолдошчулук жагыбыз бар.

Жатаканага жакындап калдык. Капилеттен Аманбай келип калбагай эле деп кооптонуп, айланама көз жиберем. Караанын көрүнбөйт. Келсе да, кетип калды. Туратбек тык токтой калды да жалооруп тиктеп:

— Азыр кирип кетесизби? — деди.

Баш ийкедим.

— Ары-бери бассак кантет?

«Убактым жок» — деп айткым келип, анан негедир унчукпай калдым.

Биз бир-бирибизден эки кадамдай алыстыкта жанаша жай басып баратабыз. Ал сыртынан жоош көрүнгөнү менен сөзмөр экен. Ата-энеми сурады, айттым. Бир райондон канча кыз келдиңер деп сурады, айттым.

— Мен эле жабырап сүйлөп жатам, сиз эмне унчукпайсыз? — деди.

— Менин сөзүм жок.

Оор үшкүрүп койду.

— Ооба, мен кызык сүйлөй албайм. Зериктирип жибердим го.

Убакыт кандай өткөнүн билбей калыппыз. Заматта он бир жарым болуп калыптыр.

— Швейцарка киргизбей коёт, кетели,— дедим. Биз кадимки тааныштардай жылуу коштоштук. Мен кылчайбай кирип кеттим, тепкичтен жүгүрүп чыгып баратып, терезеден карасам, ал баягы ордунда телмирип тиктеп туруптур. Эмне үчүн турат? Кете бербейби?

Кыздар жарыкты өчүрүп жатып алышыптыр. Бутумдун учу менен басып, чечине баштадым. Сайракан ойгоо экен.

— Аманбай келдиби? — деп шыбырап сурады.

— Ооба,— деп калп айтып, жаткыча шаштым.

## XXI

Мен сабактын оордугунан баш көтөрбөй калдым. Лекциясы аз келгенсип, эки предметтен катар семинар дегени башталды. Ар бирине күнүгө беш-алты сааттан олчоё отуруп даярданбасаң, такыр үлгүргүдөй эмессиң. Ой, дөбө



китептерди окуп чыгып, аны конспектилеп, семинарда сүйлөп берет экенсиң. Бир гана мугалим эмес, студенттердин бардыгы жамыратып суроо бергеничи! Оңой эмес. Башым катат.

Азыр заңгыраган чоң залда отурам. Тырмышып эле окуп, бир нерселерди жазып жаткан студенттер. Жүздөн ашык киши отурат, бирөөсүнүн кобурап койгону угулбайт. Бардыгы зымпыйып тирмийишет. Окуганым Лениндин «Эмне кылуу керек?» — деген эмгеги.

Баса эмне кылуу керек? — деп кимдер ойлонбогон. Былыгы чыгып тактайы калчылдаган коомду жеришкен, караңгылыктын арасынан жарык шоола издешкен Чернышевскийдин кужурмөн каармандары да: «Эмне кылуу керек?» — деп баш катырышкан.

Акылман Ленин да биздин кылымдын башында эзилген эмгекчилердин тагдырын ойлоп, аларды эркиндикке чыгаруунун даңгыраган жолун дааналап: «Эмне кылуу керек?» — деген китеп жазыптыр.

А биз ошол кишинин жазып койгон эмгегин жакшылап өздөштүрө албай, сабак кыйын деп, арыз-муңубузду уялбай айтып калабыз.

Сыртта күзгү ак жаан майдалап жаап, калдайган кара көчкүл булуттар шаарды чүмкөгөн.

Эмне кылуу керек? Уйкуну безип, окуу керек? Анан... Ошону менен чектелиш керекпи? Чоң окуу залы тыптынч. Баары эле баш көтөрбөй окуп жатышат, окуп жатышат. Те бет маңдайымда Туратбек бир кучак китептерди алдына тизип коюп, жаагын таянып отурат. Биздин көздөр кезигише түштү, бул жолу мен кызарып-татарып жер карап калбадым. Кадимки тааныштардай баш ийкештик. Күн өткөн сайын ушул жигит көңүлүмдөн көбүрөөк орун алып жатканын жашыргым келбейт.

Түндө түшүмө кириптир.

Кайсы бир заңгыраган залда экөөбүз бийлеп жатабыз. Мен этеги жерге чубалжыган аппак көйнөк кийиптирмин. Сагынышкандай, куса болгондой бир-бирибизден көзүбүздү айырбайбыз. Чимирилип кетсек бутубуз жерге тиет, же тийбей асманда учуп жүргөнсүйбүз. Айланабызда бийлеп жүргөндөр: «Экөө бир-бирин издеп табышкандай пар экен» — деп суктанышкандай шыбырашат. Биз укмамыш болобуз.

Күтүлбөгөн жерден бийлеп жаткандар топурап качып беришип, биз гана калыппыз. Маңдайыбызда канжар кармаган Аманбай, анын артында сурданган Алишер...

Аманбай мага көздөрүн алаңдатып, айбат кылат:.

— Азыр алдыма түш, болбосо...
Мен корком, бүткүл денем калтырайт, бирок, ыйлай албайм.
Туратбек мени бекем колтугуна кысат да:
— Эй, бала, жолуңа түш. Бул менин Гүкүшүм,— дейт.
Аманбай алдыга бир кадам басат да:
— Жок, менин Гүкүшүм,— деп кыйкырат да, анан мага. — Жакшылыкча алдыма түш. Баары бир мага катын болосуң.
— Мен сени жинимдей жек көрөм,— деп Туратбекке ыктайм. Ал канжар менен талпынганда, Туратбек арабызга тура калат да, көкүрөгүн чеңгелдеп полго таянат. Мен чаңырып, үстүнө жыгылам.
Ойгонсом түшүм, аябай сүйүнүп кеттим.
Мындай беймаза ойлор башыма кайдан келип турат, андай эч качан болбойт. Түш да.
Көңүлүмдү топтоп, алдымдагы китепти окуй баштайм. Түшүнгөн жерлерин астын сызып коём. Бүгүн жакшы даярданып, эртеге ким сүйлөйт дегенде озунуп кол көтөрбөсөм. Ушул жаман Айгүлчө жокмунбу? Ботом, билсебилбесе да жулунуп кол көтөрө берет. Агайлар да аны активдүү кыз деп мактап коюшат.
Сыягы жамгыр күчөп кирди бейм, чапкыны терезенин тыкылдата баштады. Жаай берсин. Дагы үңүлүп окуйм...
Кечээ коридордо келатсам, Туратбек жолумду тосуп туруптур. Кол алышып учурашты да:
— Бөлмөңүзгө барсам жок экенсиз. Бүгүн чоң театрда «Чолпон» болот экен. Ошого... деп келе жатканда эле озунуп:
— Бара албайм, убара болбоңуз,— деп шагын сындырып, артымды карабай кетип калдым. Жатарда, балконго чыксам, ал жамгырга карабай, биздин жатакананын алдында башын төмөн салып өйдө-төмөн жалгыз басып жүрөт. Улам биздин бөлмөнүн терезесин карап коёт. Мени байкадыбы, же көрдүбү билбейм. Ал кетпей, өйдө-төмөн баса берди. Үстүндөгү плащы эзилип суу болуп кетиптир. Үшүгөндө мен кирип жылуу жатып алдым. Эми кутулдум, салам айтпай чурмуюп калат го дегем. Тескерисинче, азыр да көзүн менден албай карап отурат.
«Ушул менин жапайычылыгым качан калар экен? Ал урматтап театрга чакырды. «Кечиресиз агай, семинар күчөп, баш көтөрө албай кыйналып жатам. Капа болбоңуз, баралбайм», — деп кичипейилдүүлүк менен күлүп-жайнап жооп берсем, эмне болмок? Чекилик жибердимби дейм, Гүкүш а?»



«Гүкүш, чекилик жибергениң жок. Ач кулактан тынч кулак. Ал сени эмне үчүн театрга чакырат? Эмне үчүн артыңдан калбай, көлөкөдөй ээрчип жүрөт? Катуу айтып, шагын сындырбагандай ал сенин эмнең эле?»
Бул беймаза ойлор мени мынча ээрчип алды. Күн кечкирип баратат, окуюнчу. Али бир суроосун бүтө элекмин. Чалды-куйду ой-санаам туюк жарга капталган бороондой ичимди тепкилейт. Эмне кылуу керек?
Мен кыжылмын. Колумду кайчылаштырып комнатада тынбай ары-бери басам. Эмне кылышымды билбейм. Китеп окугум да келбейт.
Сайракан керебетинде жатып, «Абайды» окуп жатат. Көңүлү тынч болсо, китеп окуйт да. Ичинен күбүрөп окуй бербей, улам мага кайрылып, өзүнө жаккан жерин үн чыгарып кайталап окуйт.
— Ой, Гүкүш, махаббатка айла барбы? Абай да эр жүрөк экен. Тогжанчы? Ал дагы ак сүйүүгө жанын төшөгөн асыл кыз. Эр жигиттин досу Эрболдой болсо. Билесиңби, биз кыздар эч качан чындап достошо албайбыз. Болор-болбос ишке таарынышып, араздашып кетебиз. Бул жагынан жигиттерге суктанам. — Ал жаздыкка чыканагы менен таянып: — Билесиңби, мен сага айтам деп, эсимден чыгып калыптыр. Бир күнү «Ала-Тоодо» Авазбек, Туратбек үчөөбүз жөө келатабыз. Кутулбөгөн жерден алар кайсы бир жазуучунун чыгармасы тууралуу талашып кетишти. Экөөнүн айтышып атканын угуп турсаң, түңүлөсүң. «Сен түшүнбөй калыпсың», «Жок сен түшүнбөй калыпсың!» — деп жолдуката айтышты. Эми, булар ажырашты го, дагы жакшы жолдошпуз деп мактанышат,— деп ойлогом. Мен жаңылыпмын. Эртеси эле экөөнүн жанаша басып, каткырып күлүп жүргөнүн көрдүм.
Бирок, анын сөзү кулагыма кирбейт. Терезенин тушуна токтоп, телмирип сыртка көз жиберем. Бурганактап кар жаап жатат.
— Ой, сен телмирип кимди күтүп жатасың? — дейт Сайракан. Унчукпайм.
— Эй Гүкүш, сага бир жигит аябай ашык болуп жүрүптүр.
— Ашыктыкты сага эле бердим.
Ал да унчукпайт. Азыр мени теше тиктеп турат. Жаңылыпмын, карай салсам, китебин окуп жатат. Радиону койсом:

Сүйгөнүм сени эстесем,
Уктабай таңды атырам,—

— деп кимдир бирөө дарылдап атыптыр, жактырбай үзүп салдым. Эмне үчүн калп ырдаша берет? Кантип эле сүйгөнүн эстесе, таң аткыча уктабай калсын?

Сайракан мени сынагандай унчукпай карап туруптур. Мен маташпай тетири бурулуп кеттим.

— Гүкүш, сабырың неге суз?

— Суз-муз эмесмин.

— Жашырба сырыңды, гүдүктөп бир нерсени сезгенсийм.

Шарт бурулдум да, жылмайымыш болуп карадым.

— Эмнени сезгенсийсиң?

— Тынч уктабайсың?

«Кокус ошонун атын айтып жибербедим бекен?»

— Калп сүйлөбөчү. Мен түк түшүмдө сүйлөбөсөм...

— Чын, комсомолдук сөзүм.

Мен каяша сүйлөп, талашып-тартышпай, жер карадым.

— Аманбай эмне үчүн тез келип турбайт. Кутуртпай, кулагын чоюп койбойсуңбу?

Эх, аттиң, мен анын кулагын чоё турган болгондо го, кеп башка эмес беле?..

Эки аптадан бери чолом тийбей, үйгө кат жаза элекмин. Уялбай, «чолом тийбей» — деп коём, эсен-соолукту сурашкан дубай салам катка канча убакыт кетмек эле? Апам бечара Папа аке үйүбүздүн жанынан өткөндө «Гүкүштөн кат барбы?» — деп санаасы тынбай жүргөндүр. Күн сайын кат жазып турам деген убадам кана?

Столго отуруп кат жаза баштадым:

«Жанымдан артык көргөн апажан! — деп көнүмүш адатымча бир шилтеш менен жаздым да, эрдими тиштеп ойлонуп калдым: эмне деп жазсам?

Апам менден төмөнкүдөй мазмундагы кат күтөт: көпчүлүктүн бири катарында ооруп-сыркабай ойноп-күлүп... жок, «ойноп-күлүп» деген фразаны өчүрүшүм керек, аны апам башкача мааниде түшүнүп, кабатыр болот, уйкусу качат. Бирок, менин ойноп-күлгөн жерим жокпу? Эмне үчүн апамдан жашырам? Чындыкты эле жаза берсемчи? Кокуй, айтпай калайын... Апам эртеге эле жетип келер. Ооба, келгенден берки каттарымда апама шаарга да, киного да, театрга да чыкпай, жатаканада, университетте жүрөм деп калп жазып жүрдүм. Чындыгында далай жолу киного да театрга да бардым, бийди үйрөнүп койдум, Сайракандын туулган күнүндө, аларга кошулуп ресторанга бардым, өмүрүмдө биринчи жолу вино ичтим, кайтып келатып Туратбек экөөбүз Сайракан менен Авазбектин артында калып, колтукташып келдик.



Андан ары жазам: «Сак-саламат жүрөм. Эч нерседен кемчилигим жок. Сиз кабатыр болбоңуз. Апа, Фрунзеде окуган кыздар тууралуу таежемдин күйүп-жанып айткандары— баштан аяк калп экен. Бул жактын кыздары да мен сыяктуу өз абийирин сакташат экен. Дагы бирөөлөр сизди чочутса, такыр ишенбеңиз, такыр!».

Мен дагы ойлонуп калдым. Баары бир апам ишенбейт. «Кызы түшкүр безилдеп актана баштаптыр, бир шойкону бар го», «бузук» кыздарга кошулуп калган го деп, шектене баштайт. Ач кулактан тынч кулак, өчүрүп эле таштайынчы, менин эмнем кетип атыптыр. Жок, өчүрбөйм. Эмне үчүн мен апама чындыкты жазып, биздин жерде өкүм сүрүп, кыздардын окуусуна жолтоо болуп жаткан сасык тумандай ушактардын, айыңдардын бетин ачпайм?

Ушуларды кантип жазуунун айласын таппай, столдон турдум да, кыжырым кайнап ары-бери баса баштадым. Эмне кылсам...

— Гүкүш, бул китептин кызыгына эми жеттим,— деп Сайракан тамшанат. Ага менин жиним келет. Көңүлү тынч болгон үчүн кайдагы атам замандагы Тогжандын тагдырына кызыгат. Мен бүгүнкү Тогжан болуп жатканымды кайдан билсин?

Дагы отуруп, катымды улантты м:

«Менден түк кабатыр болбоңуз. Окуум жакшы. Аманбай үзбөй келип-кетип турат. Мамилебиз жакшы, ынтымактуубуз».

Чынында мунун баары жалган. Качан ал үзбөй келип атат? Келсе да үңүрөйүп, суз. Аманбай келбейт, мени теңсинбейт, ал жакта эмне кылып жүргөнүн билбейм. Көңүлүм суул баратат. Мени мынча кыйын азапка салдыңыз экен? — деп күйүп-жанып жазсам апам түшүнмөк беле?

«Гүкүш, эси жоктук кылба. Эркек балага теңелип эмне кыласың? Сен кирпигиңе кир жугузбай, өзүңдү жакшы кармап жүрө бер, ата-энеси бекем турганда, ал кайда качып бармак эле. Айланайын кызым, апаңдын тилинен чыкпасаң кор болбойсуң» — деп жемелеген апамдын каты келет, же болбосо телефонго чакырып, тилдейт, урушат, коркутат.

Ичим бир кап болуп, эмне кыларымды билбей столго жөлөнүп, жаш баладай өксүп ыйлап жибердим. Сайракан керебетинен ыргып туруп, кадимкидей мойнумдан кучактады.

— Гүкүш, дагы апаңды сагындыңбы?

Мен жооп бербей, бышактап ыйлай бердим. Көкүрө-

гүмө жык толгон ызам, кегим демимди кысат. Минут сайын жүрөгүмдү эзип, баркымды төмөндөткөн туюк сырымды теңтушума айткым келет, бирок, батынбайм, оозум барбайт.

— Ички сырыңды жашырбай айтчы!

Бирок, мен күчүмдү көз жашыман чыгарып, жашырып жатам. Сайракан күткөндөй ошол замат жаркылдап жазылбадым.

Жарым-жартылай жазылган катым жиберилбей калды.

## XXII

Жүрөктү эзген бул унчугушпоо, бул салкын көз караш качан калар экен?

Күн бүркөө. Кара булуттар жапыс. Биз аллея менен жанаша басып баратабыз. Муздак шамал бетке урат. Аманбай кара плащынын жакасын көтөрүп, эки колун чөнтөгүнөн чыгрбай, кейкейип басат. Бүгүн араздашкан деле жокпуз. Ал чакырды, мен кыйылбай кийинип чыга калдым. «Каякка барабыз?» — деп сурасам: «Бара турган жер табылар»,— деди жактырбагандай. Андан кийин мен да сөз кошподум.

Эмне үчүн унчукпайбыз? Биз сүйлөшө турган, биз талкуулай турган маселелер жокпу? Менин жүрөгүмдү өйкөп, күнү-түнү тынчымды алган жүрөк заада ойлорум бар. Дайыма ушул жолу сөзсүз айтам деп кайраттанам да, анын суз кебетесин көргөнүмдө мен да ыктытып көгөрүп калам.

Акыры түбөлүгүбүз бир болгондон кийин биз качанга чейин ушинтип үңүрөйүшүп жүрөбүз? Мен мындай болот деп күткөн эмес элем. Экөөбүз тең каалаган окуу жайларыбызга өтүп алсак, эски таарынычтарды эстен чыгарып, унутпагыдай эмне иш өтүптүр, эл катары эки экиден ээрчишип, беш-алты жыл ойноп-күлүп жүрөбүз. Ата-энелерибиз да бизден колдорундагысын аяшпайт. Аманбай да акыл-эстүү жигит. Анча-мынча өзүм билемдиги, эркелиги, ээнбаштыгы бар. Бул эч нерсе эмес. Анан экөөбүз окуубузду ийгиликтүү бүтүп, туулган айлыбызга келебиз. Өзүбүздүн үйүбүз болот! Мен мугалим, ал зооветеринардык врач болуп иштейбиз деп ойлончу элем. Булардын бардыгы ишке ашпай турган кыял окшойт. Баса, биздин ынтымактуу болушубузга эмне тоскоолдук кылып жатат? Такыр түшүнбөйм! Мүмкүн айып мендедир? Бирок мен эмне кылдым? Ушул күнгө чейин апам көрсөткөн тар рамкадан карыш чыкпай жүрөм. Мүмкүн Аманбай башканы



сүйүп жүргөндүр, мени жактырбастыр. Анда эмне үчүн ата-энеси кудалаштырды? Ал эркек бала эмеспи, мен такыр макул эмесмин деп көгөрүп отуруп алса, аны эмне кылмак эле?

Мен ушулардын бардыгын ага төкпөй-чачпай айткым келет.

Аялдамага да бурулуп, автобуска да түшпөдүк. Таманыбыздын алдында газандап түшкөн жалбырактар шыбырайт. Жаныбыздан ары-бери өткөндөр бизге таң калгандай карап коюшат.

Мен унчукпаганды жакшы көргөн жан элем. Бирок, чегине жеткен унчукпоо да жүрөгүмө тийди. Кээде Сайракан саат оң экиден өткөндө бетинен сары түгү чыгып калтырап үшүп кирип келет. «Такыр түгөнбөгөн силердин кандай жашыруун сөзүңөр бар? Күнүгө эле сүйлөшө бересиңерби? Мага да чет-петин айтып койсоң?» — деп кызыгып сурап калсам: «Гүкүш, өзүңдөн жашырып эмне кылам? Маанилүү эч нерсе сүйлөшпөгөндөйбүз. Такыр сөзүбүз түгөнбөйт. Сыягы махабаттын сөзү түгөнбөс болсо керек. Кечээги сүйлөшкөндү бүгүн да кайталайбыз. Бирок, эриктирбейт. Ар жолу ар башкача көңүлгө таасир калтырат»,— деп көздөрү күлүңдөп, толкундап айтканы эсимде. Мен ага суктанам. Бир жолу Авазбек Сайракан экөө сөздөрү түгөнбөй биздин коридордогу диванда саат экиге чейин отуруп, жатаканасына барса, швейцарка бөлмөсүнө киргизбей койгон экен, ал таң атканча кыңылдап ырдап, калтырап үшүп, сыртта жүрүптүр. Мынаке ашыктык деген! Ал эми Аманбай саат ондон өткөндө эле кокуй кечиктим, биз жак караңгы деп безилдеп турат.

Биз Панфилов паркына жетип калыппыз. Эптеп кеп баштагым келди. Качанга ушинтип оозубузду бууп алгандай жүрмөкчүбүз. Эмне десем? Баса, кечээ Айзададан кат алганмын. Бул жакшы кабар.

— Жаңылык, Айзададан кат алдым. — Ал үч-төрт кадам арымдап, анан күңк этти:

— Эмне дедиң?

Заматта көк желкем тырышып, ачуум келе түштү. Мен да бой көтөрүп, унчукпай бастым.

— Эмне дедиң? — Ал кайталап сурады. Мен да кекээрдүү үн менен:

— Эмне дегенимди укканың жокпу?

— Ойлонуп келаттым эле.

«Ушул азыр да сен эмне жөнүндө ойлондуң экен? Башка бирөөлөрдүн ички сырын биле турган аппаратым болсо, мынча кыйналбас элем».

— Айзададан кат алдым. Эми уктуңбу? — дегендей тикирее карап сөзүмдү уланттым. — Ал каалаган максатына жетип, Оштогу институттун биология факультетинде окуп жатыптыр. Кемел экөө ойноп-күлүп ынтымактуу ээрчишип жүрүшөт экен. «Ынтымактуу ээрчишип жүрүшөт экен» — деген фразаны өзгөчө кубултуп айттым.

— Апасы менен жарашыппы? — деп ал кепти башка жакка бурду.

— Жарашыптыр, Гүлсүн эже Ошко келип, кабар алып турат экен. Ал сага ысык жолдоштук салам айтыптыр.

— Анысына ыракмат.

Мен өзүмдү аябай зордоп, мындан кыйын иш барбы? Сүйлөдүм:

Айзада биздин жашыруун ишти кимден укканын билбейм. Өзүмдүн баркымды төмөндөткөндөй араң сүйлөдүм, беттерим чымырады. Бактылуу болушуңарды каалайм деп жазыптыр.

— Өздөрү бактылуу бекен?

— Албетте.

Айзада бизди да өздөрүндөй көңүлдөрү чак, Фрунзенин салкын абасында күндүн көзү көрүнбөгөн жашыл бактардын арасында ойноп-күлүп жүрүшөт деп ойлосо керек. Ал биздин суз мамилебизди кайдан билсин? «Борбордо окуган силерге көзүм күйөт» — деп жазыптыр. Борбор шаарда окуган теңтушунун ички күйүтүн кайдан билсин? Анысы аз келгенсип, сүрөтүңөрдү эстеликке салып жибергиле деп сурап жазыптыр. А биз кошулуп сүрөткө түшмөк тургай...

Ичим өрттөнүп, демим кысталa түштү:

— Кемел экөө түшкөн сүрөтүн эстеликке жибериптир,— дедим эң аягында. «Биз дагы сүрөткө түшсөк жиберели» — дээр бекен деп үмүттөндүм эле, ал зериккендей эстеп, асманды карап:

— Күн да бүркөлүп. — Саатын карады да: — Киного он минута калыптыр жүр,— деди.

Мен жүрбөй тык токтодум: колдорум калтырайт, түн ансайын көзүмө караңгылап баратты, ызам күчөп, тамагымда бүдүр-бүдүр нерселер токтоп калгансыды, кирпиктерим суулана түштү. Ал артын карабай басып баратты, сыягы, мени жүр деген жагына көлөкөсүндөй ээрчий берет деп ойлосо керек. Соксоюп жалгыз баратканын эми байкады беим, шарт кайрылды да:

— Жүрбөйсүңбү, шашып атса, токтоп калганың эмнең?

«Бул мынча кыйынсыйт, мынча чалкалайт. Мындан ары минтип жүрүүгө болбойт».



— Жүрбөйсүңбү? — Анын кекеткен үнү бийик чыкты.

Артымдан топ жаштардын кубанычтуу күлкүсү, талашып сүйлөшкөн үндөрүн угуп, кыйыктанбай дагы ээрчий бастым.

Кинодон чыкканыбызда каш карайып калган экен. «Ала-Тоонун» алдында эл кым-куут. Көңүлдүү күлкү. Миңдеген жаштардын кубанычтуу жүздөрүн, бакытка толгон көздөрүн көрөсүң. Аларды аралап биз да баратабыз. Бет маңдайымдан Туратбек жолукту, ал өзү жалгыз, ирени капа. Мага баш ийкеп салам айтты.

— Бул ким? — деди Аманбай артын кылчайып карап.

— Таанybайм.

— Көзү сенден өтүп баратат го.

Ресторанга мойнумдан байлагандай, кысталып кирдим. Башымды жерге салып, стулда учуп кетчүдөй бош отурам. Кажылдап сүйлөгөндөрдүн бардыгы эле мени карап тургансыйт. Коңшу столдо мен куракту кыргыз кыз кылгырып вино ичип отурат. Официантка бифштекс, вино алып келди. Мен тартынып туруп ичип көрсөм, ачуу, таттуу даамы бар экен. Мүмкүн, башка бирөө менен ичпес элем, бирок сыйлап жаткан ишеничтүү да. Эки рюмка ичкенде эле кызып калдым.

— Ичтим,— дедим рюмкамды талашып.

— Иче бер, эч нерсе болбойт.

— Ичпейм.

Ал да көп кыстаган жок. Калган винону өзү эле ичип койду.

Ресторандан чыктык. Түн караңгы. Добул согуп, чагылгандар чартылдап, жамгыр куйганы эле турат. Биз баягы келген жолубузга түшүп баратабыз. Элдин бардыгы жаандан үркүшүп, үйлөрүнө шашып баратат.

— Өзүң билип, адамды колтуктап албайсың, такыр паамың жок. Маданиятты качан үйрөнөр экенсиң,— деди ал ыңгырап сүйлөп. Мен өчөшүп, колтуктабай койдум.

— Ке дейм.

— Колтуктабайм.

— Эмне үчүн колтуктабайсың?

— Каалабайм.

— Ах, эми каалабай калдыңбы? Апаң шымаланып узун сомдорду алганда каалабадың беле?

Бул кордукка тирүү адам кантип чыдайт. Ошол учурда чагылган жарк этип, анын мыскылдуу жүзүн көрдүм. «Көп кыйынсынбай тилиңди тартып сүйлө. Колтуктасаң да, колтуктабасаң да сенин эркиң, менин колумда» — дегендей.

— Сен апама асылба,— дедим ыйламсырап. — Сени башында такыясы бар жигит дейт. Андай кыйын экенсиң, эмне үчүн ата-энеңди сагалатып жибердиң, а?

— Сагалатыппы?

— Ооба, сагалатып.

— Тарт тилиңди.

— Тартпайм. Мен сенин никелүү аялың эмесмин. Кандай жүрсөм өзүм билем.

— Жүрө албайсың.

— Жүрөм. Ишиң эмне. Сен башында такыяң бар жигит болсоң, ата-энеңди сагалатып жибербей койбойсуңбу? Мен сага жалындым беле?

— Акыркы жолу эскертем, тарт тилиңди.

— Тартпайм.

— Тартпасаң мынаке, канчык!

Ошол замат оң жаагым ысып, көзүмдөн от чагыла түштү. Теңселип башым айланып, отура калдым да:

— Ак-маак! — дедим.

— Мына, акмак!

— Апа! Жаным апа!

Мен бетимден салаалап аккан көз жашымды аарчыбай, жамгырлуу караңгы түндү аралап, үнсүз ыйлап келатам, анын ата-жотосун калтырбай каргап-шилеп келатам. Бүттү! Бардыгы бүттү!

Апа! Жаным апа! Сиз мага элден артык кылам деп, тыртык кылып койгонуңузду билер бекенсиз? Оюңузда, Гүкүшүм бактысы ачылган кыз болду деп кампайып жүргөндүрсүз! Менин бактым ачылбай калсын! Эгер азыр жанымда болсоңуз, заардуу-заардуу сөздөрдү тартынбай эле айтар элем. Тартына турган менде абал калбады. Мейлиңиз, каргасаңыз каргаңыз, эмне кылсаңыз да кайылмын.

Ушинтип келатып, жатаканабызга заматта жетип калдым. Көз жашымды аарчып, экинчи этажга көтөрүлдүм. Оң жаагым эле оттой ысыйт. Коридордо күзгүгө карансам, алакандын отундай жер көгөрүп кетиптир. Акмак, айбан деп, дагы тилдеп алдым. Комнатага киргим келбеди. Кыздар көгөргөн бетимди көрүшсө эмне болду? — деп кыстап сурашат. Алар уктагандан кийин, акырын кирип жатып алам.

Күн чыгыш тараптагы балкондо шатыратып жааган жамгырды тыңшап отура бердим. Мындай учурда убакыт да жылбайт. Жамгыр чакалап куйгандай күчөп кирди. Мен отурган балкондун астында кимдир бирөөлөрдүн күлкүсү, өбүшкөндөрү угулат.



— Жамгыр басылбайт, кетеличи, үшүп кеттим,— деген кыздын назданган үнү угулат.

— Дагы беш мүнөт күтө турчу, басылып калар,— жигит жалооругандай суранат.

— Басылбайт, күндүн түбү калың.

— Басылат.

— Уйкум келди. Азыр башым жаздыкка тийсе эле уктап кетем.

— Ушул сенин уйкуң ай! — деген жигиттин кейиген үнүн угам.

— Самажкан, жаныңдан карыш жылгым келбейт. Мынабу, капкара көздөрүңдү жалоорул карап тура берсем. Оор үшкүрүк тереңден сызылып чыгат.

— Бекиш, болдучу, мурутуң... Сакал-мурутуңду кырдырып да келбейсиң.

— Сени күтүп калабы деп, үйгө барбай келбедимби? Эмки жолу... Ошондо да бир айыбын табарсың дейм.

— Кетеличи.

— Дагы беш минут.

— Кош. Колуңду бер.

— Болуптур, уйкуң келип жатса бара бер. Мен уктабай, сен жашаган бөлмөнү таң аткыча карап отура берем. — Кыздын тунук күлкүсү угулду, жигит таарынгандай сөзүн улантты: — Мен сен үчүн канчалык алыс жолдон келдим. Биз жакка каттоочу автобус токтоду. Эми жөө кетем, жолдо баратып сен тууралуу ойлоном. А сен мемиреп уктап жатасың.

— Бекишжан, мен да уктабайм. Сени тынч жетти бекен? — деп ойлойм.

— Кабатыр болбойсуң, уктайсың.

Алар унчугушпай калышты.

— Самаш, чын айтчы, сен мени сүйөсүңбү, же...

— Сүйөм. Сүйбөсөм турат белем.

— Сүйгөн жаныңдан.

— Койчу жаным, жалынбачы.

— Жалынам. Мен махаббатыңа багынам.

— Анда кетели.

— Болуптур. Мен сага звонит этем, ошондо качан келеримди айтам.

— Эртеге звонит эт, антпесең мен кабатыр болом, болуппу?

— Болуптур.

Алар кол беришип коштошту окшойт.

— Самаш, жаркырап бир карап койчу. Жалындуу көзүңдү көрүп алайын.

Баятан бери беш минута эмес, жарым саат өттү, бирок, бул эки жаш үйлөрүнө тарашпайт. «Махаббаттын сөзү түгөнбөс болсо керек» — деген Сайракандын акылдуу кебин эстедим.

Кычагандай жамгыр күчөп кирди. Мындай ава ырайы бузулган нөшөрлүү түндө бул ашыглыкка ырахаттанган, мас болгон бозой үйүнө качан жетет?

— Самаш, мен кеттим.

— Жакшы бар. — Алар коштошту. Кыз кол булгалап жатаканага кирип кетти. Жигит плащынын жакасын жогору көтөрүп, биздин жатакананы улам кылчактап карап, караңгылыкка сиңип кетти.

Жамгыр кычагандай чакалап куюп жатты.

— Алар кандай бактылуу немелер! — деген суктануу ичимдин тереңинен кандай суурулуп атып чыкканын билбей калдым. Бирөөлөр угуп койдубу дегендей эки жагымды элеңдеп карадым. Эч ким жок экен. Саат он эки болуп калыптыр. Баары бир жатсам да бүгүн көпкө чейин уктай албайм. Авасы таза балкондон кетким келбейт.

Баса, мен мынча зарыгып анын көзүн карайм? Мен анын жетелеп өстүргөн көз каранды жетими белем? Жок! Ал жаман ата-энеси асылып жүрүп кудалашкан, калыңды жеп коюшкан, Гүлайым туйлап кайда бармак эле деп, кыйынсынып жүрбөйбү? Көрөбүз. Ошого чыксам атым өчсүн. Ал шумшук кыз кезимде болор-болбос иш үчүн жаагыма чаап жүрөт, а колуна түшүп бергенден кийин маңдайымдан сылап, эркелетип коймок беле? Гүкүш, эсиң барда этегиңди жап. Эсиңдеби атактуу адабий каармандын «Жашоо адамга бир берилет»,— деген курч, акылдуу сөзү. Эгерде, келечекте кайрадан төрөлө турган болсом, анда кыйышпай туруп: «Мейли, өмүрүмдүн бул жолкусун апамдын көңүлү, кадыры үчүн багыштап, тилинен чыкпайын да, а экинчи жолу өзүм каалагандай иш тутам деп мартчылык кылар элем. Турмушта бир берилген кызык өмүрдүн, татаал жашоонун, илеби күчтүү сүйүүнүн баркына жете билүү ар бир адамдын ыйык милдети турбайбы?

Жамгыр басылды. Ава тазарып, жеңил дем ала баштадым. Шаарда үйлөрдүн жанган жарыктары өчүп, шаар тыптынч. Автобустардын да аягы басылды. Айлана мемиреп уктап жатат.

Күтүлбөгөн жерден аркы балдардын жатаканасы тараптан жүрөктү эзип, муңканган гитаранын мукамдуу үнү угулду. Улам кайгылуу, жүрөктөн атырылып чыккан күүлөрдү чертет. Жети түндө уктабай, кыздардын сезимин козгогон бул кайсы жигит болду экен??.



## XXIII

Бүгүн биздин факультетте октябрь майрамына арналган кече. Кечинде чоң залда өздүк көркөм чыгармачылыктын кружогунун катышуучулары концерт берип, анан бий болот. Көңүл ачык, бийлейбиз. Бий билген киши музыканын үнү угулганда эле байгеге чабылып жүргөн күлүк аттардай талпынып турат экен.

Моюнга алам, мен мурда бөөдө эле шаардык кыргыздардын мүчөгө куп жарашыктуу көйнөктөрүн чанып, жактырбай жүрүпмүн. Албетте, бул түшүнбөгөндүк экен. Сайракан экөөбүз шаардагы ательелерди кыдырып жүрүп, майрамга карата окшош материалдан көйнөк тиктирдик. Бойлорубузга куюп койгондой жарашты. Экөөбүз жаңы көйнөктөрдү кийип, көчөдө жанаша басып калганыбызда, кыздар, аялдар көздөрү күйгөндөй артыбыздан кылчайып карап калышат. А бейтааныш жигиттерчи?

Аманбайдын жаагыма чаап жибергенин Сайраканга да айтпадым. Ырас, ал анча-мынча көгөргөн такты көрүп: «Эмне болду?» — деп сурады эле, айтпай койдум.

Айткандан эмне пайда? Бул ишти өзүм гана чечишим керек. Койчу, бул жөнүндө ойлоп, чайыттай ачык көңүлүмдү кирдетким келбейт. Бүгүн кече, бүгүн концерт, бүгүн көңүлдүү бий болот... Күн тезирээк эле кеч кирсе экен.

Мен жасанып, таранып бөлмөбүздөгү күзгүнүн алдында турам. Негедир денемди кубаныч аралап, билинер-билинбес толкундайм. Сүйлөсөм, үнүм да дирилдейт. Баса, мага эмне болуп турат. Жүрөгүм кабынан суурулуп чыкчуудай дүкүлдөп, бир нерсени сезгенсийт. Же, бүгүн бийге барбай, бөлмөдө отурайынбы? Китеп окуюнбу? Эмне кылсам? Жок, антпейм. Менин элден эмнем кем? Же мен туткун белем? Ал өзү келип, чакыруу белетин тапшырып кетпеди беле? Мен эмне үчүн аны эстесем, аны алыстан көрсөм, дароо көздөрүм жалжылдап, өңүм өзгөрүп кетет? Ал сүйөм деп айта элек го. Же сүйүү деген тилсиз болобу?

Каалга ачылды. Сайракан үтүктөгөн көйнөгүн коомай кармап, босогодо токтой калып, башымдан аягыма чейин бир сыйра карап чыкты да:

— Сулуусуң! Сулуусуң! — деп тамашалады.

— Айтчы, Сакиш, көйнөгүмдүн арты бырышып калыппы?

— Кана, бурулчу. Жок, тептегиз. Бүгүнкү кеченин королевасы сен болот экенсиң да.

— Койчу, шылдыңдабачы,— деп асыла муштагыладым,

ал бөлмөгө тегерене качты. Каалга кагылганда биз орундарыбызда күлкүбүздү тыйып, токтой калдык.

Авазбек менен Туратбек кирди. Алар чымкый кара костюм кийишиптир. Гүлдүү галстуктары да окшош.

— Келе жаткан майрамыңар кут болсун!

Кол алышып көрүштүк. Авазбек менен Сайракан экөө алым-сабак айтышып жатат. А биз бир-бирибизди сынашкандай унчукпайбыз.

— Сен оозуңа талкан салып алгансыңбы ия,— деди Сайракан Туратбектин сөзгө аралашпай турганын биринчи сезип. Ал астыңкы жука эрдин тиштеп күлүп койду да:

— Биз силердей чечен эмеспиз,— деп айтып жиберип, кулагына чейин кызарып кетти. Ушундай уялчаак, тартынчаак кебетеси менен жалбырттап күйүп жаткан үйгө жулунуп кирип, эки баланы түтүндүн арасынан сууруп чыкканына таң калам.

— «Биз» дегениң эмне? — деп анын байкабай айтып алган сөзүн Сайракан жулуп кетти. Мен да осолдой түштүм. Ал айыптуудай мага жал-жал карап:

— Сайракан, барып турган эгоисткасың! Коллектив менен турганда «мен», «мен» деп көкүрөктү кага бериш жакшы эмес го,— деп камалган туюктан буйдалбай сөз таап кутулуп кетти. Ичимден «Азаматсың» — деп жактырдым да, анан ушул оюмду билдирип койдумбу дегендей аларга шектене карадым.

Биз көчөгө төртөөбүз бирге чыктык. Авазбек күлкүлүү аңгеме айтып, баарыбыз шаңкылдап күлүп, көңүлүбүз чак келатканбыз.

Мен кумсарып ларёктун жанында эки колун шымынын чөнтөгүнө салып турган Аманбайды көрө койдум. Алишер жанында экен. Менин күлкүм заматта басылып, демим кысталып, тымып калдым. «Гүкүш, өзүңө бекем бол!» — дедим чымырканып. Ал бир кадам бери аттады да, сөөмөйү менен бери кел дегендей белги берди. Мен арсар абалда калдым. Чынында эмне кылышымды билбей калдым. Жанына басып барсамбы, же кылчайбай өтүп кетсемби? О, бүгүнкү айбанчылыгын эстесем, ызам кайнайт, аны көрөйүн деген көзүм жок. Бар, колуңдан келгениңди кыл деп өтө бердим.

— Бери бас! — деген анын ызырынган үнү угулду. Жанымдагылар да токтоп калышты. Мен бир кадам алдыга суурулуп чыктым да:

— Сага ким керек? — дедим үтүрөйүп тиктеп.

— Мага сен керек, бери бас,— деди буйрук бергендей.

— Барбайм.



— Жүр дейм. Сүйлөшө турган сөзүм бар. — Ал жаныма басып келип, беркилерге мындай деди:

— Силер кете бергиле.

— Кетпегиле,— дедим мен аларга кайрылып.

Алишер жойпуланып Авазбекке жетип барып: «Гүкүш, бул жигиттин сүйлөшүп жүргөн кызы, кичине таарынышып калыптыр»,— деп жууп-жайкаганын угуп калдым да ага:

— Сиз ортомчу болбой өз ишиңизди билиңиз,— дегенимде, оозунан сөзү түшүп, бозоруп туруп калды... Мен бүткүл кайратымды жыйып:

— Кош, Аманбай. Экинчи мени издеп келбе. Кош! — деп колумду сундум. Ал колумду булкуп кармап:

— Эч жакка кетпейсиң. Жүр быякка,— деп сүйрөдү, мен артыма кетенчиктедим.

— Азыр коё бер! — деген Туратбектин үнүн уктум. Жок, ал бул опузадан чочуп кетпеди. Менин колумду бекем кысып, Туратбекке тике атырылды:

— Кечирип коёсуз, бул менин кызым.

— Эй дос, «менин кызым» дегениңе жол болсун? Гүлайым жеке менчик кызыңбы?

— Ооба...

— Бул эмне дегениң?

Ал сөз таппай калды.

Мен чымырканып колумду жулуп алып, ошол замат Туратбекти тартынбай колтуктап:

— Жүк, кеттик. Бий башталып калды,— дедим да, кан жутуп турган Аманбайга:

— Кош! — дедим.

Ал турган жеринде таш тиштегендей туруп кала берди. Мен кылчайып артыма карап койбой, өз баркымды сезип, башымды бийик көтөрүп, Туратбектин колтугунда бараттым. Куп өчүмдү алдым деп кубанып да коём.

Мен ошол күнкү кеченин аягына чейин Туратбек менен бийледим. Бирок, сыр чечишип сүйлөшпөдүк. Ал Аманбай жөнүндө териштирип сураган да жок. Жөн гана бир-бирибизге жалооруп карап, улам бийлей бердик.

Канткен менен жүрөгүм туздай ачышып, суз жүрдүм. Музыканын ыргагы менен бийлеп көп нерселер жөнүндө ойлодум...

## ЧООЧУН КИШИ

«Ким менен көңүлүң ынак болсо, ошол тууган».

*М. Горький.*

Акылай онунчу чырактын пастаган билигин жогорулатты да, терезенин пардасын ачып, лапылдап жаап жаткан карды көрдү. «Түн бою ушундай лапылдатса, бел курчоого жетип калат,— угулар-угулбас күбүрөп, сырт тарапка кулак түрдү. Ал суз болуп, кабагын бүркөдү. — Мындай куюнда кайда жүрөт? Дагы ким ооруп калды экен?» — деп терезеге чаба жааган карды телмире карайт.

Мына келет, ана келет деп Сапарды күтүп отуруп, каш карайды, анан ааламды караңгылык каптап, түн кирди. Сапар дагы эле келбейт... Акылай бүгүн бардык ишин жыйыштырып, күйөөсүнүн жакшы көргөн тамагы — чүчбара жасаган. Убакыт зымырап өткөн сайын ысык тамак да муздоодо. Акылай ичи түтпөй жол карайын деп эшикке карай басканда, оюнчуктар менен алек болуп отурган Тууганбек колдорун сербеңдетип, апасын ээрчий ыйлады. Жалооруп, ыйлаган уулунун үстүнө Акылай үйрүлө:

— Эркетайым, эшик суук, отура турчу, атаң көрүнөбү, карап келейин,— деп уулунун маңдайынан чопулдатып өөп-өөп, анан жүн жоолугун жамынып сыртка чыкканда, бет алды тоодон соккон кардуу бороон ачуулангандай демиктирди. Акылай бороонду көкүрөгү менен жиреп көчөгө чыкты да, ызгаардуу суукка калчылдап, Сапар келчү тарапты үңүлүп карады. Долуланган бороондун арасынан эч кимдин карааны көрүнбөйт. Түнөргөн кара түн сүрдүү да, кекерлүү. «Неге мынча кечигет? Өпкөсүнө суук тийсе эмне болот? Көчөдө калган жанды бул суук соо койбойт,— деп Акылай ыкчамдап үйүнө киргенде Тууганбек көз жашын көлдөтө босогонун жанындагы дубалга таянып, ацыраңдап ыйлап аткан экен.

— Жалгыз бойлуулугума жараша, сен жоош болуп калсаңчы,— деп уулун жерден лып жогору көтөрүп, боoруна кысты да, бир нерсеге нааразы болгондой сүйлөдү.— Сапар экөөбүз тең издеп табышкандай тоголок жетимбиз. Ушундайда каралаша турган бизде же бир тууганДарыбыз жок. Эч болбосо, бирибиздин апабыз тирүү болсо, эркетайым сызга олтурмак беле? — Келиндин жүрөгү сыздап, каңырыгы түтөп сүйлөдү. Уулунун көз жашын жең учу менен сүртүп, май куйругуна аста-аста шапалагы менен чапканда, Тууганбек кадимкисиндей каткырды. Уулунун жайдары күлкүсү эненин кейүүсүн бөксөрттү.



— Апаң сага кагылып жүрсүн,— Тууганбекти эки колдоп селкилдетти. Анан төрдөгү табуреткага отуруп, эмчек берди. Уулу баятан бери ушуну эле зарыгып күтүп тургандай, апасынын мамасын бекем чеңгелдеп, көзүн жуумуп эмип жатты.

— Эркетайым, сараң болот белемсиң?

Акылай ушинтип уулун эрмектейт. Тууганбек кулагын жапырып, үнчукпай эмип жаткандыктанбы, же караңгы түндөнбү, үй ичи ээндей түшкөнүнө Акылай чочулап, айланасын элеңдей карайт.

«Акылай колунан көөрү төгүлгөн келин, эр жигиттин аялы ушундай болсо, өмүрү армансыз»,— деп айылдын кемпирлери бекеринен айтып жүргөн жери жок. Акылай азыр да үй ичиндеги жасалгалары, буюмдары жарашыктуу жана өз орундарына коюлганына ичинен тоюп, ыраазы: «Жаңы жыл алдында гардероб алсак, тиги бош бурчка коём...» Анан айласыздан дубалда чыкылдап турган саатты көзү чалды.

Мынакей, саат он болуп калыптыр! Кайдадыр белгисиз тараптан шашып жаткан сааттын жебесин ал телмирип карап туруп: «Шашпа, балам, акыры үйгө келерсиң»,— деп кекенди.

Аңгыча сырткы үйдүн каалгасы шарак этип ачылды. «Акыры келет экенсиң го» — дегендей Акылай көгөрүп, ордунан козголгон жок. Тиги, сыр көрсөтүп, үйгө дароо кирбей жаткан Сапарга ансайын кекенди. Апасынын мамасын бекем чеңгелдеп эмип жаткан Тууганбек сырттагы дүбүрттү угуп, сереңдеп: «Ата, аталап» ички каалганын шарт ачылышын күтүп турат. Мына, азыр мынабу калдайган каалга ачылат да, анан ак карга чүмкөлгөн, колубуту үшүгөн Сапар кирет. Ал, албетте, кирип жөн мисирейип отура бербейт да! Табуреткада ага таарынып отурган жары Акылайды кучактап өбөт, чачтарынан сылап, анан эмне үчүн кечигип жүргөн себебин төкпөй-чачпай айта баштайт, эң аягында, чоң көздөрүн күлүндөтүп: Акылжаным, неге сабырың суз, бир жериң ооруп турабы? Эрте келет элем, айла барбы? — деп кечирим сурайт. Акылай да эч нерсени түшүбөгөн таш боор, кара мүртөз жан эмес да! Ал кадимкисиндей күйөөсүнүн мойнуна асылып, алкымынан өбө баштайт. Бул учурда Тууганбек сагынышкан ата-энесин жалдырап карап турат. Анан Сапар уулун жыттагылап, көкүрөгүнө кысат, мойнуна мингизет. Ошентип, бул үйдөгү азыр өкүм сүргөн суздук куулуп, күндөгүдөй көңүлдүү тиричилик башталат! Мынакей, каалга чертилди! Албетте, бул Сапардын өзү, андан башка ким

бул жети түндө келмек эле. Ал Акылай кантээр экен деп эле чоочун кишидей чертип жатпайбы? Ээ, Сапар, сен Акылайга сыр көрсөтө албайсың? Андан көрө жөн эле кире бер!

Каалга дагы чертилди. Сапардын маалкатканына Акылай кыжыры кайнап:

— Мүмкүн эмес! — деп кыйкырды.

Аңгыча болбой, каалга шарт ачылып, узун бойлуу, эски фуфайка, керзовый өтүк кийген, отуз бештер чамасындагы сакал-муруту алынбаган чоочун киши көрүндү. Ал үстүндөгү карларын күбүмүш болуп үйдү тегерете карап атты.

Үч уктаса түшүнө кирбеген бул чоочун кишинин кебете-кешпирин көрүп Акылай аз жерден кыйкырып жибере жаздады. Тууганбек да чоочун кишиден үрккөндөй сабыры суз, апасынын кучагына ыктады. Акылай ордунан кыймылдабайт.

«Түшүм эмеспи? Баса, бул ким болду экен? Же тааныш адамбы? Жок, ал бул кишини мурда эч жерден көргөн эмес. Уурубу?..».

Тиги чоочун киши Акылайдын ички сырын билгендей:

— Коркпо. Мен ууру эмесмин... — деп бери бир аттап, мештин жанындагы табуреткага отуруп, колдорун актады. Бир кыйладан кийин:

— Сапардын үйүбү? — деди.

— Ооба... Сапар... «Сапар кечигүүдө» деп айтып жибере жаздап анан чочулап мукактанды.

Чоочун киши угулар-угулбас:

— Жакшы,— деп күбүрөп, башын ийкеп, капыстан: — Өзү кайда? — деп катуу сурады.

«Эмне десем? Чынын айтсамбы? Же азыр келет десемби? Келбей калсачы!».

— Жумушта.

— Качан келет?

— Билбейм.

Чоочун киши андан кийин сүйлөгөн жок. Мештин оозун ачып, таш көмүрдүн кызарган чогуна телмире карап олтура берди. Чочугандай эски шымынын чөнтөгүнөн махорка алып, тамтыгы кеткен газетанын четинен айрып, шашпай чылым ороду. Анан чөнтөктөрүн сыйпалап, ширенке таппады. Чылымын көмүрдүн чогуна тамызып, көз кырын салат.

Деги чоочун кишинин оюна койсо, түнөрүп отура бергедней.

— Кечиресиз, мен сизди тааныпбайт экенмин. Сиз, кимсиз, айтыңызчы? — деди Акылай, кайра ичинен: «Капилеттен тааныш чыкса, уят болдум го». Чоочун киши өчөшкөндөй махоркасын буркуратып соруп-соруп, калган күйүндүсүн таманына басып өчүрүп, анан селейип карап отурган Акылайга:

— Менби?.. Мен... деди өзүнчө эле мешке көмүр ыргытып жатып. Таанибайсыңбы?

— Жок...

— Мен Сапардын бир тууган агасы Сатар деген болом. Эми, тааныдыңбы? — Акылайды мыскылдагандай тиктеди.

Акылайдын жүрөгү шуу этип, селтең эте түштү. Эңкейип көмүр салып жаткан чоочун киши Акылайдын бул абалын көрбөй калды.

— Сиз адашып кирип калып жүрбөңүз,— деген Акылайдын сөзүн угуп, ал башын көтөрдү.

— Менби?.. — Ал Акылайды коркуткандай сүйлөдү.

— Бул Абышалиев Сапардын үйүбү?

— Ооба, ошонун үйү.

— Бул анын уулубу?

— Ооба.

— Сен анын катынысыңбы?

Акылайга «катынысыңбы» деген сөз өөн учурады, ошон үчүн жооп катары «ооба» дештин ордуна, жөн гана баш ийкеди. «Ырас эле, менин өңүмбү же түшүмбү? Сатар деген агам машинадан учуп өлгөн деп, Сапар далай ирет айтпады беле? Бул соо киши эмес». Акылай коркуп, колдору калчылдап, кандай айла кыларын билбей калды. «Эл-журт барсыңбы, биздикине ууру келди!» — деп кыйкыргысы да келди. «Эгерде жаман ниети болсо, ушинтип отурмак беле? Мүмкүн, бир мусапырдыр, курсагы ачып кирсе керек. Анда эмне үчүн Сатармын дейт. Жок, жок бул чоочун кишиде кеп бар».

— Сиз машинадан учуп өлбөдүңүз беле? Качан тирилип келдиңиз?..

Акылай билген чындыгын жашырбай айтып, көзү алайып, муундары калчылдап коркуп отурду. Ал күткөндөй, чоочун киши ордунан секирип турган да жок, ай келин оозуңа карап сүйлө, мен сага өлүү көрүнүп турамбы деп чаңырган да жок.

— Ушундай дечи... Ушундай болгон экен да... — Дагы бирдемелерди ичинен күбүрөп, жалбыраттап күйүп жаткан отко жалынгандай маанайы пас отуруп, анан оң тизесиндеги эски тумагын башына каптап кийип, ордунан жай турду. Дагы бир жолу үй ичин суктангандай тегере-

те карап, бир нерсеге кейигендей, оор үшкүрүп башын чайкады да:

— Келчи, айланайын, эч болбосо уулуңардын маңдайынан өөп коёюн,— деп эки колун сунду. Акылай капыстан пайда болгон бул кишинин жоругуна аң-таң! «Өтө митаам көрүнөт»,— деп баягы эле ордунда селейип отурган Акылай жанындай көргөн уулун анын колуна бербестен чочулаганын билдирип койду. Чоочун киши түптүз эле унчукпай басып келип, Акылайдын колунда мостоюп турган Тууганбектин бетинен өбөйүн деп мойнун созгондо, ал чаңырып ыйлап апасына жармашты. Чоочун киши бөбөктүн ыйлаганына өзүн айыптуу дегендей унчукпай турду да, анан:

— Албетте, уулум, мен сага чоочун кишимин да... Сен эмес... — сөзүнүн аягын айтпай. — Кел, колуңду бер, эркектерче кол кармашып коштошолу,— деп Тууганбектин быйтыйган колун кысып, шарт бурулду да, босогого карай кере-кере арымдады. Акылай чоочун кишинин чын эле чыгып баратканын көрүп, шашып калды.

— Сиз күтө туруңуз, Сапар азыр келет.

Чоочун киши оң колу менен каалганын туткасын кармаган бойдон кайрылды, каңырыгы түтөгөндөй, ыйламсырагандай сүйлөдү:

— Мени айтасыңбы?.. Жок, мен бул үйгө таптакыр чоочун адаммын. Менин келгенимди Сапарга угузба,— деп каалганы ачып, андан дагы жаап: — «Төө көрдүңбү? Жок. Бээ көрдүңбү? Жок». Ушундай болсун ээ — деп бурулуп сүйлөгөндө бетинен төмөн карай бир эки тамчы жаш кулаганын Акылай даана көрүп, деңдароо боло түштү.

— Токтоп туруңуз! — деп ал кыйкырганча болбой, чоочун киши каалганы катуу жаап, чыгып кетти.

«Ой, тобо, менин өңүмбү, же түшүмбү». Акылай айран-таң, уулун көкүрөгүнө бекем кысып, үйдүн ортосунда селейип турат. Жаш бөбөк да укмуштуу окуяны сездиби, айтор заматта жылдызы жерге түшүп, кабагы бүркөө апасына жалооруй карайт. Мындан бир аз мурдагы эне-баланын мээримдүү жылмаюулары, үйдө өкүм сүргөн ырыс-берекелүү кубаныч жанагы, чоң өтүкчөн чоочун кишини ээрчий кеткендей үй ичи суз да, көңүлсүз. Чын эле Сапардын бир тууган агасы болсочу? Койчу, өлгөн адам тирилчи беле? Жок, жок. Андай кереметттүү окуялар укмуштар жомоктордон учурайт. Мурду, көздөрүнүн кош каттуулугу Сапарга окшош. Окшоштор толуп жүрбөйбү... Жатарга жай таппай, адашып жүргөн чоочун киши,— деп өзүн ишендирүүгө канчалык аракет кылса да, бул шумдуктуу окуя анын жүрөгүн өйүй берди.

«Анда эмне үчүн Сатармын деп келип отурат? Эмне максат менен?» Акылай үчүн бул суроо табышмак эле. Уулун отургуза коюп, жүн жоолугун жамынып, чоочун кишинин артынан чуркап чыкты. Бет алдыдагы соккон бороонду көкүрөгү менен жиреп баратып да: «Эмне үчүн?» деген суроого жооп табалбады. Көчөгө чуркап чыгып, эки жагын элеңдеп караса, чоочун киши колуна тумагын кармап, мас кишидей төмөн карай басып баратыптыр. Анын бул айласыз абалына Акылай боору ооруп, үнүнүн жетишинче: «Токтоңуз!» деп кыйкырды. Ал укту бейм, артына бурулуп, токтоп турду да: «Төө көрдүңбү, жок. Бээ көрдүңбү, жок» — деп кайра өзүнүн жолуна түштү. Акылай артынан чуркап барып, асылып атып болсо да үйгө ээрчитип келейин деп ойлоду, бирок ошол замат аңылдап ээрчип ыйлап калган уулун эстеп, үйүнө шашты. Акылай ойлогондой Тууганбек жер чапкылап ыйлап жатыптыр. Апасын көрүп, андан бетер долулугун карматты. «Сени ким ыйлатты? Жанагы чоочун кишиби? Ошону менен азыр урушуп келдим» — деп Акылай уулун сооротту. Ал өпкөлөгөн уулун таптап отуруп чоочун кишини эстебейин деп аракет кылса да, анын темтеңдеп басып баратканы көз алдынан кетпейт, чиеленишкен суроолор чубалжыйт.

«Мүмкүн Сапар кандайдыр белгисиз себептер менен тирүү агасын өлгөн деп жүргөндүр? Жок, Сапар андай жүзү кара эмес. Анан, жанагы киши ким?..» Акылай ушул суроого келгенде эле, туюк аскага камалат.

Менин шашмалыгым качан калар экен? Чоочун кишини курсагын тойгузуп, сыр билдирбей алаксытып отура берсем, акыры түн жарымында болсо да Сапар келет эле го. Маселе өзүнөн өзү чечиле калмак. Тууганбектин үргүлөп баратканын көрө коюп:

«Эркетайымдын уйкусу келген турбайбы, тата кылайлык». Акылай оң жамбаштап мээримдүү обонун ыргагы менен созуп, көшүлүп бараткан уулун алдейлесе да, ойлору алда кайда чубалжыйт, алыскы мейкиндиктерде закымдап канат сермейт. Сапар менен кантип таанышканы эриксизден эске түшөт...

Акылай эки жылдык мугалимдер институтун бүтүп, азыр жашап турган тоо арасындагы элет айылга келген жылы. Жаңы врач келиптир дешкенин угуп, ага анча деле көңүл бурган эмес. Кайсы бир күнү кептен кеп чыгып отуруп, мугалимдердин бирөө: «Жаңы врач ачуулу неме кө-

рүнөт. Жаш балдарга жакшы шарт түзүлгөн эмес деп, келбей жатып райис аке менен урушуптур», — деген. Жакында пенсияга чыгууга, камданып жүргөн такыр баш мугалим мыскылдагандай:

«Андай тоону томкором дегендердин далайын көргөнбүз. Жаштардын баары эле алгач жулунуп келишет, анан жыл айланбай, шарттан чыгууга болбойт экен, аксакал дешип, өздөрү кол беришет»,— деп папирос тартып жатып, чубалган көк түтүн арасынан Акылайды сынагандай көз кыйыгы менен караган.

«Сиз жаштардын баарына жалаа жаппаңыз»,— деген ошондо Акылай сылык гана сөздүн кыябын таап. Анда тигил мугалим: «Кызым, сени да учурунда көрөбүз»,— деген. Акылай «көрүшөбүз» деп тайманбай чакырык таштайын деп, ичинен: «Атамдай киши менен айтышуудан не пайда. Кимдин кандайлыгын турмуш өзү көрсөтөр,— деп кастарланган. «Кандай болбосун, ошол жаңы врач жигит менен таанышуум керек»,— деп ичинен тымпыйган.

Албетте, Акылай аны менен бир жолу сырдаш болууну самаган эмес. Кандай деп айтса болот?.. Жөн эле... Мындай бүдөмүк ойлор, эңсөөлөр ар бир адамдын күндөлүк турмушунда кезигет го!

Акылайдын чолосу тийбей, анын үстүнө учуру келбей, жаңы врач менен тааныша албай жүрдү. Бир күнү түштөн кийин мектептен бою оор тартып, үйгө чыйрыгып кайтты. «Ушуну шылтоолоп жаңы врачты көрүп келейинби?» деп, анан дагы: «Чымын тийбес чыңкылдак неме экен дебесин. Ошентип барбай, үйгө келип, окуучулардын кыргыз тили боюнча жазган диктанттарын көгөрүп текшерип отура берди. Каш карайганда, чын эле ооругандыгына көзү жетип, бир жашаган орус кызга айтты. Ал термометр менен Акылайдын дене ысыгын ченеп көрүп:

— Акылай, сен жаныңан тойдуңбу? 39 градус!.. Экөөбүз дагы жашашыбыз керек. Мен врачка кеттим,— деп кийинне баштады. Акылай каршылык көрсөтпөдү. «Мейли ооруунy шылтоолоп, таанышып алайын...» — деп анан өзүнөн өзү уялып: — Мен жинди болуп калганмынбы, ой тобо, мынча эмне жаңы врачка кызыгып калдым? Кызык... Өзүм да түшүнбөйм. Жок, эч качан андай болбойт... деп жуурканга чүмкөнүп, көзүн жумган. — Жети түндө келмек беле? Ал дагы эс алышы керек да».

Жарым саат өтпөй эле каалга тыкылдап, жаңы врач орус кыз менен үйгө кирди. Арык чырай, көздөрү күлүңдөгөн, кырдач мурун, кара плащ кийген жигит унчукпай баш ийкеп, аспаптары менен Акылайды көрүп жатты.



— Ай, ай... Нааразы болгондой баш чайкады.— Караңгы кишилер го түшүнүшпөйт. А сизчи?.. Сизден муну күткөн эмесмин... — Андан ары сөз таппадыбы, айтор карап турду. — Сасык тумоонун татаалданган түрү. Мен үйдөн түз келдим. Медпунктка барып келейин,— деп ордунан турду.

— Убара болбой эле коюңуз, ушул дагы кеп бекен.

— Бул убарачылык эмес, бул менин ыйык милдетим,— деп шашып чыгып кетти.

Жаңы врачтын орой айтылган сөзүндө өз ишине берилүү, адамдарды сүйүү бар экендигин Акылай айттырбай түшүнүп, ого бетер ичи жылыды. Врачтын тезирээк эле келишин чыдамсыз күттү. Анын орой кейиптенген сөзүн уккусу келди... О, бир кыйладан кийин врач шөмтүрөп, суу болуп үйгө кирди. Анткени, күзгү жамгыр нөшөрлөп жаткан...

Врач Акылайга тийиштүү дары-дармегин берип, жолжобосун түшүндүрүп:

— Эртеге сабакка барбайсыз. Директорго атайы жолугуп, айтып коём,— деп анан жылмайып. — Келери да тез, кетери да тез, куюндай неме экен деп ойлобогула. Мени сыртта чабарман күтүп турат. Өйүзгү айылга баратам... Кийин үйүңөрдөн кетпей да жадатармын,— деп чыгып кетти.

«Ырахмат да айтканым жок... Эч болбосо, атыңыз ким деп сурап калбайымбы? Менин ашкере тартынчактыгым качан калар экен?.. Тартынып жүрүп, бардык нерседен кур калар бекенмин?..»

Акылай бети чымырап, билинер-билинбес кызарды.

«Мен эмне деп жөөлүп жатам. Эмнеден кур калмак элем?.. Албетте бул ысытманыкы...» Ал жаңы врачты унутуп, азыр башка нерселер, окуган китептерин, көргөн кинолорун жана окутуп жүргөн балдарын ойлоого аракеттенди. Ошол замат түндүк тараптагы терезе тык-тык этти. Акылай башын көтөрсө, жолдош кызы уктап калыптыр. Терезенин тыкылдоосу басаңдабай, кайра күчөдү. «Жети түндө биздин терезени тыкылдаткан ким болду экен? Билдим, билдим. Нөшөр жамгыр чаба жаап жаткан турбайбы? Бирөө десе...» Көзгө сайса көрүнгүс нөшөрлүү түнү ооруларга каяша айтпай жөнөгөн врачты эстеди. «Байкуш, азыр сууга түшкөн чычкандай шөмтүрөп каерде баратты экен? — деп ага боору ачып, кайра: — Баса мен дагы жөөлүп жаткан турбайымбы? Эл үчүн жанын үрөп, жылуу төшөгүнөн, таттуу уйкусунан безип, нөшөрлүү түндөрү оору менен беттешкен киши байкуш болмок беле?

Шөмтүрөгөн чычканга салыштырганымы кара?.. Өмүрлүк жан жолдошуң дал ушундай эл үчүн жанын аябаган эр азамат болсо... Баса, врачтын же сүйгөнү, же колуктусу бар болду бекен? Ботом, мага анын эмне тиешеси бар?»— деп чаба жааган жамгырдын тыкылдагын бир топко тыңшап жатып, көзү уйкуга чалынды...

Эртеси Акылай уйку-соонун ортосунда жатканда терезе тыкылдады. Жамгыр дагы эле басыла элек турбайбы? — деп оң жамбашына оонады. Терезе дагы тыкылдады. Көзүн ачып, терезеден бирөөнүн шыкаалап турганын көрдү. Акылай врачты жазбай тааныды. Ал керебеттен шашып туруп, халатын кийип, каалга ачып, врач менен учурашты. Анын көзү киртейип, уйкусу канбаганы билинип турду.

— Ден соолугуңуз жакшыбы? — деп жай сурады.

Акылай ысытмасы жоголуп, көңүлү ачыктыгын айтып, үйгө ээрчитип кирди. Ошол күнү врач күн жайылгыча сүйлөшүп отурду. Ал өзгөчө тамашөкөй, шайыр, сөздү чукугандай тапкан неме экен. Фрунзедеги мединститутту жаңы бүтүрүп, өз каалоосу боюнча тоо арасындагы ушул айылдагы медпунктка башчы болуп келиптир. Динге башы чырмалган адамдар медицинага баа бергендигин, ырымжырымга ишенгендигине жаны ачышат.

— Кызык адамдар бар. Оорур замат врачка келишпейт.

Алгач эмчи-домчуга көрүнүп, акыры айласы түгөнгөндө врачка чуркашат. Албетте, бул учурда кесел белгилүү стадиядан өтүп кеткен болот. Анан келет да, доктур кыйын болсоң айыктыр мени дегендей жүгүн артат. Алар мал кыядан өтүп кеткен учурда медицина кээ бир ооруларга тиши өтпөй каларын түшүнүшпөйт...

Врач күн жайылып калганын терезеден көрүп:

— Мени кишилер күтүп калбасын, барайын. Менин өз атым Сапар. А сиздикичи? Акылай. Абдан жакшынакай ат экен? Тааныш болуп жүрөлү. Биз жакка да барыңыз,— деп шыпылдай басып ишине кетти.

Күндөр сызып, айлар өткөн сайын эки жаштын ынтымагы чыңалып, убадасы бек болуп, ошол жылы кышында баш кошушкан. Мезгил чымырап учат. Ана-мына дегенче болбой үч жыл өтүп кеткен тура! Бирок, мезгил текке кеткен жок. Сапар күнү-түнү дебей тоо арасында желип жүргөн оорулар менен күрөшүп, далай адамдарды айыктырды, далайлардын алкышын алды. Түн жарымында да ат чабар келип: «Сапаш, иш чатак» десе, моюн кайрыбай, сүйгөн жардын жылуу койнунан турат. Ошол үчүн, эл аны жергиликтүү Советке депутат кылып шайлашты...



Ушулардын бардыгын Акылай көз алдынан элестетип: «Сапашым андай жүзү кара эмес» деген жыйынтыкка келет. Бирок, жанагы чоочун кишинин ким экенине акылы жетпей, башы катып жатып, көзү илинне түшкөндө, төмөнкүдөй түш көрөт:

...Акылай Тууганбекти бооруна бекем кысып, Сапарды издеп жүрөт.

Сыягы, майрам күнү болсо керек, элдин баары жаркылдап кийинишип, эки-экиден колтукташып, кол кармашып, кээлери көчөлөрдө эле ырдап-бийлеп, ойноп-күлүп жүрүшөт. Акылай жолуга калган тааныштардан: «Сапарды көрдүңөрбү?» — деп сураса, жок дешкендей ийиндерин куушурушат. Акылайдын айласы түгөнүп, эмне кыларын билбей шалдырап турганда кулагына тааныш үн угулду. «Сапашымдын үнү!» деп карай калса, оропарасында Сапар ойсондогон аял менен эзилишип сүйлөшүп келатат. Оң колун ал аялдын мойнуна артып алган. «Бул ким болду?» деп Акылай көз ирмебей карайт. Беш-алты кадам калганда Сапар Акылайды көрө коюп, чоочун кишидей кырын салып, тигил аялга өпкө-жүрөгүн какчудай эпилдеп сүйлөп өтүп баратат. «Мына бул менин кадимки Сапашымбы, же чоочун кишиби? Кудай-ай, чоочун киши болгой эле» деп Акылай денеси калтырап, колдору калчылдап турганда, Тууганбек атасын көрө коюп, ага талпынат.

— Ата, Ата! Биз мындабыз.

Сапардын жанында кыналган чоочун аял ойсоңдоп, каштарын серпип, тигилер ким дегендей белги менен Сапарды акырая карайт. Сапар оозу-мурду кыйшайбай:

— Чоочун немелер го, таанybайм,— деп далысын карат. Күйөөсүнүн сөөктү сыздаткан сөзүнө жаны ачып:

— Сапаш, экөөбүздүн үч жылы өмүр сүргөнүбүздү, чырактай уулуң Тууганбекти унутуп калдыңбы? — деп Акылай бат-бат сүйлөйт. Сапар камырабайт.

— Кечиресиз аяш, мен сизди биринчи жолу көрүп турам, доооматыңызды илешкен жерге кылыңыз.

— Сенин мындай жүзү каралыгыңды билген эмесмин,— Акылай шолоктоп ыйлап жиберет да, күтүлбөгөн жерден кайраттанып: — Сотко берем! — деп чамынат.

Тигилер бирин-бири карашып, Сапар шылдыңдагандай:

— Акылдуу аяш, ар нерсеге документ керек, экөөбүздүн эрди-катындыгыбызды далилдей турган нике кагазыңыз барбы? Албетте жок. Демек, доооматыңыз арык аттап, суу кечпейт,— деп тиги аялга карайт. Ал ойсоктоп күлүп, кыпкызыл редикулунан бирдемелерди алып чыгып:

— Сиз менин күйөөмө көз артпаңыз. Ишенбесеңиз мынакей, биздин никебиз жөнүндө күбөлүк. Көзүңүздү чоң ачып, окуп коюңуз? — деп көрсөтүп, кайра тез тартып алат.

Акылай эмне дээрин билбей көз жашын төгөт.

— Ата! — деп Тууганбек Сапардын артынан ээрчип ыйлайт. Тигилер кылчайып койбой шыңкылдап күлүп баратышат. «Кудай ай, ушул окуя түшүм болуп калгай эле» — деп Акылай жалбарат...

Түштүн ушул жерине жеткенде, каалга такылдап, Акылай чоочуп ойгонду. Жүрөгү дүкүлдөп, көз жашы жаздыкка аябай тамыптыр. Ыйлагандыктанбы, деми кысталып, сүйлөй албай энтигет: «Түшүм турбайбы?» — деп сүйүнүп турганда, каалга да кагылды. «Сапар го» деп жаңагы беймаза түшүн эстеп, желкеси тырышты: «Баса, бул жети түндө кайда жүрөт темселеп» деп ордунан ныксырап туруп, каалганы ачарда:

— Бул ким? — деди.

Акылай өзүнүн кардыккан үнүн угуп, таң калды да, бат-бат көз жашынын тактарын аарчыды. Сапардын үнүн угуп, каалганы ачып, босогодо үстү-башы кар болуп, күйөөсүнүн үшүгөн кебетесин көрүп, ичинен аяса да, кадимкисиндей илбериңкилик менен сырт кийимин чечкен да жок, мойнуна асылган да жок. Акылай кабагын бүркөп барып, төшөгүнө жүстөмөнүнөн тийди. Сапар үстүндөгү калың карды күбүп, пальтосун илип, анан отуруп өтүгүн чечип жатып, Акылайдын кеп-сөзгө келбей тетири карап жатканын көрүп; «Аябай зарыгып күтсө керек,» — деп ойлоду. Акылайдын жанына отуруп, аны кытыгылады эле, ал мурдагысынан беш бетер ыргыштап, оң карабай койгондо:

— Сыртта көз ачырбай бороондоп жааган кардын эпкини үйдө бар окшойт. Билбептирмин,— деп Сапар азилдүү какшыгы менен Акылайды чымчыды.

Акылай тымпыйып жата албай, анын какшыгына жаны ачышты бейм:

— Жети түнгө дейре кайда жүрдүңүз, агай? Мүмкүн болсо айтып берер бекенсиз? — Акылай бирдемеге таарынганда, Сапарды «сиз» деп сүйлөп, жалынмайынча какшыктай берет. А Сапар болсо, анын жеңил-желпи какшыгына терикпей, кайда жүргөнүн, кимге жолукканын, эмне үчүн кечиккенин, баарын төкпөй-чачпай айтып берет. Анан Акылай жазылып: «Сапашым, кечирип койчу, менин пейлимди билесиң го» — деп анын мойнуна асылып, жаркылдап-жайнап күлө баштайт. Сапар эч убакта аялынын



бул «терс» пейлине ачууланбайт, кайра жактырат: «Акышым ак көңүл, ичинде эмне болсо, ошону бетке айтып, анан тынат, тымпыйбайт».

Бирок, ал Акылайдын азыркыдай кекээрдүү көз карашын мурда көргөн эмес. Баса, Акылай минтчү эмес эле го? Жүрөк жаралаган ушак араладыбы? Эмне жөнүндө? Кичине эле чийинден тышкары артыкбаш сөз укса, Акылайдын өксүп-өксүп ыйлоого даяр тургандыгын, Сапар анын узун кирпиктеринин далдасында кылгырган көздөрүнөн даана көрүп, айран-таң.

Сапар көзүнө карай түшкөн узун коюу чачын оң колу менен артына кайпып, жай сүйлөдү.

— Мен эмне, бүркүт салып, түлкү улап жүрдү дейсиңби?

— Мүмкүн, кыядан качкан кызыл түлкүлөрдүн артында жүргөндүрсүз.

— Сен бүгүн соо эмессиң го,— деп Сапар күлүп коюп, анан Караколдо бүгүн эле ичи ооруп, тырышып жатып калган бир аялга барып, ал сокур ичеги болгондугун, аны районго алып барып, операция жасагандыгын айтып бүтүп: — Менин жазыгым эле, сага кабар бербегендигим. Кабар берүүгө мүмкүн болбой калды,— деп чарчагандан чаалыккан кишидей оор үшкүрдү.

«Өйдө-төмөн күйүгүп чуркап жүрүп, азып кетти» —деп ичинен аяп, чоочун кишини купуя сактап, күйөөсүнө атайы жасаган тамагын алдына койду. Сапар алдындагы тамакты бат эле жеп алды да, курсагым тойду дегендей сүлгүгө колун аарчып, анан чалкалап уктап аткан уулунун бетинен чопулдатып өптү:

— Тууганбек жумушка кетерде да уктап атса, кеч кайтсам да уйкуда болсо, бир күнү сендей атам жок деп жүрбөгөй эле. — Сапар каткырып күлдү.

Акылай чоочун киши тууралу кантип кыябын таап айтам деп туюкка камалып отурган болчу, ал эми күйөөсү капилет эле кепти ошол сыпатта баштаганына ичинен кубанып, учур өзү келди, балким, ал Сапарга жолуккандыр деп күдүктөнүп:

— Таанибай калышы да ыктымал. Бала атасын тартпай койчу беле,— деди жыландын башын кылтыйтып тымпыйды.

— Ал эмне дегениң? — Сапар ормоё карады.

— Кээ бирөөлөр тирүү агасын өлүп калган дешип, баш көтөрүп басып жүрбөйбү?

— Ал ким экен?

— Мен кайдан билейин. Биздин айылда ошондойлор

бар имиш деп уктум. Жалган-чынын ошол өзү айтып берет да.

«Сапар кантер экен, танар бекен же ырастар бекен?— деп Акылай күйөөсүн астыртан сынайт. Сапар ойлонуп көпкө отурган жок.

— Неге мени тиктирейип карайсың? Кантер экен деп сынап турасыңбы? Менин тирүү бир тууганым жок. Уктуңбу?

А кечиндеги чоочун киши анда ким болду экен? Эмне максат менен кирди? — деп Акылайдын оюу чалды-куйду болуп:

— Сапар менин бир тууган иним деп, биздин үйгө келип кетти Сатар кайнагам,— деди.

Сапар бир оокумга аялына эмне деп жооп айтарын билбей үнсүз жер карап турду.

— Ырас эле келдиби?

— Ооба.

— Кайда кетти?

— Билбейм.

— Түрмөдөн качып чыгыптыр?

— Айткан жок. Сапаш, билет турбайсыңбы. Айтчы, экөөң бир ата-энеденсиңерби? — деп Акылай жалдырап күйөөсүнүн мойнуна асылды.

Сапар тердеп-тепчип:

— Ырас, экөөбүз бир ата-энеденбиз, атыбыз эле далилдеп турбайбы: Сатар, Сапар. Бирок, ал мага бир тууган эмес, чоочун,— деди түнөрүп.

Акылай эмне дээрин билбей, көздөрүн алайтып:

— Сапаш, бул эмне деген кебиң? Кудай жалгагыр, деги соосуңбу? — Акылайга азыркы түшүндө Сапар айткан сөз угулду: «Факт, документ керек!» Сапар аялына калп жылмайды да, капкара көздөрүн ойноктотуп:

— Акышжан, сопсоомун.

— Сен менин турмуштагы идеалым эмес белең, ушуну күттүм беле? — Акылайдын көз жаштары буурчак-буурчак болуп, беттеринен салаалады.

— Бул өтө кайгылуу окуя, негедир сага атайылап айткан эмесмин. Ооба, айтуунун да кажети жок болчу. Азыр төкпөй-чачпай айтып бербесем, сенин көз жашың кургабас,— деп Сапар бир кыйлага эки колу менен төбөсүн чеңгелдеп, бүлбүлдөгөн окуяларды, элестерди эстеп жаткандай шыпты телмирип карайт.

...Көпөлөк кубалап, адырлуу тоонун жайнаган гүлдөрүн терген, шылдырап аккан тоонун тунук булактарына жуунуп, эс-көңүлдөн чыккыс жыргалга баткан кайран күлгүндүү бала чак! Аттиңай, дагы бир жолу кайрылып



келсеңчи! — деп кээ бирөөлөр муңканып калышат. Мен да, эрксизден көзүмдү жумуп, өмүрдүн оюн-тамашага бай ошо учурун эстесем, көз алдыма ач көз жоонун жазасын берүүгө кыжырлуу аттанган аталарыбыздын, агаларыбыздын, белди бекем бууп, эркектердин ордун басып, талыкпай кетмен чаап, орок оруп, кош айдаган, араба тарткан апалар менен эжелердин муңайым кебетелери элестейт. «Аялдарыбызды кейитип жесир, балдарыбызды босортуп жетим кылган бетпак душман асти оңбосун!» — деген карыялардын каргышы угулат.

Ата Журттун башына оор түйшүк түшүп турганда, бала чак сайрандуу болмок беле? Тиги майданда аталары кан кечип, ажал менен кармашып жүрүшсө, алардын балдары көпөлөк кубалап, адырлуу тоонун гүлдөрүн терип жүрмөк беле?..

...Ошентип атам тизесинен кан кечип, жоо менен беттешип жүрөт.

«Биздикилер бетпактарды өз жерине кубалап барып калышты. О, журт, ырыс-таалайыбыз бар экен, бейпил күнгө аз калды. Бел байлагыла! Жакын арада тууган-уруктар жеңиш менен айылга кайтып келишет! — деп бригадир Баймат аке эртели-кеч өйдө-төмөн өткөндө кыйкырып өтөт. Баймат аке кызык киши! Анын бул кебин бирөө угуп жатабы же жокпу, аны менен иши жок. Сары быштысын текирендетип баратып, ар бир үйдүн жанынан өткөндө коңур үнүн бийик чыгарат.

«Кудайдан атаңын алты саны менен аман келишин астейдил тилеп жүр, балам, а жараткан наристенин тилегин эки кылбайт имиш»,— деп апам күнү-түнү кулагыма куят. Мен ансыз да атамын тезирээк эле үйгө эсен-аман кайтышын тилеп жүрөм, анткени, мен бозоруп жетим болгум келбейт...

Жүрөгүм өрөпкүп, уйкум качып, ооналактап жата берем. Азыр атам эмне кылып жатат болду экен, мүмкүн бир немис менен кармашып, аны көтөрүп уруп, атасын Үч-Коргондон көрсөтүп жаткандыр. Же... Жок, кудайым анын бетин көрсөтпөсүн деп күбүрөп жиберем. Камырабай жанымда коңурук тартып жаткан Сатар уйку арасында бөйрөгүмө нукуйт:

«Келжиребей уктабайсыңбы?» Ага каяша сүйлөштөн коркуп, үнчукпай жата берем. «Эч качан андай болбойт; менин атам баарынан күчтүү, ар кандай адамды уруп коёт» — деп жыйынтык чыгарам. Ошол учурда мемиреген түнкү тынчтыкты бузуп, күн күркүрөп, жамгырдын шоокуму угулат.

«Жаркыраган жаз да келип калды! Талаа жайнап, козу карындар бадырайды. Тезирээк эле таң атса экен?» — деп кыялданып жатып уктап кетипмин.

— Айрыкча, ошол жылкы жаз өзгөчө болуп, бак-дарактар көз тойдуруп гүлдөгөн. Карап эле отура бергиң келет!

— Май майрамы да кыстап калды, ноопасыбызды сатып, кийим-кечек алайлык. Аз күндө атаңар да келип калат, мен жокто таза азып-тозупсуңар го деп бизди мазактап жүрбөсүн. — Апам Сатар экөөбүзгө жылмаюу-муңаюу аралаш карады. Мен апамдын ошол муңайыңкы дидарын эч качан унута албайм. «Бул согуштун айынан не деген кыйынчылыктарды баштан өткөрбөдүк! Ырас, мээнетибиз текке кеткен жок! Жакын арада бетпак душман чөгөлөйт, атаң алты саны соо кайтып келет! Ошентип, илгерки бейпилдик кайрадан башталат. Кудайым, батыраак эле ошол күнгө жеткирсе экен!» — деген ырайымдуу, аянычтуу көз караш бар эле. Апамын албырган жүзү заматта томсоруп, кирпиктери жашка толо түштү. «Апа, ыйлаба» — деп этегине оролуп өзүм да өкүрүп жиберипмин. Сатар сокунун үстүндө бутун кайчылаштырып, махорка чегип, анын түтүнүн асманга буркуратат. Апам көз жашын көйнөгүнүн жең учу менен аарчып:

«Жүрөгүм, кабына батпай эле туйлайт! Кудайым, ошол тилекке жеткирсе экен»,— деп муңая сүйлөйт.

Сатар махоркасынын түгөндүсүн согончогу менен тебелеп: «Жүрөк туйлайбы же туйлабайбы атасынын көрү, маңдайга жазганы болот да. Андан көрө ноопазды сатып, жаркылдап кийинели. Мынабу жылаңайлак бутту көрчү» — деп, апам тарапка бутун соройтуп сунду да, чырт түкүрүп койду. «Чоң атамдай камырабайсың»,— деп апам Сатарды жемелесе, анткор күлүп: «Апа кызык сүйлөйсүз да. Мен камырасам да, камырабасам да маңдайга жазган өзгөрүлбөйт». Апам аны тикирейип карап туруп: «Ошондой болсо да, ак үмүт жакшы, балам, али жашсың»,— деп өзүнчө күбүрөп, анан эртеси Сатар экөөбүз ноопазды жетелеп базарга барарыбызды айтты.

Ак жолубуз ачылып, ноопазыбыз ишке жарап, апамын буйругу боюнча Сатар экөөбүз ээрчишип базарлык кылдык. Ырас, Сатар беш жүз сомчону ууру чөнтөгүнө салып: «Эгер апама айтсаң, менден көрөсүң,— деп кекетип,— сен кете бер, мен кеч барам»,— деп базарда калды. Алыстан эле биздин үйгө чыгып-кирип жаткан катын-калачтарды, чалдарды көрүп; «Атам келиптир?» — деп дароо ойлонуп, чымын-куюн болуп чуркап жөнөдүм.



Ал-күчүмдү жыйнап, канчалык чымыркානып чуркасам да жолум түшкүр арбыбайт. Ансайын жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй жулунат. «Атам мени таанып бекен! Азыр жолумду карап турса керек. Мойнуна асылып, түк коё бербей ыйлай берейин. Атажан, сени көрөр күнүм бар экен, мен кандай ырыс-таалайлуу баламын! Мен жетим эмесмин! Атам эсен-аман кайтып келген турбайбы? деп чуркап келатам, ойлоп келатам. Анаке, үйгө жүз метрче калды. Эки бутум араң эле тыбырагансыйт. Ага да карабайм. Итибиз Кумайык мени көрө коюп, утурлап чуркап келди.

«Биринчи сүйүнчүнү сага берем, Кумайык»,— дале болбой чуркайм. Үйдүн алдында айылдын аксакалдары топтолушуп туруптур! Аскер кийимчен алардын арасынан көрүнбөйт. «Атам үйдө турбайбы, капилеттен барып мойнуна асылганымды бир билсин». Өпкөм көөп күйүгүп, маңдай терим чыпылдайт. Тиги топтолушкандардын эч бирөө: «Атаң келди, сүйүнчү бер»,— деп кыйкырбайт. «Дубана таарынса, куржунуна зыян», аларга кыжырланам, «Атам келдиби?» — деп жалпысынан сурадым. Алар бир пас унчугушпай сестейишип туруп калышты. Четин деген аксакал жашый түшүп, тетири бурулуп кетти. Бригадир Баймат аке: «Үйдө, уулум, үйдө»,— деп мени шап көтөрүп, бооруна кысканда, апам бечаранын чаңырып ыйлаганын угуп, мен да озондоп бакырып, тыбырчаладым. Баймат аке мени бекем кучактап: «Сабыр кыл, уулум, сабыр кыл»,— деп акыл айтат да, өзү каңырыгы түтөп ыйлайт. Бир убакта апам экөөбүз жанаша отуруп калыппыз. «Атаңдан айрылдык, бетпак душман оңбосун!» — деген апамдын үнүн угам, жүзүн көрө албайм.

Сатар кечкурун көз байланганда ылжып мас болуп, темтеңдеп үйгө кирди. Апам экөөбүздүн ыйыбызды угуп, ал да өкүрүп ыйлап, отургандарга: «Аксакалдар, өлгөндүн артынан эч ким өлө албайт. Насип ушул экен, маңдайга жазган ушул экен!» — деп кайра өзү аларга көңүл айтат. Баятан бери каңырыгы түтөп олтурган Баймат аке ачууланып: «Сен бизге акыл айтканыңды кой. Өлгөн адам тирилбесин биз билебиз. Ушул дагы кеп бекен. Чоң болгонуң менен ушул чычкандай үкөңчө акылың жок сенин. Ормон ыраматылык сен туулганда:

«Мынаке, мен уулдуу болдум. Эгер ажал жетип, күн бүтсө, ордумду басат, атакелеп, таяк майыштырып ыйлайт»,— деп аябай кубанып, бизге арак алып берген эле. А сенин кылганың бул,— деп жемелеп кирди. Сатар Байматакеден жалтанчу, ошон үчүн унчукпады окшойт.

Кеп, мындай болуптур. Кара кагаздын келгенине үч күн болгон экен. Айыл аксакалдары кантип угузуунун айласын табышпай, дем алыш күндү туура табышыптыр.

«Кенже лейтенант Карымшаков Ормон Германиянын Н. шаарындагы катуу салгылашууда эрдик менен курман болду. Ормон эч нерседен тайманбаган эр жүрөк жоокер эле. Анын ысмын ата мекен унутпайт» деп кара кагазда жазылган катты кийин окудум.

Атамды угузгандан эки аптадан кийин эле согуш бүтүп, жеңиш күн келди. Аттиңай, төрт жыл катар согушуп, согуш бүтөрүнө аз калганда атама ок жаңылганын кантесиң. Апам бечара ушуну айтып эле арман кылып, ыйлай берет.

Ток пейилдүү күз келип, мен алтынчы класста окуп жүрөм. Сатар жайдан бери колхоздо араба айдайт. Атамды угузгандан бери апам кайратынан танып, мурдагысындай эмес, чачтарынын агы көбөйүп, сабыры суз. Анча-мынча шоктук кылсам да, апам мурдагы адатынча кулагымды чоюп, саныман аткымак турсун, кайра жалынып-жалбара берет: «Кудайым силердин өмүрүңөрдү узун кылып, мага күнүңөрдү көрсөтсүн. Менин силерден башка эмнем бар. Сатардын өкүмү үй-тиричиликте күчөп, анын айткан-дегени эки болбойт. Апам да ага моюн сунгандай. «Өзүң билесиң — өзүң башкар» дегендей кийлигишпейт.

Дагы бир жаңылык, коңшубуз Айымжан эженин үйүнөн Сатар түк чыкпайт. Айымжан эже жайы кышы бозо салат. Айымжан эже кыркка жакалап калганына карабастан, өңдүү-түстүү, дайыма упа, эндик, сүйкөнүп, осмо коюнуп, жаш келиндердей сыланып, этегине кир жугузбай жүрө турган. Айымжан эженин эри да согушка кеткен бойдон дарексиз. Ошол күйөөсүнөн бир кыз, бир уулу бар. Кызынын аты Бурулча. Ал бойго жетип, ар кимдер көз артып жүргөн учуру эле. Бурулча апасын жазбай тарткан. Түштөн мурун кызыл тувар көйнөгүн, түштөн кийин атлас көйнөгүн алмаштырып кийип, тукаба топусун чекеге коюп, керилип басып, айылдын боз балдарына алыстан кызыл түлкүдөй көрүнүп: «Жаныңар болсо, биздин үйгө келип, бозо ичкиле» дегендей белги берер эле. Чынында эле Айымжан эженин үйүнөн атайы бозо ичиш үчүн тээ өйүздүк жигиттер келишчү. Эң кызык нерсе, Айымжан эже бойго жеткен кызын бозокорлорго кесепулчу кылып өзү сыртта жүрө берер эле. Өзүң билесиң, ылжыган мастардын оозунан жакшылыктуу кеп чыкпайт. Алдыларында узун кирпигинин астында сүзүлгөн кара көз, кашы чийилген Бурулча отурса, алардын эмне дээри белгилүү да. Бурулча да тартынып койбой, улам аларга кылкылдатып бозо сунуп, эгерде бирөө иче албайм деп жалтактаса: «Эр жигитке ушул дагы кеп бекен?» — деп шыңкылдап күлөт. Сулуу кыздын кебине намыздана түшкөндөрү тизелей калып: «Курсагым жарылса да, ука жан сиздин ушул кебиңиз үчүн ичип жиберейин» — деп шимире баштайт. Ошентип, Айымжан эженин күндө салган бозосу күндө өтүп, чөнтөгү акчага кампаят... Мынакең, бүгүн дагы Сатар Айымжан эженикинде эртеден бери отурат.



Эгерде башта алардын үйүндө түнөп калса да мейли эле го. «Атаңдын арбагы жума сайын сагалап келип турат, уулум. Мусапыр кылбай эстеп коёлучу»,— деп апам атайы бүгүн палоо демдеген. Тилекке каршы Сатар тигилердикинде. Мен бир эки жолу барып: «Апам тез келсин деп урушуп атат»,— дедим. Сатар ылжып мас экен. «Экинчи келбе, адамды ээн-эркин коёсуңарбы? Апам экөөң мени эмесиңерби? Барбайм!» — деп кыйкырды. Отургандар күүлдөп күлүп калышты. «Ушул сөзүңүз чын болсо тартып жибериңиз»,— деп Бурулча Сатарга кесе сунду. Очоктун боюнда эт туурап жаткан Айымжан эже менин дагы эле босогодо көгөрүп турганымды көрүп:

«Сатаржан бойго жеткен кыз беле, мынча неге коркосуңар? Менин Бурулчашым деле кошо отурбайбы»,— деп анткорлонуп күлдү. Бурулча сунган кесени кыйналып-кысталып түгөткөн Сатар да: «Ошону айтсаңыз, Айымжан эже. Ушулар мени жадатты»,— деп тили күрмөөгө келбей келжиреди. Апама болгон кепти — төкпөй чачпай айтып келдим. Айымжан эженин кебине анчалык деле териккен жок. «Сатар силерден жададым дедиби?» — деп менден кайталап сурап: «Эси жок да. Өз энесинен ким жадасын»,— деп баятан бери зарыккан палоону табакка сала баштады.

Эртеси мен апам менен Сатардын ызы-чуу кыйкырыгынан чочуп ойгондум. Экөө очоктун боюнда бетме-бет отурушуп, айтышып атыптыр.

— Албайсың...

— Аламын...

— Алалбайсың!..

— Алаламын!

Мен алардын чыр-чатагынын себебин түшүнбөй төшөктөн башымды чыгарып, делдейип карап калдым.

Апам ордунан тура калып:

— Бурулчаны алсаң, асти үйгө киргизбейм,— деди.

Сатар камырап койгон жок.

синикиндей талтаңдап бекер жүрбөйт.

Сатар кыйылып туруп апамдын шарттарына көнүп, тез аранын ичинде той өткөрмөк болду.

Эртеси апам Айымжан эженин үйүнө барып, болгон окуяны айтты. Ал эч нерсе билбегендей чочуп: «Ой, тобо, Сатаржандын ушундай ою бар бекен? Билген эмесмин... Таң калам... Эмне эле биздин үйдөн чыкпайт десе. Азыркы жаштарга таң калам,— деп чийилген кара каштарын адатынча жогору серпип, шыкылдап күлдү. — Бурулчашым али эселек кыз, анын үстүнө ашкан эрке, үй-тиричилик башына түшсө, топурап жүдөйт»,— деп апамды сынагандай тиштерин кашкайтып күлүп карады. Апамдын Бурулчага куштар эместигин заматта байкадыбы, дароо өңүн өзгөртүп: «Кызы бардын назы бар дейт, кабыргам менен кеңешип көрөйүнчү»,— деп Айымжан эже апама мелткалт бозо сунат: «Сатаржан жакшы бала. Өмүрү узун болсун». Ошентип көп өтпөй эле эки коңшу кол алышып, кудалашты.

Чынында Айымжан эже мурда Бурулча Сатарга шыңкылдап бозо сунуп жүргөндө эле ишти бышырган экен. Ал турмак Сатар апамын каршылыгын да төкпөй-чачпай айтып барыптыр. Айымжан бир жолу бозого кызып отуруп: «Кеп апаңда эмес, менде. Ачуума тийсе тойду өзүм өткөрөм. Же уулдан, же келинден жок. Тургунбү жер муштап кур калат»,— деп мактанган экен. Бул кеп бизге кийинчирээк угулду. Айымжан эже ошентиштен да качпайт болчу. Ал, эң негизгиси, биздин колубуз кур эместигин, эгерде апам макулдугун берсе калың аларына көзү жеткен.

Сатардын үйлөнүшү оңой-олтоңго турган жок. Эки саан уюбуз, беш алты жандыгыбыз бар эле. Бир уюбуздан башкасын сатып, Бурулчанын калыңын төлөдүк.

Сатардын тоюнда апамдын көз жашы тыйылбады.

«Ормон ыраматылык эртели-кеч Саташым эр жетсе үйлөнтсөк, неберелүү болсок не арман болсун, деп айтып калар эле. Э, бири кем дүйнө экен, атасы самаган тилегине жетпей калды» — десе, апамын көз жашы мончок-мончок .«Өзүң айткандай бири кем дүйнө да. Бул согуш — жалпыга келген мүшкүл иш болду, сабыр кыл, айдай уул-

— Үйүңө киргизбесең, өлүп калар белем, кире турган үй толуп жатат. Айымжан өзү деле жан дейт,— Сатар ордунан туруп кагынды.

— Мен карыганда бирөөнүн үйүнө күч күйөө болгуң барбы, а?!

— Бурулчаны алдырбасаң, бул дүйнөдө тирүү жашабайм. Тээтиги кызыл аскадан боюм таштайм. Дуба өткүс карганып койдум. Бурулчаны алам, дедим алам. — Сатар жыланбаш көчөгө чуркады. Апам ордунан шашкалактап туруп, босогонун жанынан:

— Токто! — деп кыйкырды.

Апам менен Сатар араздашып бир жума сүйлөшпөй жүрүштү. Сатар эртең менен жумушка кетет, кечинде Айымжан эженин үйүндө кылгырып бозо ичип, эл жатарга чейин отурат да, бир маалда ылжып мас үйгө келип, тагдырына таарына баштайт.

— Ыраматылык атам тирүү болсо, мен ушинтип элге шылдың болот белем. Кайран атам,— деп каңырыгы түтөп сүйлөсө, менин да ыйлагым келип ага боорум ачыйт.

Апам айтканынан кайтпай көгөрөт. Сатар бир кыйлага чейин унчукпай жатат да: «Атасынын көрү, шахты жатаңга кирип, зырылдатып вагон айдайм. Орус кыздарынын бирөөн алам да, атасынын көрү, колтукташып жүрөм».

Сатар чындап эле жаныбызга ташкөмүр кенине кирем орустан аял алам дегенде, апам мурдагысынан бошоп, кандайдыр жоошугандай. Бир күнү кечинде дасторкон үстүндө жай сүйлөшүп отуруп, мындай деди:

— Балам, айтканыма көнбөдүң, мейли, өзүң бил. Башың баш, багалчагың кара таш. Ким келиндүү болушту каалабасын. Ырас, Бурулча өңдүү-түстүү неме, бирок улууну улуу дебей, тастаңдаган кыз. Бейбашыраак өстү. Айымжандын кызы абат болмок беле? «Энесин көрүп кызын ал» дегендей, Айымжандын төркүнү мага беш колумдай белгилүү. Былтыр өлгөн кайын энесине эмне деген азаптарды көрсөтпөдү? «Курсагымды тойгузбайт, тамак сурасам, кара башыңды жегир, качан өлөр экенсиң деп тилдейт. Бозого мас болгондо тоголото-тоголото тебет. Айланайын, бул кебимби эч кимге айта көрбө»,— деп биздин үйгө келип арызданганын укпадым беле? Айымжан сенин башыңды айлантып койгон го. Эр жигиттин өмүрдүк жары бирөө болот...

Апам бир чай ичим сүйлөдү. Сатар маңдай терин алаканы менен шыпырып коюп, апамдын кебине уюгандай: «Кыздын баары эле энесин тартат деген эски сөз. Бурулча акыл-эстүү кыз. Аны алсам деп зарлагандар толуп жатат. Ошолордун ичинен мени каалады. Андан кур калсам жашабайм»,— деди чечкиндүү.

Мойнунан байлагандай ыңгыранып отуруп, апам акыры макулдугун берди, бирок мына мындай шарттарды койду: биринчиси: эгерде Бурулча көңүлдөгүдөй болбосо, Сатар апама таарынбасын, экинчиси: Бурулча биздин үйдө энесиникиндей талтаңдап бекер жүрбөйт.

Сатар кыйылып туруп апамдын шарттарына көнүп, тез аранын ичинде той өткөрмөк болду.

Эртеси апам Айымжан эженин үйүнө барып, болгон окуяны айтты. Ал эч нерсе билбегендей чочуп: «Ой, тобо, Сатаржандын ушундай ою бар бекен? Билген эмесмин... Таң калам... Эмне эле биздин үйдөн чыкпайт десе. Азыркы жаштарга таң калам,— деп чийилген кара каштарын адатынча жогору серпип, шыкылдап күлдү. — Бурулчашым али эселек кыз, анын үстүнө ашкан эрке, үй-тиричилик башына түшсө, топурап жүдөйт»,— деп апамды сынагандай тиштерин кашкайтып күлүп карады. Апамдын Бурулчага куштар эместигин заматта байкадыбы, дароо өңүн өзгөртүп: «Кызы бардын назы бар дейт, кабыргам менен кеңешип көрөйүнчү»,— деп Айымжан эже апама мелткалт бозо сунат: «Сатаржан жакшы бала. Өмүрү узун болсун». Ошентип көп өтпөй эле эки коңшу кол алышып, кудалашты.

Чынында Айымжан эже мурда Бурулча Сатарга шыңкылдап бозо сунуп жүргөндө эле ишти бышырган экен. Ал турмак Сатар апамын каршылыгын да төкпөй-чачпай айтып барыптыр. Айымжан бир жолу бозого кызып отуруп: «Кеп апаңда эмес, менде. Ачуума тийсе тойду өзүм өткөрөм. Же уулдан, же келинден жок. Тургунбү жер муштап кур калат»,— деп мактанган экен. Бул кеп бизге кийинчирээк угулду. Айымжан эже ошентиштен да качпайт болчу. Ал, эң негизгиси, биздин колубуз кур эместигин, эгерде апам макулдугун берсе калың аларына көзү жеткен.

Сатардын үйлөнүшү оңой-олтоңго турган жок. Эки саан уюбуз, беш алты жандыгыбыз бар эле. Бир уюбуздан башкасын сатып, Бурулчанын калыңын төлөдүк.

Сатардын тоюнда апамдын көз жашы тыйылбады.

«Ормон ыраматылык эртели-кеч Саташым эр жетсе үйлөнтсөк, неберелүү болсок не арман болсун, деп айтып калар эле. Э, бири кем дүйнө экен, атасы самаган тилегине жетпей калды» — десе, апамын көз жашы мончок-мончок .«Өзүң айткандай бири кем дүйнө да. Бул согуш — жалпыга келген мүшкүл иш болду, сабыр кыл, айдай уул-

тиштебейт. Анын үстүнө катын-калачтар сага аябай эрегишип, чуу салып жатышат. Балам, эртеңден тартып ишке чык.

— Колхозго иштеп жаныман тоюпмунбу? Өлсөм да иштебейм,— деп апамы Бурулча тултуңдап беттен алды.

Бурулчанын кыйынсынып сүйлөгөнүнө апамын ачуусу келе түштү.

— Баланын кебин сүйлөйсүң да. Иштебей сен элден артык жаралгансыңбы? Оокат-тиричилик сага керек эмеспи? Колхоз курулгандан бери иштеп келатам, бирок мен эч нерсе болгонум жок.

— Сиз иштесеңиз, иштей бериңиз. Мен апамын үйүндө да иштеген эмесмин, эми иштемек белем? — деп ичип отурган чайын жерге катуу койду.

— Деги иштебей жүргөн адамзатты көрдүңбү?

— Иштегендер иштей берсин. Айттым го, иштебейм. Ар ким өзү билет,— деп ордунан туруп, төркү үйгө кирди.

Апам эмне кылаарын билбей колундагы чай пияланы черткилеп, баятан бери малдаш токунуп, башын жерге салып, үнсүз отурган Сатарга карап калды. Ал эч кеп өтпөгөндөй, камырап койбой, жай баракат чайпалып чай ичет.

— Сен эмне дудук болгондой жалдырап карап отурасың? — Апамын колдору калчылдайт.

— Мени эмне кыл дейсиз? Иштебейсиң деп кызыл камчыга алайынбы? Закон көтөрбөйт. Теңдик заман, ар ким өзү билет,— деп маңдай терин агызып чай ичет.

— Аялыңды ур деген бирөө барбы? Өз эрким деп мен иштебей койсом, сен иштебей койсоң, анда бул үй-бүлөнү ким багат? — Апам бат-бат сүйлөдү.

— Атасынын көрү, маңдайга жазганы болот да,— Сатар апама наразы болгондой алайып.— Тынч отуруп чайды иче албайсың.— Ордунан кагынып туруп, Бурулчанын артынан жөнөдү.

Апам чарчаса керек, башы жаздыкка тиери менен эле көзү уйкуга илинди. Мен: «Апам менен Бурулчанын айтышы эмне менен бүтөр экен?» — деп ойлонуп, уйкум келбейт. Бурулча Сатарды алка жакадан алып, жанын сууруп жатты окшойт. Улам эле Сатардын күбүрөгөн үнүн угам, кез-кезде гана Бурулча аны кекетип жаткандай кекээр сүйлөйт. Баса, бул экөө эмне тууралуу сүйлөшүп жатат болду экен? Мүмкүн, Сатар аялын жоошутуп, апамын тилин ал, капа кылба, эртеңден тартып иште деп эпке көндүрүп жаткандыр?

Ушул өңдүү бүдөмүк суроолор менин кыялымды жетеледиби, айтор, ким билет, бир убакта ордуман туруп алар-

дарыңдын өмүрүн тиле. Ыйыңды көрсө Сатар кейийт». Теңтушу Алмакан эже апама ушинтип кайрат айтат. Бирок, арман-күйүт жүрөктөн сызылып чыгып жатса, адамдын көзү жашы тыйылмак беле?..

Той да өттү.

«Элге теңелип жеңелүү болдум»,— деп буту-колум жерге тийбей сүйүнүп жүрөм. Апам эртең менен колхоздун ишине кетет, кечинде келип уйду саап, сүт бышырып тамак-аштын баарын өзү кылат. Бурулча меймандан беш бетер созулуп, үйдүн төрүнөн жылбайт. Эч болбосо от жагып, аш ичкен аягын өз колу менен жууп койбойт. Жаман пейли кармаса, чайпала басып энесинин үйүнө барып, керели-кечке шыңкылдап бозо ичет. Бурулчанын бул жоругуна апамын ичи кайнаса да, жаш эмеспи, уялар деп, оң колунун ачуусун сол колу менен кармап жүрдү. Бир жолу Бурулча адатынча энесиникинен кеч курун да үйгө келбей койду. «Бурулчага апама жардам бер, кол-кабыш кыл, деп айтып койбойсуңбу? Күндүзү иштесем, үйгө келип тиричилик менен алышсам, менде жан калабы?» — деп Сатарга апам кылкыяк менен угузду эле, ал камырабай: «Эрке өскөн неме экен»,— деп гана койду.

Эмгекке чакырып, жаз да кирип келди. Апам торгой чулдурай электе туруп, там аркаларды карап сабиз, пияз эгип, картошка эгиш үчүн жер казып, күн чыгарда үйгө кирсе, уй саалбай мөөрөп турат. Бурулча керилип уктап жаткан болот. Апамдын ордунда сен болсоң да жаның күймөк. «Айланайын Бурулчаш, арпы-тарпы убакта уктап жатпай, уйду саап койбойсуңбу? Тиричилик мага эле керекпи?» — десе, «Башым ооруп жатат»,— деп коюп, апамы адам катары санабай, чалкалап жата берет. Апам айласы түгөнүп, шашып-бушуп уйду саап, менин алдыма салды. Апам ишке кетери менен Бурулча ыргып ордунан туруп, сыланып-сыланып, осмо-эндигин коюнуп, жаркыратып кызыл көйнөгүн кийип, дөңсөгө чалкалай басып барып, түшкө чейин аяк-быякка көз жиберип, «мени көрдүңөрбү?» дегендей сайма салды.

Албетте талаада маңдайдан тер агызып, мээнеттенип жүргөндөр: «Тургунбүбүнүн келини элден ашык жаралыппы? Эмне үчүн иштебейт?» — деп апама угуза кеп кылат.

Кечкурун апам дасторкон үстүндө баарыбыз отурганда, мына мындай кеп баштады:

— Бурулчажан, насип экен, сен да биздин бүлөгө кошулуп, балдарымдын бирөө болуп калдың. Келин болуп киргениңе мына беш айга аяк басып баратат. Чоңдор куш ызатташып, унчукпай жүрүшөт. Колхозчулукта иштебеген



тиштебейт. Анын үстүнө катын-калачтар сага аябай эрегишип, чуу салып жатышат. Балам, эртеңден тартып ишке чык.

— Колхозго иштеп жаныман тоюпмунбу? Өлсөм да иштебейм,— деп апамы Бурулча тултуңдап беттен алды.

Бурулчанын кыйынсынып сүйлөгөнүнө апамын ачуусу келе түштү.

— Баланын кебин сүйлөйсүң да. Иштебей сен элден артык жаралгансыңбы? Оокат-тиричилик сага керек эмеспи? Колхоз курулгандан бери иштеп келатам, бирок мен эч нерсе болгонум жок.

— Сиз иштесеңиз, иштей бериңиз. Мен апамын үйүндө да иштеген эмесмин, эми иштемек белем? — деп ичип отурган чайын жерге катуу койду.

— Деги иштебей жүргөн адамзатты көрдүңбү?

— Иштегендер иштей берсин. Айттым го, иштебейм. Ар ким өзү билет,— деп ордунан туруп, төркү үйгө кирди.

Апам эмне кылаарын билбей колундагы чай пияланы черткилеп, баятан бери малдаш токунуп, башын жерге салып, үнсүз отурган Сатарга карап калды. Ал эч кеп өтпөгөндөй, камырап койбой, жай баракат чайпалып чай ичет.

— Сен эмне дудук болгондой жалдырап карап отурасың? — Апамын колдору калчылдайт.

— Мени эмне кыл дейсиз? Иштебейсиң деп кызыл камчыга алайынбы? Закон көтөрбөйт. Теңдик заман, ар ким өзү билет,— деп маңдай терин агызып чай ичет.

— Аялыңды ур деген бирөө барбы? Өз эрким деп мен иштебей койсом, сен иштебей койсоң, анда бул үй-бүлөнү ким багат? — Апам бат-бат сүйлөдү.

— Атасынын көрү, маңдайга жазганы болот да,— Сатар апама наара зы болгондой алайып.— Тынч отуруп чайды иче албайсың.— Ордунан кагынып туруп, Бурулчанын артынан жөнөдү.

Апам чарчаса керек, башы жаздыкка тиери менен эле көзү уйкуга илинди. Мен: «Апам менен Бурулчанын айтышы эмне менен бүтөр экен?» — деп ойлонуп, уйкум келбейт. Бурулча Сатарды алка жакадан алып, жанын сууруп жатты окшойт. Улам эле Сатардын күбүрөгөн үнүн угам, кез-кезде гана Бурулча аны кекетип жаткандай кекээр сүйлөйт. Баса, бул экөө эмне тууралуу сүйлөшүп жатат болду экен? Мүмкүн, Сатар аялын жоошутуп, апамын тилин ал, капа кылба, эртеңден тартып иште деп эпке көндүрүп жаткандыр?

Ушул өңдүү бүдөмүк суроолор менин кыялымды жетелеңиби, айтор, ким билет, бир убакта ордуман туруп алар-

дын сөзүн тыңшадым. Алгач эле Бурулчанын долуланып ыйлаганы угулду.

— Букентай, ыйлабачы! Алжып калган ошол кемпирдин сөзү эмне, өзү эмне. Мен бар, эмне камың бар. Унчукпай жүрө бер. Мен тирүүмдө мышыгыңды бирөө «пыш» деп көрсүнчү, жөн эле колуна өлүп берейин,— деп Сатар жалбарат. Бурулчанын заардуу үнү угулат.

— Бирөө мындай турсун, апаң күшкүлөй баштабадыбы?!

— Апам алжып калган деп канча жолу сага айтам. Эмне десе, ошо десин. Сен эмес, мен жадап жүрөм.

— Жадасаң эмне бирге жашап жүрөсүң?

— Бирге жашабай кайда бармак элем?

— Кайда бармак элем деп коёт. Бара турган жерибиз жокпу? Апамдын үйүнө кирип албайлыбы?

Сатар бир кыйлага чейин унчукпайт.

— Кирип алсак деле болот. Бирок мени күч күйөө деп шылдың кылат да.

— Анда шахтыга көчүп кетпейлиби? Жумушчулардын аялдары иштебейт экен?

— Көчүп кетээр элем, бирок бир пайдалуу иш табылды. Малчыларга учетчик бол деп раис аке айтып жатат. Букентай, эгер билсең, бул өтө өнүмдүү иш. Кымыз, козунун эти — жыргал. Болбосо шахтыга көчүп кетет элек. Атасынын көрү, бир оокат кайда өтпөйт.

Бурулча тултуңдай түшүп дагы каарланды:

— Сиз жайлоолоп жүрсөңүз, биз саратанга какталып, тамеки жыттап жүрөт экенбиз да. Итим да иштебейт.

— Букентай, сени ушул жерге калтырмак белем. Мен кайда жүрбөйүн, жанымда болосуң.

Сыягы Бурулчага күйөөсүнүн азыркы кеби майдай жакты окшойт, заматта жарпы жазылып, чопулдатып Сатарды өбө баштады.

— Бая эле ошентпейсиңби?

— Айткыча болбой, жанымды сууруп жатпайсыңбы?

Андан ары экөөнүн кобурагандары басылды...

Мен кантип төшөгүмө жатканымы билбейм. Сатардын апам тууралуу сүйлөгөн сөздөрүнө ыза болуп, жаным кейип, шолоктоп ыйлай берипмин. Ордуман туруп, үйдөн чыгып кеткиле, силердин керегиңер жок, апамды өзүм эле багып алам деп, чатак салайын деймин, бирок Сатардан корком. «Мен дагы эр азамат болом, ошондо буларды оңой эле кубалап жиберем»,— деп кыялданып атып, уктап кетипмин. Беймаза түш көрүп, ыйлап чочуп ойгондум. Сапаш, эмне болду? Корктуңбу? — деп айланып-кагылып, апам бооруна кысты. Мен үнсүз-сөзсүз көкүрөгүн жыттагылап, ыйлай бердим. Бирок апама уккан кебимди айтып, аны оор кейишке салып, капа кылгым келген жок. Апам ички сырын эч кимге айталбай жүрө берди. Бурулча мурдагысынан жазбай узун шашкеге чейин уктап, анан туруп, апасыныкына кетип калат. Күнүгө же мен чакырып келем, эгер болбой койсо, Сатар өзү барып, ээрчитип келет. Мен алардын үйүнө кирерим менен эле:

— Келдиңби? — деп Бурулча кекетет.

— Бурулчамды апаң экөөң эмесиңерби же саайсыңарбы? Менин жалгыз кызым, ачуум келсе, жибербей коём, апаңа айта бар.

Бозого мас Айымжан кызарып-татарып күүлөнөт. «Ай ушул Бурулчанын азабы өттү,» — деп үйгө келем. Албетте, Айымжан эженин сөөктү сыздаткан сөзүн апама айтып келбейм. Анткени, апам ачуулу, анын үстүнө атамы угузгандан бери жүрөгү оорумай дартка жолукту, бир нерсеге капа болсо тырышып жатып калат.

Бир күнү окуудан келсем, үйгө Баймат аке апам менен сүйлөшүп отуруптур. Мен ал киши менен салам айтып учураштым да, апама жакын отурдум.

— Мынаке, мезгил түшкүр да билинбей ага берет экен. Беш-алты жылда Сапаш да эр жетип, адам болот. Тургунбү, колхоз курулгандан бери тынбай иштеп келатасың. Арыдың-карыдың, анын үстүнө ооруп жүрөсүң. Мындан ары иштебейсиң, колхоздун башкармасы да макул. Келиниң иштеп турсун,— деди.

Апам унчукпай отуруп:

— Алдан тая элекмин, деги иштен ким өлүптүр. Келинимди иште деп жаман көрүнүп да бүттүм. Бирөөнүн баласы экен, тилимди албайт. Сатарың түшкүр көзүн карайт. Келиниме жалдырагандан көрө, белимди бууп өзүм эле иштей берем.

— Дагы эле кайраттуусуң. — Баймат аке апамын кебине ыраазы болгондой карсылдап күлүп.— Макул, анда Сатар менен өзүм сүйлөшөм. Аяш, эч качан капа болбо,— деп аттанып чыгып кетти. Баймат аке айткандай эле көп өтпөй атайы колхоздун башкармасында: Тургунбү колхозго армансыз эле иштеп эмгек сиңирди, эми эс алсын, деген чечим чыгарып, жумуштан бошотуп, апамын көп жылдык эмгеги үчүн бир катар үстү-баш, кийим, бир кунажын, чейрек батман буудайды сыйлыкка берishти. Апама арналган бул салтанаттуу кечеде биздин үй-бүлөнүн бардыгы катышты. Колхоздун раиси эң акырында апамын колун кысып:

— Тургунбү эже, сиз армансыз иштедиңиз. Бул үчүн

— Дагы эмне болуп кетти? — Апам Сатарга камырабай кылчайып карады.

— Иштин баарын былгытып коюп, ууру мышыкча көзүңдү жумуп билмексен болосуз да. Келиним иштебей атат деп эмне үчүн чоңдорго арызданасыз? Мынча эмне ак жүрөк болуп кеттиңиз? — Сатар үнүн жетишинче чаңкылдаса, анын жаңырыгы тээ алыстан угулгансыйт. Апам ийип жаткан уйдун саанын да таштай коюп, атырылып турду.

— Эмнеге омуроолойсуң а? Катының иштебесе да айыптуумунбу, мен сага, а?!

— Эмнеге арыздандыңыз деп жатам?

— Арызданган эч ким жок. Бурулчага айтсам, тилимди албай койгону жалганбы? — деди апам атчан Сатарга жакындап.

— Бурулчанын иштебегенине мынча күйүктүңүз? Сиздин эмнеңиз короп жатат? — Сатар таш өбөктөп кыйкырат.

— Бурулча элден артыкпы? Артык эмес. Кемби? Элдей эле. Алдуу-демдүү. Оокат керек болсо, иштесин.

Сыягы, Сатар апама ылайыктуу жооп табалбай, шашып калды. Бурулча чуу-кыйкырыкты угуп жаныбызга келип калган экен.

— Иштебейм, дедим иштебейм. Муну оң кулагыңыз менен да, сол кулагыңыз менен угуп алыңыз? Көңүлүңүз ынак бригадирге жамандап да иштете албайсың?.. — Анан Сатарга атырылды.— Өлсөм да, энеңдин ордуна иштебейм... Уктуңбу?!

— Апаң экөөң менче абийирдүү болуп, анан сүйлөгүлө... Тилиңди тарт, балам! — деп апам кумсарып тура калды.

— Апаман айланып кет! — деди Бурулча мыскылдагандай.— Бригадир эмне үчүн сизди жумуштан бошоткон себебин да билебиз!

Бурулчанын азыркы кеби апамын канын кайнатты окшойт:

— Сатар үчүн жообуңду мен бердим, жолуң ачык, чыгып кет! — деди.

Апамдын буйругу Бурулчаны алдастаткан жок. Ал апамы мыскылдагандай каткырып, анткор күлдү.

— Мени койдуруп, өзүң тийип ал,— деди Бурулча тилин тартпай.

Мен оозумду ачып, эмне кылаарымды билбей эле уйдун жанында тура берипмин. Сатар аттан ыргып түшүп тебетейин жерге чаап:

чоң ыракмат. Мындан ары да колхоз сизди унутпайт. Бул жогорку урмат-сыйга сиз талыбаган-чарчабаган мээнетиңиз менен жетип отурасыз. Балдарыңыз да сиздей эмгекти сүйгөн, ак жүрөк кишилер болуп, артта калган колхозубузду байытууга жардам берсин,— деп Бурулчаны карап койду. Бирок Бурулча жөнүндө эчтеме деген жок.— Уккандырсыз, Сатарды малчыларга учётчик кылсакпы деп турабыз. Келиним да, алы жеткен ишин өзү тандап алар, — деп койду.

Бурулча менин артымда отурган. «Өлсөм да иштебейм» деген шыбыры угулду. «Раис айткандан кийин, иштебей койгонуңду көрөм» — деп ичимен мен кекенем. Ошентип, апам жумушка чыкпай турган болду. Ошол күнү мен апама көрсөтүлгөн урмат-сыйга төбөм көккө тийгендей сүйүнүп, уйкум келбейт. Апам да толкунданып жаткан экен.

— Сапаш,— деди апам мээримдүү үнү менен.

— Апа, иштеген жакшыбы?

Апам күлдү да мени бооруна бекем кысып:

— Мээнеткеч адам эч жерде кор болбойт. Балам, эсиң болсо, жалкоо болбо. Жалкоо өмүр бою кийимге жетинбейт, курсагы тойбойт,— деди чын пейили менен толкундап сүйлөп.

— Жалкоо болбойм, апа ишенип коюңуз,— дедим апама убада берип.

Апам чалкасынан жатып, асманда калкып бараткан айды карап, бир убакта:

— Сенин эсиң бар, а Сатардан көңүлүм калды. Акылы толо эмес,— деди оор үшкүрүп.— Ичтен чыккан ийри жылан экен, же бирөөгө жамандай албасаң, же уруша албасаң. Өмүрү узун болсун...— Андан кийин унчукпай жатып, уктап кетти окшойт.

Ким билет, мүмкүн уктабай эле, көзүн жумуп, өткөн турмушун — кубанычы менен кайгысын, жаштык доорун, же жанындай көргөн өмүрлүк жолдошу ыраматылык атамы, анын кыял-жоруктарын эстеп жаткандыр... Ошол себептен, апамын таттуу кыялын таратпас үчүн сүйлөгөнүм жок.

Апамдын ишке чыкпай калганына Бурулча күйүп, кабагы калың салынып, унчукпайт. Күүгүмдө мен уюбузду апама саадырып жатканмын. Сатар аттан түшпөй жатып эле:

— Апам кайда жүрөт! — деп күчөнүп кыйкырды.

— А мен мындамын, тынчтык кеппи? — деди апам уй сааганын токтотпой.

— Сиздин тушуңузда тынчтык кеп болмок беле? — Сатар биздин жаныбызга атчан келди.



— Дагы эмне болуп кетти? — Апам Сатарга камырабай кылчайып карады.

— Иштин баарын былгытып коюп, ууру мышыкча көзүңдү жумуп билмексен болосуз да. Келиним иштебей атат деп эмне үчүн чоңдорго арызданасыз? Мынча эмне ак жүрөк болуп кеттиңиз? — Сатар үнүн жетишинче чаңкылдаса, анын жаңырыгы тээ алыстан угулгансыйт. Апам ийип жаткан уйдун саанын да таштай коюп, атырылып турду.

— Эмнеге омуроолойсуң а? Катының иштебесе да айыптуумунбу, мен сага, а?!

— Эмнеге арыздандыңыз деп жатам?

— Арызданган эч ким жок. Бурулчага айтсам, тилимди албай койгону жалганбы? — деди апам атчан Сатарга жакындап.

— Бурулчанын иштебегенине мынча күйүктүңүз? Сиздин эмнеңиз короп жатат? — Сатар таш өбөктөп кыйкырат.

— Бурулча элден артыкпы? Артык эмес. Кемби? Элдей эле. Алдуу-демдүү. Оокат керек болсо, иштесин.

Сыягы, Сатар апама ылайыктуу жооп табалбай, шашып калды. Бурулча чуу-кыйкырыкты угуп жаныбызга келип калган экен.

— Иштебейм, дедим иштебейм. Муну оң кулагыңыз менен да, сол кулагыңыз менен угуп алыңыз? Көңүлүңүз ынак бригадирге жамандап да иштете албайсың?.. — Анан Сатарга атырылды.— Өлсөм да, энеңдин ордуна иштебейм... Уктуңбу?!

— Апаң экөөң менче абийирдүү болуп, анан сүйлөгүлө... Тилиңди тарт, балам! — деп апам кумсарып тура калды.

— Апамаң айланып кет! — деди Бурулча мыскылдагандай.— Бригадир эмне үчүн сизди жумуштан бошоткон себебин да билебиз!

Бурулчанын азыркы кеби апамын канын кайнатты окшойт:

— Сатар үчүн жообуңду мен бердим, жолуң ачык, чыгып кет! — деди.

Апамдын буйругу Бурулчаны алдастаткан жок. Ал апамы мыскылдагандай каткырып, анткор күлдү.

— Мени койдуруп, өзүң тийип ал,— деди Бурулча тилин тартпай.

Мен оозумду ачып, эмне кылаарымды билбей эле үйдүн жанында тура берипмин. Сатар аттан ыргып түшүп тебетейин жерге чаап:

— Ушул үйдү өрттөп жиберейинби! Качан бизди тынч жашатасың? Мен өлсөм да Бурулчадан ажырабайм! — деп апама атырылды. Апам шалдайып туруп калды. «Алың ушул эле экен го, Сатарыңдын мурдунан чүлүк өткөрүп, өгүздөй ээрчитип алганмын. Каякка барсам, ошол жакка жетелейм» дегенсип, Бурулча четте табалап карап турат. Апамын ошол учурдагы кебете-кепширин сүрөттөп айтып бере албаймын. Бир гана колдору калтырап, Сатарга асылганын билем.

— Энеңин ак сүтүн урматтасаң ушул бетпактын жообун бер, суранам балам?!

Сатар түндөн бетер түнөрүп, апамын жалынып-жалбарган өтүнүчү кулагынын сыртынан өтүп жаткандай дулдуюп унчукпайт.

— Айтасыңбы жообуңду,— деп апам кирилдеп сүйлөдү.

Бурулча шыпылдай басып келип, Сатардын оң колун жулка тартты:

— Эмнеге делдейип карап турасың? Мен дейсиңби, же апаңы дейсиңби, экөөнүн бири де? Болбойсуңбу?!

Сатар башын көтөрбөй шылкыйган кебетесинде:

— Апа, ак сүтүңө ыраазымын, капа болбоңуз... Бурулчадан ажырай албаймын..— деп бурула берди.

Алдынан эң коркунучтуу жырткыч капыстан чыккандай апам артына шарт кетенчиктеп, анан тетири бурулуп, эки колу менен беттерин басып, жаш баладай буркурап ыйлап жиберди. Таң кала турган нерсе, апамын ыйы көпкө созулбады. Күтүлбөгөн жерден эле:

— Жүрөгүм, жүрөгүм ий...— деп ордунан жылалбай, бүкчүйүп отуруп калды.

— Апажан! — деп мен чуркап барып жармаштым.

— Ыйлаба, эркем, мени жер жутар беле? — Мени сооротуп, өзү жүрөгүнүн тушун мыкчыды.

— Ой, долулугун көр, жүзү каралыгын көр мунун! — деген Бурулчанын шылдыңдаган сөздөрү кулагыма шак дей түштү. Башымды көтөрө койсом, Бурулча Сатарды бөйрөгүнө нукуп, көрчү буларды дегендей анткор күлүп, карап турган экен. Заматта каным ичиме тартылып, көзүм ымыр-чымыр болуп түнөрүп, те алыстагы жыбыраган жылдыздар куйруктуу, канаттуу боло түштү. Чуркап барып, жан-алымын барынча чымырканып Бурулчаны итере салсам, ал теңселе түшүп, жыгылган жок. Ичимен өзүмүн алсыздыгыма наразы болуп, дагы атырылайын деп даярданып турсам, ал шып жерге отура калып, мурдун бир-эки муштап жиберсе, даяр тургандай кан жайыла берди. Бурулча бети-башын канга боёп:



— Эл-журт! Апа, кайдасың, мени булар жутмак болду, кандай балээлүү үйгө туш кылдың эле! — деп үнүнүн жетишинче чуу салды. Сатар менин желкемен басып бир-эки тээп жиберди, бирок мен ыйлаган жокмун. Апам мени коргоймун дедиби, айтор турууга аракеттенип, бирок кайра бүрүшүп отура калды.

— Адам жутчулар кайда жүрөт, мен алардын колуна өлүп берейин! — деп Айымжан шымаланып кирип келди. Анын артында боздоп ыйлап Бурулча жүрөт:

— Мени муунтуп-муунтуп алып, мунун кара күчкө эле тырышып сыр көрсөтүп жатканын көрбөйсүңөрбү? — деп Бурулча апамды келип демитти. Апам алар менен ажылдашып айтышмак тургай, өз жаны менен алек. Айымжан ага карабайт:

— Тургунбү бетпак, сенин көзүңө бир көрүнбөсөм, адамдын баласы болбой калайын. Сотко берем, ошондо мени тааныйсың,— деп бакылдап сүйлөсө, анын заңкылдаган үнү айылдын эки четине даана угулат. Сатар жерде жаткан тебетейин кагып:

— Турбайсыңбы, жата бересиңби калп эле,— деп апама кайрылды.

— Менин кызымдын оозу-мурдун кан жалатып, кайда жүрдүңүз, мырзам? Бурулча сенин катыныңбы, же мынабу долуланган апаңдыкыбы? — деп Айымжан шылкыйып турган Сатарды демиткенде, жалооруп:

— Апа, менде эмне жазык? Өзүңүз көрүп-билип жүрбөйсүзбү? Апамын тирүүсүндө менин оокатым өтпөйт,— деп көчөгө карай басты.

— Тургунбү, сен жүрөгүм ооруду деп, кутула албайсың. Карап тур, сени сотко берем,— деп Айымжан кекетип-мокотуп, эң аягында кызын ээрчитип чыгып кетти.

Апам Бурулча айткандай кара күчкө жүрөгүм деп тырышып отуруп калбаптыр. Чыр-чатактын ызасына туруштук бере албай, аябай ызаланып, буркурап ыйлап жибергенде, жүрөк оорусу шып кармап калган экен!..

Мен кийинчерээк медицина менен таанышкандан кийин, өзүм далай жолу турмуштан ушул өңдүү нерселерге кезиккенден кийин апамын өлүмүнө ошол менин «бир тууганым», Сатар менен анын бетпак аялы Бурулча айыптуу экенин беш колумдай көрүп: «Эх кайран апа! Атам го биздин эркин жашашыбыз, ойноп-күлүүбүз үчүн кан майданда салгылашып курман болду! Сизчи? О, апажан, сиз, тогуз ай көтөрүп, жан кейитип толготуп төрөгөн, ак сүтүңдү берип, түн уйкуңду безип соороткон; ысык-суукка чыдап чоңойткон уулуңуз Сатардын айбанчылыгынан курман

болдуңуз! Бул эмне деген макулук! Сиз Сатардан ушуну күттүңүз беле? Эгерде Сатар адам сыяктуу болсо, сизди атайы Бурулчага кор кылат беле? Ооба, апажан өз уулуңуздун колунан өлүпсүз!» — деп каңырыгым түтөп ыйлайм.

Сапар бир тынымга унчукпай, бышактап ыйлап жиберди. Баятан бери анын сүйлөп аткан кебин берилип тыңшап отурган Акылайдын да көздөрү нымдашып, күйөөсүнүн көңүлүн эптеп башкага буруунун айласын таппай: «Ай, менин шашмалыгым, ичиме таруудай да кеп сакталбайт. Айтпай эле койбой»,— деп өзүн-өзү жемелейт.

— Сапаш, чарчадың, уктачы.

— Баары бир уктай албайм. Болгон ишти толук айтып берейин.

...Врач деген адистикти тандаганым да кокусунан болгон иш эмес. Өзүң көрүп жүрөсүң, биздин элет эли али азыр деле медицинага анча түшүнө беришпейт. Согуш бүткөн жылдары медицинага канчалык баа беришкендиги белгилүү да. Апам беш убак намазын тынбай окуган, динге ишенген киши эле Ал турмак, мага кыштын узун түндөрү беш убак намазды үйрөтөр эле. Апамын үйрөткөндөрүн жатка билчүмүн, бирок ичимде анчейин маани бербеген эмесмин. Баарына белгилүү динге ишенгендер оңойлук менен врачтарга ишене койбойт. «Ичер суу, жашаар күн бүтсө, өлүмдү эч ким токтото албайт. Доктурлар андай эле амалкөй болсо, өздөрү өлбөй коюшпайбы?»—деп апам ооруканага бар десе, ынанбай койду. Күн өткөн сайын апам арыктап, алсырап, ыраңы өчүп баратты. Айрыкча түнү аны-муну айтып жөөлүй берет...

«Сени зарыгып-зарыгып көп күттүм. Өлдү дешкенине да ишенгеним жок. Ормон өлбөйт, ал тирүү деген элем. Айтканымдай эле өлгөн эмес экенсиң. Бирок, байым, кечиктиң»,— деп оор үшкүрүп сүйлөсө менин эсим чыгат.

«Апа, аны-муну айтып дөөдүрөй бересизби? Атам өлгөн. Эми кайрылып келбейт» — деп Сатар уйкусуроо күрүлдөйт. Апам анын жообун укпагандай:

«Мына сен келдиң, мен кетем, бири кем дүйнө турбайбы,» — дейт.

Ушунтип, таң аткыча жөөлүй берет.

«Энеңдин ал-абалы бара-бара пастап баратат. Али сен жашсың, кызмат кылып, менден өтсө кечирип коюңуз, эне деп, ыраазылыгын алып кал,» — дешип катын-калачтар айтышса, Бурулча аларга мисирейип: «Өлмөктөн доңуз копсун, итим да ошондон кечирим сурап, ыраазылык албайт,» — деп коюптур. Урук-туугандар Сатарга Бурулчанын жогорку кебин угузуп: «Үкө, биздин тилди ал. Ушул бетпагыңды коё бер», — дешсе, Сатар аларды кайра жаман көрүп: «Мага мындай акылыңардын кереги жок. Бурулча айыптуу эмес»,— деп тетири басып кетти. Апам өлөр күнү мурдагысынан жайдары, көңүлү куунак, эркин куштай сергек отурду. Багыбыздын арасындагы секичеге төшөктү калың салдырып, айланага көзү тойбогондой суктанып отурду.

— Алма, өрүктөр тегиз гүлдөгөн учуру турбайбы? Адамдагы жыл сайын жаз келери менен ушул алма-өрүктөй гүлдөп турсачы? Кайран биздин гүлдөгөн учурлар кайрылбайт,— деп кадимкисиндей сүйлөп отурду. «Апам айыккан турбайбы?» деп секиге сүйөнүп турган мени апам энелик мээрим менен жылмайып:

— Кыйылганым эле: Сапаш али темир канат...— деди сабыры суз боло калып. Мен өпкөм көөп, араң турган элем, апамын мага кыйылганын көрүп, ыйлап жармаштым. Апам менин маңдайыман сылап:

— Жашык болбо! — деди.

Түштөн кийин апам начарлап, деми кысталып, кыйналуусу күчөдү. Күн батып, жылдыздар бадырайып чыгып калган «Садагасы, апаң жакшы, коркпо» — деп Алмакан эже мени үйдөн чыгарган.

Мен чын эле апам оңолуп калган турбайбы деп асмандагы жыбыраган жылдыздарды карап: «Менин жылдызым кайсы болду экен?» — деп те кырдын башында жымындаган кош жылдызды көрө коюп: «Мына таптым. Оң жакта жаркыраган чоңу апамдыкы, берки кичинеси меники. Мен ошол кичине жылдыз өңдүү эч убакта, апамдан айрылбайм, эч качан!» — деп асманга сүйкүмдүү карап тургănымда, күтүлбөгөн жерден, жанагы апамын жылдызы күйүгү узарып, жерге үзүлүп түшкөндө, жүрөгүм шуу деп, аалам караңгылап, көзүмө эч нерсе көрүнбөй калды... Көрсө, ошол жылдыз менен көз ачып-жумгуча менин турмуштагы эң кымбатым, эң жакыным — үргүлөйүн апам кошо учкан экен...

Апамын өлөр алдында Сатарга төмөнкү эки керээзин калтырыптыр.

— Менин арбайымды сыйласаң, жанагы бетпагыңды кетир. Балам, ошол Бурулча сага акыры жакшылык кылбайт. Кыйылганым эле Сапаш! Сатар, бир тууганды табуу кыйын. Менин арбайымды сыйласаң, бозортпой багып ал Сапашты!

Алмакан эженин (биздин коңшу) айтуусуна караганда апамын акыры наказы ушул болуптур.

Ажал менен арбашып жатып да, апам менин келечек тагдырымды эсинен чыгарбаптыр! О, эне!..

Апамын өлүмүнүн үстүнө Бурулча да, Айымжан да киришкен жок! Эл көзү үчүн «ыйлашып» кирип да коюшу бар беле, бирок диттери батынбады. Баары бир айылдын кемпирлери, апамдын теңтуштары аларды босогону аттатпай эле көкүрөгүнөн түртүп чыгармак. Сатар чоң таякты майыштырып таянып: «Эсил кайран апам ой» — деп өкүрүмүш болот, бирок анын экинчи бир: «Өзүңдөн жакшы кутулдум ой» деген үнү кулагыма угулгансыйт. Анткени, Сатардын чын дили менен жүрөк-боору ачышып күйүп жатканы анын ирециңен да көрүнөт, башка убакта сокону үстүнө олтуруп алып, кулкулдатып бозо жутат да, ох деп тамшанып коёт. Ал турмак бир жолу бозону жутуп теңдетип койгондо апамдын теңтуштары келип калганда: «Ай, ушулар келбей эле койбойбу, тирилтип бере турган-сышып»,— деп күңкүлдөгөнүн эл угуп, аябай кейишип, уккан кулак наразы болуп, наалат айтышты.

Апамын өлүмү менин наристе жүрөгүмдү куйкалап, эс-көңүлдөн такыр чыкпас кара тагын салды. Бир жумача тынбай эле ыйлап жүрдүм окшойт. Күнү-түнү ыйлай эле берсең, бул көздөн жаш да чыкпай калат экен. Апам эсиме түшсө; кээде класста отуруп эле озондоп ыйлап жиберем. Агайлар ырайымдуулук менен мамиле жасап, акырын айтып соороттушат. Ал турмак мурда өчөгүшүп жүргөн «каршы» балдар да мени аяшкансып: «Сапаш, экзаменге кошо даярданалы. Тоого барып, гүл терип келели» — дешип жылуу-жумшак сүйлөшөт. Бурулчанын бир тууган иниси Шарше гана менин алдымда кыйынсынып, жолдо келатканда, баратканда алдыман топуракты чаңытып өтөт. Бир күнү дагы эле ошенте берди эле, артынан чуркап барып, желкесинен түртүп жибердим, бала маңдайы менен жер сүзүп жатып калды. Жанымдагы балдар да «өзү тийишкен бала ыйлабайт» дешкендей аны табалашты. Шарше чекчеңдеп тура калып: «Ырысы жок жетим!» — деди. Мен ызама чыдай албай ыйлап жибердим. Балдар аны туш тарабынан кысмакка алышып: «Агайга айтабыз» деп коркутканда гана айласыздан кечирим сурады. Баары бир анын «кечирим» сураганына мен ыраазы болуп, мардайганым жок. «Жетим» деген түрү суук атка конгонума кейип, эч кимге кошулбай үйгө баса бердим. Кыялым: «Азыр үйгө кирсем эле, апам кадимкисиндей төрдө отурса, кандай сүйүнөр элем,» — деп корооғо кирсем, чын эле үйүбүздүн каалгасы аңырайып ачылып туруптур. «Апам чын эле тирилип келген окшойт?» — деп чуркап барсам, бет маңдайыман Бурулча шыпыргысын көтөрүп чыга калды. Мен кара чаар жыланды көргөндөй бүткөн боюм дүркүрөп, артыма кетенчиктей түшүп, аны жек көрүү менен чекчейип карап калдым. Бурулча менин ички сырымды түшүндү окшойт, бечарам ий, сага эмне жок имиш дегендей:

— Эмнеге акыраясың? — деди шыпыргысын силкип. Мен ага жооп бербей эле үйгө жулунуп кирдим. Апамдын жүктөрүн тымтыракай бузуп, анын ордуна өзүнүн жууркандарын эки мээрапка керилтип жыйып коюптур. Артыма карасам, Бурулча мени кантер экен дегендей кумсарып карап турган экен. «Апамын үйүнө эмне кирдиң, жүктөрүн неге буздуң?!» — деп чуркап барып, анын керилген жүктөрүн буза-буза тарттым. Бурулча менин маңдайыман сылап коймок беле? Эки жаагым чуу-чуу этип, көзүмөн от чагылып отуруп калдым.

— Ырысы жок жетим, кимге кожоюн болгуң бар! Чыгып кет! — деген Бурулчанын заардуу сөздөрү кулагыма угулат. Анын жетим дегенине жаным күйүп, тура калып асылдым, бирок ал мени желкеге муштагылап, шаштыгымды алганда: «Апажан! апа, мени өлтүрдү»,— деп алкымын барынча үйдү башыма кийип өкүрдүм.

— Апаң өлгөн. Эми экинчи келбейт! — дейт Бурулча тактап сүйлөп.

— Эже, ушул жетимди куп кыласың,— деген Шаршенин табалаган үнүн угуп, ага талпынсам, Бурулча эки колумду бекем кармап.

— Шаршеден айланбай жөн жүрө-ө-сүңбү?— деп кулагымды чоёт. Мен көзүмдү жумуп, үнчүкпай койдум.

— Бурулча, чөптү кордосоң, көзгө зыян. Апасы өлгөнүнө бир апта өтө элек, бул эмне кылганың сенин?..

Карай салсам Алмакан эже босогодо туруптур. Мен эркеп, ага барып өпкөлөп жармаштым.

— Сиздин ишиңиз болбосун. Бейбаш болсо, баштайм.

— Сенден кантип бейбаш болсун, мурда өзүңдү баштап, анан сүйлө,— деди Алмакан эже менин кулактарымды ушалап.

— Менден айланып кетиңиз,— деп Бурулча тилин тартпай адырандаганда.

— Тилиңди тарт, көрүп каласың! Жаш баланы үйгө камап урууну сага ким үйрөттү?! — деп Алмакан эже кем калбай кыйкырганда, тиги негедир пасаңдай түшүп үнчукпай калды.

— Бала деген таттуу болот. Боюңдагы балаң чоңойгондо бирөө токмоктосо, кантер элең. Бычакты өзүңө ур, оорубаса анан...

— Кайда жүрдүң, мырза! — Сатар камчысын силкинтип. Үрөйүм учуп унчукпай тура бердим.
— Сага айтып жатам дейм? Кайда жүрдүң?!
— Апамын мүрзөсүн көрүп келдим.
— Анда сага бышырып коюппу? — Эмне үчүн энеме отун алып бербейсиң, а? Кулагың угабы?! — Кызыл шыйрагыма камчы тийгенде чаңырып отуруп калдым.
— Өкүрбөй үйгө кир! — Камчысын дагы үйрүдү.
Бурулча жолумдан утурлап:
— Курсагың ачканда үйгө келипсиң го? Күйөрман апаң тамак бердиби?— Каштарын серпип, мурдун чүйрүдү.
Апамын козуларынын бирөөн союп кеч курун эт салышыптыр. Тамак бышып, табакка салынганда Айымжан Шаршени эээрчитип келип, босогону аттаары менен:
— Сапашжан, апаң эт салып койгон бекен? — деп ал да кекетип сүйлөдү.
Сатар ордунан жалтактап тура калып:
— Эне, капа болбоңуз, экинчи антпей турган кылдым. — Анан мага акырая карап:— Эртеге отун алып келбесең бүгүн эт жебейсиң. Уктуңбу?
Мен тартынганым жок.
— Албайм!
— Тили узун болуп калганын көр ой,— Айымжан кытмыр күлүп койду.
Сатар баарына жиликтерди бөлүп келип, мени шылдыңдагандай.
— Чыныңды айт, эртеге отун аласыңбы?
— Албайм.
— Албасаң жилик жок,— деп шыйрак сунганда ордуман туруп эшикке жөнөдүм.
— Дубана тарынса куржунуна зыян,— деген Сатардын кемсинткен кебин эшиктен уктум да, там башына чыгып, көмкөрөмөн жатып ыйлай берип таң атырдым...
Сентябрга аз калган. Үстүмдөгү кийим-кечелерим эскирип, түлөп жүрөм. «Ыраматылык апам тирүү болсо, азыркыдай жүдөмөк белем? Өзүмө жарашыктуу кийим тигип, анан мектепке жөнөтмөк» деп ичимен сызып, эч ким жок жерде ыйлап да коём.
«Эски кийимдерим менен окууга барбайм»,— деп Шарше жер тепкилеп ыйлады эле, Сатар аны кучактап сооротуп: «Ыйлаба, ала кунаажынды сатып, өзүңдү жасайм»,— деп убада берди.
— А магачы? — деп мен да сурап жиберипмин. Айтып жиберип, ичимен өкүнүп да калдым. Сатардын айтар жообу белгилүү да, санын чапкылап күлүп калды.

— Баламан айланып кетиңиз...

— Көрдүңбү, жаның ачышат бекен? Бала деген ошондой болот,— деп Алмакан эже мени үйүнө ээрчитип барып, бар тамагын берип:

— Менин үйүмдө жүрө бер. Апаң ыраматылыктын көп жакшылыгын көргөнмүн,— деди.

Каш карайып, Алмакан эже төшөк салып жаткан. Каалга карс ачылып, мас Сатар темтеңдеп үйгө кирип:

— Үйгө жүр! — деп корсулдады.

Алмакан эже жай эле күлүп сүйлөдү:

— Апаң ыраматылыктын керээзин унуттуңбу? Бурулча чыңыртып уруп жаткан экен, ээрчитип баса бердим.

— Кандай бузуку катынсың? Менин укам менен ишиң эмне? Өз түтүнүңдү булат, уктуңбу? — деп колумдан кармап, дегдеңдетип сүйрөп үйгө алып барды. Бурулча каарданып күтүп отурган экен.

— Эмне келдиң сагалап? — деди.

— Кетем,— дедим таймаңдашып.

— Көрчү, бул жетимиң ийменип койбойт.— Бурулча кекерлүү Сатарга кайрылды.

— Жетим дебе! — Мен качууга камынып, дагы кетенчиктедим. Сатар оң колуман бекем кармап, жанына отургузуп:

— Экинчи жеңеңе тил кайтарганыңды уксам, бала мендеп таарынба,— деп колун керди. — Мен сенин бир туугаңың болом.— Анан ормоюп Бурулчага карап:— А Бурулча — менин катыным, түшүнүктүүбү?

Ошол күндөн тартып жеме менен түйшүктөн башым көтөрүлбөдү. Отун алган да мен, суу алып келген да мен, тегирмен тарткан да мен, күбү бышкан да мен, уй кайтарган да мен — иши кылып, үйдөгү ирик-катык жумуштун баары менин мойнумда. Айрыкча, жайкы каникулда жүдөп, кийимдерим шакмардай кирдеп жүрөм. Ошол эле дейсиңби, кийинчирээк Айымжандын да үй кызматы мага жүктөлдү. Аларга да отун-сууну мен алам, а Шерше тайтаңдап басып жүрөт. Бир күн тегирменден келсем Айымжан колума бир сындырым нан берип:

— Адырга барып шыбак жулуп кел,— деди.

Мен тилин албай, апамын мүрзөсүн көрөм деп кетип калдым. Кеч үйгө келсем Сатар камчысын үйрүп, дарбазанын жанында жолумду тосуп отурган экен. Алыстан эле анын сурданганын көрүп:

«Энеси экөөлөп дагы жамандаган го»,— деп жүрөгүм түшүп, колундагы камчысы кайсы жериме тиер экен деп жакындай бердим.



— Кайда жүрдүң, мырза! — Сатар камчысын силкинтип. Үрөйүм учуп унчукпай тура бердим.

— Сага айтып жатам дейм? Кайда жүрдүң?!

— Апамын мүрзөсүн көрүп келдим.

— Анда сага бышырып коюппу? — Эмне үчүн энеме отун алып бербейсиң, а? Кулагың угабы?! — Кызыл шыйрагыма камчы тийгенде чаңырып отуруп калдым.

— Өкүрбөй үйгө кир! — Камчысын дагы үйрүдү.

Бурулча жолумдан утурлап:

— Курсагың ачканда үйгө келипсиң го? Күйөрман апаң тамак бердиби?— Каштарын серпип, мурдун чүйрүдү.

Апамын козуларынын бирөөн союп кеч курун эт салышыптыр. Тамак бышып, табакка салынганда Айымжан Шаршени ээрчитип келип, босогону аттаары менен:

— Сапашжан, апаң эт салып койгон бекен? — деп ал да кекетип сүйлөдү.

Сатар ордунан жалтактап тура калып:

— Эне, капа болбоңуз, экинчи антпей турган кылдым. — Анан мага акырая карап:— Эртеге отун алып келбесең бүгүн эт жебейсиң. Уктуңбу?

Мен тартынганым жок.

— Албайм!

— Тили узун болуп калганын көр ой,— Айымжан кытмыр күлүп койду.

Сатар баарына жиликтерди бөлүп келип, мени шылдыңдагандай.

— Чыныңды айт, эртеге отун аласыңбы?

— Албайм.

— Албасаң жилик жок,— деп шыйрак сунганда ордуман туруп эшикке жөнөдүм.

— Дубана тарынса куржунуна зыян,— деген Сатардын кемсинткен кебин эшиктен уктум да, там башына чыгып, көмкөрөмөн жатып ыйлай берип таң атырдым...

Сентябрга аз калган. Үстүмдөгү кийим-кечелерим эскирип, түлөп жүрөм. «Ыраматылык апам тирүү болсо, азыркыдай жүдөмөк белем? Өзүмө жарашыктуу кийим тигип, анан мектепке жөнөтмөк» деп ичимен сызып, эч ким жок жерде ыйлап да коём.

«Эски кийимдерим менен окууга барбайм»,— деп Шарше жер тепкилеп ыйлады эле, Сатар аны кучактап сооротуп: «Ыйлаба, ала кунаажынды сатып, өзүңдү жасайм»,— деп убада берди.

— А магачы? — деп мен да сурап жиберипмин. Айтып жиберип, ичимен өкүнүп да калдым. Сатардын айтар жообу белгилүү да, санын чапкылап күлүп калды.

— Тур, карды күрө.

— Шаршечи,— деймин эрегишип.

— Шаршеге теңелбе, ал окусун. Мал доктур окуусуна барат. — Шаршеге жадырап күлүп. — Шарше мал доктур болсо, ошондо май көлгө батабыз, ээ!— дейт.

— Ананчы,— дейт Шарше камырабай, азыр эле зоотехниктей.

Кар күрөп жатып кыялданам. «Демек, Шаршени Оштогу айыл чарба институтуна жиберет тура. Түшүнүктүү.

— Сагабы? Шаршеге жалынсаң, ал сага эскилерин берер.

Мен ызаланганым да, ыйлаганым да жок.

— Ала кунаажын апама сыйлыкка тийген, ал меники,— дедим Сатардын жанын күйдүрүп.

Сатар көздөрүн алайтып, мени жутуп жиберчүдөй:

— Бери келчи... деп кекетти. Анын маңдайыман сылап койбосун билип, качайын десем, Шарше бекем кучактап, жулкунсам да коё бербеди. Аңгыча Сатар көздөрүн сүзүп:

— Сага бул акылды ким үйрөтүп жүрөт ыя, айтып бер мага,— деп жанымды сууруй баштады.

Мен эмне демек элем. Албетте, мага эч ким акыл үйрөтүп, кулагыма куюп деле жүргөн жери жок. Турмуштун өзү мага үйрөтүп жатпайбы? Эгерде, Сатар антпей, калыс болуп, мага да адамча мамиле кылса, мүмкүн андай ой менин башыма да жолобос эле.

Келерки базарда, Сатар айтканымдай эле ала кунаажынды мага жетелетип барып сатып, Шаршеге бир топ кийим алып келди. Шарше жаңы чийбаркут костюмун кийип, эки колун чөнтөгүнө салып, жагалданып күйдүрөт;

— Кунаажынды сен бактың, жыргалын Шершең көрдү. Насип да. Эгер менин айтканымды орундатып, тилимден чыкпасаң эскилеримди берем.

Астыңкы эрдимди бекем тиштеп, жылаңайлак бутумду жылуу топуракка батырып, унчукпай карап турам. Ичимен: «Ушул немененин азабы өттү го. Акесин көрсөтсөмбү? Анда Сатар менен Бурулчанын казабында калам. Сабыр кыл, Сапар деп, ачуум келип титиреп турам. Шарше үйгактай жармашып шылдыңдаганын токтотпойт.

— Жетимдин айласы кыйын тура,— дегенде айбат көрсөтүп, ынтылдым эле чымын-куюн качты, мен өчөшүп калган экемин, артынан кууп жетип итере салсам, узунунан сулап топуракка оонап жатып калды. Табам кана түштү. Бирок, бул «бейбаштыгым» үчүн кечкурун Сатар мени эркелетип койбостугун заматта сезе коюп Шаршеге жалына башадым. Андай учурда Шарше эпке келмек беле? ...Айтканымдай эле ал түнү да курсагымды көз жашым менен тойгуздум.

Биричи сентябрь күнү эртең менен эски кийимдерим менен мектепке шашып баратсам, Алмакан эже үйүнө чакырып алып, колума муштумдай ак кант берип:

— Сапаш, кайтарыңда үйгө тийип өт,— деди.

Алмакан эжеге мектептен кайтарымда тийип өтсөм мага ылайыктап кара тирийкеден көйнөк-шым тигип, күтүп отуруптур. Үстүмдөгү жыртылган кийимдерими чечтирип,



самындап киринтип, анан жаңы кийимдерди кийинтти эле, деги командир кебетеленип калдым. Менин кубанып тургандымды Алмакан эжем билди окшойт, сабыры суз жылжайып:

— Бети жок жеңең менен жаман агаң бул үчүн да кактабай каныңды алат, бар эми, барагой, эскилериңди жууп, жамап-жаскап коём. — Артыман узатып карап турду.

Алмакан эженин мага кылган жакшылыгын, берген тузун эч качан эч-көңүлүмдөн чыгара албайм. Курсагым ачканда тартынбай эле үйүнө кирип барсам, бар тамагын аябай маңдайыман сылап, өзүнүн акыл-наасатын айтат.

Баса, Алмакан эже жаңылбаптыр.

«Жетим бала үйдөн бир нерсени жылдырган да, болбосо, Алмакан өз жанынан кийим тигип жанынан тоюппу?»— деп Бурулча жок жерден мага жалаа жаап, Сатарды күчкүлөдү. Менин бир тууганымдын эмне дээри белгилүү да. Бирок, негедир алар намызданышып: «Алмакандын кийимин жеткирип бер» дешкен жок, анткен учурда мага өздөрү кийим алып беришерин жакшы билишет да.

...Сентябрдын аягында Бурулча уул төрөдү. Менин мойнума дагы бир кошумча жүк артылды. Таң атканча алардын баласын терметип чыгам, анын үстүнө Аскарбек аябай ыйлаак эле.

Кылычын алып кыш келди.

Кээде эки-үч күн удаасы менен окууга баралбай шахтыдан жонума таш көмүр көтөрүп, үйгө ташыйм. Курсагым ачып, үшүп келгенде: «О Сапаш, азаматым» деп койсо да жетинип каласың го. Сатар төрдө уулун тизесине отургузуп, Шарше, Бурулча үчөө кызарып-татарып бозо ичип отурган **болот.**

— Сени бирөө буту-колуңду байлап койдубу! Тезирээк эле келбейсиңби? Тегирмен тартылбай турат. Тез жөнө,— деп Сатар зекирет. Аргасыздан тегирменге барам. Кыштын ызгаардуу бороонун жиреп, бир убакта үйгө кайтып келем. Бир аз буту-колум жылыганда:

— Тур, карды күрө.

— Шаршечи,— дейм эрегишип.

— Шаршеге теңелбе, ал окусун. Мал доктур окуусуна барат. — Шаршеге жадырап күлүп. — Шарше мал доктур болсо, ошондо май көлгө батабыз, ээ!— дейт.

— Ананчы,— дейт Шарше камырабай, азыр эле зоотехниктей.

Кар күрөп жатып кыялданам. «Демек, Шаршени Оштогу айыл чарба институтуна жиберет тура. Түшүнүктүү.

— Арызың болсо айта бер. Мен ушул мектептин директорумун,— деди. Мен оозума сөз кирбей мурдагыдан беш бетер ыйлап жибердим. Тиги директормун деген кишинин мамилеси, үнү мээримдүү чыккандыктан бүткүл ызамды чыгаргым келди окшойт:

— Бизге окшогон жетимдерге орун барбы? — деп бетке айтып жибердим эле, ал өтө оңтойсузданып кетти да. — Эмне үчүн жок экен?,— деп сурады. Мен көз жашымды кургатып, болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим.

— Сени албаганда кимди алабыз? Жүр? — деп ээрчитип жөнөдү.

— Бул баланы тизмеге каттап кой,— деди буйрук берип.

— Документи толук эмес экен. Инструкция боюнча туура болбойт го,— деп жанагы завуч каршы боло баштаганда, директор агай:

— Бул баланын өзү эле инструкция. Жетим,— дегенде завуч шашкалактап:

— Бая эле ошентпейсиңби?— Ал көз айнегинин артынан жылмайып карап, менин фамилиямды сурап тизмеге жазып койду. Бул менин өмүрүмдөгү биринчи жолу өзүм издеп тапкан туура жол эле.

Мектепте кантип окуганымды, андагы достукту, ынтымактуулукту мурда эле сага айтып бергемин. Бир гана кошумчалай турган эпизод бар.

Онунчуну бүтөр жылы жолдоштор менен жазында кинодон келатып капылеттен Сатарга жолугуп калдым. Анын жанында Шарше бар экен. Көрүшпөгөнүбүзгө үч жыл толуп калган. Бирок чынымды айтсам, мен Сатарды көргөндө кубанганым жок, кайрадан анын кебетеси мага мурдагы азаптарды элестетти. Бир-бирибизге бейтааныш кишилердей ыргылжың болуп, аны-муну сурашымыш болдук. Ал чөнтөгүн сыйпалап, отуз сом сууруп «майдам жок экен» деп кайра салып алды. Алар узай бергенде жанымдагы балдар күлүп жиберишти. Мен бир кыйлага унчукпай басып:

— Ушул киши бир тууганым десем, ишенер белеңер?— деп сурадым.

Алар каткырып күлүшүп:

— Сапаш, тамашалабачы, бул жөн эле бейтааныш эме го,— дешти. Ырас, аларды түк ишендире албай койдум.

Онунчуну бүткөнүмдө директор агай Ленинграддагы политехникалык институтка бар деп кеңеш бергенде, макул болбой, врач болом деп көгөрүп туруп алдым. Албетте, алар мени зордошмок беле.

А менчи? Албетте, мени окутпас үчүн жан талашып аракет кылат, бирок мен сөзсүз окуймун, эч убакта булардын колунда калбаймˮ. Айланамдагы көздүн жоосун алган мелтиреген аппак карга сүзүлүп телмире карап: «Тез эле жаркыраган жаз келип, окуумду бүтсөм экен?»

Узатып айтып отурбайын. Кыскасы, жетинчи классты бүтүп, колума күбөлүк тийгенде Алмакан эженин үйүнө түз келип, окууга барсам деген тилегимди айттым. Ал өзү уулун окууга жиберип жаткандай кубанып:

— Окуп ал, айланайын. Жетим жетилет, адам бол. Анан ушулардын көзүнө бир көрүн,— деп колума үч жүз сом берип, ошол түнү өзү машинеге салып жиберди. Менин эңсегеним — Ош шаарындагы интернатка кирүү. Ар кимден сураштырып жүрүп, шаардын четиндеги мектепти издеп таптым. Бирок, документтериң толук эмес экен деп, көз айнекчен, арык чырай завуч макул болбой койду. Айлам түгөндү. Эмне кылуу керек? Кайра Сатар менен Бурулчанын үйүнө барсамбы? Абалың ушул экен, кайра сагалап келдиң го»,— деп алар эртели-кеч жанымды койбой шылдыңдашат. Документтеримди колтуктап сыртка чыктым. Окууга өткөн мен теңдүү балдар, кыздар жадырап жайнашып, мектептин чоң короосуна сыйбайт. Алардын кубанычтары жүздөрүндө жайнайт. Аларды көрүп туруп:— Мен эмне үчүн ушунчалык бактысызмын? Менин эмне деген кечирилбес жазыгым бар? — деп таалайыма, тагдырыма чейин кейип кеттим. Ызалыгыма чыдабай көз жашым көз көрүнө бетимден шорголоп кетеби деп намыстанып, жер тиктеп дарбазаны көздөй жөнөдүм. Сыртка чыксам, көзүмө эч бир жан көрүнбөйт. Бул аалам, бул бул көчө ушунчалык ээн талаадай сезилди. Айлам түгөнүп, көчөнүн боюндагы чоң мырза терекке башымды сүйөп ыйлай бердим, ыйлай бердим. Канча ыйлаганымды сезгеним жок. Ошол мезгилде көз алдымдан бир тууганымдын, жеңемдин колунда өткөргөн бүткүл азабым түптүгөл бири калбай тизилип өтүп, элестеп атты. Бир убакта кимдир бирөө менин жаныма басып келгендигин сездим. Мен жактырбагандай тетири бурулуп, улам көз жашымды шыпырып, солкулдап ыйлай бердим. Жанагы киши менин чачымдан этият сылап:

— Сени ким капа кылды, балам? — деп кайрылды.

«Бул дүйнөдө мага дагы боор ооруган жан бар экен ээ?» деп таңданып карай салсам, бет маңдайымда отуздардан ашкан, арыкчырай, өңү кара тору киши туруптур. «Сиздин эмне ишиңиз бар»,— деп кежирлик менен жооп кайтара электимде тиги киши менин оюмду түшүнө койгондой, ачык айрым жылмайып күлдү да:



— Арызың болсо айта бер. Мен ушул мектептин директорумун,— деди. Мен оозума сөз кирбей мурдагыдан беш бетер ыйлап жибердим. Тиги директормун деген кишинин мамилеси, үнү мээримдүү чыккандыктан бүткүл ызамды чыгаргым келди окшойт:

— Бизге окшогон жетимдерге орун барбы? — деп бетке айтып жибердим эле, ал өтө оңтойсузданып кетти да. — Эмне үчүн жок экен?,— деп сурады. Мен көз жашымды кургатып, болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим.

— Сени албаганда кимди алабыз? Жүр? — деп ээрчитип жөнөдү.

— Бул баланы тизмеге каттап кой,— деди буйрук берип.

— Документи толук эмес экен. Инструкция боюнча туура болбойт го,— деп жанагы завуч каршы боло баштаганда, директор агай:

— Бул баланын өзү эле инструкция. Жетим,— дегенде завуч шашкалактап:

— Бая эле ошентпейсиңби?— Ал көз айнегинин артынан жылмайып карап, менин фамилиямды сурап тизмеге жазып койду. Бул менин өмүрүмдөгү биринчи жолу өзүм издеп тапкан туура жол эле.

Мектепте кантип окуганымды, андагы достукту, ынтымактуулукту мурда эле сага айтып бергемин. Бир гана кошумчалай турган эпизод бар.

Онунчуну бүтөр жылы жолдоштор менен жазында кинодон келатып капылеттен Сатарга жолугуп калдым. Анын жанында Шарше бар экен. Көрүшпөгөнүбүзгө үч жыл толуп калган. Бирок чынымды айтсам, мен Сатарды көргөндө кубанганым жок, кайрадан анын кебетеси мага мурдагы азаптарды элестетти. Бир-бирибизге бейтааныш кишилердей ыргылжың болуп, аны-муну сурашымыш болдук. Ал чөнтөгүн сыйпалап, отуз сом сууруп «майдам жок экен» деп кайра салып алды. Алар узай бергенде жанымдагы балдар күлүп жиберишти. Мен бир кыйлага үнчукпай басып:

— Ушул киши бир тууганым десем, ишенер белеңер?— деп сурадым.

Алар каткырып күлүшүп:

— Сапаш, тамашалабачы, бул жөн эле бейтааныш эме го,— дешти. Ырас, аларды түк ишендире албай койдум.

Онунчуну бүткөнүмдө директор агай Ленинграддагы политехникалык институтка бар деп кеңеш бергенде, макул болбой, врач болом деп көгөрүп туруп алдым. Албетте, алар мени зордошмок беле.

...Акышжан, өзүңөн жашырган сырым ушул — деп, Сапар башын аялынын көкүрөгүнө сүйөп, дагы эмнелерди айтпай калдым дегендей унчукпай калды.

— Баса, эң маанилүүсүн унуткан турбаймынбы! Бурулчаны колхозго иштетпөөнүн аргасын издеп, Сатар Өзбекстанга көчүп барып кой багып жүрөт. Бурулча кой ферманын башчысы менен соо эместигин Сатар билип калып, аябай аялын сабайт. Бурулча өчөшүп аны сотко берип, колхоздун ири чоң койлорун кичинесине айырбаштап жүргөн айыбын ачат, Сатар үч жылга камалып кеткенде, Бурулча кайыр кош деп күйөөгө тийип алыптыр, деп айылдык балдар айтышкан эле. Көрсө, ошол чын экен. Сыягы, Сатар түрмөдөн бошоп, азыр да эски адатынча оңой оокат издеп, биздин үйгө баш калкалап келсе керек.

Ушул учурда сырттан аттын дүбүртү угулду да:

— Сапашжан, айланайын ишке жара!— деген карыянын кардыккан үнү чаңкылдады.

Түн жарымында бул карыя эмне үчүн келгенин Сапар да, Акылай да айттырбай түшүнүштү.

...Эшикте кар уйгу-туйгуланып, бороон ышкырат. Чаалыгып-чарчаган Сапар жылуу төшөгүнөн безип, моюн кайырбай аттанды.

— Ак жолдуу бол, Сапаш!

# аңгемелер



## ЭРКИНБЕК

Качан кеч кирип, качан Эркинбектин атасы жумуштан кайтып келет? Күн араң бешим болгон турбайбы? Кычагандай үйдү да атасы айылдын обочо жерине салыптыр. Эгерде үйлөрү эл ортосунда болсо, ал мынчалык зерикмек эмес. Баса, атасы бир күнү бригадирге: «Келиркиде поселкага чыгып, жаңы үй салайын деп жүрөм. Колхоз жардам берер бекен?»— деп айтып жатканын Эркинбек өз кулагы менен укпады беле? Атасы айтканын орундаткан адам. Эркинбек анда азыркыдай жалгызсырабайт, анткени алардын жаңы үйү айыл арасында болот. Туш тараптан балдар чогулушуп: «Эркинбек, жүр, дос, ойноп келебиз!»— деп өздөрү чакырып турушат. Эгерде алар четтетип чакырышпай койсочу? Мейли, анда! Кыпындай да капачылык жок. Эркинбек жалынмак беле? Жо-ок! Анда ал, жаңы үйүнүн үстүнө чыгып алып, туш тарапты карап, жыргап отура берет. Мындай жыргал барбы?

Ушул жыл тез эле өтүп кетсе экен? Жаз алды менен атасы кыш куйганда Эркинбек жардам берип, кумун сайдан ташып берет.

Эркинбек ушинтип үйүнүн алдындагы середе чалкасынан түшүп, бекерчиликтен кыялданып жатканда, бир боз чымчык кайдандыр учуп келип, тандырдын жанындагы асман тиреген мырза теректин кыл чокусундагы үч ача шакка конду.

Ой-бой, ошол жерде анын уясы бар турбайбы? Мурда Эркинбек чымчыктын бул уясын көрбөй кайда жүргөн? Балапандардын алсыз чыйылдаган үнү угулду. Тиги чымчык оозундагы жемин балапандарына бөлүштүрүп берип жатканда, Эркинбек кемелеги менен мээлеп атты эле тийбей калды! Эркинбек дагы атты, дагы тийбеди. Үчүнчүсү теректин паркин үзүп кетти эле шарпын укту окшойт, чымчык элеңдеп, эки жагын каранып, анан белгисиз тарапка учуп жөнөдү...

Эркинбек дагы бир жолу кемелегин куп мелжеп уяны атты эле дагы тийбеди. Ал өчөшө түштү: «Мен ушул уяга

чыгып барып, балапандарын алып ойнойм»,— деп шымынын багалектерин тизесине чейин түрүп, теректин бутактарына жармашып, жогору карай чыга баштады. Ал канчалык тырышып, улам жогорулаганы менен, чымчыктын уясы али алыс. Ууны бийик салган чымчыкка ачууланды. Жапыз эле салса өлөбү? Эркинбек ала албасын деп ойлогон да! Эч нерсе эмес! Ал мындан коркунучтуу, мындан бийик жерлердеги уяга чыгып, балапандарын, жумурткаларын алган. Бул оюнчук да... Ал терден-тепчип аралыктын жарымына жетип, айланасын бир карады! Чынында эле Эркинбек өтө жогору көтөрүлүп кеткен экен. Ал талаадан бүткүл кыбыраган жанды көрдү! Те, тетиги ойдо аялдар буудай оруп жүрүшөт! Алардын көйнөктөрү, жоолуктары ар түрдүү: ак, кызыл, сары, жашыл! Андан бери жактагы беде аңызда мектеп балдары чөмөлө үйүп жүрүшөт. Алардын бирөө тынбай зыңкылдап ырдап жатат.

Талаадагы сулуулукту, андагы адамдарды ушундай бийик жерден көрүш керек турбайбы? Тиги балдар менин ушул шамдагайлыгымды көрүшсө аябай суктанып: «Эркинбек азамат!»— деп мактайшаар эле. Ал: «Эй-эй!»— деп бир-эки жолу үнүн созуп кыйкырды эле, тыяктагылар угушпады. Аттиңай!

Эркинбек күч-кубатын жыйнап, дагы жогорулай баштады. Ал бир жолу төмөн карай көз кырын салды эле, жер тээ жакта, өтө алыс калыптыр. Эркинбектин колу эми уяга жеткен эле.

— Акетай! — деген бирөөнүн таң калган, корккон үнүн угуп, Эркинбек аргасыздан төмөн карады.

Эркинбек кандай шамдагай азамат! Ал теректин кыл учунда жүрөгү болк этпей тырмышып жүрсө, тиги жапырайган жерде Кемелдин оозу ачылып, аңырайып карап турат. Анын делдейген кулагы араң көрүнөт.

— Эркин, түш жерге, башың айланат!

— Эй, давай, сен да чык!— деди Эркинбек кыйынсынып.

— Мен чыга албайм!— деген Кемелдин үнү угулду.

— Чыга албагыдай кызсыңбы?

Кемел эмне деп жооп берерин билбей кызарып кетти.

— Сен этегиңди тосуп тур, мен балапандарды таштайм. Сага бирөөнү берем. Макулбу?

Кемел жок дегендей, башын чайкайт. Кап, эгерде Эркинбек анын жанында турганда, ал ушинтип моюн толгомок беле? Жерге түшкүчө карматпай качып кетет.

— Анда, экөөн берем,— деп кыйкырды да, ичинен: «Жерге түшкөндө бирди да бербейм!»



Ай, ушул Кемелдики өттү. Дагы эле макул болбойт. Ач көз неме, бардыгын бер деп турса керек.

— Анда, тең бөлөбүз, уктуңбу?— деди эң аягында Эркинбек жаны кашайып.

— Баарын берсең да албайм. Балапандарды өлтүргөн убал болот. Апам урушат,— деди Кемел.

Айрыкча Кемелдин «Апам урушат» деген кеби Эркинбектин ачуусун келтирди. Анткени анын апасы быйыл кышта каза тапкан. Тиги Кемелдин азыркы кеби: «Сен ала бер, уруша турган апаң жок»— дегендей угулду.

— Эй, бала, оозуңа карап сүйлө, жерге түшкөндө көрөсүң,— деп Эркинбек колун кезеп коркутту эле, Кемел жалтактап:

— Болуптур, таштай бер,— деп этегин тосууга камданды.

Уяда жети балапан бар экен. Алар Эркинбектин шыбыртын угушуп, сапсары оздорун чыйпылдап ачышты. Эркинбек эң четки балапанды чеңгелдеп: «Эй, этегиңди тос, таштадым!»— Балапан этегине түшпөй, Кемелдин жанындагы шакка тийип, былч дегенде, Эркинбек көзүн жума калды.

— Балапанды өлтүрдүң,— деген Эркинбектин кыжырданган сөзүн угуп, Кемел чыдап тура алган жок.

— Сен өлтүрдүң! Карачы, убал!— деп ыйламсырап жиберди.

Ошол учурда бир чаар чымчык чый-пыйы чыгып теректин бутагынан-бутагына учуп-конуп жүрдү.

— Эй, Эркин! Көрдүңбү энесин, кой алба,— деди Кемел суранып. Эркинбек экинчи балапанды чеңгелдеп алганда, тиги чымчык (атасыбы-энесиби, аны ким билсин) жан-алы калбай чыйпылдап, Эркинбектин үстүнө үйрүлүп түшө калат.

— Кемел, этегиңди тос!

— Тоспойм,— деген үндү угуп, жерди караса, ал кейкейип басып баратыптыр.

— Шашпа, бала,— деп кыйкырып унчукпай калды.

Алыстан алдына бир нерсени өңөрүп келаткан атасын көрө коюп, Эркинбек калган балапандарды албай, төмөн карай түшө баштады.

— Атам келатат! Атам! Ата, эмне мунуң?— Таанубай туруп калды. Кожомкул колундагы жаныбарды аң-таң болуп карап турган Эркинбекке кучактатып:

— Өзүң таанып алчы?

Эркинбек чочулап, чаарчыкты кучактаганда, ал тыбырчылап, анын колунан жылмышып түшүп, жерге курсагы

Ай, ушул Кемелдики өттү. Дагы эле макул болбойт. Ач көз неме, бардыгын бер деп турса керек.

— Анда, тең бөлөбүз, уктуңбу?— деди эң аягында Эркинбек жаны кашайып.

— Баарын берсең да албайм. Балапандарды өлтүргөн убал болот. Апам урушат,— деди Кемел.

Айрыкча Кемелдин «Апам урушат» деген кеби Эркинбектин ачуусун келтирди. Анткени анын апасы быйыл кышта каза тапкан. Тиги Кемелдин азыркы кеби: «Сен ала бер, уруша турган апаң жок»— дегендей угулду.

— Эй, бала, оозуңа карап сүйлө, жерге түшкөндө көрөсүң,— деп Эркинбек колун кезеп коркутту эле, Кемел жалтактап:

— Болуптур, таштай бер,— деп этегин тосууга камданды.

Уяда жети балапан бар экен. Алар Эркинбектин шыбыртын угушуп, сапсары ооздорун чыйпылдап ачышты. Эркинбек эң четки балапанды чеңгелдеп: «Эй, этегинди тос, таштадым!»— Балапан этегине түшпөй, Кемелдин жанындагы шакка тийип, былч дегенде, Эркинбек көзүн жума калды.

— Балапанды өлтүрдүң,— деген Эркинбектин кыжырданган сөзүн угуп, Кемел чыдап тура алган жок.

— Сен өлтүрдүң! Карачы, убал!— деп ыйламсырап жиберди.

Ошол учурда бир чаар чымчык чый-пыйы чыгып теректин бутагынан-бутагына учуп-конуп жүрдү.

— Эй, Эркин! Көрдүңбү энесин, кой алба,— деди Кемел суранып. Эркинбек экинчи балапанды чеңгелдеп алганда, тиги чымчык (атасыбы-энесиби, аны ким билсин) жан-алы калбай чыйпылдап, Эркинбектин үстүнө үйрүлүп түшө калат.

— Кемел, этегинди тос!

— Тоспойм,— деген үндү угуп, жерди караса, ал кейкейип басып баратыптыр.

— Шашпа, бала,— деп кыйкырып унчукпай калды.

Алыстан алдына бир нерсени өңөрүп келаткан атасын көрө коюп, Эркинбек калган балапандарды албай, төмөн карай түшө баштады.

— Атам келатат! Атам! Ата, эмне мунуң?— Таанымбай туруп калды. Кожомкул колундагы жаныбарды аң-таң болуп карап турган Эркинбекке кучактатып:

— Өзүң таанып алчы?

Эркинбек чочулап, чаарчыкты кучактаганда, ал тыбырчылап, анын колунан жылмышып түшүп, жерге курсагы

тын жыгылбаганына, кенебей басып кеткенине Эркинбек ичи күйүп, каалганы катуу жапты да, атасына тартандап чуркап келип:

— Ата, сойбойлубу?— деп матады.

— Семиргенде соёбуз. — Кожомкул өтүгүн чечип, чулгоосун кончко салып коюп:

— Чаарчыкты да соёбуз, сорпосун да ичебиз, анан эмне кылабыз?— деп колдорун эки жакка жайып жиберди да, телмирип карап турган уулун көрдү. Уулунун жаактары шимирилип, көздөрү киртийинки, негедир заматта сустая түшкөндөй.

— Бери келчи,— Эркинбекке кучагын жайды. Уулу негедир кетенчиктеп, атасынын кучагына келди. «Менин Шарапат менен макулдашып жүргөнүмдү укса керек. Өгөйлөп жатат го? Аныкы да туура»,— деп Кожомкул уулун алдына **отургузуп:**

— Курсагың ачып жүрөбү?— деп сурады.

Эркинбек көзүн жумуп, атасынын кучагына ыкталып, түк унчукпады. «Ыраматылык апасын эстеп азып да баратат. Керели-кечке ойноп, чарчаса керек»,— деп ойлоп Кожомкул:

— Уйкуң келдиби?

— Жок. — Эркинбек жооп берди.

— Анан эмне көзүңдү жумасың?

Эркинбек көзүн жумган кебетесинде оор үшкүрүп койду да мындай деди:

— Көзүмдү жумсам эле апам көрүнөт, кадимкисиндей казан-аякка аралашат, төшөк-орун салат, жыят, үй саайт, анан... Ушул учурда Эркинбектин үнү дирилдеп, узун кирпиктери нымдаша түштү. — Анан, мени жаман көрөбү, айтор жаныма жолобойт...— Кожомкул негедир азыр тула бою калтырап, жаш баладан бетер жашыды, бирок өзүн араң кармап:

— Жомок айтып берейинби?— Уулу көзүн жумган кебетесинде: «Ооба» дегендей баш ийкеди.

— Илгери-илгери атам заманда Эр Төштүк деген баатыр болгон экен... Ал тогуз уулдун кенжеси болуптур,— деп Кожомкул айта баштады. Эр Төштүк желмогуз кемпирди кубалап, жердин астына түшүп кеткен жерине келгенде,— Эркин, уулум, угуп жатасыңбы?— деди. Бирок ал унчукпады. «Чарчаган экен!»— Ойгонуп кетпесин дегендей Кожомкул акырын ордунан туруп, Эркинбекти середеги салынган төшөккө жаткызды.

...Эркинбек уйку-соонун арасында ныксырайт. Сыягы күн чыгып калса керек. Атасы кимдир бирөө менен акы-

менен бир тийип, чыйпылдап жиберди. Тура качпасын деген ойдо Эркинбек лып кармап калууга камданып, бирок буттары жип менен бекем буулганын көрүп, камыраган жок.

— Баракелде, сени баатыр болот деп жүрсөм, суу жүрөк белемсиң? — Эркинбекке атасынын сөзү мыскылдагандай угулду. Ал осолдоп, кулагына чейин кызарып, алмателме атасы менен жерде бүтүйүп жаткан бейтааныш чаарчыкты карап турду да:

— Мен коркок эмесмин,— чаарчыкты удаа-удаа муштап жиберди.

— Шүк, бейбаштанба!— Кожомкул уулун кармай калды. Эркинбек көктүгүн салып, атасынын кулагын чойгулады.

— Айт, мен коркокмунбу же коркок эмесминби? Айт!

— Сен коркок эмессиң уулум,— деп Кожомкул Эркинбекти лып көкүрөгүнө көтөрүп, тамагынан жыттаганда:

— Ата, сакалың сайгылап атат,— деп каткырып күлдү. Кожомкул уулун жерге түшүрүп, жерде жалдырап жаткан чаарчыктын бутун чече баштады. Эркинбек да отура калып, анын кулагынан кармалап:

— Ата, бул эмненин баласы?

— Чаарчыкпы? Чаарчык — эликтин баласы. Жана күн кылкылдап батып бараткан чөп аралап келатсам, жаныбарым эч нерсени туйбай уктап жатыптыр. Шып гана үстүнөн басып калдым. Ал атайын кантип басып калганын көрсөткөндө, Эркинбек каткырып күлдү.

Бошонгон чаарчык силкинип тура калганда, жүнүнө жабышкан чөп-чарлар, топурактар күбүлдү. Кулагы тикчийип, көзүнөн жаш куюлуп кетчүдөй ыйламсырайт. Качса атамчылап баса калам деп камданып турган Эркинбек, чаарчыктын мойнунан кучактап, өзүнө тартты!

— Ата, былтыркы кара козудай семиртип, анан соёбузбу?

— Соёбуз, соёбуз,— деп Кожомкул атын жайдактап, анан «бар эми таң аткыча эркин кушсуң» дегендей, чылбыр менен соорусуна акырын чаап, ээр-токумду колтуктап: «Көтөрө жүр»,— деп үйдү көздөй басты.

Эркинбек атасынын артынан чаарчыкты чымырканып көтөрүп, үйгө араң жетти да:

— Эмне кылайын?— деди. Атасы середе отуруп жатып:

— Дализге камап кой,— деп кыска гана буйрук берди. Эркинбек сендиректеп дализге жетип, оң бутунун тизеси менен эшикти түртүп ачып, чаарчыкты күчүнүн бардыгынча түртүп жиберди эле, ал төрт аягы менен тик туруп, анан караңгы бурчка жайбаракат басып кетти. Чаарчыктын жыгылбаганына, кенебей басып кеткенине Эркинбек ичи күйүп, каалганы катуу жапты да, атасына тартандап чуркап келип:



— Ата, сойбойлубу?— деп матады.

— Семиргенде соёбуз. — Кожомкул өтүгүн чечип, чулгоосун кончко салып коюп:

— Чаарчыкты да соёбуз, сорпосун да ичебиз, анан эмне кылабыз?— деп колдорун эки жакка жайып жиберди да, телмирип карап турган уулун көрдү. Уулунун жаактары шимирилип, көздөрү киртийинки, негедир заматта суstátая түшкөндөй.

— Бери келчи,— Эркинбекке кучагын жайды. Уулу негедир кетенчиктеп, атасынын кучагына келди. «Менин Шарапат менен макулдашып жүргөнүмдү укса керек. Өгөйлөп жатат го? Аныкы да туура»,— деп Кожомкул уулун алдына отургузуп:

— Курсагың ачып жүрөбү?— деп сурады.

Эркинбек көзүн жумуп, атасынын кучагына ыкталып, түк унчукпады. «Ыраматылык апасын эстеп азып да баратат. Керели-кечке ойноп, чарчаса керек»,— деп ойлоп Кожомкул:

— Уйкуң келдиби?

— Жок. — Эркинбек жооп берди.

— Анан эмне көзүңдү жумасың?

Эркинбек көзүн жумган кебетесинде оор үшкүрүп койду да мындай деди:

— Көзүмдү жумсам эле апам көрүнөт, кадимкисиндей казан-аякка аралашат, төшөк-орун салат, жыят, үй саайт, анан... Ушул учурда Эркинбектин үнү дирилдеп, узун кирпиктери нымдаша түштү. — Анан, мени жаман көрөбү, айтор жаныма жолобойт...— Кожомкул негедир азыр тула бою калтырап, жаш баладан бетер жашыды, бирок өзүн араң кармап:

— Жомок айтып берейинби?— Уулу көзүн жумган кебетесинде: «Ооба» дегендей баш ийкеди.

— Илгери-илгери атам заманда Эр Төштүк деген баатыр болгон экен... Ал тогуз уулдун кенжеси болуптур,— деп Кожомкул айта баштады. Эр Төштүк желмогуз кемпирди кубалап, жердин астына түшүп кеткен жерине келгенде,— Эркин, уулум, угуп жатасыңбы?— деди. Бирок ал унчукпады. «Чарчаган экен!»— Ойгонуп кетпесин дегендей Кожомкул акырын ордунан туруп, Эркинбекти середеги салынган төшөккө жаткызды.

...Эркинбек уйку-соонун арасында ныксырайт. Сыягы күн чыгып калса керек. Атасы кимдир бирөө менен акы-

төз беле? Сыягы чын эле ошол Айшага үйлөнүүгө көңүлдөнүп калган го!»— деп Эркинбек ыйлай берди. Атасынын сооротпой койгонуна андан бетер өчөшүп, анын кулактарын чойгулап, бети-башын аймалаганда гана:

— Атаңда эмне айып? Мына, мени жулмала! Андай кыйын экенсиң, атаңдын тамак-ашын бышырып, кийим-кечесин жууп бербейсиңби?— деп Ырыс эженин жулунганын укканда, Эркинбек атасында кыпындай айып жок экенин түшүнүп, өзүнүн бейбаштыгына уялды, бирок аларга сыр билдирбөөгө аракеттенип:

— Апамдын үйүнө эч кимди киргизбейм!— деди, Кожомкул да уулун колдоп:

— Уулум, эч кимди киргизбейбиз.

Ырыс ата-баланын кебине катылбай, уюп калган айранды ачып, нанүчтө даярдап, дасторкон жайды. Дасторкон үстүндө эч кимиси сүйлөгөн жок. Эркинбек тамак ичпей, кээде ыктытып, атасына жөлөнүп отурду.

Атасы атын токуп бүтүп:

— Мен кеч келем,— деп жумушка жөнөдү. Эркинбек адатынча атасын бир кыйлага чейин ээрчип бара берди. Үйдөн узаганда Кожомкул уулун маңдайынан сылап:

— Бар, эркем, үйгө! Бүгүн Ырыс эжең үй жыйыштырат, жанынан чыкпа!— деп жолуна түштү.

Бул мезгилде күн көтөрүлүп калган эле. Айылдагылар уйларын бадага айдап баратканын көрүп, үйүнө ылдамдай басты. Үйүнө жакындаганда, Кемел ала уюн айдап келатып жолугуп калды.

— Эркин, бүгүн жогорку маалага ойноп келбейлиби?— деп жалооруп сурады. Анын кечеги тилин албай койгонун эстеп, Эркинбек кабагын түйүп:

— Барбайм. —Тетири бурулуп басып кетти. Аңгыча Ырыс эже уйду айдап чыгып:

— Кошуп кел,— деп кыска гана буйрук берди. Ал уюн бадага кошор замат, түндөгү атасы алып келген чаарчыкты эстеп: «Аты эмне эле? Чыбырчык беле? Чаарчык! Кокуй, ал эмне болду экен?» Ал үйүн көздөй чымын-куюн болуп чуркады. Ырыс эже Эркинбектин тердеп-тепчип, күйүккөн кебетесин көрүп:

— Сени жоо кубаладыбы?

Эркинбек ага жооп бербеди. Дализдин каалгасы капыстан шарт ачылганда, чаарчык селт этип чочуп, так түйүлүп секирди. Астанада тирмейип карап турган Эркинбектен чаарчык жалтактап, кулагын тикчийтип, эгерде ал кичине эле ичкери карай аттаса, секирчүдөй: «Мусапырым, эми кайда качмак элең? Түбөлүккө колго түшкөнүңдү

рын сүйлөшүүдө. Албетте, экинчи адамдын үнү Эркинбекке илгертен бери тааныштай. Аял экен. Баса бул ким?

— Баарыбыз эле кейип жатабыз. Өлгөндүн артынан эч ким өлө албайт... Үй-орозгериң да тозуп баратат.

Бул аял атасынын бир тууган жакын бөлөсү. Ырыс эже эмеспи!

— Жообуңду айтпайсыңбы?— деп Ырыс эже демитет. Бирок атасы негедир түнөрүп унчукпайт...

...Анаке, атасы да кеп баштады... Ажарымдын кайтканына жарым жыл болбой эле төшөк жаңыртып жиберсем, бул жоругум эч кимге жакпас. Мени шаштырба, ойлонуп көрөйүн...

— Ойчу ойлонгуча, тобокелчи үйүнө жетет, сен ойлонуп бүткүчө, орозгериң чачылып баратат, карачы, жакаңдын кирин көргөн адам кускудай, идиш-аягың жуулбай жатат, өзүң талаа кезип жүрө берет экенсиң, ал эми Эркинбек ач-ток жүрөт. Ысык өтүп кетсе эмне болот?

Атасы оор үшкүрдү.

— Эркинбегим сыздабасын деп көгөрүп жатпаймынбы? Өзүң билесиң, Эркинбектин кыялы кандай экенин. Азыр деле апасы өлгөнүнө ишенбей, издеп жүрөт... Анан чоочун бирөө келип, апасынын кармаган-туткан буюмдарына ээ болуп калганын көрсө, Эркинбек кантээр экен... Мен ушуну ойлосом башым катат...

Мынакей, бул экөөнүн табышмактуу сөзү түшүнүктүү... Демек Ырыс эже анын атасын үйлөн деп үгүттөп жаткан турбайбы.

Түшүнүктүү, түшүнүктүү...

— Сен кандай кайраты жок жансың. Баары бир эртеби-кечпи бирөөгө баш кошосуң... Менин шашканым эле, Айша акыл-эстүү, орозгерди зымдай туткан жубан... Азыр ага сөз айттырган кишилер көп экен...

— Анын го туура. Эртеби-кечпи бир үйлөнүш да бар дечи,— деп Кожомкул ыңгыранганда, Эркинбек ордунан шып тура калды да, эч нерсе дебей өксүп-өксүп ыйлап жиберди. Кожомкул да Ырыс да анын алды-астына түшүп: «Ыйлаба, биз сени кантер экен деп сынап жаттык эле»,— дешкен да жок. Баары бир куру жалоору, алдоо жаш баланын жүрөктөн сызылып чыккан ыйын баса албасына түшүнүшүп, мостоюп унчугушпады.

Эркинбек булардан, айрыкча атасынан мындай таш боорчулукту күткөн эмес эле, ал «атам кадимкисиндей мага жалынат, убадасын берет»,— деп ойлогон эле. Бирок атасы түнөрүп унчукпайт. Эч болбосо «Кой, эркем, ыйлаба»,— деп сооротуп койбойбу? «Атам ушундай кара мүртөз беле? Сыягы чын эле ошол Айшага үйлөнүүгө көңүлдөнүп калган го!»— деп Эркинбек ыйлай берди. Атасынын сооротпой койгонуна андан бетер өчөшүп, анын кулактарын чойгулап, бети-башын аймалаганда гана:

— Атаңда эмне айып? Мына, мени жулмала! Андай кыйын экенсиң, атаңдын тамак-ашын бышырып, кийим-кечесин жууп бербейсиңби?— деп Ырыс эженин жулунганын укканда, Эркинбек атасында кыпындай айып жок экенин түшүнүп, өзүнүн бейбаштыгына уялды, бирок аларга сыр билдирбөөгө аракеттенип:

— Апамдын үйүнө эч кимди киргизбейм!— деди, Кожомкул да уулун колдоп:

— Уулум, эч кимди киргизбейбиз.

Ырыс ата-баланын кебине катылбай, уюп калган айранды ачып, нанүчтө даярдап, дасторкон жайды. Дасторкон үстүндө эч кимиси сүйлөгөн жок. Эркинбек тамак ичпей, кээде ыктытып, атасына жөлөнүп отурду.

Атасы атын токуп бүтүп:

— Мен кеч келем,— деп жумушка жөнөдү. Эркинбек адатынча атасын бир кыйлага чейин ээрчип бара берди. Үйдөн узаганда Кожомкул уулун маңдайынан сылап:

— Бар, эркем, үйгө! Бүгүн Ырыс жеңең үй жыйыштырат, жанынан чыкпа!— деп жолуна түштү.

Бул мезгилде күн көтөрүлүп калган эле. Айылдагылар уйларын бадага айдап баратканын көрүп, үйүнө ылдамдай басты. Үйүнө жакындаганда, Кемел ала уюн айдап келатып жолугуп калды.

— Эркин, бүгүн жогорку маалага ойноп келбейлиби?— деп жалооруп сурады. Анын кечеги тилин албай койгонун эстеп, Эркинбек кабагын түйүп:

— Барбайм. — Тетири бурулуп басып кетти. Аңгыча Ырыс эже уйду айдап чыгып:

— Кошуп кел,— деп кыска гана буйрук берди. Ал уюн бадага кошор замат, түндөгү атасы алып келген чаарчыкты эстеп: «Аты эмне эле? Чыбырчык беле? Чаарчык! Кокуй, ал эмне болду экен?» Ал үйүн көздөй чымын-куюн болуп чуркады. Ырыс эже Эркинбектин тердеп-тепчип, күйүккөн кебетесин көрүп:

— Сени жоо кубаладыбы?

Эркинбек ага жооп бербеди. Дализдин каалгасы капыстан шарт ачылганда, чаарчык селт этип чочуп, так түйүлүп секирди. Астанада тирмейип карап турган Эркинбектен чаарчык жалтактап, кулагын тикчийтип, эгерде ал кичине эле ичкери карай аттаса, секирчүдөй: «Мусапырым, эми кайда качмак элең? Түбөлүккө колго түшкөнүңдү

— Тартынбай сугуна бер.— Ал нанды улам анын алдына жакындаткан сайын чаарчык үркүп, жолобой койду. «И, билдим, билдим, мунун сырын. Менден чочуркап жатса керек. Чыга турайын». — Дализдин каалгасын акырын жаап, чоң үйгө кирди. Ырыс эже жууркандарды күнгө жайып жатыптыр.

— Дализде эмнең бар, тим эле бакшыдай жулунуп жатасың? — Ырыс эженин узунунан келген капкара кашы сүйлөгөндө жогору серпилди. Эркинбек аны ичинен жактырбай, үтүрөйүп карап турду.

— Таргыл мышык сүтүмдү ичип койду эле, ошонун акесин таанытып жаттым.— Эркинбек дализдин эшигин кыйчылдатпай акырын ачып, баш бакты. Нан баягы эле калыбында ордунда турат, а чаарчык терезе аркылуу тийген аптапка кактангандай, сол буту менен кулагын кашылап жатат.

«Сүт ичпесе, нан жебесе, бул эмне жеп чоңойгон эркетай»,— деп кыжырланып:

— Силер эмне жейсиңер? Каймакпы? Палообу? Боорсокпу? — деди Эркинбек. Чаарчык анын опузалаган үнүнөн чочудубу, айтор тетири бурулуп, бурчка өтүп кетти. Анын бул кенебестиги Эркинбекке жаккан жок. Чуркап барып, бир-эки муштайын деп ниеттенип: «Өлүп кетсин, мага эмне»,— деп кайра каалганы катуу жаап, төшөктөрдү күнгө жайып жаткан Ырыс эжесинин жанына барды. Ырыс эже көздөрүн күлүңдөтүп:

— Эркин дейм, Эркин! — Андан ары чочулагандай кебин улантты. Эркинбек өчөшкөндөй унчукпады.

— Дудук болуп калгансыңбы?

Эркинбек ансайын көгөрүп тултуйду.

— Сен бала, эмне көгөрөсүң!

— Эмне айтарыңызды билип турам... Атам аял алса мен кетип калам...

— Кайда кетмек элең? Курсагың ачканда кайра, өзүң келесиң да.

— Келбейм, түк келбейм. Алыска-алыска кете берем, анан Фрунзе деген чоң шаарга барам, чоң-чоң мектепте окуйм.— Чын эле ошол самаган шаарына жөнөмөкчү болгондой ишенимдүү сүйлөдү. Ырыс эже анын жанына басып келип, мойнунан кучактап:

— Жаш бала андай өжөр болчу эмес. Өзүң эстүүсүң го? Үйүңөр чачылып, идиш-аягыңар жуулбай жатат. Атаң талаада, сен кезерип ачка каласың.

— Баары бир мен кетип калам...

Эркинбек Ырыс эжесинин айткандарынын баары чын

билбейсиңби?— Дализдин босогосун аттап, каалганы кыйч эттирбей акырын жапканда, чаарчык селтең этип, бурчка камалды.— Эч жакка кача албайсың»,— деп ал кулактарын делдейтип, улам жакындаган сайын чаарчык селтеңдеп так секирип тыбырчылайт. Чаарчык кетенчиктеп барып бурчка такалганда: «Эми го колго түштүң»,— деп атасындай шып баса калууга тап бергенде, чаарчык булт этип эки бутунун арасынан суурулуп чыгып, босого тарапка секирип өттү. Эркинбек жерге өмгөктөп жыгылып, оң колунун чыканагын сыйрытып алды. Ал эти ооруганга өчөшүп, чаарчыкты чымырканып үй ичинде кубалап, акыры арткы шыйрагынан жаза кармап булкканда, чаарчык аласалып кетип тура калып, удаа-удаа маарап жиберди. Албетте, Ээркинбек табасы канып, үстөмдүк кылган кишидей сүйлөдү:

— И, өзүң ыйладың го. Азили чыдаганга чыгарган, досум.— Чаарчык аны жалдырап карап турду.— Эми мага багындыңбы?

Чаарчыктын курсагы капшырылып, бөйрөгү бүлкүлдөп турганын Эркинбек көрүп, мурдунун учундагы ачуусу бат тарап, боору ооругандай:

— Курсагың ачтыбы? — Чаарчык негедир Эркинбектен бул жолу качкан жок. Ал чаарчыктын жумшак жүнүн сылап жатып, эки көзүнүн кычыгында кылгырган жашты көрүп, аны аяп кетти.

—Ыйлаба, эми түк урбайм, дос болобуз.— Чаарчык чыйрыккандай силкинип койду.

«Кокуй, мунун курсагы ачкан турбайбы?» — деп Эркинбек жүгүрүп чыгып эртең менен өзү ичпей койгон мис каседеги сүттү көтөрүп келип, анын алдына койду.

— Дос, тартынбай иче бер.— Чаарчык ичмек тургай кайра үрккөнсүп турду. Эркинбек жердеги кесени чаарчыктын оозуна жакын суна бергенде, ал секирип кетти эле, сүт анын көкүрөгүнө, бети-башына жайыла төгүлдү. Ал колунда жалдырап турган бул мусапырдан мындай «бейбактыкты» күткөн эмес.

— Көйнөгүмдү булгадың,— деп чаарчыкты бөйрөк талаштыра бир муштап калды, чаарчык: «Баа-а-а-а» — деп маарап жиберди. Бирок бат эле таарынычы тарап, Эркинбек чаарчыкты эркелетип:

— Эми урбайм,— деди.

«Ай, жүзү кара неме көрүнөсүң сага ишенбейм»,— дегендей чаарчык жалтактап, ал жакындаса эле, артына шарт секирип каччудай мадап турганда Эркинбек жарты нанды анын алдына ыргытты.



— Тартынбай сугуна бер.— Ал нанды улам анын алдына жакындаткан сайын чаарчык үркүп, жолобой койду. «И, билдим, билдим, мунун сырын. Менден чочуркап жатса керек. Чыга турайын». — Дализдин каалгасын акырын жаап, чоң үйгө кирди. Ырыс эже жууркандарды күнгө жайып жатыптыр.

— Дализде эмнең бар, тим эле бакшыдай жулунуп жатасың? — Ырыс эженин узунунан келген капкара кашы сүйлөгөндө жогору серпилди. Эркинбек аны ичинен жактырбай, үтүрөйүп карап турду.

— Таргыл мышык сүтүмдү ичип койду эле, ошонун акесин таанытып жаттым.— Эркинбек дализдин эшигин кыйчылдатпай акырын ачып, баш бакты. Нан баягы эле калыбында ордунда турат, а чаарчык терезе аркылуу тийген аптапка кактангандай, сол буту менен кулагын кашылап жатат.

«Сүт ичпесе, нан жебесе, бул эмне жеп чоңойгон эркетай»,— деп кыжырланып:

— Силер эмне жейсиңер? Каймакпы? Палообу? Боорсокпу? — деди Эркинбек. Чаарчык анын опузалаган үнүнөн чочудубу, айтор тетири бурулуп, бурчка өтүп кетти. Анын бул кенебестиги Эркинбекке жаккан жок. Чуркап барып, бир-эки муштайын деп ниеттенип: «Өлүп кетсин, мага эмне»,— деп кайра каалганы катуу жаап, төшөктөрдү күнгө жайып жаткан Ырыс эжесинин жанына барды. Ырыс эже көздөрүн күлүңдөтүп:

— Эркин деймь, Эркин! — Андан ары чочулагандай кебин улантты. Эркинбек өчөшкөндөй унчукпады.

— Дудук болуп калгансыңбы?

Эркинбек ансайын көгөрүп тултуйду.

— Сен бала, эмне көгөрөсүң!

— Эмне айтарыңызды билип турам... Атам аял алса мен кетип калам...

— Кайда кетмек элең? Курсагың ачканда кайра, өзүң келесиң да.

— Келбейм, түк келбейм. Алыска-алыска кете берем, анан Фрунзе деген чоң шаарга барам, чоң-чоң мектепте окуйм.— Чын эле ошол самаган шаарына жөнөмөкчү болгондой ишенимдүү сүйлөдү. Ырыс эже анын жанына басып келип, мойнунан кучактап:

— Жаш бала андай өжөр болчу эмес. Өзүң эстүүсүң го? Үйүңөр чачылып, идиш-аягыңар жуулбай жатат. Атаң талаада, сен кезерип ачка каласың.

— Баары бир мен кетип калам...

Эркинбек Ырыс эжесинин айткандарынын баары чын

экендигин билип турат, апасы өлгөндөн бери атасы экөө жүдөп да бүтүштү. Мунун бардыгы чын. Бирок кайдагы бир чоочун аял келип, анын апасынын үйүнө, буюмдарына кол тийгизгенин ал каалабайт...

Бирок ал жакын аранын ичинде үйүндө кандайдыр бир өзгөрүш болорун балалык баамы менен сезди, анан атасынын кабагы салыңкы жүргөнүн билип: «Атама да кыйын. Кеч келсе, үй аңкайып ээн турат. Өзү күйпөңдөп тамак бышырат. Мейли... Бирок мен кетем»,— деп чечти.

Ырыс эже жуурkандарды кайрадан жыйып, үйдү тартипке келтирип коюп, үйүнө кетти. Бул күнү Эркинбек кечке чейин ыргылжың болуп үйдө олтурду. Кемел бир-эки жолу оюнга чакырды эле, ал болбой койду.

Бүгүн Кожомкул жумушунан эрте кайтты. Ал кыңкылдап ырдап короого киргенде, Эркинбек серүдө отурган эле.

— Эркин,— деген атасынын тааныш үнүн укканда ал ордунан тура калып, тултуңдады:

— Ата, чаарчыгың таарынчаак экен, эч нерсе жебей койду.

— Курсагы ачса жүда жейт.— Кожомкул камырабай сүйлөдү. Утурлап жүгүрүп келген уулун эки колдоп бийик селкилдетип, анан жерге коюп, бир нерсеге нааразы болгондой оор үшүрдү. Ал жаагын таяган калыбында очоктогу чайдоосту тажагандай телмирип карап, түркүккө сүйөнүп турган уулуна көңүл бурбады. Кечээки тезектин күлү ошол бойдон алынбай жатканын Эркинбек азыр эстеп, аябай осолдоду. Эркинбек чуркап барып, күлдү илегенге сузуп-сузуп салып, күл дөбөгө жөнөдү. Кайра келсе, атасы тезекти калап, ичи көпкүчө үйлөп, күйгүзө албай жатыптыр. Эркинбек атасынын бети-башы күл болгон аянычтуу абалын көрүп:

— Ата! — деди.

Кожомкул уулуна эмне дейсиң деп карабай, отту үйлөй берди.

— Ата! — деди Эркинбек бул жолу боору ооругандай кайрылды.

— Эмне!

Эркинбек айыптуудай жер карап:

— Мен каршы эмесмин...

Кептин төркүнүн эми түшүнгөн Кожомкул эмне дээрин билбей, алдастап шашып, Эркинбекти кучагына кысты. Кожомкул көпкө уулун алдына алып, анын чачынан сылап, жалбырттап күйгөн оттун соймоңдогон жалындарын карап отура берди. Аңгыча чай бырактап кайнап, ата-бала унчугушпай отурушуп, чай ичишти. Төшөккө жам-



башы тиери менен эле Кожомкул коңурукту катуу тарта баштады:

«Атам аябай чарчаса керек»,— деп ойлонду. Эркинбек бүгүн негедир көзү умачтай ачылып, уйкусу келбеди. Анын үстүнө бүгүн айдын толгон кези экен, аалам укмуштай кооздукка оронгон. Ал төшөккө үстөмөнүнөн жатып те-тетиги алыстан карайып көрүнгөн тоонун чокулары тарапты карайт. «Ошол тоонун чокусуна чыксаң, бардык жер көрүнсө керек»,— деп кыялданып жатканда, аянычтуу бир нерсенин үнүн угуп, балапан жүрөгү болк этип, корккондуктанбы, жууркanды башына бекем чүмкөнүп алды. Жанагы аянычтуу үн азыр, анын так кулагынын астынан угулгандай болду. «Атам эмеспи» деп атасын карады эле, ал чалкасынан жатып, коңурук тартып, жай-баракат уктоодо. Жанагы үн дагы угулду. Таппасаң сыйпалап кал, бул чаарчык турбайбы! Эки күндөн бери ал бечара бир сындырым нан жей элек! Таза унутуп салыпмын! Бүгүн ойгоо жатканым жакшы болбодубу! Кечекидей уктап калсамчы! Атамды ойготсомбу? — деп өзү менен өзү акылдашып туруп, ойготпоону макул тапты. Төшөктөн жеңил сууруп туруп, серүдөн шырп этпей аярлап түшүп, дализдин каалгасын кыңкайта ачып, баш багып карады. Терезе аркылуу тийген айдын жарыгы чаарчыкты даана көрсөттү. Чаарчык ба-а-а — деп маарап жиберди. Эркинбек бутунун учу менен аста басып кирди. Чаарчыктын көзү айга чагылдыбы, жарк этип Эркинбекке көрүндү. Баланын жүрөгү шуу дей түштү. Корккондуктанбы, дализди тегерете бир карап алып, анан чаарчыктын жанына отурду.

— Курсагың ачтыбы? — деп сурады башынан сылап. Чаарчык оң буту менен кулагын кашылады. Чаарчыктын жалдыраган абалына боору оруп:

— Тилиңди билбейм. Нан жебесең, сүт ичпесең, мен эмне кылайын? — деп кучактап, озондоп ыйлап жиберди. Кожомкул уулунун аянычтуу үнүн угуп ойгондубу, же аталык сезим менен Эркинбектин жанында жоктугун сездиби, ким билсин, айтор чочуп ойгонуп, бардык үнү менен:

— Эркинбек! — деп катуу кыйкырды. Атасынын ойгонгонуна өзүн айыптуу сезип, Эркинбек унчукпады. Кожомкул алактап:

— Эркинбек, кайдасың! — деп дагы кыйкырды. Эркинбек жооп берген жок. Бирок тээ алыстан анын үнүн кайталаган жаңырык заңк этти. Кожомкул ыштанчан көчөгө чуркап чыгып, үч-төрт жолу удаа-удаа Эркинбектин атын атап кыйкырды. Чаарчыкты эстей коюп, короого кирсе,

дализ ачык туруптур. Атасынын шыбыртын уккан Эркинбек демин ичине алып, тымтырс болуп калган болчу. Уулу чаарчыкты бекем кучактап отурганын көрүп, Кожомкул оор үшкүрдү да:

— Эркем, мында эмне отурасың? — деди. Эркинбек калыбын бузбай чаарчыкты кучактаган калыбында отура берди. Бир кезде:

— Ата, чаарчык мага үйрөнбөй жатат,— деп шолоктоп ыйлап жиберди.

— Эркем, ушундай да жашык болосуңбу? Чаарчык сенин бир тууганың беле? Ач калса өлмөк беле, булардын ашы бышык болот,— деп Эркинбектин оң колунан кармап дегдеңдетип ээрчитип жөнөдү. Атасынын азыркы айткан насааты Эркинбектин көңүлүн жылытпады. «Атам ушундай таш боор беле?» — деп көз жашын жаздыкка төгүп, улам чаарчык жөнүндө ойлой берди. Дагы барып кабар алайын деп атасынан тартынып жатып, уктап кетти. Чочуп ойгонсо, жүрөгү катуулап согуп, маңдайы нымшып тердеп калыптыр. Эшикке чыкса, эчак эле талаада тиричилик кызып калган. Дализдин каалгасын ачып караса, чаарчыктын бөйрөгү бүлкүлдөп солуп жатыптыр. Кечээки нандан алдында бир ушак да калбаптыр.

— Баракелде! — деп Эркинбек кыйкырып жиберип үкөктөн нан алып келип дагы алдына таштады. Чаарчык жыттагылап, дагы жебей Эркинбектин желкесин тырыштырды. «И, чаңкаган окшойт»,— деп тарелкага суу сузуп келип алдына койгондо, бир тамчы калтырбай ичип алды. Бул табылгасына Эркинбек аябай кубанды. Чаарчык анча-мынча Эркинбекке үйүр алгансыганы менен, жүндөрү уйпаланып, күн өткөн сайын арыктаганы даана байкала баштады. Түштөн кийин чаарчык тынбай маарап, Эркинбекти капа кылды.

— Курсагың ачтыбы? — Чаарчык көзүнө жаш алып, ага жалынгандай.

— Ба-а-а! — деди.

— Ап-а-а-а-а,— деп Эркинбек көчөгө чуркап чыкты. Терекке сүйөнүп көз жашын аарчый берип:

— «Ба-а-а-а! — деген апалаганы окшойт. Бул дагы мага окшош апасын сагынган турбайбы?».

Атасы жумуштан келгенде алдынан утурламак тургай, дулдуюп унчукпады. Эркинбектин кабагы салыңкы кебетесин көрүп: «Ким капа кылды деп сурады?» — Ал эч ким дегендей башын чайкап унчукпады. «Бала-чакалардан эртеге Айшаны алып келеримди угуп ыйлаган го деп ичинен кейип турганда, Ырыс эже шыпылдап кирип келип:



— Ата-бала эмнеге бириң акты, бириң көктү карап калгансыңар,— деп өкүм сүргөн тынчтыкты бузду. Эркинбек анын келишин жактырган жок. Кожомкулдун кебетесинен: «Көрдүңбү, эми кантебиз» дегендей белгини Ырыс эже айттырбай түшүнүп:

— Эркин бери карап отур. Өзүңдөн биз жашырып кайда бармак элек. Атаң экөөңөрдүн абалыңарды көрүп, боорум ачыйт. Ушул дагы оокатпы, үйбү? — Ал эми кепти кантип баштайын дегендей Кожомкулду жалт карап койду.

— Ушинтип качанга жашоого болот? Учпайлык Айша деген жесир аялды билесиң го? Анын өзүң менен тең Темирбек деген уулун да билерсиң! — Эркинбекке эми бардыгы түшүнүктүү болду! Ошол кызыл бет Темирбектин апасына атам үйлөнөт турбайбы? Эркинбектин каршылык көрсөтпөгөнүнө ичинен Ырыс эже кубанып, казан-аякты калдырата баштады. Эркинбек кечки тамакты арбытып ичпеди. Ырыс эже ата-балага төшөк салып, үйүнө шашып кетти. Бул түнү да ай жарык эле. Эркинбек айды карап жатып, Ырыс эженин айткандарын ойлоп эстеп, ичи күйдү. «Темирбек экөөбүз кокус урушуп калсак, анын апасы баласына болушат го. Анда мен качып кетем». Анан дагы чаарчык маарай баштады. «Чаарчык да апасын сагынса керек. Бул дагы мага окшош турбайбы?» — деп ордунан туруп, дализди ачты. Чаарчык аны көрө коюп, дагы маарады. Чаарчыктын мойнунан бекем кучактап:

— Экөөбүз окшош турбайбызбы? Мен дагы апамы сагынып, сага окшоп маарап, апамды таппай жүрөм деп ыйлай берди. Кожомкул бүгүн ойгонбоду. «Сени ким апаңан ажыратты? Сени ким жетим кылды? Атамбы? Же менби?»

Эркинбек көз жашын аарчыбай чуркап келип, атасын тарткылап:

— Ата! — деп кыйкырды. Кожомкул көзүн сыйпалап ойгонду. Уулу ыйламсырап төшөгүнүн башында турганын көрүп, чочуп кетти.

— Сага эмне болду?

Эркинбек өпкөлөп ыйлай берип:

— Чаарчык апасын сагынып, адеп маарап жатат. Биз аны жетим кылыппыз,— деп атасынын мойнуна асылды. Кожомкул уулунун капа болгонуна кейип:

— Ушул чаарчыкты эртеге майлуу шорпо кылбасам.

— Сойбо ата, сойбо!

Анын чыйылдаган үнү алыска-алыска угулду.

— Сойбойм, уулум, сени кантер экен десем,— Эркинбекти сооротуп, төшөккө жаткырды. Эркинбек бөйрөгү

булкулдөп ыйлай берди. Атасы уйку-соонун арасында ачууланып: — Ыйлай берсең, чаарчыкты эртең соём.

Эркинбек унчукпай уктамыш болуп калды: «Күн сайын эле чаарчык арыктап баратат»,— деп ойлоду да, тетири бурулуп жатып, жылып бараткан айды көрдү. Айлана тереӊ уйкуда, алыстан-алыстан түн сакчысы — иттердин арсылдап үргөнү угулат. Атасынын коңуругу Эркинбектин таттуу кыялын бузуп жиберди. Атасы оң жамбашы менен жатып уктоодо. Анын кара муруту дем алган сайын билинер-билинбес кыймылдагансыйт. Атасынын бул кебетеси Эркинбекти күтүлбөгөндөй ойго алып келди: «Эртеге атам Айшага үйлөнөт. Албетте, Темирбек да кошо келет. Ал чаарчыкты көрүп: «Ата, ушуну мага союп бер»,— дейт. Албетте, анын өтүнүчүн апасы да кубаттайт. Атамчы? Атам аялынын көңүлүнөн өтө албайт: «Уулум, сага союп бербегенде»,— деп жанындагы бычагын сууруп чыгып, дализди карай жөнөйт.

Ушулар анын көз алдынан өткөндө, муундары калтырап, денеси үрктү. Эркинбекке чаарчыктын кызыл-кочкул каны, денесинен бөлүнүп жаткан башы даана көрүндү, аянычтуу маараганы кулагына угулганда бакырып жибере жаздап, атасынын өкүмдүү жемесин эстеп, өзүн араң кармады. Элеңдеп, эмне кыларын билбей атасын жалбарып карайт. «Атамы ойготуп, сойбогун деп сурансамбы? Тилимди алар бекен?»

Атасы уйкусурап түшүнүксүз бирдемелерди сүйлөп, оң жамбашына кыйшайды. Атасынын тиши кычырап, заматта кабагы бүркөлө түшкөнү ай жарыгында даана көрүнүп, Эркинбектин жүрөгү шуу дей түштү. «Ойготсом дагы жемелейт. Ушул чаарчыктын азабы өттү, эртеге майлуу шорпо кылсамбы»,— деп кекенет. «Апаке...» Чаарчык дагы маарады.

Эркинбек төшөктөн аста сууруулуп, кийим-кечелерин кийинип бүтүп, атасын дагы карады эле, ал баягысындай сүрдүү, кимгедир кекенгендей сурданат. Ал бутунун учу менен басып, дализге чыкты. Чаарчык аны күтүп тургандай ордунан тура калды. Ай терезе аркылуу тийип, бөлмө жарык эле. Эркинбек чаарчыктын мойнунан кучактап:

— Экөөбүз тең окшош жетим экенбиз. Апаңы сагындыңбы? Мен дагы апамы сагындым. Дөңгө алып барып коё берсем апаңы таап аласыңбы?

Анын кебин түшүнүп жаткан өңдүү чаарчык кулагын сербеңдетти. Эркинбек убадасына бекем туруш үчүн чаарчыкты көкүрөгүнө кысып, көчөгө чыкты. Айылдын иттери бейкут түндүн тынчын бузган бул «бейбаш» балага кыжырланышып, туш-туштан бир-биринин үнүн коштоп үрүп жатышты. Эркинбек жалгыз аяк жол менен дегеңдеп чаарчыкты көтөрүп, үйлөрүнөн бир топ алыс дөңсөөгө жетип барып, бир сыйра айланасын карады. Анан чаарчыктын мойнунан өөп:

— Бар эми, кош бол дос,— деп чаарчыкты коё берди. — Мени унутпа! — Чаарчык Эркинбекти бир карап алды да, анан секирип-секирип кырга чыга качты.

— Аттиң,— деп өкүндү Эркинбек.— Апамы көрсөң, айтып жибер дебей, кап, унутуп калыпмын.

— Эркинбек,— деген атасынын зоңкулдаган үнүн укту. «Унчукпай коюп, атамы бир убара кылайынбы?» — деп кайрадан:

— Ата, мен мындамын,— деп ал кандайдыр, чоң эрдик жасагандай мактаныч менен кыйкырып, зуулдап чуркап жөнөдү. Атасы көчөдө туруптур.

— Жети түндө кайда жүрөсүң?

Эркинбек унчукпай сөөмөйүн оозуна салып:

— Коё бердим!

— Чаарчыктыбы?

— Ооба.

— Эмне себеп?

Кожомкул бул эмнең дегендей делдейип карап калды.

— Сиз соём дедиңиз эле, мен аны аядым. Ал дагы апасын сагыныптыр.

Кожомкул байкабай сүйлөгөн кебине өкүнүп: «Мындай өжөр бала оңойлук менен өгөй энеге үйрөнбөйт. Этият болуу керек. Боорукерлиги ыраматылык апасына окшош»,— деп ойлоп Эркинбекти карап туруп:

— Жүр эми, укта,— деди.

Эркинбек мойнун кейкейтип, атасын ээрчип басты.

## КЫЯНАТ

Турмушта кыянаттын түрлөрү көп, эгер сен уурулук кылсаң, же айыпсыз бирөөнүн маңдайын томуйта муштасаң, ахараттап тилдесең — коомчулук алдында кыянатчысың, ал күнөөңө ылайык закондун белгилүү даражадагы шыбагаңды аласың. Мен дагы кыянатчымын, бирок бул айыбымды күнөөлөй турган эч бир кодексте статья жоктугун толук билем. «Келжиреп сүйлөгөн кандай ээнбаш неме, кылмыштуулардын ар кандай түрүнө жараша жаза берилет, аларга түк ырайым жок»,— деп балким, юристтер азыр мага кекенип, артыман куба түшүп, изиме чөп са-

жырланышып, туш-туштан бир-биринин үнүн коштоп үрүп жатышты. Эркинбек жалгыз аяк жол менен дегдендеп чаарчыкты көтөрүп, үйлөрүнөн бир топ алыс дөңсөөгө жетип барып, бир сыйра айланасын карады. Анан чаарчыктын мойнунан өөп:

— Бар эми, кош бол дос,— деп чаарчыкты коё берди. — Мени унутпа! — Чаарчык Эркинбекти бир карап алды да, анан секирип-секирип кырга чыга качты.

— Аттиң,— деп өкүндү Эркинбек.— Апамы көрсөң, айтып жибер дебей, кап, унутуп калыпмын.

— Эркинбек,— деген атасынын зоңкулдаган үнүн укту. «Унчукпай коюп, атамы бир убара кылайынбы?» — деп кайрадан:

— Ата, мен мындамын,— деп ал кандайдыр, чоң эрдик жасагандай мактаныч менен кыйкырып, зуулдап чуркап

ла баштагандыр. Эмесе, сөз меники, жолдош юристтер, шашпагыла! Ал айыбымды эл-журттан өзүм да эч качан жашырган эмесмин, азыр да адилеттиктин мыйзамчылары сиздерден жашыргым келбейт, чынымды айтсам, ал жоругума ууурунда сыймыктанып, чоң ишке жарагандай мактанып да жүргөмүн. Ал турмак айлыбыздагы катын-калачтар: «Жалгыз жигиттин бир тууганы Айдардай болсо арман жок»,— дешип жактап сүйлөшкөн. Ошондо жалгыз гана Жамал таежеме жаккан эмесмин. «Эми мурдагыдай таз кейпиңди кийип, кум сиркелеп жүрө бер. Балалык кылдың»,— деп кейип-кепчип тилдеген.

Чын эле балалык кылган экенмин! Ырас, анда он эки жашта элем, ак менен караны ажырата билбеген суу куйду тентек элем! Азыр эр жетип, эч бир китепте жазылбаган закондор турмушта бар экенине көзүм жеткенде гана, чындыкты айтам деп балалык менен кетирген кечирилгис кыянатчылыгымды сезип, өзүмдү айыптап жүрөм. Бирок өтө кеч.

Айрыкча карындашым Анархандын суз, мостоюнку кебетесин көргөнүмдө, кээде озондоп ыйлаганын укканымда жүрөгүм жараланып, айыпсыз эч нерседен жазыгы жок наристе кызга боорум ооруп, зээним кейип, өзүмчө убайым тартам...

Эмесе, кеп өз кезеги менен башталсын. Эчкилерди көгөнгө байлагандан кийин, сааган сүттү казанга куюп, тезирээк бышыруунун аракетинде болдум. Кечке маал жамгыр себээлеп өткөндүктөнбү, тамдын үстүндөгү тезек нымдашып калыптыр. Канчалык демимди жыйнап, күчүркөнүп үйлөсөм да, тезек бырыксып, өчөшкөндөй куйбөдү. Очоктун күлү сапырылып, чөп менен кыпын казандагы сүттүн бетин көрсөтпөй калыптыр. Калаган тезегим тутанбай, өпкөм көөп сыртка чыксам, эбак караңгы кирип, көз байланып калган экен. Кулагымдын түбүнөн шуулдап учуп өткөн жарганаттан коркуп да кеттим. «Ашыр келатат бекен» деген үмүттө анын келер жолун акыя карайм. Эч кимдин караан көрүнбөйт. Бүт айлана, үйүм, ээн көчө, бардыгы мага кекенгендей тунжурайт, унчукпайт. Ушундай жалгыздыкта коңшу-колоңдун ити үрүп, ую мөөрөп койсо да сага дем болуп, элеңдеп коркпой отурасың. Азыр кур дегенде жанагы бейбаш жарганат да жанымдан учуп өтсөчү?.. Жүрөктү ээлеген жалгыздыктан качан кутулар экенмин? Тигине, элдин үйлөрүндө жаркылдап от күйүп жатат, от күйгөн жерде ынтымак, кубаныч, ырыс, береке, ал эми кейпи суук үңүрөйгөн биздин үйдү карачы? Жок, карагым да келбейт. Биздин үйдө качан алоолонуп от кү-



йүп, качан казанда боркулдап аш кайнаар экен? Кайра үйгө киргим келбей, жолдун боюнда жалгыз кыялданып отура бердим. Түнөргөн булуттардын арасынан ай кээде жарк этип чыга калат да, туткундан кутулган кыздай кубанычтуу жылмайып карайт, бирок анын артынан сая түшкөн калдайган кара булут сурданып айга канатын жайып, заматта караңгылыкты чүмкөйт. Буга менин ачуум келет калдайган кара булуттун жез тырмагына түшкөн айга боорум ооруйт. Мен кыялымда жомоктогудай канаттуу тулпар менен да карап турбай көктү карап сызып жөнөйм, жолдо баратып далай кыйынчылыктарга кездешем, ач калам, ток калам, көздү ачырбаган, борошолуу түндөрдү жарып өтөм, жез тырмактуу желмогуздарга беттешем, аларды жеңип сапарымды улантам, айлар өтүп, күндөр өтүп, акыры айдын жамалдуу жүзүн жашырган калдайган кара булутту сексен метрлик кылычым менен бөлө-бөлө чабам. Ай мага ыраазы болуп ийилип: «Жер баатыры, сизге кулдугум бар, бул эрдигиңизди кантип актасам?» — деп менден акыл сурайт. Мен айдын жаркыраган нурларынан аптыгып, эмне дээримди билбейм. «Тартынбай атай бериңиз, Жер баатыры?» — деп Ай дагы бир жолу көзүн сүзүп жымыңдап ийилип койду. Мен ары ойлонуп, бери ойлонуп, эң керектүү муктаждыгымды эстей коюп: «Очокко калаган тезегимди тутандыралбай койдум эле, ошону тутандырып бер?» — дейм. «Кап, чоңураак нерсе сурабай», — деп ичимен өкүнүп да коём.

— Ботом сен Айдарсыңбы? — деген Жамал таежемин тааныш үнүн угуп, жалт карасам, ал менин бет маңдайымда туруптур. Мен кыялга терең батып, таежемин жаныма келгенин туйбай калыпмын.— Караңгыда эмне мында отурасың? — деп экинчи жолу кайталап сурады. Бул жолу да өчөшүп унчукпадым.— Ботом неге дулдуясың? — Дулдуйганымдын да жөнү бар. Мен караңгыда биринчи жолу жалгыз отурганым жок да. Күндө көргөн күнүм ушул экенин Жамал таежем өзү билип туруп, эмне үчүн жанымды кашайтып, улам такып сурайт? — Ыйлап атасыңбы, жетимчем? — Таежем боору ооруп, жаагыман сылаганда, өзүмдү кармай албай, эркеп, таежемин мойнуна асылдым.

— Жан таеже, бул үйдө байласа да туралбайм. Кетем...— Таежем көйнөгүнүн жеңи менен бетимдеги беш салаа болгон көз жашымды улам аарчыйт.

— Чоң жигит ыйлайт бекен,— дейт. Кантип сооротуунун айласын таппай жатты.

Басылганымда үйгө ээрчитип кирип, өзү чыракты та-

мызды, бырыксыган тезекти алоолонтуп күйгүздү, заматта чай кайнатып, кечки дасторкондун үстүндө:

— Жетимчем (таежем дайыма ушинтип эркелетчү) жакында казан-аяктан да кутуласың,— деди сөздүн четин угузуп.

— Жеңе таптыңызбы? — деп жалынып-жалбарып жибердим.

— Ооба, жетимчем.

Мен ордумдан туруп, эмне кыларымды билбей таптак секирип:

— Жашасын! — деп үнүмдүн жетишинче кыйкырып жибериппин. Таежем мени жанныма араң отургузду.

— Жинди болдуңбу, жети түндө жер тепкилеп кыйкырып,— деп жемеледи. Анан менин абалымды кубаттагандай башын чайкап, күлүп койду.

Биздин айылда бойго жеткен кыздар өтө көп, кимиси менин жеңем болор экен? Заматта алардын бардыгы менин көз алдымдан тизилип өттү.

Кубанычым койнума батпайт.

— Таеже, кайсы кыз?

— Айтпаймын.

— Айтсаңыз? — деп жалоорудум.

— Сен элге жайып жибересиң.

— Эч кимге айтпайм, эгер кокус оозуман чыгарсам, макоо болоюн,— деп карганып да ишендире албай койдум. Таежем мелтиреп айтпайт. Эмне кылуум керек? Менин жаман адатым бар: бир кептин четин угуп калсам, ийнежибине чейин толук билгиче жаным тынчыбайт, ичкен ашым тамагымдан өтпөйт. Акыры асылып жатып, Жамал таежемдин жанын да койбодум. Эң акырында баштан аягына айлыбыздагы бойго жеткен кыздардын ар биринин атын атай баштадым.

— Асылкан эжеби?

— Жок.

— Токун эжеби?

— Жок.

— Тасил эжеби?

— Жок.

Улам таежемин «жок» деген мисирейген жообун угуп, түңүлүп да калдым. Күтүлбөгөн жерден:

— Кайры эжеби? — деп жибердим.

Таежем адатынча «жок» деди да, бирок ички сырын жашыралбай күлүндөп козголду.

— Билдим, билдим, эми жашырбаңыз,— деп кубангарымдан кол чапкыладым.



— Эгер оозундан чыкса, Ашыр абаңды камап коёт. Кайры окуудагы кыз,— деп коркутуп-үркүтүп, болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди. Көрсө, менин жеңем боло турган кыз Асан акенин кызы, Кайры эже экен! Таежемин айтууна караганда, кыздын ата-энеси ынанып, эми кептин бардыгы Ашыр абамда калыптыр.

Чынында мен үчүн жеңенин азабы өткөн болчу. Биздин үй айылдын эң четинде эле. Ашыр абам менден тогуз жаш улуу, арабыздан эки бала төрөлүп, алар кемелине толо электеринде эле чарчап калыптыр. Атам мен жүгүрүп калганда согушка кетиптир, кайрылып келбеди. Апам ырматылык азыр көз алдымда турат. Көз жумганына бир жыл боло элек. Ашыр абам экөөбүз тоголок жетим аталып, жалгыз жашайбыз. Кирибизди жууп, тамак-ашыбызга каралаша турган же эжебиз, же карындашыбыз болсочу? Анча-мынча баш-көз болорубуз — апамын бир тууган синдиси Жамал таежем. Таежем колу бошой калганда, эртели-кеч жүгүрүп келип, баш-көз болот. Канткен менен башка үйдүн жарыгы тийбейт эмеспи. Анын үстүнө аялдын түйшүгү да көп болот тура. Эч болбосо, бир тууган абам Ашыр күйүмдүү болсочу! Ал эр жеткени менен үй тиричиликке аз карашат. Өзгөчө сельсоветке секретарь болгондон бери чоң мансапка жетишкенсип, ак калпагын кыйгач кийип, оолжуп, улуу-кичүүнү көзүнө илбейт. Күнүгө ылжып мас, үйгө түн жарымында келет, жини тутса башы ооган жерде түнөп калат.

Үй тиричиликтин азабын тарткан эле мен шордуу. Түштөн мурун тикилдеп чуркап барып окуп келем, отун алам, жаргылчак тартам, колдон келишинче кыйналып-кысталып тамак бышырам, иши кылып керели кечке колум бошобойт. Сабак кароого убактым жок. Ата-энелүү мен теңдүү балдардын ээн-эркин ойноп, кийимдери бүтүн, көңүлдөрү жай, кеч чаңытып ойноп жүргөндөрүн көргөнүмдө паанайым пастап, зээним кейичү, жаным кашайганда менин гана ата-энемди көрө койгон таш боор кудайды абдан тилдеп, кокус бул оюмду билип калса (динге күнүрт ишенчүмүн) андан беш бетер өчөшүп, шорумду кайнатпасын деп корккондуктанбы, ошо замат элендеп эки жагымды карап калчумун. «Кудай бар болсо, анан молдолор айткандай боорукер болсо, мен окшогон жетимге мээри келер эле го. Молдолор калп айтышат, агайлардын айтканы туура»,— деп өзүмдү ишендирчүмүн. Бирок менин эркиме баш ийбеген табышмактуу коркунучтуу дабыш кулагыма шыбырачу: «Эй бала, акылыңдан адашпа, шум шайтандын тилине кирбе, аркы дүйнөгө барганда аттиң дейсиң!»— Менин

ичимде да көкүрөгүмдү жара тепкилеген күрөш башталчу. Табигаттын татаал закондорун түшүнө элек нерсте акылымда: «Кудайды жок деп эле коёлу! Анда жер менен асманды кандай күч кармап турат? Эмне үчүн асман биздин үстүбүзгө түшүп кетпейт? Кантип эле адам маймылдан жаралсын? Азыркы маймылдардан эмне үчүн адамдар жасалбайт?»— деген өңдүү мен үчүн бүдөмүк суроолорго акылым жетпей кыйналчумун. Бир жолу кечинде үйдө өзүм жалгыз сүт бышырып атсам, алоолонгон жалын көйнөгүмдүн этегине жармашып, көзүмө эч нерсе көрүнбөй үй ичинде тызылдап чуркап, жер тепкилеп ыйлап жүрөм. Айлам түгөнгөнүн көрүп, чочуганда жүгүрүп чыктым да: эшигибиздин алдындагы суу толтурулган көлмөгө боюмду таштап, аз жерден аман калдым. Киндигимдин тегереги күйүп, райондук ооруканада он күн жатып, үйгө келгенде таежем Ашырды бет маңдайына отургузуп алып, кысмакка алды:

— Солдоюп жүрө бересиңби же аял аласыңбы? Бул жетимчеге акыры бооруң ооруйбу же жокпу?

Ашыр буркуратып соруп жаткан тамекисин кыжыры кайнап, өтүгүнүн такасы менен жанчып:

— Мен өлүп кетейинби? Жумушум чачымдан көп. — Анан мага сурданып: — Көзүңө карап, казан-аяк кармабайсыңбы?— деп ыркырады. Айыптуу кишидей мен желкемди тырмап, жер тиктеп унчукпадым.

Ашырдын чектен тышкары кекирейиши, кара мүртөздүгү таежемин канын кайнатты бейм. Ал Ашырды жакадан алчудай ордунан айбаттуу секирип турду да, заардуу чаңкылдаган үнүнүн жетишинче:

— Сага аял ордуна тамак бышырган, ушул жетим күнөкөрбү? Дагы үрпөңдөп коёсуң. Азыр үйлөнөм деп убадаңды бербесең, Айдарды жетелеп кетем,— деп жулкунду.

Таежемдин менин талабымды талашып, мага болушканына аябай ыраазы болдум. Ылайым Ашыр аял албайм десе экен, таежем убадасында туруп, мени ээрчитип кетсе, кандай жыргал болор эле! Мен ушул кебетеси суук үйдөн кутулуп, көңүлүм чак жыргап, окуп жүрө берет элем.

Менин эңсеген тилегим ишке ашпады. Таежемин албууттанып куүлөнүшү Ашырга таасир этти бейм, ал ыңгыранып, кыйналып-кыйылгандай камчысынын сабы менен жерди түкүлдөтүп отурду да, бир оокумда башын көтөрүп, таежеме жоодурай карап:

— Элден мурда тие турган кыз таап, анан демитпейсизби?



Ашыр моюн сунду, үйлөнүүгө макул болду. Акыры үйлөнүш ар бир адамга парз болгондон кийин ал кайда бармак. Аял алып орозгер туталбагандай, балалыгы калдыбы? Жыйырма бирдин кырында турат.

Бул мурчуйган бадиректен эмне кеп чыгар экен? — деп тикирейип карап турган таежем жаркылдап:

— Кыз жерге кирсин, үйлөнчү болсоң каалаганыңды чекесинен чертип, тандайм,— деди чечкиндүү сүйлөп.

— Жакшы кыз тандасаңыз мен каршы эмесмин. — Ашыр мулуңдап сүйүнүп ордунан кагынып турду. Ушуну менен сөз бүттү.

Бир-эки жумадан бери таежем күн сайын кечкурун келет да, Ашыр экөө төркү үйдө үйлөнүү жөнүндө жашыруун кеңеш өткөрүшөт; менин байкашымча, алар айлыбыздагы бойго жеткен ар бир кыздын жүрүш-турушун, ататегин, аки-чүкүсүн талкуулашып, кыйналышты бейм. Мени баласынтып сырларын жашырышты. Бекер кылышты? Мен мектептеги бойго жеткен кыздардын баарынын ички сырларын жакшы билем. Акылдашса айтып бермекмин. Ырас, мен ага да таарынган жокмун. Тезирээк эңсеген тилегим орундалып жеңелүү болуп, үй тиричиликтен, казанаяк кармоодон кутулуп, ээн-эркин ойноп-күлүп, окуп жүрсөм экен деп ойлонсом — эки көзүм чачырайт. Демек, Ашырдын каалаганы, таежемин чекесинен чертип тандаган кызы да мага белгилүү болду. Кайры эжени мен абдан жакшы билем. Ал быйыл тогузунчу классты бүтөт. Шыңга бойлуу, кара тору, так оң көзүнүн астында өңүнүн ажарын ачып турган жарашыктуу калы бар, сүйлөгөндө дайыма эки уурту жыйрылып, аппак тиштери жаркырайт. Кыял-жоругу да бир сонун. Жибектей созулуп, эч кимдин көңүлүн калтырбайт. Ошондуктан Кайры эжеге жогорку класста окуган балдардын баары ашык болуша баштады, кошула калганда: «Кайры жан, бирөө-жарымыбызды теңсинип койсочу? Кимдин жары болор экен. Тирүү болсок, көрөрбүз... Буга окшогон чиренген кыздар көп учурда таалайынан жазып, өмүр бою зарлап өтөт»,— ичтери күйүп, өз ара сүйлөшкөндөрүн алардын колтуктарына кирип, далай жолу өз кулагым менен уккамын.

Бул армандуу бозойлордун ар бири ак тилегин билдирип, жалынып-жалбарып кат жазышканда, Кайры эже сылык гана: «Мен ашыкчылык иштери жөнүндө ойлоно элекмин. Максатым — окууну улантуу. Капа болбонуз»,— деп жооп кайтарган жөнү бар. Балдардын айтуусуна караганда, Кайры эже өзү менен бирге окуган Жаңыбайга көңүлү түшүп, жашырыкча кат алышып жүрөт имиш.

Жалган-чынын ким билсин, алардын кол кармашып түшкөн сүрөтү бар деген кеп аралап жүрөт. Өз көзүм менен көрбөгөндөн кийин ырас дей албаймын. Өзүмдүн да байкаганым бар. Бир жолу Кайры эже, андан он беш кадамча артта Жаңыбай агай баратыптыр. Мен укмуштуу сырдын күбөсү болчудай, аларды ээрчип бара бердим. Кайры эже улам артына кылчактап карайт. Жаңыбай менин көз айырбай карап турганымды сезип, ага жакындоого батынбайт. Анткени, ал менин бейбаш кыялымды жакшы билет. Кокус эле экөө жанаша басып, ырсактап күлүшсүнчү, мен эмне деп кыйкырар экенмин, эртеси эмне деген кептерди ичимден чыгарып айтар экенмин. Мен абийирдүү ишке жарагандай аябай кубанып баратам. Кайры эже үйүнө кетчү айрылышка жеткенде, үч бурчтуу ак кагазды жолдун четине түшүрүп, эч нерсени билбеген кишидей тыкылдап басып кете берди. Жаңыбай агай да ыкчамдап басып, мен зымырап чуркадым... Эси-дартым Кайры эженин катын иле качуу. Аттиң, мен үлгүрбөй калдым. Кат менин колума түшкөндө эртеси бардыгына жарыя окуп бермекмин. Айрыкча Кайры эженин биз менен окуган үкасы Кадырды «эжеңдин катын көрдүңбү» деп элдин көзүнчө уят кылып жер каратмакмын. Катка жетпей калсам да Жаңыбай менен талаша кеттим. Ал боз койдой момун болуп «эч нерсе алганым жок» дейт. «Калп айтасыз, Кайры эженин катын көрдүм, азыр жерден эңилип албадыңызбы»,— деп мойнуна койдум. Жаңыбай агай жалынып: «Сен эстүү жигитсиң да, эч кимге айтпа, экөөбүз дос болобуз, күздө биздин алмалар бышканда каалашыңча терип жейсиң»,—деп алдай баштады. Жаңыбай акелердин коктуда көп аянтты ээлеген алма бактары бар, бышкан мезгилде биз дайыма уурулукка барабыз. Бирок карыган атасы таң аткыча кирпик какпайт: «Эй, алма башында отурган ким ыргыта атсам убалың өзүңө»,— деп коркутуп-үркүтө берет. Ошол кызыл алмаларга кызыгып, Жаңыбай агайдын тилине көндүм да: «Эгер алдасаңыз, өлөйүн, элдин баарына жаям»,— деп чынымды айттым. Жаңыбай агай убадасын берди. Дайыма Жаңыбай агайга беттеше түшкөндө: «Алма качан бышат»,— деп сурачумун. Ал менден бир чети чочулап, бир чети тамашалап: «Алма кызара баштады»,— дечү. Ошол Кайры мага жеңе болот турбайбы деп аябай кооптонуп калдым. Бул тууралуу таежеме айтууга оозум барбады, тартындым. Эмне болсо ошол болсун, мага кийим-кечебизди жууган, тамак-ашты бышырган, тозо баштаган орозгерибизди зымдай кармаган, жеңе зарыл. Чоң кыздардын кат жазышпаганы барбы?



Эл жатарда Ашым келип төркү үйдө күбүрөшүп сүйлөшө баштады.

— Суй жыгылып, чарчадың, укта,— деп оозгу бөлмөгө төшөк салып, мени жаткырды. Таежемин мени баласынтканына кейигеним да жок, жылуу төшөгүмдө ары оонап, бери оонап жата бердим. Негедир көкүрөгүмө кубаныч батпайт, уйкум келбейт. Мен эртеңки күндү ойлондум, болочок жеңемдин укасы Кадыр экөөбүз аябай өчпүз, жакында эле парта талашып кармаша кеткенбиз. Ошондон бери сүйлөшпөйбүз. Эми экөөбүздүн мамилебиз кандай болот экен? Албетте, куда-сөөк болгон соң ынтымак жакшы. Мындан ары араздашканды коюп, дос болобуз. Бир партага отуруп, бирге жүрөлү.

Баарынан Кайры эже экөөбүз кантип бир-бирибиздин бетибизди карашабыз? Ал менден уялат го... Баягы жолго таштаган катын эстеп, бети чымырайт го... Эч нерсе эмес, аны бир жанга айткан эмесмин,— деп жарыя сүйлөп жиберипмин.

Ичкерки бөлмөдөн таежемдердин кобураган дабыштары угулат. Алардын кебине кызыга баштадым. Угулбайт. Кирсем кубалап чыгат. Менден жашырган кандай сырлары бар экен, ушуларды төшөгүмдөн шырп этпей туруп, бутумдун учу менен асталап басып, каалганын кыңкайган ачыгынан тыңшай баштадым. Таежемин эбиреп-жебиреп сүйлөгөнү угулат, Ашыр унчукпайт. «Зейнепке кадырымды салдым. Кызыңды бербесең, такыр бетиңди карабайм. Ашыржан оозго алынып, мартабасы ашып келаткан жигиттердин бири, келерки жылы сельсовет болорун кайдан билесиң деп кыл-кыял менен угуздум». Таежемин ушул сөзү Ашырга аябай жакты белем.

— Ошентсеңиз эмне дейт?

— Эмне демек эле сөздөрү айланып калыңга токтолот.

— Канча миң калың сурайт?

— Сегиз миң.

— Сегиз миң?— Ашыр чок кармап алгандай чочуду.— Сизге жерде жаткан сегиз миң бар бекен?

— Сага да жерде жаткан кыз барбы?— деди таежем анын кебин жактырбай.

— Ушу тапта кыздардан көп неме жок. Апсыйган чалдар кыздарга үйлөнүп атат,— деди Ашыр өзүнүн кадыр-баркын көтөрүп.

— Ошол апсыйган чалдарың небересиндей кыздарга көз артканча кыл арканга муунуп өлбөйбү? Какбаштар! — Таежем каңырыгы түтөп кейиди.— Кандуу согуш болбосо айдай кыздар ушул какбаштарга кор болмок беле?

— Кыздарыңыз өздөрү каалап тийип жатышат,—Ашыр табасы канып кыткылыктап күлдү. Таежем каяша сүйлөбөдү.

Эмне демек эле? Согуштан кийинки жылдары кээ бир кыздар саргая күтүп, таалайы ачылбай, атасындай кишилерге күйөөгө чыгышканы ырас.

— Калыңдан качып аялсыз өтөсүңбү?— деди эң аягында таежем ток этер жерге токтолуп. Ашыр дудуктай унчукпайт, ары ойлонот, бери ойлонот. Ооба, анын азыркы кебетесин көз алдымда элестеттим. Маңдайы тырышып, кабагы салаңдап, ичинен кан өтүп, амалсыз ыңгыранып отурат. — Макулсуңбу?— деп таежем демип шаштырат. Мен ичимен таежеме наразымын. Кыялы терс, териси тар Ашырга да копол мамиле кылабы? Аста-аста жибитип, жонун таптагылап, анан бекем ооздуктаса болбойбу? Ашырдын пейилин мен билем го, ал азоодой туйлаган неме. Азыр дале терс кыялы кылт этсе, андан ар нерсени күтүүгө болот.

«Мен мынча калың берип, аял алгыдай жанымдан аша кече турган жерим жок. Эмне кылсаңыз ошол кылыңыз, мен Кайрыңызды албайт экенмин»,— деп чырт түкүрүп, чиренип жүрүп кетсе, таежем наалып-наалып үйүнө кетет. А менин таз кебетем өзгөрүлбөй, баягы түйшүктүү тиричилигим башталат. Бүткөн боюм калтырап, жүрөгүм тынымсыз согуп, Ашырдын кебин тыңшап турам. Эмне деп жооп берер экен? Бул жолу, Ашырды кудай жалгап, азоодой туйлабай, эпке келгендей:

— Сеп-меби бар бекен? — деп жоошугандай күңкүлдөдү.

Желкемден басып турган оор жүктү бирөө алып таштагандай мен жеңил-желпи дем алдым. Маңдайымдагы нымшыган теримди аарчыдым. Ашырдын жообун ушунчалык дыкаттык менен саргая күткөн экенмин! Демек, иш оңунда, Ашырдын үйлөнүүгө көңүлдүү экендиги кебинен да, кебетесинен да байкалып турбайбы? Таежеме сыр көрсөтүп калп эле чурмуят, ичинен мулуңдап сүйүнүп, туйлаган Кайры кызга эр болот экенмин деп компоюп отурбайбы? Баса, дал ушул минутада Кайры эже эмне кылып жатты экен? Мүмкүн, эч нерседен кабары жок ээгин таянып, китеп окуп отургандыр. Мүмкүн, сөздөрдөн сөз тандап, Жаңыбай агайга кат жазып жаткандыр... Менин ичим тарый түштү. Эми, Жаңыбай дос менден жакшылыкты күтпө, эми мен сенин күздө бышчу кызыл алмаңа кызыгып абийиримди төгө албаймын. Эми кайыр кош!

Мен кыялдана түшүп, алардын сөздөрүн укпай калдым. Таежем үнүн пастатып, тынбай сүйлөп жатат: «той», «кү-



руч», «союш» деген гана сөздөрүн угуп калам. Түшүнүктүү! Бир маалда экөөнүн жашыруун кеңешмеси бүттү бейм. Таежем ордунан туруп, кетүүгө камына баштады, мен эч нерсе укпаган, билбеген момун кишидей жакасы кирдеп, эскирип бүткөн төшөгүмдү чулганып, эбак уктаган кишидей коңурук тартып калдым. Таежем жаздыгымды түзөп, үрпөйүп өсүп калган чачымды сылап:

— Ушул жетимче жабыр тартып, жикирейип чөгүп баратат. Артыңдан ээрчиген жалгыз туягың ушул, жакшылап карабайсыңбы?— деп Ашырга наразы болгондой сүйлөдү. Мен таежемин мээрбан сөздөрүнө жашып, аз жерден өкүрүп ыйлап жибере жаздадым, өзүмдү араң кармадым.

— Жаш бала ошентип чоңоё берет.— Ашыр камырабай сүйлөп, таежеми узатып чыгып кетти. Мен кубанып жатып, Ашыр кайтып келгиче уктап кетипмин, анын качан келгенин туйбапмын. Ойлонуп жаткандыктанбы, беймаза түш көрдүм. Кайры эже Жаңыбай агай менен анташышкан убадасында туруп, белгисиз тарапка качып кеткен имиш. Апасы Зейнеп жер муштап, аларды каргап-шилеп көчөдө ыйлап жүрөт. Таежем айыптуу кишидей унчукпайт. «Кайран жаным, сегиз миң сомду бере элегим куп болуптур, болбосо сызга отуруп калмак экенмин»,— деп Ашыр мулуңдап кубанып жүрөт, ичим күйүп, мен капа жүрөм, кайдан-жайдан Кадыр жаныма келип калат. «Уятсыз, жеңди качырып жиберип, кантип уялбай баш көтөрүп жүрөсүң?» — дейм ага кекенип. Ал айыптуудай эч козголбойт, ар-намысына да келбейт. Эч нерсе болбогондой. «Сенин акең тийип, силердин кумсиркелүү кийимиңерди жуугуча качып кеткени жакшы»,— деп мени табалайт, мен анын ууга чыланган сөздөрүнө чыдабайм, аппак жакасына асылам. Экөөбүз топуракта будаланып алышып жатабыз. Бул убакта анын алдында калам да, Кадырдын кыйынсынган кебетесин көрөм. Ызам кайнап, жер сыйпалап, колума тийген таш менен аны уруп калам... Чочуп ойгонсом, күн чыгып калыптыр. «Түшүм экен!»—деп аябай кубанып кеттим. Жүрөгүмдүн түрсүлдөп соккону дапдаана угулат. «Чын эле Кайры эже качып кетпегей эле?» — деп коопт онуп, төркү үйгө кирсем, Ашыр чалкасынан түшүп уктап жатыптыр. Ал түшүмдөгүдөй мулуңдап калыңды бере электигине ыраазы болгондой бир башкача маңкаят. Эчкилерди шашып-бушуп көгөндөн агытып, кезүүгө кошуп, мектепке зымырап жөнөдүм. «Кайры жеңем качып кетпегей эле?» деген ой жүрөгүмдү өйкөйт, батыраак эле мектепке жетип, анын бар-жоктугун билгим келет. Мын-

дай учурда жол түшкүр да такыр арбыбайт тура! Күйүгүп, өпкөм казандай болуп, тердеп-тепчип мектепке жеттим. Өзүбүздүн класска бурулбай, тез эле бет маңдайдагы тогузунчу класстын эшигин көздөй жулунуп баратам.

— Ой, Айдар, көзүң көрбөй калганбы, биздин класс мынаке,— деп артыман биздин балдар чуулдап кыйкырышат. Тогузунчу класстын каалгасын чоң ачып, турган ордумда элейип туруп калыпмын. Алгач көзүмө эч ким көрүнбөдү. Анан акырындап парталарда соксоюп отурушкан балдар менен кыздарды бир сыйра карап чыктым. Класста бардыгы отурушат, бир гана Кайры жеңем менен Жаңыбай көзүмө көрүнбөдү. Алардын отурган орундары аңкайып бош... «Дагы жеңесиз калган экенмин» деп босогонун жанында мостоюп тура берипмин.

— Эй, Айдар дос, эмне турасың! Же биз менен окугуң келеби? Анда мына бул бош орунга кел,— деп бирөө Жаңыбай агайдын ордун көрсөттү. Бул көз көрүнө кордук эмеспи? Мен өлсөм да ошонун ордуна отурбасмын. Ансайын ызам күчөп, демим кысталат. Сыягы үн чыгарбай ыйлап жиберген окшоймун...— Ой, чоң жигит да ыйлайт бекен?— деп жанагы неме жетип келип эркелете баштады. Мен «болор иш болгон экен» дедим да:

— Кайры эже кайда?— деп сурадым.

Менин күтүлбөгөндөй суроомо жалпы класс бир кишидей каткырып күлдү. Мен уялганыман жонум көл-шал тердеп, эмне кылар айламды таппай жалдырап турганымда бактым бар экен, коңгуроо болуп, өзүбүздүн класска кире качтым. Ошол күнү кычагандай Кадыр да келбей калыптыр. Эжеси уят-сыйытты жоготуп бирөө менен кол кармашып качып кетсе кайсы бети менен мектепке келсин? Өлгөн жакшы, мен ага өнөгүмдү кетирбейм... Түндө түшүмдө андан кокус жыгылып калдым... Эми карап тур, мен өңүмдө өчүмдү алып, бир акелетпесем...

Дуулдаган балдардын күлкүсүнөн улам... Кимдир бирөө артымдан түрткүлөйт, карай салсам, агай кирип столдун жанында журналын кармап туруптур. Мен уялып тике карай албай койдум. Агай тизме чакырып: «Эмне себептен Кадыр келбей калган, ким билет?»—деп жалпыбызга кайрылды. Мен ордумдан тура калып: «Агай, мен билемин, эжеси Жаңыбай менен качып кетиптир»,—деп айткым келди, бирок кокус түшүмдөгүдөй болбой калса биротоло сууну ылайлап, күтүлбөгөн балээге калгым келбей, талпынган боюмду кармап, оозумду басып унчукпадым...

Биринчи сабак арифметика эле, канчалык көңүл буруп отурууга аракеттенсем да, эси-дартым түндөгү беймаза



түштө... Түш деген түлкүнүн... Мен эмнеге мынча кыйналам? Кыйналбагандачы? Алар качкан эместир... Бүгүн кокус эле үчөө келбей калгандыр... Ушундай да кокустук боло берет!

Уйгу-туйгу оюмду агайга байкатпас үчүн мен койкоюп көзүмдү доскадан албайм... Түшүнүп жаткан немедей улам агай караган сайын баш ийкеп коём... Ишим оңунан чыгып, агай доскага чыгарбай калды. Танаписке чыгып күтүп отуралбай, жүгүрүп барып баш баксам, Кайры эженин карааны көрүнбөйт. Бул жолу түңүлүп, жүрөгүм шуу дей түштү, бирок шакылдап жайдары сүйлөп отурган Жаңыбай агайды көрө коюп чыйрала түшүп, үзүлгөн үмүтүмдү, жоголгон тилегимди тапкандай болдум. «Ала кача турган азамат класста экен — анысы кайда бармак эле?»

Мындан мурда Жаңыбай агай экөөбүз кадимки теңтуштардай сүйлөшчүбүз, азилдешчүбүз. Ал ошол катаал учурда сейрек табылчу жол-жолдуу дептердин өчүргүчүн сурап калсам, менден аячу эмес. Эми биздин сырдаштыгыбыз кантер экен? Экөөбүздүн тең көз караштарыбыз каралышты.

— Айдар, дептер аласыңбы?— деди өзү жалмаңдап...

Карасаң, мунун эпчилдигин, менин ар-намысымды дептербайсың, дагы кытмыр күлүп турганын. Мен жан ачыштырган сөз таап анын жинине тийгим келди. Ахараттап тилдесем уят, акмак десем жарашпайт.

— Дептериңизди албайм!..

Артыма козголбой класска кирип кеттим... Мен бекер эле кооптонупмун... Сабактан чыгарым менен түз эле Кадырлардын үйүнө келсем, Кайры эже айбандагы сөрүүдө тетири карап, жаңы жууган чачын өрүп атыптыр. Сыягы менин келгенимди туйбай калды беймн. Угулар-угулбас обонго салып муңдуу ырдайт, таалайына наразы болгон кишидей оор үшкүрөт. Мен айбандын жоон түркүгүнө сүйөнүп тура бердим: «Кайры эже, Кадыр?» — деп сурагым келди, батынбай арсар ойлонуп туруп алдым. Ушул күнгө чейин жолукканда Кайры эжелеп жалпылдап жүргөнмүн. Эми кантиш керек? Азыр эски адатымча эже десем таарынып калбайбы? Жеңе дешке батынбайм. Ачуулаңып: «Мен сенин жеңең белем? Кандай бейбаш баласың?» — деп адырандап беттен алса кантем? Ары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры тобокелге салдым...

— Жеңе, Кадыр кайда?..

Кайры эже артынан бирөө капыстан асылгандай селт этип чочуп карады да мени көрө коюп, алмадай кызарып,

жер карады. Ошондо анын узун кирпиктеринен эки-үч тоголок жаш төмөн карай кулады. Сыягы мен келгиче эле Кайры эже чала-бучук ыйлаган көрүнөт. Тигине, ыйлагандыгын далилдеп көздөрүнүн айланасы шишимек тартып турбайбы?

Кайры жеңем менден тартынып, уялгандай жер карайт... «Ооба, насип-тагдыр ушу экен, кантейин? Мен сенин жеңең болом»,— дегендей жер чукуйт. Карачы, дароо жыңайлак бутун кымтылады. Мен жеңемдин жообун күтпөй үйдү карай бутум жерге тийбей чуркап жөнөдүм. Анткени, Кадырдын мага тыйынчалык да кереги жок болучу. Ал жөн гана шашып калгандагы шылтоо эле. Мынакей, жеңе десем да өөн көргөн жок.

Жеңелүү болгон кандай сонун! Тамак-ашың даяр, үстү-башың таза, айрыкча: «Уул бала, эчкилерди кошуп келипзчи? Уул бала, отун жара коюңузчу»,— деп эртели-кеч жеңемдин кайрылып турган күнү батыраак келсе экен?

Эртеси мектепке барaтсам Кайры эже өзү менен окуган эки кыздын ортосунда баратыптыр. Мени көрөр замат, өңү өзгөрүлүп, бети кызара түштү. Он кадамча өтүп, артыма бурулуп карасам, жанындагы кыздар ага бирдемелерди айтып, шыңкылдап күлүп жатышат, Кайры эже чычалагандай тигилерди муштагылайт.

Кийинки күндөрү Кайры эженин мурдагысындай шат, ойноп-күлүп жүргөнүн түк көргөнүм жок. Танапис убагында да сабыры суз, мостоюп эч ким менен сүйлөшпөй терең ойго баткансып отурганын көрөр элем. Айрыкча, мени көргөндө, бети кызарып, айыптуу кишидей жер карачу. А мен жетинбей ушул менин жеңем дегенсип артынан акмалап жүрүп көрүп алам. Ал паанайы пас болуп, мурдунун учуна чейин кызарып жер карайт, ага мен ичимен кубанып: «Жеңем менден уялып жатат»,—деп балдарга сүйүнчүлөйм.

Ашырдын тоюна мектеп жабылар менен камына баштадык, бирок мектептин директору окуудагы кызды күйөөгө берүүгө эч кимдин укугу жок деп чыр-чатак салып, кыр көрсөттү. Анда Ашыр: «Директордун айласын таппасак, иш ырбап кетиши мүмкүн»,— деп чочулап калды. Айрыкча мен санаага батып саргайдым, анткени, оор түйүшүктүн баары менин мойнумда турат. Жамал таежемдин тиричилиги, кашык-чөмүчү башка. Ашырга баары бир, адатындай каалаган жерине түнөп, эч нерседен капарында жок жүрө берет. Баягы балаага калган шордуу жетим, илгеркн кебетеме түшүп, казан-аяк кармап, жүдөп жүргүдөймүн. Ушулар көз алдыма элестеп, директор агайга ал-абалымды түшүндүрүп, жалынып-жалбаргым келди, бирок негедир антпедим.

Кийин кандай болуп кеткенин өзүм да түшүнбөй, баягы чамынган директор агай тойго өзү баш болуп келип, агам менен жеңемдин бактылуу жашашы үчүн стакан кагыштырганын көрүп, иш оңунан чыкканына көзүм жетип, кымылдап сүйүнүп калдым. Ошентип той да болду, тойдун эртеси да болду. Тилеген ой орундалып, Кайры эжени биздин үйгө каада менен көчүрүп келишти. Үй тиричиликтен жүрөк заада болгон жаным, үстүмдөгү оор жүктү жеңем алып салгандай жеңилдеп, жыргай эле түштүм. Мурдагыдай казан-аякка аралашпайм, суу апкелбейм, от жакпайм. Кылганым жеңеме жагып, аны менен ынтымак болуш үчүн буту-колум жерге тийбей тапаңдап чуркап жүрөм. Эми чаң-тозоң болуп, тооккана кебетеленген үйүбүз ирет-ке келип, жууркан-төшөк капталып, жүзүм жарык, көңүлүм көтөрүңкү. Ырас, моюнга алуу керек, биздин үйдө бир эле мен кайгы-капа билбей, көздөгөн тилегиме жеткендей, өз турмушума ыраазы жашап жатам. Жеңем отурса да, турса да оор үшкүрүп. кабагы салыңкы, кыз кезиндей жадырап, шаңкылдап күлбөйт. Сабыры суз үй ичиндеги буюмдарды тартипке келтирип, сый жүрөт. «Жеңемдин антишине го себеп бар, бечара чоочун үйгө көнө албай кысылып жүрөт, а өз үйүндө түтүн булаткан Ашыр акеме эмне жин тийди?» Ашырдын кабагына кар жаап, дулдуюп, бир нерсе көңүлүнө толбогондой эле мурчуят. Ал турмак, жеңемди көчүрүп келген күндүн эртеси эле таежемди жетелеп, даричеге чыгып:

— Сиздин кулагыңызга куйбадым беле?— Маңдайын тырыштырып, үтүрөйүп карады.

— Эмне болуптур?— Таежем эч нерсеге камырабагандай сурады. Ашыр таежемдин: «Эмне болуптур?» — деп өзүнөн сураганына ичи күйүп кетти окшойт, жерди бир муштап:

— Канакей, кызына атаган септери? Эч болбосо мага сарпайды жакшылап кылып келбептир, минтерин билгем, кайран беш миң сом калың!— Таежемдин мурдунун үстү тырыша түштү, демек, ачуусу келген экен деп биле бергиле.

— Атаң ыраматылык акча үчүн эмес, өз ажалы менен өлбөдү беле? Мынча неге боздойсуң? Үйүңө баш кошулуп атат, дагы мага күчөнөсүңбү? Кайлыгың кабыл чыгып, экөөңө баш-көз, сууган орозгериңерди кызытса болгону да, эси жок,— деп жемелеп кирди. Ашыр унчукпай гана башын чайкайт. Анын бул кебетеси: «Кайран беш миң сом,

лымды түшүндүрүп, жалынып-жалбаргым келди, бирок негедир антпедим.

Кийин кандай болуп кеткенин өзүм да түшүнбөй, баягы чамынган директор агай тойго өзү баш болуп келип, агам менен жеңемдин бактылуу жашашы үчүн стакан кагыштырганын көрүп, иш оңунан чыкканына көзүм жетип, кымылдап сүйүнүп калдым. Ошентип той да болду, тойдун эртеси да болду. Тилеген ой орундалып, Кайры эжени биздин үйгө каада менен көчүрүп келишти. Үй тиричиликтен жүрөк заада болгон жаным, үстүмдөгү оор жүктү жеңем алып салгандай жеңилдеп, жыргай эле түштүм. Мурдагыдай казан-аякка аралашпайм, суу апкелбейм, от жакпайм. Кылганым жеңеме жагып, аны менен ынтымак болуш үчүн буту-колум жерге тийбей тапаңдап чуркап жүрөм. Эми чаң-толоң болуп, тооккана кебетеленген үйүбүз иретке келип, жууркан-төшөк капталып, жүзүм жарык, көңүлүм көтөрүңкү. Ырас, моюнга алуу керек, биздин үйдө бир эле мен кайгы-капа билбей, көздөгөн тилегиме жеткендей, өз турмушума ыраазы жашап жатам. Жеңем отурса да, турса да оор үшкүрүп. кабагы салыңкы, кыз кезиндей жадырап, шаңкылдап күлбөйт. Сабыры суз үй ичиндеги буюмдарды тартипке келтирип, сый жүрөт. «Жеңемдин антишине го себеп бар, бечара чоочун үйгө көнө албай кысылып жүрөт, а өз үйүндө түтүн булаткан Ашыр акеме эмне жин тийди?» Ашырдын кабагына кар жаап, дулдуюп, бир нерсе көңүлүнө толбогондой эле мурчуят. Ал турмак, жеңемди көчүрүп келген күндүн эртеси эле таежемди жетелеп, даричеге чыгып:

— Сиздин кулагыңызга куйбадым беле?— Маңдайын тырыштырып, үтүрөйүп карады.

— Эмне болуптур?— Таежем ...

шамалга сапырылып кетпедиби»,— дегенди дааналап ту-
рат.

Кайсы күнү экени жадымда жок, Ашыр кабагы карыш
үйгө кирип, эч кимибиз менен сүйлөшпөй отура берди. Ко-
лунда кармаган газетасы бар, аны улам-улам окуйт да,
тишин кычыратып:

— Менин түбүмө акыры жеттиңер, ушундай болорун
билгенмин,— дейт да, дайыны жок ызырынат. Жеңем ун-
чукпай, эмне болду деп ал-абалын сурап да койбойт, эт
туурап, казан асууда. Мен кашекти улам ичкертип коюп
отурам. Ашыр шымынын чөнтөгүнөн махорка алып, колун-
дагы газетанын бир четинен айрып, шашпай ороп, жайба-
ракат чеге баштады. Папиростун коюу түтүнүнүн арасы-
нан бир тарапты теше тиктеп:

— Аял албай эле балаа алган экемин,— деп көздөрү
ала-чакмак болуп, чаңырып жиберди. Мен өз кулагыма
ишенбей агам тарапты аңырайып карап турам. Ашыр па-
пиросту күчөнүп ыргытты эле, жеңемдин этегине аралаша
түштү. Жеңем серпиле карап:

— Сизге эми эле оорчулугум тие баштадыбы?— Анын
коюу кирпиги жашка аралаша түшүп, анан эки тоголок
жаш жерди карай кулады.

— Оорчулугуң мындан артыкпы?— Агам тикирейип ко-
лундагы газетаны сунду. «Бул эмне болуп калган?» — де-
генсип жеңем Ашырды жекире карап коюп, ичинен газета-
ны окуй баштады.

Кептин маанисине баамым жетпей, экөөнү алма-телме
карап, үнсүз-сөзсүз мен отурам. Жеңем газетаны окуп бү-
түп, анан оң жак кашын серпип:

— Бечарамий, Тагайга эмне күч келиптир,— жеңем
анткор күлүп, казан-аягына аралашып кетти. Мен очоктун
боюндагы тебеленип жаткан газетаны окуй баштадым.
Областтык газетанын үчүнчү бетинде:

«Бармак басты, көз кысты» деген темада редакциянын
каты жарыяланыптыр. Аны биздин колхоздук Тагай жаз-
ган экен. Кээ бирөөлөр аны жамандашып, материалчы, из-
дегени жамандык деп калышар эле. Ошол Тагай жазган:
«Жакында жогорку окуу жайына талпынып жүргөн Кай-
рыны максатына жеткирбей, эскичиликти колдошуп баа-
сына калың төлөнүп, сельсоветтин секретары Кадыров
аялдыкка алды. Бул уятсыз ишти мектептин директору
Сарымсаков өзү жайгарып, бармак басты, көз кысты лык-
ка жол берип, Кадыров досунун «сүйүп» алган келинчеги
менен «бактылуу» болушсун үчүн стакан кагыштырып,
дөөлөтүнө мас болуп жүрөт. Буларга окшогондорго жер-



гиликтүү бийлик тийиштүү чара көрүүсүн күтөбүз» — де-
ген мазмунду окуп чыктым. Ашыр мени гана күтүп турса
керек.

— Түшүнүктүүбү?— деп кекетип сурады. Мен унчукпа-
дым, ой тобо, менде эмне жазык?

Тамак ичип, тез эле жаттык. Ошол түнү ичим тап бо-
луп, уйкум келбеди. «Балаа басып, агамды жоопко тар-
тып, кесип жиберсе кантем? Эми бир жолу шорум кайнайт
турбайбы? Жеңеме баары бир, жыргап гана энесиникине
кетип калат, кокодой жалгыз үйдө шакмарланып жүрөт
окшойм»,— деп чыр-чатактуу жеңелүү болгонума өкүнүп
да калдым. Бул үчүн бир гана таежемди айыптадым.
«Шымаланып чуркап жүрүп, тапкан кызы чыр-чатактуу
неме экен? Кайры эжеден башка кыздар айылда шагы-
рап толуп жүрбөйбү? Аларды таежем түк көрбөйт. Эми
кантээр экен?»— деп жемелейм. Көз алдыма мурдагы ке-
бетем тартылып, ансайын кейип, солкулдап чала-бучук ый-
лап да алдым. Оозума кирген уят-сыйыттуу сөздөр менен
Тагай акени абдан тилдедим: «Ага эмне жок, солдойгон
байкуш? Бирөөнүн үй-оокатына катылбай, өз арабасын
айдай бербейби. Жеңеме боору ачып күйүп-бышып жазып-
тыр? Агамды камап коюшса эле сен секретарь болуп, оол-
жуп жүргөнүңдү көрөм го? Эгер оң келтирсем, караңгыда
таш менен уруп, өчүмдү албасам,— деп кекенип да коём.
Кайры эже баягы менин түшүмдөгүдөй эле болуп, Жаңы-
бай менен каалашып качып кетсе, азыр мындай чатакка
калбас элек? Эмне үчүн качалбады экен?»

«Ашыр түйрүккө (агамдын астынкы эрди түйрүк эле)
тийгиче жерге тийип калайын, оң келсе эле Жаңыбай ме-
нен качып кетем»,— деп безилдеп карганып, курбуларына
айтып жүргөнүн бирөөлөр аркылуу укканмын. Кайры эже
Жаңыбайга «жигит болсоң, сактап кал, кел экөөбүз качып
кетели?» — деп жалбарса да, Жаңыбай жалтактап: «Үй
турмуш куруууга али жашмын, окуумду улантам, үйлөнсөм
окуй албай калам»,— деп болбой коюптур. Айыптын баа-
рын Жаңыбай агайга жүктөп: «убадасында бекем турба-
ган шүмшүк эгер ошол эле берген антынан жазбаган бол-
со, мындай кырсык болмок беле?» Ошентип, түрлүү ойлор-
дун башын бир чатып мемиреп уктап кетипмин. Эртеси
ойгонсом, төркү үйдө Зейнеп эже менен таежем жеңеми
ортого алышып, бирдемелерди күбүрөп-эбирешет. Жеңем
үндөбөй жер чукуп, алардын кебин тыңшайт. Тигилердин
кебине кызыгып, кулагымды түрүп, тыңшай калсам, же-
ңемдин апасы: «Эскичилик менен мени калыңга сатыш-
ты» — дечү болсоң күйөө менен мени айыпка жыгат. Кай-

ра сен алардан бош келбей: «Силердин ишиңер эмне, азыркы заманда кимге тийсем, өз эрким, жесир апама жүгүмдү артпай, өз теңими таап алдым десең, закондо туура келет»,— деп акыл үйрөтсө, таежем жөн турбай; «Өшенткин айланайын, атпесең Ашырды кесип жиберет»,— деп безилдейт. Жеңем сабыры суз, жер карап унчукпайт. Анын ошол учурдагы кебетеси: «Мага баары бир, Ашыр эр болуп деле жакшылык күндү көрсөткөн жери жок»,— дегендей камырабайт. Жеңемдин камырабас кебетесинен чочуп жүрөгүм үшүй түштү.

Күз мезгил эле. Райондон киши келип, жеңемди конторага чакырып, болгон окуяны сурай баштады. Ашыр: «Аял албай, балаа алган турбаймбы?» — үйдө отура албай тыбырчылап, безилдейт. Канткен менен жеңем ишке жарап, Ашырды да, директор агайды да, актап жиберди. Жеңеме баары ыраазы болушту. Бир жаман жери Ашыр менен директор кызматынан бошоп, шалдайып отуруп калышты. Ага менин анча деле ичим ооруганы жок. «Алтын башы эсен болсо, иш табылбай калмак беле?»

Ашыр секретарлыктан бошогонуна кайышып, үйдөн чыкпай ирени саргайып: «Бар, арак алып кел»,— деп мени магазинге чуркатат. Кичине эле алагүү болгондо ылжыңдап отуруп алып: «Акыры сенин эрлериң мага асылып жүрүп, эми жандары жай алыштыбы?» Чындап эле жеңемди демитип, кактабай канын сыгуучу. Жеңем ыйлап-ыйлап көз жашын сүртүп бүткөндө: «Дагы эмне дейсиз? Айтарыңыз барбы?» — дечү. Ашыр алагүү болгон сайын алжып: «Сага бекер үйлөнгөн экемин, сен биздин босогону аттаган күндөн тартып, үйдүн куту качты. Калың берем, той кылам деп дүнүйөм суудай чачылды, секретарлыктан бошондум»,— деп оор үшкүрөт. Жеңем беш салаа көз жашын жоолугунун учу менен аарчып: «Сиз мынча эле мага аарыдай асылып калдыңыз? Максатыңыз эмне? Мени кетиришпи? Өзүм деле кетем»,— дечү болду. Агам өбдүлүп дарылдаган үнү менен: «Сен кайда кетесиң? Беш миңди апаңыз тамагына жылмакай кылып, сиңирип алды.— Анан бир аз олтуруп: — Мен сага аардай көрүнүп жатамбы? Аарыдай чагып жатамбы?» — деп ата-энесин тилдечү. Айып агамда болчу. Эң аягында жеңемден кемтик табалбай калганда анын апасына асылып: «Апаңдын напсиси түзүк эле окшойт. Беш миң сомду кылтылдатып жеп, мага сарпайды жакшы кылып келбептир». Жеңем унчукчу эмес. Жадаганда: «Сенин атаңды Арстан таз дешет турбайбы? Тазга Арстан деген жакшы ат жарашпайт экен?» Жеңем айласы түгөнгөндө чарчап бүтүп, «сизден», «сенге» өгүп,



«сенин сөзүң сөз беле»,— деп тайманбай сүйлөй турган болду.

«Айымча, оозуңа киргенин оттой бере турган мен сага уй эмесмин. Көзүңдү ачып, оозуңузга карап сүйлөп жүрүңүз. Мен сизге уй эмесмин, тек сизге эрмин»,— деп жок жерден кыйыктап, жеңемдин сай сөөгүн сыздатчу. Эртеси мектептен келерим менен жеңем мени эстүү бала деп мактап, нанга май сыйпап берип тойгузуп:

— Бир иш тапшырсам аткарасыңбы?— деди жалооруп.

— Аткарам,— дедим тартынбай.

— Эч кимге көрсөтпөйсүңбү?

— Көрсөтпөйм.

— Өзүм дагы окубайм деп убада бергин,— деди. Мага кат берерин түшүнө койдум. «Жаңыбай агайга болсо керек»,— деп ойлоно калып:

— Окубайм,— дедим.

— Мынабу катты почточу акеге берип кел!— деп көк конвертти сунду. Кат Асылкан эжеге жазылыптыр. Ал Фрунзедеги институтта окуучу. Жолдо баратып каттын ичиндеги сырларга кызыгып, этияттык менен ачып төмөнкүнү билдим. Кат амандашуу менен башталып, анан өзүнүн окуй албай калганына арман кылып, эң аягында Ашырга токтолуптур. «Эгер Ашыр эми мага адамча мамиле жасап, жылуу сүйлөсө арманым жок эле. Оозго алгыс сөздөр менен мени тилдейт. Ушундай адамдык сапаты жок киши менен жашоого болобу? Ишенип кой, муну менен өмүр сүрүп, гүл жаштыгымды кор кылгым келбейт. Ажырашууга шылтоо таппай турам. Эгер башымды ажыратсам, келерки жылда Фрунзеге окууга жөнөйм»,— деп жазылганын окуп, эмне кыларымды билбей калдым. Ашырга көрсөтсөм жеңемди урат, шылтоо таппай турган жеңем кетип калат, анан эмне болот? Катты барча-барча тытып салдым, жеңеме «берип келдим» — деп жалган айттым. Жеңем кайсы күнү кетер экен деп кооптонуп жүрө бердим. Ал күн көп узабай келди.

Деги Ашырбайдай ичи тар адамды көргөн эмесмин. Эгер жеңем жумушка эртерээк жөнөсө: «Мынча эле алактап кайда шашып баратасыз? Болжошкон мезгилде барбасаңыз, таарына турган кишиңиз бар го?» — Эгер бир аз кечигип келсе: «Ким менен эзилишип олтуруп, күндүн кеч киргенин сезбей калдыңыз?» — деп ойго келбеген беймаза суроолорду берип, кактабай канын ичет. Жеңем Ашырдын сөзүн кулагына илип да койбой, өз билгенин кыла турган болду. Ашыр ичи тарлык кылып, мени көп учурларда жеңемин артынан ээрчитип коюучу. «Ким менен сүйлөшсө,

мага айтып кел»,— деп анан кекетип: «Бала, көзүңдү ач, жашырчу болсоң көрөсүң!» Мен коркконумдан аялдар менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүн, урушканын, талашканына чейин калтырбай айтып келчүмүн.

Жекшемби күнү агам атына кыйшая минип, базардан келаткан болот. Жолдон ага өзүбүздүн айылдык Шакир аке менен Касым аке жолугат. Алар алагүү экен. Ашырды көрүшүп эле алжактап жылоосуна асылышып:

— Ашыр дос, иш дуруспу?— дешет. Экинчиси аны кубаттап:

— Ашыр дос, бала-чакалар жакшы турабы?— деп ырсалактап күлө башташат. Ашыр алардын мас экендигин билип унчукпай өтүп кетет. Жүз метрче өтүп артын караса, жанагы экөө бир нерсе жөнүндө кызуу талашып, боорлору эзилип күлүп жатышыптыр. Ашыр алардын бул мамилесине тиши кычырап: «Силерге күлкү болгудай менин мурдум бучук, оозум кыйшык беле?— дейт да, алар жакындаганда: — Силер эмнеге эле мынчалык бала-чаканын абалын сурадыңар?» — дейт Ашыр. Тиги экөө бирин-бири таңдана карап турушуп, дагы күлө башташат.

— Ашыр дос, билгиң келсе, сыры терең, негизи жерге кирсин,— дейт Шакир көзүн жүлжүйтүп.

— Түшүнүктүүбү?— деп Касым көзүн кысып коёт.

— Айткылачы агайиндер, эмненин сыры терең?— деп Ашыр эч нерсеге түшүнбөйт. «Ошол биз билгендин сыры,— дейт тигилер,— туюктан-туюк!» Аларга теңелип абийирге жетишпесин түшүнгөн Ашыр атын камчыланып, узай берет. Беркы экөө дагы арсакташып каткырып:

— Аяшка салам дуба айтып кой,— деп кыйкырып калышат. «Эмне үчүн тигилер күлдү десе, кептин баардыгы үйдө жаткан турбайбы»,— деп Ашыр күүсү менен келип, жеңемди жон талаштыра үч-төрт жолу камчы менен тартып жиберет. Мен үйдө жок элем. Караңгы кирип, кеч киргенде келсем үйдө жеңем жок. Ашыр үңкүйүп үйдө отурат. «Жеңем канакей?» — десем, үңкүйүп мени карап коюп: «Жеңең өлдү»,— деди. Мен айттырбай түшүндүм.

Жеңем убадасына туруп, биз менен коштошкон экен...

Ошентип дагы илгерки таз кебетемди кийип, үй тиричиликтин түйшүгү моюнга түштү. Жеңемдин арытынан жибербеген кишибиз калган жок, бардыгынын назарын сындырып: «Ошонун үйүнүн босогосун экинчи аттасам адам болбой калайын»,— деп түңүлдүрүп, келбей койду. Эң аягында айыбын мойнуна алып, Ашыр барды. «Экинчи сага колумду көтөрсөм, жигит атым өчсүн»,— деп шарт койсо да, жеңем көгөрүп, айтканынан кайтпады.



Эми күнүбүз өтпөйт,— деп ыйламак белек? Үмүтүбүздү үзүп, эки бир тууган окшошуп жашап жүрдүк. Ашыр талаада болучу. Түштөн кийин эчкилерди жайыттагы койго кошуп, саалган сүттү казанга асып, тезек калап жатсам, жеңем апасы менен үйгө кирип келип, босогодон аттары менен бири-бирин карап, токтоп калышты. «Ашырдын жоктугун билип, буюмдарына келген турбайбы»— деп ойлодум да: «Үйгө кирбегиле»,— деп кыйкырып тура калыпмын. «Мен жокто буюмдарын алып кетмекчи болсо, чаңырып ыйлап бербей кой. Кайры үчүн далай дүнүйөбүз сапырылган»,— деп Ашыр мага акыл үйрөткөн. Менин эмне үчүн чыңырып жибергенимди Зейнеп эне түшүнө койду белем, ал кыраакы эмеспи:

— Чочубай эле кой, эч нерсени албайбыз. Жеңенди алып келдим,— деди шаша сүйлөп. Жеңем үндөбөй, үйдүн ичин тегерете карап жатты. Мен ишенгеним жок. «Силердин алдаганыңарды билип турам».

— Абаң кайда?— деди Зейнеп эне, мен анын эки күндөн бери жоктугун айттым.

— Жеңең жок жүдөп кетипсиң го, сагырча,— деп Зейнеп эне жеңеме: — Сүттү өзүң бышыр,— деп буйрук берди. Мен унчукпадым. Жеңем апасынын эле буйругун күтүп тургандай, дароо эле тезекти тутандырууга киришти. Зейнеп эне бир аз олтурду да үйүнө кетти. «Булардын эмне жоругу? Өңүмбү же түшүмбү?» — деп жеңемден алыс карыш жылбай матап карап турдум. Жеңем арыктай түшүптүр. Сыягы азыр эле апасы менен жолдо келатып ыйласа керек, аны көзү далилдеп турат. Жеңем тезекти калап бүтүп, идиш-аяктарды жууштуруп, үйүн шыпырды.

— Бир жолу келдиңизби?— деп сурадым. Жеңем менин жүзүмө ойлуу карап туруп:

— Кетпейм,— деди кыска. Анан тетири бурулуп кетти, сыягы көз жашын менден жашырды окшойт.

— Алдап жатасың, мен билем, сиз окууга барасыз,— дедим. Жеңем шарт бурула карап:

— Ачып окудуң беле?— Анын үнү каргылданып дирилдей түштү. Мен айыптуу кишидей унчукпадым. Менин оң мүрүмө колун артып: — Абаңызга да айттыңызбы ошону?

— Жок,— дедим шашкалактап.

— Чын айтасыңбы?— жеңем шылкыйган башымды көтөрүп, көзүмө карады. Чын эле жеңеме боорум ачып кетти.

— Чын, ишенип коюңуз,— дедим, жеңем менин чындыкты сүйлөп жатканыма ишенди окшойт, менин маңдайымдан сылап:

— Сиздин акылыңыз бар эмеспи. Абаңызга аны айтчу

болсоңуз, мени бир күн үйгө токтотпойт. Оозуңуздан чыгара көрбөңүз,— деди жалооруп, анан ыйлап жиберди.

— Айтпайм, жеңе, мен жинди белем,— дедим. Жеңемдин бир жолу келгенине ишендим, бирок: «Эмне үчүн мурда таежем, Ашыр барганда ызаты менен келбей, азыр түңүлүп калганда өзү келди?» — деп ойлонуп, такыр башаягына акылым жетпеди. «Бизди көбүрөөк жалдыратып, мурдуна суусу жетип мүңкүрөгөндө барам»,— деп чечкен экен, «Биздикилер да үч-төрт жолу барып, тим коюшканда, өзү чочуп, жүгүрүп келиптир»,— деп ойлодум, бирок андай эмес экен... Жаш баланын акылы жетпес сыр бардыгын эми жигит болуп, өйдө-төмөндү, турмушту өз көзүм менен көргөнүмдө гана баамдап жүрөм.

Кечинде Ашыр келди. Ал дагы жеңемдин келип калганына ишене бербей, мулуңдап сүйүнүп:

— Кайсы ак пейилиң кармап, босогону аттап жибердиң?— деп жайдары күлүп сурады. Жеңем Ашырды телмире карап туруп:

— Келбейт деп үмүтүңүздү үзүп койдуңуз беле?— кер какшык менен чымчып койду. Ашыр эмне деп жооп берерин билбей шашкалактап:

— Жок, жок, антип сүйлөбө!— Экөө мурдагысындай урушпай ынтымактуу жашап жүрүштү. «Жеңем көңүлүм айланып жатат»,— деп чекесин кармап окшуйт, бирок куса албайт. Тузду кычыратып чайнап-чайнап жутуп жиберет. Бул жөнүндө таежеме айтсам, сүйүнүп кетти. Асылып сурасам да, мага айтпай койду. Көрсө, жеңем талгак болуп жүргөн экен... Жеңемдин алты айлык боюнда бар экендигин билип, аябай кубанып, бутум жерге тийбей асманда калкылдап учуп жүргөнсүйм. Тезирээк эле жеңем көз жарса экен деп шашам. Бул кабарды Ашыр угуп кубанмак турсун, жеңемди кекетип: «Өзүңүз келгениңиздин себеби ушул экен да. Мени сагынып чуркап келген го деп жүрсөм, иш башкача турбайбы? Түшүнүктүү»,— деди. Мен Ашырдын эмне жөнүндө сүйлөп жатканын түшүнө албадым. Ошол күндөн тартып, эски жорук кайта башталды. Ашыр мурдагысынан беш бетер күчөп, жеңемди өзүнө тең-тайлаштырып айтыштырбай багынтып алды. Кичине эле жерден кынтык таап уруш чыгарат да: «Жолуң ачык, сени кармап турган жерим жок»,— дейт Ашыр. Жеңем жаш баладай солкулдап ыйлап, бөйрөктөрү бүлкүлдөп: «Сиз эмне десеңиз туура, мен аны эки кыла албайм»,— дегендей тымпыйып унчукпайт. Чынымды айтсам жеңемдин тез арада эле башкача болуп өзгөрүп, Ашырдын көзүнө карап, багынып калганынын себебин ал кезекте түшүнгөн эмес экенмин...



Ай-күнүнө жетип, жеңем көз жарды. Мен, толготуп жатканда эле: «Жеңем уул төрөдү!» — деп айыл апаны сүйүнчүлөп, көрүндүк жыйнап алдым. Кыз төрөгөнүн билип, Ашырга окшоп тырчыганым деле жок. Ашырга сүйүнчүлөп барсам: «Кызга дагы сүйүнчү түшүп калыппы?» — деп мени кагып койду. Сабырым суз үйгө кайтып келдим. Жеңемди кыз төрөйсүң деп айыптап, Ашыр үч күн үйгө келбей башка жакта түнөп жүргөнүн азыр эстесем, анын ал жоругун эң теңдеши жок кара мүртөздүк деп эсептеп, экөөбүздүн бир тууган болуп калганыбызга өкүнүп, ага наалат айтам. Айтып көргүлөчү, аялдарды кыз төрөдүң деп күнөөлөш адамгерчиликке туура келеби? Бул биздин ата-бабабыздан калган жаман салт, илгерки жайдак турмуштун көлөкөсү. Байкуш жеңем бул кыйутка чыдабай жер өбөктөп ыйлай берип, ооруп калды.

Төртүнчү күн дегенде, таежем Ашырды ээрчитип келди. Үйгө кирип жеңемдин ал-абалын сурап, ден соолугуң жакшыбы дешке жарабай: «Кызды дагы адам төрөйбү?» —деп жеңемдин сай-сөөгүн сыздатты. Бөбөктүн бетин ачып көрүп, унчукпай кайра жаап, отуруп алды.

— Кантсе дагы атасың го, атын койчу?— деп таежем өтүнсө, тетири карап мурчуюп: «Кызга атасы ат коймок беле? Өзүңөр бирдеме деп атасаңар мен ыраазымын»,— деп колун шилтеди. Эң аягында таенеси келип: «Неберем Анархан болсун»,— деди. Бул ат баарыбызга жагып, макул болдук. Анархан чынында таптатынакай кыз болуп өсө берди. Жеңем экөөбүздүн эрмегибиз эле ошол... Кээде мезгилдин кантип өткөнүн сезбей калучубуз. Алты айга жеткенде эле кызы түшкүр отуруп, бизди көрсө талпынып, колун суна турган болду. Жеңем кызынын тетиктигине, жылдыздуулугуна сунган колу көккө жеткендей кубанып, бекем боoруна кысып кучактаганда көзүнөн мөлт-мөлт жаш төмөн карай куюлчу. «Апасы ушул Анархан үчүн гана бардык нерседен кол жууп жашап жүрбөйбү?» — деп муңканып калса, маанисине түшүнбөй: «Жеңем эмнеден кол жууп, кур калды экен?»— дечүмүн.

Күндөр билинбей өтө берди. Ашыр кызын бооруна кысып, эркелетмек мындай турсун: «Кызым!» — деп атап койгонун укканым жок. Атасы үйгө кирип келгенде Анархан чоочун кишиден качкансып, жалтактап апасынын көкүрөгүнө бекем жармашчу. Жеңемдин колу бошобой, Анархан ыйлап калса, Ашыр сооротуп койбой, папирос тартып, же комузду кыңгырдатып отура берчү. Анын өз кызына кылган мындай мамилесин жеңем көргөндө өлгүсү келип: «Акыңды берейин, колуңа алып селкилдетип кой-

чу» — деп өтүнгөндө: «Адам иш кылып жатканда ушул дайым ыйлайт»,— деп ичи оорунуп, акырын өпөйтө көтөрүп, ормоё карап: «мага бир жериң да окшобойт го»,— деп чочуганснп кайра отургузуп коюучу. Чынында, Анархан атасына кыялы-мүнөзү, дидары жагынан да окшочу эмес. Келечекте да атасына окшош таш боор, кара мүртөз болбосун тилейбиз. Тез эле экинчи күз келип, Ашырды талаадагы жумушка дайындап, ал үйгө ар жумада бир келе турган болду. «Ач кулактан тынч кулак» — деп мен да ичимен сүйүнүп калдым.

Өкүнүчтүү нерсе: ал сүйүнүч көпкө узаган жок. Түн ооп калса керек, кандайдыр күрүлдөгөн үндү угуп чочуп ойгонуп кеттим. «Ашыр келсе керек?» — деп кайра уктоого тырыштым. Бирок жүрөгүм бир жаман нерсени сезгенсип, өз кабынан опколжуп туйлап, түк уктай албадым. Ашыр мурунку күнү келип: «Эмне үчүн мен келгенде ордуңан турун төшөк салбайсың?» — деп кекетип түнөбөй, кайра аттанып кеткен. «Баягы баш-аягы жок чыр-чатак го»,— деп көзүмдү жумуп уктоого аракеттендим. Жеңем оор үшкүрөт. «Ашыр келген экен»,— дедим шек албай. Ошол учурда кулагыма бейтааныш добуш угулуп, селт этип чочуп кеттим. Аз жерден кыйкырып жибере жаздап, оозумду басып, өзүмдү араң токтоттум. Ашырдын үнү андай жоон чыгып күрүлдөчү эмес. «Жеңем менен сүйлөшүп жаткан бул өзү ким болду экен?» — деп кулагымды түрүп тыңшай баштадым. Жеңем ичи толуп бышактап ыйлайт.

— Ыйлабачы!— дейт жанагы үн,— сенин кандай экениңди түшүнбөйм. Биздин эркин заманда сага окшоп кызыл камчы эр менен кантип жашоого болот!—деп оор күрсүнөт. — Мен буга чыдай албаймын, Ашырды сотко берип, сени ажыратып алам,— дейт кекенген үн менен ал.

Жеңем дагы эле ыйлап жатат. Бул Сарымсак акенин уулу Зарлык экенин дароо тааный койдум. Ал армиядан келип, азыр жаныбыздагы шахтада иштеп жүрөт. Атасы бирөө менен кудалашып үйлөнтүп коёюн десе: «Ата, сиз эски адамсыз. Биз советтик доордун жаштарыбыз. Эгерде биз эскичиликтин жолуна түшүп калың төлөп алсак, партияга уят болобуз. Мен бирөөнү сүйбөй туруп, үйлөнбөйм»,— деген имиш Зарлык деп кишилер күлүп жүрүшкөн. Ошол Зарлык жеңемди сүйүп калгандыгына ичим ачышып, ордумдан кыйкырып туруштан чочуладым.

— Кайрыш, мен сенсиз жашай албайм. Айт, жообуң.

— Жок!— деп кесе сүйлөгөн жеңемдин үнүн угам.

— Эмне үчүн жок! Сага Ашырдан жылуу сөз укпай жашоо зарылбы? Сен түшүнгүн, адамга жашоо бир жолу



берилет,— дейт күйүп-бышып. Жеңем Зарлыктын күйүп-бышканына жооп кайтарып:

— Сен жаш баласың, али турмуштун эмне экенин түшүнбөйсүң,— деп жубатат. Зарлык ордунан туруп:

— Мен сага жаш бала эмесмин. Тиги фашистти талкалап, Берлинге барып келген Зарлык жаш бала имиш,— деп наразы болгондой сүйлөп: — Эң негизгиси, сен мени сүйбөйсүң. Ошол үчүн макул эмессиң.

— Эх, эркектер,— дейт жеңем дагы оор үшкүрүп,— сиилер сүйүүдөн башканы түшүнбөйсүңөр. Мен күйөөмдү сүймөк турсун, жек көрөм, бирок ажыраша албайм.

Зарлык катуулай сүйлөп:

— Мен бир нерсени түшүнбөйм. Сүйбөгөн, жек көргөн киши менен кантип өмүр сүрүүгө болот. Мен бир саат да жашабас элем,— дейт.

Жеңем анын оозун баса калып:

— Акырын, бала ойгонуп кетет,— дейт ойгоо жаткан менден кооптонуп.

— Ойгоно берсин, мага десе Ашыр келсе да, коркпойм,— дейт Зарлык жанынан кечип. Жеңем тетири бурулуп, бир аз унчукпай жатат да:

— Мени бактысыз кылгың келеби?— деп ага кылчаят.

— Сени бактылуу кылам деп, аракеттенип жүрбөймүнбү,— дейт Зарлык жоошугандай аста сүйлөп.

— Бекер убара болбо Зарылжан, мен сени сүйүп турсам да, Ашыр менен ажыраша албайм, капа болбо,— деп маңдайына башын коёт. Зарлык жеңемди өзүнөн алыстатып:

— Сүйөм дегениң жалган, эгер сүйгөнүң чын болсо, мага турмушка чыгар элең,— дейт.

— Анарханчы, анын күнү эмне болот?— деп сурайт жеңем. Зарлык жайбаракат:

— Экөөбүздүн ортобузда Анархан таалайлуу кыз болуп өсө берет. Азыр атасы жок жетим болгондой илгерки заман эмес. — Жеңем наразы болгонсуп, оор үшкүрөт да:

— Жок, Анархандын алдында кыянатчы болгум келбейт, — дейт. Зарлык буулуга сүйлөп:

— Макулсуңбу?— дейт. — А-а, мени чын жүрөгүң менен сүйбөйт турбайсыңбы?— Калыбы, Зарлык кетүүгө камына баштады.

Сиздер, өмүрүңүздөрдө чычканды аңдыган мышыктын кебетесин көргөнсүздөрбү? Эгер көргөн болсоңуздар, менин ошол учурдагы абалымды дал ошондой элестете бериңиздер. Эки муштумум бекем түйүлүп, көздөрүм чачырап, пыш этип дем алып да койбойт. Зарлыктын мойнуна

шап жармашып, эр жигитче беттешким келет, өзүмө-өзүм «сен деле адамсың» деп кайрат айтам, бирок мени ал эбелектей эле учуруп жиберерине көзүм жетип, ачуумду токтотом. Кекенип бармагымды тиштейм. Жеңем анын мойнуна асылып: «Сүйөм сени! Бирок...» — деп шолоктоп ыйлайт. Зарлык жеңемди жектегендей: «Сенде чыныгы жүрөк жок экен!» — деп каалганы катуу жаап чыгып кетти. Мен эмне кыларымды билбей, баягы абалымда жата берипмин. Жеңемдин оор үшкүрүп, шолоктоп ыйлаганын угуп, аны тирүү жутуп жиберчүдөй болуп турам, бирок кантип ооз ачууга шылтоо табалбай турганымда Анархан чукуранып ыйлап кирди. Жеңем ордунан шып туруп, Анарханды эмизип жатып:

— Анашжан, сен мени азапка салдың го,— деп эзилип өпкүлөй баштады. Мен чыдап тура албай: «Анарды булганч оозуң менен өппө!» — деп кыйкырып, өзүм дагы ыйлап жиберипмин. Жеңем ошол учурда кандай абалда болгонун ыйлап жатып байкабай калыпмын. Сыягы отурган жеринде эле селейип, таштай катып калса керек, бир оокумда эсин жыйып: — Сен ойгоо белең?— деди, мен анын сөзүн тыңшабай, сөзгө конок бербей, бир жагынан ыйлап, бир жагынан оозума кирген сөздү ылгабай, ахараттап тилдей берипмин. Байкуш жеңем менин мойнума асылып жалынып-жалбарып өпкүлөп: — Садага болоюн бала, оозуңдан асты чыгара көрбө. Муну агаңыз укса эле, мени бул үйгө бир күн тургузбайт. Анда Анархандын күнү эмне болот?— деп буркурап ыйласа, көз жашы беш салаа. Мен ал канчалык жалбарып ыйлаган сайын ошончолук жек көрүп иренжип турдум. «Анарханды жетим кылгың келеби?» — деп улам-улам менден жалооруп сурай берди. Мен Анархан жөнүндө ойлогонум да жок, тез эле таңдын атышын күттүм. Менин жүрөгүмдү мыкчып, желкемди тырыштырып, ачуумду келтирген нерсе эле бул: «Ал менин бир тууган агамды көзүнө илбей Зарлыкты сүйсө, аны кайсы жаным менен жашырып, агамдын бетин тике карап жүрөм. Андан көрө өлүм артык эмеспи»,— деп чечтим.

«Эч кимге айтпайм»,— деп жеңеме ишендирип убада берип, аны тынчытып коюп, мектепке жөнөдүм. Жеңем мени узатып: «Бул жөнүндө эч кимге айтпа!»—деп жалооруп ыйлап өтүндү. Бирок мен жүзү каралык кылып агайдан суранып, Ашырга болгон ишти айтуу жөнүндө өтө астайтилдик менен жөнөдүм.

Кыскасы, экөө ажырашып кетишти. Жеңем кетпөөгө, кайрадан кадимкидей турмуш курууга көп тырышты, бирок Ашыр айтканынан кайткан жок. Агам дагы намыстанып



үч айга жетпей башка бирөөгө үйлөндү. Ошондон кийин гана жеңем үмүтүн үзүп, асылып жүргөн Зарлыкка макул болду. Мени бир күнү көчөдөн кармап алып, маңдайыман сылап, эркелетип: «Кой, экөөбүз урuштук беле, мен сени үкемдей жакшы көрөм. Балалык кылдың»,— деп телмире теше тиктеди. «Айып өзүңдө»,— дегендей унчукпадым.

Андан бери он жыл өттү. Жеңем (албетте, азыр менин жеңем эмес) Зарлыктан үч балалуу болду. Ашырдын алган аялы да, эки уул, бир кыз төрөдү. Ашыр дагы эле кылдан кыйкым таппай, азыркы жеңем менен күнүгө урушуп, үй-тиричилиги ыйкы-тыйкы. Кайры жеңем болсо, Зарлык менен ынтымактуу жашайт, бирок... Анархандын эки үйгө батпай сабыры суз, ичинен сызып мостоюп... жүргөнүн сезип, ичкен ашы аш болбой, мени көргөндө оор үшкүрөт. Мен башымды төмөн салып, айыптуу кишидей тымпыйып кутулам...

«Сенин атаң Ашыр, бул биздин үй, кет»,— дешип Зарлыктын балдары Анарды батырышпай сыздатышат.

«Сенин атаң Зарлык, бул биздин атабыз»,— деп Ашырдын кийинки аялынын балдары ээсинип Анарды түрткүлөшөт. Ара жолдо Анархан мостоюп, өзүнүн мындай абалына ким кылмыштуу экенин билбей көз жашын төгөт. Бул наристе кызда не жазык? Бала болбосом, ошол кезде: эмне үчүн жеңем энесиникине качып кетип, артынан далай жолу кишилер барганда келбей коюп, кийин эмне үчүн өзү келген себебин, Ашыр аны кордоп: «Жолуң ачык, кете бер»,— дегенде да көз жашын төгүп унчукпай калган себебин, Зарлык жалынып-жалбарып асылса да макул болбой койгон себебин, ошого карабастан, Зарлыкты чындап сүйгөн себебин, дагы ошого карабастан, ал жининдей жек көргөн Ашыр менен өмүр сүрүүгө бел байлаган себебин ойлонуп, ал жөнүндө ой жүгүртүп, бул татаал маселенин мазмунуна акылым жеткен эмес экен... Азыр эр жетип, жигит болуп, турмушта эч бир китепте жазылбаган закондор бар экенин түшүнгөнүмдө гана, бала энеге кандай кымбат болоруна баамым жеткенде, Кайры жеңемдин эркине, акылына, анын энелик мээримине суктанып, балалык менен кетирген кечирилгис кыянатчылыгымды сезип, өзүмдү айыптап, өзүмдү өзүм тилдеп жүрөм.

Айрыкча, Анархандын суз, мостоюңку кебетесин көргөнүмдө, же озондоп ыйлаганын укканымда, жүрөгүм жараланып, акмакчылыгымды жемелеп, бул айыпсыз, эч нерседен жазыгы жок наристе кызга боорум ооруп, зээним кейип, ал кыянатчылыгымды эске түшүрүп, каңырыгым түтөп, өзүмчө убайым тартам...

## БАКЫТ ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ

Бир палатада беш адам жатабыз. Баарыбыздан четки керебеттеги 19—20 жаштар чамасындагы арык, колдорунун тамырлары даана көрүнүп турган, көздөрү чүңүрөйгөн жигиттин жарааты оор. Ал машинадан жыгылып, мээси козголуп калыптыр. Күнү-түнү онтоп, бизди уктатпай тынчыбызды алат. Бүгүн кечээгиден түзүк. Бизге кантип жыгылгандыгы жөнүндө сүйлөп берди. Менин жанымда жаткан теке сакал карыя жигитке боору ачып:

— Бактың бар экен, балам. Мерт болбогонуңа сүйүн. Айыгып кетесиң,— деп көңүлүн улады. Ошол замат ал жигиттин өңүнө өзгөрүү киргендей болуп, ойлоно калды да:

— Айыккандан кийин деле бакытты сезбей жүрө берем,— деди. Биз таңданып карап калдык.

— Таң калбагыла,— деди да, ал бизге төмөнкүлөрдү баяндады:

«...Ата Мекендик согуш мезгилинде жаш баламын. Үч байкем колуна курал алып, кандуу майданга кетишкен. Бир үйдө үрпөйүп апам экөөбүз калдык. Алардын өмүрүн тилеп, көп ойлоно берүү да адат болуп кетти. «Жоону жеңип байкелериң эсен-соо кайтып келсе, биздин үйгө бакыт кошо келет»,— деп апам айтса, таңданып:

«Апа, бакыт деген ким?» — деп сурасам, жооп таппагандай ойлонумуш болуп: «Байкелериң келгенде бакытты билесиң»,— деп кыска жооп берчү.

Бир күнү коңшубуздун баласы Асанбекти издеп үйүнө барсам: «Атаке, качан келесиң? Мен сени сагындым. Же мени жаман көрөсүңбү? Эми мурункудай таарынчаак, ыйлаак эмесмин»,— деп жатыптыр.

«Каралдым, ыйлабачы! Атаң жакында жоону жеңип келет, биздин бактылуу турмушка бүлүк салган душмандар өмүрүндө жакшылык көрбөсүн»,— деп Асанбектин апасынын каңырыгы түтөп жатканын угуп: «Бакыт ушул жерде болсо керек? Азыр душман менен урушуп жүргөн турбайбы? Ырас, ырас. Апам да байкелериң келсе, бакыт да кошо келет дебеди беле. Билдим, билдим».

Акыры эрегишкен жоону талкалап байкелерим, апамдын сөзү менен айтканда, эсен-соо кайтып келишти. Апам экөөбүз кубанычка чыдабай ыйлап жибериппиз. Бирок, бакыт көзгө көрүнбөдү. «Бакыт кошо келет дебедиңиз беле, канакей?» — деп апамдын кулагына акырын шыбырасам, апам күлүп: «Байкелериң сак-саламат кайтып келди. Сага эмне керек?; Бакыт деген ушул болот»,— деди. Мен ишенгеним жок. «Апам мени алдап жатат. Бакытка согушта ок тийип, каза тапкан го. Менден жашырып жатат»,— деп тим болдум. Күндөр чубалжып өтө берди. Бир күнү апам базардан жаңы кийимдерди сатып келип: «Эрээрчитип барам. Бул күн сенин эң бактылуу күнүң болот»,—деди. Ошол түнү таң атканча көз ирмебедим. «Бакыт биздин үйгө келбей, мектепке барган экен да. Ошон үчүн эжемдер: «Бактылуубуз»,— дешип ырдашат турбайбы. Апам мурда эле айтып койсо, ушул убакка чейин бакыттын үйүнө барып, баласы менен достошуп алмакмын»,— деп ичимден апама наарazы болдум. Эртеси апам экөөбүз мектепке бардык. «Бакыт кайсы жерде болду экен?» — деп эки жагымды каранып издеп жүрөм. Мен бакытмын деп, кимдир бирөө колумдан шап кармоочудай сезилет. Бирок, бакыт көзгө көрүнбөдү.

Кийин-кийин бакытка кантип көнүп кеткенимди өзүм да сезбей калдым. Бакытты адамга окшотуп жүргөнүмдү эстесем, азыр да ичимден күлөм. «Сабактарымдан «беш» алсам, же болбосо тээ тетиги кырга чыксам бактылуу болор элем»,— деп өзүм да ойлоно баштадым. Айрыкча орто мектепти бүтөр жылы тынчым кетти. «Эх, онунчу классты ийгиликтүү бүтүрүп, самаган окуума кирип алсам, мен бактылуу болбой, ким бактылуу? Анан балакет басып конкурстан кулап калсамчы? Элди кайсы бетим менен карайм. Кой, андан көрө өлгөнүм жакшы»,— деп ойлогонумда уйкум каччу. Каалаган максатым орундалып, студенттик скамейкага олтурдум. Бирок, бакыт көзгө көрүнбөйт.

Ырас, ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн. Бир кызга көзүм түшүп сүйүүнүн торуна чалындым да калдым, жолукса сөз таба албай жалдырап, ал жогунда чиркин жүрөк дегдеди, ага жетпесем эле бактысыз болчудаймын. Кыздын караанды көрүнсө эле, оор үшкүрүп, жаш жүрөк жалындайт. Же болбосо жанына даап бара албайм, тике карап сөз сүйлөөгө жалтанам: «Аттигиң ай, эч болбосо бир жолу кашкайып карап күлүп койсо, бакыттын кемесине минбес белем»,— деп өрттөнүп жүрдүм. Сөздү кыскартып айтканда, акыры тилек орундалып, кыз экөөбүз кол кармаштык, бирок бакыт көзгө көрүнбөдү...»

Аңгеменин ушул жерине келгенде жигит сөзүн токтотуп, шыпты карап бир пас ойлуу жатты. Биз бардыгыбыз анын сөзүнө тунуп калган экенбиз.

— Ананчы?— деп жиберипмин мен. Жигит оң жамбашына оодарылды да:

— Ананбы, анан ошентип, ордумдан жыла албай силер менен сүйлөшүп жатпаймынбы? — деп оор күрсүнүп койду

жигит.— Адамзат түк бакытка тойбойт экен. Айыксам эле мен бактылуу болчудаймын. Ал күндөр да алыс эмес. Бакыт дагы эле көзгө көрүнбөйт. Себеби, адам канаттуу куш тура. Куш улам арылап учкусу келгендей, адамзат улам-улам алдыңкы максаттарга колун созо берет турбайбы.

Жигит бизди эмне дешер экен деп суроолуу карады. Биз унчукпадык. Ар бирибиз бакыт жөнүндө ойлоп жаткансыдык.

## ЭНЕЛИК МЭЭРИМ

Күн кызарып батып баратат.

Ак жаан таң аткандан бери жаап, бак-дарактарды кулпунтуп, асфальт көчөлөр күзгүдөй жаркырай түштү.

Табигаттын кечки сулуулугуна ыракаттанышып, биздин шаардын кишилери сейилдешип жүрүшөт. Дзержинский көчөсүндөгү сквердин аллеясы менен 25—27 жаштар чамасындагы өңдүү-түстүү, ак жүзүн сепкил баскан көк макинтош кийген Шайлоо кадамын санагандай акырын басат. Шайлоонун эч ким менен да иши жок, табигаттын көрүнүшүнө да суктанбайт. Анын сепкил баскан бетинен кубаныч менен үмүт ойноп турганын көрөсүң. Ырас, таалайлуу бөбөктөрүнүн чоңдорун жетелеп, ымыркайларын коляскага салып серүүндөп жүргөн энелерге Шайлоо суктанып карайт. Анын бет маңдайында эгиз уулдарын эки колуна жетелеп, орто бойлуу өңү серт аял келатат.

Кандай бактылуу эне! Шайлоо аялдын артынан бир кыйла телмире карап туруп, өз жолу менен жөнөй берди.

«Үч айдан кийин мен дагы»,— деп ичин карады. Заматта анын сепкилдүү бети албыра түштү. Бирөө бул сырымды билип алган жокпу дегендей эки жагына карап коюп, өзүнүн бактысына ыраазы болгон кишидей ууртунан жылмайды. «Өпкө-жүрөгүмдү чабайын, уул бекен, же кыз бекен? Кыз болсо да мейли эле. «Ыңа» деген баланын үнүн уксам, бул турмушта арманым болбос. Ошол күндөр качан келет?— деп саатын карады.— Сааттын жебеси мынча жай согот».

«Уул төрөсөм Айбек, кыз төрөсөм Айнур коём. Мен дагы элчилеп баламды коляскага салып, ушул көчөлөр менен жүрөр бекем? Анда Асанбек — ата, мен — эне болом! Экөөбүздүн ортобуздан кыл өткөрбөй жылчыксыз ширеткен бала! Анан чулдурап тили чыгат. Атасы экөөбүздүн эрмегибиз, ырысыбыз ошол болот. Талпынып күлө баштайт. Анын күлкүсүнүн арасынан бизге күн көрүнөт.



Аталап, апалап сүйлөйт, ан сайын атасы экөөбүз терибизге батпай семиребиз. Өпкөмдү чабайыным тезирээк эле төрөлсө экен!»

Адамзат такыр бакытка тойбойт. Улам-улам жаңы максаттарга колун сунат. Ошол самаган максатына жеткенден кийин, анын алдына дагы башка максаттар коюлат. Адамзат ага жетиш үчүн дагы кулачын жаят.

«Жанагы өңү серт аялдай,— деп кыялданды Шайлоо,— эгиз төрөсөм, экөө тең уул болсо Асан, Үсөн, кыз болсо Батма, Зуура, бири уул бири кыз болсо. Асан, Зуура коёт элек.

Асанбек экөөбүз коёндой окшош кылып, ушул көчөлөрдү аралатып ээрчитип жүрсөк, дос сүйүнүп, душман күйүнсө, ичте арман калбас эле, ушул күнгө чейин тарткан азап-кайгыларым унутулуп калмак».

Окуучуларга Шайлоонун ушул күнгө чейин көргөн азап-кайгысы маалым эмес. Ал төмөнкүчө:

Асанбек менен Шайлоо сүйлөшүп жүрүп, мындан сегиз жыл мурда баш кошушкан. Асанбектин ата-энеси жаш кезинде өлүп, кыйыр туугандарынын колунда жыңайлакжылаңбаш өстү. Жетимчиликтин азабын тартып интситутту бүтүрүп, шаарга кызматка калган.

Шайлоо ата-энелүү эрке-талтаң өскөн кыз. Техникумда окуп жүрүп, Асанбек менен таанышкан. Алгач аларда үчтөрт бөлмөлүү үй, шкаф, гардероб, диван жана килемдери жок болуп, шаардын четинде бир комнаталуу үйдө турушчу.

Бирок ынтымактуу жашашчу.

Үч-төрт күн көрүшпөй калуу, алар үчүн үч-төрт айдай сезилчү.

Асанбек менен Шайлоонун мындай ысык мамилелерине кээ бир жолдоштору кубанышса, кээ бирлери ичи тардык кылып көрө алышпайт: «Кошулгандарына жыл ашып баратат, мынча эле ысык болушат экен? «Өтө кызыл тез оңот» дегендей, буга окшогондор тез эле жадашып, бирбирин чана баштайт»,— дешчү. «Ит үрө берет, кербен жүрө берет» — дешип, бул эки жаш досту сүйүндүрүп, душманды күйүндүрүп ынтымактуу жашай беришти. Бул мезгилдин ичинде алар үч комнаталуу үй сатып алышты, дивандуу, шкафтуу, килемдүү болушту.

Асанбек каны суюк балалыгын артка таштап, кадимки салабаттуу киши болуп, 28 жашка толду. Ал балалуу болууну эңседи, бирок Шайлоонун согончогу канабады.

Бул Шайлоонун да, Асанбектин да жүрөгүн өйкөй баштады.

Чынында экөө тең үч-төрт жыл жаштыктын фантазиясында жашап балалуу болууну эңсешпеди, эстешпеди.

Жаштыктын фантазиясы булуттай болуп тарай бергенде, көгүлтүр асманга окшоп, чыныгы турмуш көрүндү. Балалуу болууну эңсеп, Асанбек эки колун төбөсүнө алып, узун түндөрү кирпик какпачу болду. Алгачкы мезгилде Асанбек Шайлоого төрөбөйсүң деп ачык айткан жок. Экөө көчөдө баратып ойноп жүргөн бөбөктөрдү көрүп: «Жакшынакай бөбөк экен, өмүрү узун болсун»,— деп оор үшкүрүп, жер карайт.

Байкуш Шайлоо өз тагдырына өзү наразы болуп, айыптуу кишидей унчукпайт, жер карайт. Күндөр өтө берди.

«Шаке, мен карып баратам, качан балалуу болобуз»,— деп Асанбек бетке айта турган болду. Шайлоо байкуш көз жашын шыпырып: «Баланы өз колу менен камырдай кылып жууруп алчу болсо, өзүм билер элем. Менин айлам канча?» — дейт. Шайлоонун көрүнбөгөн врачы калбады. «Айып кимибизде?» — деп Шайлоо врачтардан сураса, алар: «Күнөө өзүңүздө, бирок сиз төрөөгө тийишсиз»,— дешип жубандырышчу. Алты жыл өттү, бирок экөө перзенттүү болушпады.

Асанбек анча-мынча эле ичип алса, же капа болсо: «Шаке, качан төрөйсүң, качан баламын «ата» деген жагымдуу үнүн угам, же... Айтчы, эмне кылайын»,— деп жаш баладай өңгүрөп ыйлай турган болду. Шайлоо эмне демек эле? «Асанбек, башка бирөөгө үйлөнүп балалуу бол, ата бол. Мен дагы башыма түшкөндү көрөрмүн»,— дечү. Бул сунушту айтаарын айтып алып, Шайлоо кээде чочулап: «Чын эле Асанбек башкага үйлөнүп алса, мен эмне кылам? Төрөбөгөн аялдын кимге кереги бар. Менин өмүрүм ушинтип өтөбү?» — деп санаасы санга бөлүнчү. Кээде Асанбек унчукпай ойлонуп отурса, Шайлоо өзү сөз баштап: «Асаке, үйлөнсөң деле сага капа болбойм. Ыраазымын. Сенин бактылуу болушуңду каалайм»,— деп мойнуна асылып ыйлачу. «Кулагыма экинчи андай сөзүңдү угузба»,— деп Асанбек жемелеп койсо, ичинен күйөөсүнүн адамгерчилигине ыраазы болуп, бирок анын аянычтуу кебетесин көрүп аячу, боору ачычу. Бирок, колунан эмне келмек? Асанбек мурда кызматынан бошосо эле үйгө шашчу. Азыр андай эмес. Үйгө кээде түн жарымында келе турган болду. Шайлоо болсо жашын жаздыкка көлдөтүп, көз ирмебей жата берет. Асанбек кайда жүрөт? Ким менен жүрөт? Эмне кылып жүрөт? Бул суроолор ага түшүнүксүз, анын жүрөгүн өйкөйт, ага коркунучтуу сезилет.



«Кайда жүрдүң?» —деп Асанбектен суроого батына албады. Ачуусу менен мүмкүн: «Паланча менен жүрдүм» деп жиберсе, Шайлоо эмне кыла алат? «Жолдошторум менен жүргөндүр»,— деп өзүн-өзү алдап, зордуктап ишенчү.

Асанбектин кээ бир жолдоштору, баягы жетим кезинде көз салбаган тууган сөрөйлөрү жакынсынып: «Ушул касиети жок аялыңды деп жүрүп, какбаш өтөсүңбү? Өзүң атадан жалгыз туяк болсоң, ага жараша артында ээрчиген перзенттиң болбосо: сендей эр азамат жигитке аял жокпу? Аялыңды кетир»,— дешип күн сайын кулагына куя турган болушту. Асанбек дулдуюп отуруп: «Дагы күтө турайын. Шайлоо араң 26 жашка чыкпадыбы»,— дечү.

«Төрөөчү аял бир жыл өтпөй эле төрөйт, мунуңду алганыңа жети жылга аяк басты. Төрөсө, төрөбөйт беле?» — дешчү туш тарабынан жабалакташып. Асанбек үндөбөй кутулуп кетчү. Алар кеткенден кийин башы маң болуп: «Чын эле Шайлоо төрөбөс го. Мени менен тең үйлөнгөн дөр үчтөн балалуу болушту. Мен сотодой жалгыз жүрөм... Жоро-жолдоштордун акылынын жөнү бар го»,— деп ойлонуп отуруп: «Анан Шайлоо менен ажырашамбы? Ал кайда барат? Анын келечек тагдыры эмне болот?» — деген сыяктуу чиеленген учу-кыйырсыз суроолор анын башын катырчу. Эң аягында, болгонунча болот деп, кээде күчүн ичкиликтен чыгарып үйүнө барып: «Шакен, качан төрөйсүң, мен карып баратам»,— деп кирчү. Ошентсе да, келечектен үмүттөнүшүп, экөө жашай беришти.

Сегизинчи жылдын башында биринчи жолу Шайлоо өзүн бактылуу сезди... Буга Шайлоо өзү да ишенбеди. Он беш күн өттү. Бир ай өттү.

Шайлоо кубанганынан бакырып ыйлайын деди, бирок көз жашы чыкпады.

Бул кабарды Асанбекке кантип айтуунун жолун издеди. «Баары бир айтсам ишенбейт. Эгер ишенсе, жүрөгү жарылып кетиши мүмкүн»,— деп ойлоду.

«Боюма болбой калып уят болуп жүрбөйүн»,— деген күмөн менен врачка көрүндү. Врач: «Бир жарым айдан ашыптыр»,— деген кабарды угузганда, Шайлоо врачтын мойнунан кучактап ыйлап-ыйлап жиберди.

Шайлоо үйгө келсе, Асанбек кызымтал болуп, кадимкисиндей «Шакен, качан балалуу болом?» деп томсоруп жаткан экен. Шайлоо Асанбектин мойнуна бекем асылып: «Балалуу болобуз, бүгүн врач айтты...» — деп ал токтоно албады, ыйлап жиберди. Асанбек керебеттен секирип турду:

Чынында экөө тең үч-төрт жыл жаштыктын фантазиясында жашап балалуу болууну эңсешпеди, эстешпеди.

Жаштыктын фантазиясы булуттай болуп тарай бергенде, көгүлтүр асманга окшоп, чыныгы турмуш көрүндү. Балалуу болууну эңсеп, Асанбек эки колун төбөсүнө алып, узун түндөрү кирпик какпачу болду. Алгачкы мезгилде Асанбек Шайлоого төрөбөйсүң деп ачык айткан жок. Экөө көчөдө баратып ойноп жүргөн бөбөктөрдү көрүп: «Жакшынакай бөбөк экен, өмүрү узун болсун»,— деп оор үшкүрүп, жер карайт.

Байкуш Шайлоо өз тагдырына өзү нааразы болуп, айыптуу кишидей унчукпайт, жер карайт. Күндөр өтө берди.

«Шаке, мен карып баратам, качан балалуу болобуз»,— деп Асанбек бетке айта турган болду. Шайлоо байкуш көз жашын шыпырып: «Баланы өз колу менен камырдай кылып жууруп алчу болсо, өзүм билер элем. Менин айлам канча?» — дейт. Шайлоонун көрүнбөгөн врачы калбады. «Айып кимибизде?» — деп Шайлоо врачтардан сураса, алар: «Күнөө өзүңүздө, бирок сиз төрөөгө тийишсиз»,— дешип жубандырышчу. Алты жыл өттү, бирок экөө перзенттүү болушпады.

Асанбек анча-мынча эле ичип алса, же капа болсо: «Шаке, качан төрөйсүң, качан баламын «ата» деген жагымдуу үнүн угам, же... Айтчы, эмне кылайын»,— деп жаш баладай өңгүрөп ыйлай турган болду. Шайлоо эмне демек эле? «Асанбек, башка бирөөгө үйлөнүп балалуу бол, ата бол. Мен дагы башыма түшкөндү көрөрмүн»,— дечү. Бул сунушту айтаарын айтып алып, Шайлоо кээде чочулап: «Чын эле Асанбек башкага үйлөнүп алса, мен эмне кылам? Төрөбөгөн аялдын кимге кереги бар. Менин өмүрүм ушинтип өтөбү?» — деп санаасы санга бөлүнчү. Кээде Асанбек унчукпай ойлонуп отурса, Шайлоо өзү сөз баштап: «Асаке, үйлөнсөң деле сага капа болбойм. Ыраазымын. Сенин бактылуу болушуңду каалайм»,— деп мойнуна асылып ыйлачу. «Кулагыма экинчи андай сөзүңдү угузба»,— деп Асанбек жемелеп койсо, ичинен күйөөсүнүн адамгерчилигине ыраазы болуп, бирок анын аянычтуу кебетесин көрүп аячу, боору ачычу. Бирок, колунан эмне келмек? Асанбек мурда кызматынан бошосо эле үйгө шашчу. Азыр андай эмес. Үйгө кээде түн жарымында келе турган болду. Шайлоо болсо жашын жаздыкка көлдөтүп, көз ирмебей жата берет. Асанбек кайда жүрөт? Ким менен жүрөт? Эмне кылып жүрөт? Бул суроолор ага түшүнүксүз, анын жүрөгүн өйкөйт, ага коркунучтуу сезилет.



«Кайда жүрдүң?» —деп Асанбектен суроого батына албады. Ачуусу менен мүмкүн: «Паланча менен жүрдүм» деп жиберсе, Шайлоо эмне кыла алат? «Жолдоштору менен жүргөндүр»,— деп өзүн-өзү алдап, зордуктап ишендирчү.

Асанбектин кээ бир жолдоштору, баягы жетим кезинде көз салбаган тууган сөрөйлөрү жакынсынып: «Ушул касиети жок аялыңды деп жүрүп, какбаш өтөсүңбү? Өзүң атадан жалгыз туяк болсоң, ага жараша артыңда ээрчиген перзенттиң болбосо: сендей эр азамат жигитке аял жокпу? Аялыңды кетир»,— дешип күн сайын кулагына куя турган болушту. Асанбек дулдуюп отуруп: «Дагы күтө турайын. Шайлоо араң 26 жашка чыкпадыбы»,— дечү.

«Төрөөчү аял бир жыл өтпөй эле төрөйт, мунуңду алганыңа жети жылга аяк басты. Төрөсө, төрөбөйт беле?» — дешчү туш тарабынан жабалакташып. Асанбек үндөбөй кутулуп кетчү. Алар кеткенден кийин башы маң болуп: «Чын эле Шайлоо төрөбөс го. Мени менен тең үйлөнгөндөр үчтөн балалуу болушту. Мен сотодой жалгыз жүрөм... Жоро-жолдошторду акылынын жөнү бар го»,— деп ойлонуп отуруп: «Анан Шайлоо менен ажырашамбы? Ал кайда барат? Анын келечек тагдыры эмне болот?» — деген сыяктуу чиеленген учу-кыйырсыз суроолор анын башын катырчу. Эң аягында, болгонунча болот деп, кээде күчүн ичкиликтен чыгарып үйүнө барып: «Шакен, качан төрөйсүң, мен карып баратам»,— деп кирчү. Ошентсе да, келечектен үмүттөнүшүп, экөө жашай беришти.

Сегизинчи жылдын башында биринчи жолу Шайлоо өзүн бактылуу сезди... Буга Шайлоо өзү да ишенбеди. Он беш күн өттү. Бир ай өттү.

Шайлоо кубанганынан бакырып ыйлайын деди, бирок көз жашы чыкпады.

Бул кабарды Асанбекке кантип айтуунун жолун издеди. «Баары бир айтсам ишенбейт. Эгер ишенсе, жүрөгү жарылып кетиши мүмкүн»,— деп ойлоду.

«Боюма болбой калып уят болуп жүрбөйүн»,— деген күмөн менен врачка көрүндү. Врач: «Бир жарым айдан ашыптыр»,— деген кабарды угузганда, Шайлоо врачтын мойнунан кучактап ыйлап-ыйлап жиберди.

Шайлоо үйгө келсе, Асанбек кызымтал болуп, кадимкисиндей «Шакен, качан балалуу болом?» деп томсоруп жаткан экен. Шайлоо Асанбектин мойнуна бекем асылып: «Балалуу болобуз, бүгүн врач айтты...» — деп ал токтоно албады, ыйлап жиберди. Асанбек керебеттен секирип турду:

— Мени жалган кубантпа!

— Мени төрөбөйт деп үмүтүңдү үзүп койдуң беле?— Шайлоо шолоктоду.

Байкуш Асанбек ошол күнү шаардан жолуккан жолдошторунун ар бирине: «Бүгүн биздикине келгиле. Шайлоонун боюнда бар экен, биздин үйдө той болот»,— деп сүйүнчүлөп жүрдү. Ал ар бир адамга өзүнүн бул кубанычтуу кабарын айткысы, угузгусу келди. Ал турмак радио аркылуу кулактандыруудан да баш тартпайт эле.

Эки күн алардын үйүндө той болуп, шаттык, кубаныч, тилек, сүйүнүч алар менен кошулуп бийлеп жүрдү.

Ошол күндөн тартып Асанбек менен Шайлоонун үйүнүн төрүндө ынтымактуулук, жакшы үмүт, ырыс, таалай алар менен шериктеш. Асанбек кадимкисиндей кызматынан бошору менен үйүнө, Шайлоосуна шашат. Тезирээк эле эртеңки күндүн келишин, сааттын жебесинин батыраак айланышын эңсейт.

Бирок, жер өз огунда айланат эмеспи.

Кээде Асанбек шашканынан эртеңки календарды бүгүн жыртып, өзүн кубандырат. Азыр мурдагыдай түндү кайгыруу менен өткөрүшпөй келечектеги бала жөнүндө, аны кантип тарбиялоо жөнүндө ойлонушат, кыялданышат. Ал белгисиз балага күнүгө жаңы ат коюшат. Ага коюлбаган аты да калбады.

Анан кантишет?

Бала ата-эненин жүлүнүнөн үзүлүп чыккан эң кымбат, эң ширин асыл зат экен го!

...Күн отуруп, электр лампочкалары күйө баштады. Шайлоо дагы эле ууртунан жылмайып, күн мээримин жер жүзүнө элге, тоо-ташка, бак-даракка тегиз төккөндөй, ал энелик мээримин али төрөлө элек, бизге кыял-жоругу, өңү-түсү, турмуштары, орду белгисиз адамга төгүп, өз бактысына өзү ыраазы болуп басып жүрдү.

Болжогон мезгил тез эле келип, белгисиз бөбөктүн жентегин тез эле жесек экен?!.

## КЛАССИКТЕРДИН НААЛАТЫ

Мен өлүп, эл көмгөнү жатыптыр. Ата-энем, ага-инилерим, эже-карындаштарым, бетинин тамтыгын калтырбай тыткан жесирим, артымда боздоп калган эки жетимим көз жаштарын көл кылып, буркурап ыйлап турушат. Топураган калың журттун камырабаганына ичим күйөт. Алардан муну күткөн эмесмин. Беш жыл мурда белгилүү акыныбызды келбес сапарга элибиз оор кайгы менен узатып



жатканда: «Мен да көз жумсам, адамзаттын башына оор кайгы түшөт»,—деп ойлонгом. Эми мына шилекейлеш досторум да эч нерсени сезишпегендей өз ара жайма-жай сүйлөшүп, ырсактап күлүп коюшат. Элдин ичинен бирөө суурулуп чыгып: «Долон кандай адам эле!» — деп кайрылды. Тыптынч. «Арабыздан кыл өтпөгөн досторумдун эч болбосо бирөө кепилимди алып койбойбу?»

«Бул пенденин жакын санашкан досу барбы?» — деп экинчи жолу жанагы киши кайрылганда, Эшенкул досум мойнунан байлагандай: «Долон өтө талантту эле, мезгилгендө, кайдан-жайдан Белинский, Лев Толстой, Чехов, Горький, Маяковский, Токтогул пайда болду. «Менин арбагымды сыйлабагандарды Белинский куйкум сөздөр менен ит кылса экен»,— деп үмүт кылып турдум.

— Токто!— деди Белинский Эшенкулга сүрдүү карап: — Неге чындыкты сүйлөбөйсүң? Бул жигитте талант урук жок, мен мындан бир кылым мурда суктанган 1940-жылдардагы таланттуу чөбүрөлөрүмдүн бирине да окшобойт! — Анын муундары калчылдады.

Анда Лев Толстой таягын таянып туруп, элге кайрылды:

— Бул Долон жашоо үчүн ичип-жегендерден эмес, ичип-жеш үчүн жашап жүргөн бир макулук болчу,— деп сеңселген сакалын сылап койду.

Антон Павлович көз айнегин ала коюп кадимкидей куудулданып:

— Апчу!— деп алды. — Чыныгы талант өмүр бою өзүнө наараазы болуп өтөт. А булчу? Жарыбаган чыгармаларын мактап жүрүп, көзүн жумду.

Максим Горький кабагын катуу салып, унчукпады. Анын сүрдүү тиктеши: «Бул жигит адам аттуу сыймыктуу наамга татырлык эч нерсе кылбады»,— дегендей белгини билдирип турду.

— Мен Долонго окшогондорду карышкырча чайнар элем!— Маяковский бардык үнү менен кыйкырганда, чочуп кетип ойгонсом түшүм экен...

Мындан ары начар чыгармаларды жаза берсем, өңүмдө ушундай окуяга кез келчүдөй чочулап, таң атканча уктай албадым.

## МЕЗГИЛ КЫМБАТ

«Жапар окуусун бүтүп, кечээ үйүнө келиптир»,— деген кабарды Бегмат жайлоодо жүрүп угуп, бачымыраак курбусуна жолугууну эңседи. Бирок анын жүрөгүн мындан төрт жыл мурда өз оозунан желдей желп эткен орунсуз

14*

сөз туздай ачыштырды. Торала кашкасына кыңкыя минип, бир өсүп, бир чоңойгон жылкычы Рахмандын үйүн көздөй бастырды. Анын үйүнө жеткиче: «Мен акмак болгон экенмин. Мен жүгөнсүз, обу жок сөздү неге айттым экен? Олдо жүгөнсүздүк! Качан ушул адатым калар экен»,— деп өкүнө берди. Рахмандын дөбөтү ар деп үргөндө гана башын көтөрүп, аттын оозун тартты.

— Эй, Рахман, жердин битиндей болгон арам, үйүңдө күймөнбөй бери чык,— деди.

Рахман боз чепкенинин бир жеңин кийбей шашкалактап:

— Деги аманчылыкпы, мал-салга ит-куш тийиппи?..

— Мал-салды эмне кылат экенсиң сурап. Биз акмак болгон экенбиз.

— Массыңбы же жөөлүп жатасыңбы? Же баягы обу жок пейлиң тутуп калдыбы?— деди Рахман далдая.

— Чочубай эле кой, жердин бити. Жапар окуусун бүтүп келген имиш.

— Ой, обу жок неме десе! Ушуга кайгырып жатасыңбы? Бүткөнү куп болгон экен. Сакалдуу башына карабай окуду эле. Бүгүн чаап барып, колун кысып келбесек, таарыныч болор теңтушка.

Бегмат камчыланып, аттын оозун силкип алды.

— Ээ, мыктысынган арам десе, бүткөнүнө сенден ашыкчарак кубанып жатам. Мындан төрт жыл мурда сенин үйүңдө Жапарды мазактаганыбыз эсиңдеби?

— Жок.

— Унуткан экенсиң, арам. Эмесе кулак сал. Жапар сельсоветтин секретарлыгынан бошоп: «Фрунзедеги айыл чарба институтунан окусам деген талабым бар. Кандуу согуш болбосо, убагында эле окуп калбайт белек. Ийгиликтин кечи жок»,— деп бизге теңтуш катарында кеңеш сураса, мен адатымча оозумду көптүрүп: «Ата сакалы оозуңа бүтүп, отуздун кырында кайсыны омкорор элең. Төрт жыл — бур эттирип тартып койгон чылым эмес. Ал окууңду бүткүчө башыңа бир түп дарак көктөйт. Күн санай берип, сары оору болуп кетишиң да бар»,— деп мен жактырбай тетири карасам, жердин битиндей болгон сен арам жөн отурбай:

«Кептин угуту ичинде өнүп жатпайбы, баатырлар. Борборго барып, жаштарга теңелип, кайырма жакалуу көйнөк кийип, жашаргысы келип жүргөнүн кайдан билесиңер»,— дегенсиң.

— Ырас эле, мен ошенттим беле?— деп Рахман санын чапкылады.



— Шашпа, арам,— деди Бегмат камчысын жогору көтөрүп,— «суктук кордук көрсөтөт, Жаке. Андап көрө сельсовет аксакалды далыга чапкылап, сен жакшысың деп ну сага ким коюптур»,— дебедиң беле. Байкуш Жапар таш тиштегендей сүйлөгөн да эмес. Камчысы менен жерди чапкылай берип: «Ыракмат, айткан кеңешиңерге. Карыганда окуу койуп көмөчүңө күл тарта бербейсиңби? Карыгандагы кайратымды силерге көрсөтпөсөм, Жапар атым өчсүн»,— деп жөнөп кеткенде, экөөбүз томсоруп кала бердик беле.

Бегмат сол үзөңгүсүн чирене тээп:

— Уктуңбу, жердин битиндей болгон арам! Көрсө, биз акмак болгон экенбиз. Кымызды куркулдата жутуп, чиренип ат мингенибизге гана маашыр болуп, башканы эстен чыгарган экенбиз. Мезгил күрпүлдөгөн дайрадай өз нугу менен ага бериптир. Жапар мезгилдин агымын түшүнүптүр. Тез кийинип чыга кал! Мындан ары ушар болуп, убагында мезгилдин үзүрүн көрөлү. Мен үйдө күтүп турам. Эки чанач кымыз арта барып, шаардын түтүнүнө ышталып кан-сөлү качкан теңтушту көөлгөтүп, көңүлүн ачалы, тез кийинип чыга кал! Мезгил кымбат...— деп Бегмат Торала кашкасын таскактатып жөнөдү.

## УЙКУМ КЕЛБЕЙТ

Чынымды айтсам уйкум келбейт. Кээде кирпик ирмебей таңды атырган түндөрүм да болот. Атам ыраматылыктын: «Атасы өлгөндүн уйкусу келет, курсагы ачтын уйкусу келбейт»,— деп эскерткени эсиме түшөт. Ак төөнүн карды жарылып жаткан жылдарда ким ошентсин! Суранарым, андай жайдак ойдон алыс боло көргүлө.

Эне жүрөгү балага кандай назик. Менин ушинтип уктай албай жүргөнүмдү апам туюп калыптыр. Кайсы бир түнү апам башымда отурат.

— Оору-сыркооңду мен алайын, мынча эмне оор үшкүрөсүң?— деп жалбарып сурайт.

— Жөн эле.

— Бир жериң ооруйбу?

— Жок.

— Уйкуң келбегендей, тиричиликтин камы түшүп, үйбүлөң багылбай, балдарың чырылдап ач-жылаңач артыңда ыйлап тургудай убак келе элек го. Сенин жаныңда да кайгычыл болобу?— деп апам жемелейт.

— Айланайын, апаке! Сиз оюма келбеген нерселерди айтасыз да. Артындагылар: «Баракелде, азамат, өмүрүн

текке жумшабаптыр»,— дегендей болуп жашасаң гана адамсың. Ырас, апаке, өлүүнүн тирүүсү, тирүүнүн өлүүсү болот. Тирүүнүн өлүүсү болуп калбагай элем деп, уйкум келбейт.

— Эмне деп жатканыңа түшүнүп болбойт,— деп апам күңкүлдөйт. Көз алдымдан жаш Добролюбовдун, Горький-дин, Чеховдун, Шолоховдун алп караандары, алп эмгек-тери өтөт. Алардын кайнаган кайраты мени таң калтырат. Ошентип, уйкум келбейт, уйкум качат...

## СОГУШТУН ТАГЫ

Майрам кечелери болсо керек. Университеттин сахнасында бир кыз тынчтык жөнүндө ырдап, чоң залды дүркүрөгөн кол чабууларга айландырды. Айланама карасам, залдын аркы четинде алп мүчөлүү, отуз бештер чамасындагы кара тору жигит кол чаппай, дагы ырдасын деп кайра-кайра кол чаап жаткандарга бир туруп жылмайып, бир туруп суз карайт.

Албетте, анысы менен ишим болбос. Мени, эмне үчүн бизге кошулуп кол чаппаганы гана кызыктырат. Же жактырбадыбы? Болуптур, ошонун оюу боюнча жаман эле ырдады дейличи? Бирок, бул дүркүрөгөн кол чабуулар кандуу согушка каршы, элдин сүйгүнчүлүгү тынчтык үчүн экенин түшүнсө боло! Ошентип, ичим уйгу-туйгу боло баштады. Жанымдагы чоочун жигиттен:

«Тиги киши эмне үчүн бизге кошулуп кол чаппайт, же тынчтыкты сүйбөйбү?» — десем, мага таңдангандай карады да: «Тынчтыкты сүйбөгөн кишини тапкан экенсиң, курбум. Ушундай мээримдүү күндөр болсун үчүн, концертте чаба турган колун кечээги кандуу согушта таштап келген»,— деп кол чабуусун уланта берди. Эми мага жанагы кишинин жаштарга бирде суз, бирде жылмайып карашы ачык болду.

## АТКАРЫЛБАЙ КАЛГАН ТИЛЕК

Дайыма Ош шаарына келгенде же аны ойлогонумда мындан чейрек кылым илгери эңсеп-эңсеп жүргөн балалык тилегим эми аткарыларда, кокустан оңунан чыкпай калганы кылт этип эсиме түшө калат да, ошол замат бир өзгөчө кайгылуу сезим денемди каптап, жүрөгүмдү өйкөйт...

Кокустанбы? Бул суроого бүгүн так жооп берүү өтө кыйын. Ошон үчүн анын акы-чукусүнө токтолуп отурбай окуяны ток этер жеринен баштайлы.



...Бала кезимден кыялымды дегдетип, ой-санаамды биротоло бийлеп алган шаар — Ош болду. Ага себепкер — атамдын жомоктору.

Биз бир уядан төртөө болуп, ошол учурда мен жалгыз гана ата-энемдин колго карманар элгенчиси элем. Антке-ни, эки агам тең аскерге кетип, эң улуусу Белоруссиянын Брест деген шаарында кызмат кылчу, андан кичүүсү Ыраакы Чыгыштагы чек арада турчу. Менден улуусу жетинчини бүтүрүп, таякем экөөлөп тоодо колхоздун жылкысын кайтарчу. Үйдө атам, апам анан мен жашап — үчөөбүз ынтымакташып оокат кылчубуз.

Атам карылыгына карабастан жайында колхоздун бедесин кайтарып, кышында бош болор эле. Дал ошол кыштын узун түндөрү сандалга бутун катып коюп, атам эрикпей узун жомокко түшчү. Таң каларлык нерсе; атамдын бүткүл жомокторунун окуясы бизден алтымыш чакырым аралыктагы Ош шаарында өтүүчү.

— Ата, жомогуңузду баштаңыз,— дегенимде эле ушул менин жомогумду күтүп тургандай, ошол замат оозундагы насыбайын кийиздин алдына түкүрүп:

— Э, илгери өткөн заманда болгон экен, болбогон экен, бүткүл ааламдагы шаардын эң сулуусу Ош деген шаар болгон экен... Ошол Ош шаарында Курманбек деген баатыр жашаптыр. Анын Тейит деген ач көз атасы болгон экен — деп атам жайма-жай олтуруп «Курманбек» эпосунун окуясын жомок катарында айтып кирчү. Курманбектин балалыгы да, жаштыгы да Ошто өтүп, Телторусун минип, Ак-Бууранын аркы-берки өйүзүнө секирип өтүп, Сулайман тоосуна жан-жөкөрлөрү менен сейилге чыгып, анын так чокусуна ак өргөө тиктирип тамаша өткөрчү. Бир күнү ошол Сулайман тоосунун чокусунда күн батарда отуруп, колуна дүрбүсүн алат да Фергана шаарын карап отуруп ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу кыз көрүп калат.

Ошентип, атам өз оюндагыдай кылып, жалпы элдин оозунда айтылып жүргөн эпостордун, жомоктордун каармандарын ээрчитип келип, улам бир кызыктуу окуяга Ошту аралаштыра коюп, күн өткөн сайын менин Ош шаарына болгон дилгиримди арттырып, бир жолу делебемди козгоп салды.

Делебем козголбогондочу! Анткени ушул биздин жаныбыздагы шаарда кимдер гана жашабаптыр, кимдер гана өтпөптүр, кимдер гана ата-бабабыздын жерин ач көз душмандардан коргоп, кимдер гана канын төкпөптүр!

Бир жолу атам кезектеги жомогун бүтүрө салып, бир

тыным башын жерге салып, унчукпай үлдүрөп отурду да кайрадан сөзүн улантты.

— Э, балам, болгон экен, болбогон экен. Ош шаарында Кадыр деген бала жашаптыр,— деп баштаганда мен эмне дээримди билбей нес болуп атамдын көзүн карап калдым. Оюмда атам мени шылдыңдап жатат го деп ойлодум.

— Ал кайсы Кадыр,— деп жибердим.

Анткени менин атым да Кадыр.

Бирок, атам кабагын салып, сөздү бөлбө дегендей белги берди да, Кадыр баатыр жөнүндө эң чоң кызыктуу жомокту айта баштады.

...Илгерки өткөн заманда Эшим (атамдын өз аты) деген баатыр болуп, андан үч уул калат. Үчөө тең атасынан калышпаган эр жүрөк азамат чыгып, өз мекенин душмандардан коргоп турат. Эң улуусу өлкөнүн Батышын, ортончусу Чыгышын коргоп, эң кенжеси — Кадыры Ошто калыптыр. Ошондо Кадыр он жаштагы бала экен. Душмандар анын агаларынын жоктугунан пайдаланып, күтүлбөгөн жерден Ошко кол салып талап кетмек болуптур. Ошондо Кадыр кайратына келип, белин бекем бууп, колуна кылычын кармап, атасынын ак жал күлүгүн минип, душманга бет алып чыгыптыр. О, баланын сүрүнө душман туруштук бере албай, туш тараптан дыркырап качыптыр. Кадыр бала алмаздай курч кылычы менен душмандардын сансыз аскерин кыян-жаян кылганда алардын аккан кандары Ак-Бурааны кыпкызыл боёп кетиптир.

Ошентип өткөн заманда Кадыр деген бала агаларынын жоктугун билгизбей, Ош шаарын ач көз душмандардан сактап калган экен — деп атам жомогун бүтүрдү...

Мага атамдын ушул жомогу өзгөчө таасир калтырып, кыялымды жандырды. Анткени, бул жомок эмей эле, биздин үй-бүлө жөнүндөгү алыста чек араны коргогон эки агам, карыган ата-энем, эң негизгиси өзүм жөнүндөгү кызыктуу баян экени өзүнөн-өзү эле көрүнүп турбайбы. Бирок, мен атамдан ушул айткандарын биз жөнүндөбү деп батынып сурай албадым. Кокус атам; жок балам, бул башка Кадыр деп сабырымды суз кылып коюшун, чынымды айтсам каалабадым. Анткени, өзүм да атамдын уккулуктуу үнү менен айтылган жомогун угуп отуруп, Кадырдан кем эмес баатыр болуп, бир колума ак найза, бир колума айбаттуу кылыч кармап, асманга атырылган ак боз ат минип, ач кыйкырык салып, сансыз жоону кубалап жүргөн болчумун!

Мен ошол жылы жетиге кадам коюп, күз келсе мектептин босогосун аттайм деп элөөлөп жүргөнмүн. Эми мектепке чейинки балалык кыялымда жомоктогудай укмуш кооз шаар далеге арткы планга жылып, көңүлүмдү Ош ээлеп алды да, ралады, аны тезирээк көрсөм экен деген жалпы тилек жакумду качырып, жаныма тынчтык бербей койду. Мен ошон үчүн Оштон кооз, Оштон кымбат шаар дүйнөдө жоктой сезилди. Бул бир гана менин Ошум, менин шаарым, менин кыялымдын шаары болучу.

Атам да менин ичиме кирип чыккансып, ого бетер менин делебемди козгойт.

— Ош шаарын көргөн да, көрбөгөн да арманда. Анын ар бир ташы ыйык, топурагы алтын, Ак-Буурасы жангадары суу,— деп ансыз деле үйлөп койсо күйчү отко чырак май тамызып койду.

Күн өткөн сайын Ошко болгон ынтызаарым арта берди. Бассам-турсам Ош кыялымдан чыкпайт, түшүмө кирет. Кыялымда Сулайман тоосунун асман тиреген чокуларында алп бүркүттөр уялайт, Ак-Буура төөдөй таштарды кулатып, азоолонуп, албуутанып, улуп-уңшуп кулагымды тунжуратып агат. Андагы жашаган кишилер да бир өзгөчө элестейт. Алардын бойлору да, күлкүлөрү да, баскандары да бизден башкача болсо керек деп ойлойм...

Ошентип Ошко болгон ашыглыгым ашып-ташып ичиме батпай турган кезде мындай окуя болуп, кичине иренжий калдым...

Ал мындай болду.

Коңшубуздун мен теңдүү уулу Абдылай экөөбүз үйүбүздүн үстүндөгү дөбөдөн учкашып чана тээп жатканбыз. Бир убакта кузовуна эл толо машина зуулдап Ош тарапка өтүп калды. Мен чананы да, Абдылайды да унутуп, машинанын артынан элейип карап тура бериптмин. Ырасымды айтсам анын артынан чымын-куюн болуп чуркап: «Мени да сала кеткиле Ошко!» — деп адамдарга кыйкыргым келди. Бирок үлгүрбөдүм.

— Тигилер кандай бактылуу кишилерден,— деп үшкүрүп жибергенимди бир билдим.

Абдылай мага аң-таң болуп карап:

— Кимдер, кимдер?— деп такып сурап калды.

Абдылайдын менин оюмду айттырбай түшүнбөгөнүнө негедир кыжырым келип кетти.

— Тигилер. Ошко бараткандар,— деп жибердим...

— Эмне үчүн?— деди ал эч нерсеге түшүнбөгөндөй чоң көздөрүн бакырайтып.

Баары бир сага айтсам түшүнмөк белең дегендей ага карабай чанамды сүйрөп үйгө жөнөдүм. Көңүлүм уйгу-

туйгу болуп, аны менен чана тепким да келбей калды. Артымдан күнөөлүүдөй болуп Абдылай ээрчип келатты. Сыягы ал менин көңүлүмдү ачам деди окшойт.

— Кадыр, билесиңби, мен былтыр атам менен Ошко баргамын,— деди...

Мен заматта кылчайып артыма карадым... Ишенбеген түрүмдү көрүп:

— Ишенбесең атамдан сура,— деп жиберди шашкалактап.

— Ош кандай экен?— деп сурадым да чочуп кеттим.

— Ошпу?— деп кайра сурады ал.— Ош чоң шаар экен, билесиңби, көчөлөрүндө эшек арабалар бар экен,— деди мени кубанта тургансып.

Мен өз кулагыма өзүм ишенгеним жок...

— Эшек арабалар? Калп айтпа, Ошто эшек араба жок,— дедим жаным күйүп.

— Бар. Сен билесиңби, мен билемби,— деди Абдылай өз айтканын бербей...

— Жок!— дедим чечкиндүү. Менин Ошумда эшек араба жок. Калп айтпагын. Сөзүңдү кайра ал!— дедим өкүм сүйлөп...

Абдылай да ызаланып кетти.

— Мен Ошту көргөнмүн. Сен Ошту көргөн эмессиң. Ошто эшек араба бар. Кел мелдешебиз!— деди аппак колун сунуп.

Ошол учурда анын бакыракай көздөрү да, аппак колдору да көзүмө жаман көрүндү.

— Ошто эшек араба жок, калп сүйлөбө,— деп бетине чаап-чаап өзүм да өпкөм толуп ыйлап жибердим.

Абдылай эмне үчүндүр кол кайтарбады.

Ошол күнү кечинде атам адатынча кезектеги жомогун баштаганда:

— Ата дедим,— капалуу үн менен.— Ата. Ошто эшек араба барбы?— дедим. Атам алгач менин суроомдун төркүнүнө түшүнө коюп, түз маанисинде жооп берди:

— Бар, уулум. Эски шаар менен жаңы шаардын ортосунда каттайт,— деп алып, анан заматта менин кебетемден иренжигендикти байкай коюп:— Бар, уулум, бирок Оштун эшек арабалары бир ажайып поезддей тез жүрөт, аркырап,— деп жомоктогудай кылып мактап киргенде, менин иренжүүм, шегим акырындап тарап, ичимден Абдылайды аядым...

Күндөр өтүп жатты. Кыш күчөп адамдын мурутуна муз тоңуп, көчөдө ит өлүп турган кезде, күтүлбөгөн жерден атам Ошко жөнөп калды. Мен ушул учурду гана күтүп



жүргөн элем. Мен да кошо барам деп катуу асылдым. Атам суук дейт деп такыр болбой койду, апам да менин тарабымда болгон жок. Мен жер тиктеп ыйлап:

— Ошту аябай сагындым! Барам дедим, барам. Таштап кетсеңиз өзүм качып барам,— дедим көктүгүмө салып.

Ошондо атам менин Ошко болгон ушунчалык ынтызарыма ыраазы болуп, алдына отургузуп, көз жашымды аарчып, маңдайыман сылап, жанын үрөп эркелетти да:

— Балам, эстүү бол. Азыр күн суук, тоңуп каласың. Ак төөнүн карды жарылган бышыкчылык келсин, сары анделек бышсын, ошондо өзүм ээрчитип барам,— деди.

Мен кыйылып туруп макул болдум.

Ошондон кийин атам апта сайын Ошко каттай турган болду. Анткени ошол жылы күзүндө улуу агам аскерден кайтып келери менен анын тоюн өткөрөбүз, келиндүү болобуз деп атамдар камынып жүрүшүптүр. Колхоздун иши бошыга элек мезгилде тойго керектүүлөрдү бүтүрүп коёюн деп атам апамдан түрдүү тапшырмаларды алып, эртең базар дегенде Ошко жөнөйт. Апам экөөбүз узатып чыгабыз да ал машинага түшкөнчө жанында турабыз. Апам кудагыйдын көйнөгү мындай түрдүү болсун, келиндин жоолугу кыпкызыл болсун,— деп эбиреп атамдын кулагынын кужурун алат. Атам кадимкисиндей камырап койбой: «Болуптур, байбиче» дегенден башка жообу жок. А мен болсом атама суктанып, андан көзүмдү албай отура берем...

Атамдын Оштон кайтып келиши мен үчүн бир майрам. Машина дүр этсе эле үйдөн чуркап чыгам да, жол карайм. Атам көрүнбөсө сабырым суз, келер жолун карап отура берем. Акыры атам келет, ошол күнү атам түн жарымына чейин Ош жөнүндө сүйлөй берет, сүйлөй берет, а мен талыкпай уга берем да, уктап кетем...

Ошентип ызгаардуу кыш өтүп, жаз келди. Атам атын минип корукчулугуна кетет. Мен өзүбүздүн кызыл уюбузду жетелеп оттотом, ойлогонум Ош... Күн узарып, кеч кирбейт. Сыягы ошол жылы күн ушунчалык узарып кетти бейм...

Атам көп учурда атын минип, түнү колхоздун бедесин кыдырып кетет. Кээде мен болбой жатып учкашып алам. Атам жаздын айлуу, чагылгандуу, жамгырлуу түндөрү ат үстүндө адатынча жомок айтат, айланып келип эле, Ошко такалат... Мен бир нече жолу анделек качан бышат деп атамдан сурап да жибердим.

— Балам, сен үнчүкпай жүрө бер, сары анделек бышканда өзүм айтам,— деп сылык кагып койду.

Андан кийин мен да бул маселе боюнча кайылбай, ичимден тымып, күтүп жүрө бердим.

Мен самаган күн да жетти. Бир күнү атам атынан түшпөй жатып эле:

— Балам эртең базар, бүгүн түштөн кийин Ошко жөнөйбүз. Камын. Кечинде, тааныш бирөөнүкүнө жатабыз, эртеси керээли-кечке Ошту аралап, көңүл ачабыз,— деди.

Мен кубанганымдан аптыгып калыпмын...

Түштөн кийин атам экөөбүз камынып жолго чыктык. Көтөргөнүбүз ала куржун. Апам кадимкисиндей узатып келди. Менин тилегеним эле, жолго чыгарыбыз менен машина даяр болсо, атам экөөбүз түшүп алып зуулдап, Ош кайдасың— деп сапар тартсак!

Мага өчөшкөндөй машина ошол замат эле өтө койбоду. Ал кезде азыркыдай биздин жол менен автобустар, таксилер каттачу эмес. Жүк ташыган гана машиналар өтүүчү. Алар да анда-санда.

Апам адатынча атамы ары жетелеп, бери жетелеп өзүнүн тапшырмаларын кулагына куюп жатат. Мен алардан бөлүнүп, чоң кишидей болуп эки колумду артыма алып, ары-бери басып машина күтөм. Аптап мээ кайнатат.

Күн батарда алыстан машинанын дүрүлдөгөн үнү угулду.

— Ата, машина келатат!— деп кубанганымдан кыйкырып жиберипмин...

Атам камырабай ордунан турду. «Балам, бизди таштап машина кайда бармак эле» дегендей мени карап жолдун четине келип, кол көтөрдү. Шофер бизди кылчайып карап да койбой өтүп кетти. Атам анын артынан телмире карап туруп, ичинен бир нерсе деп күбүрөп, кайра апамдын жанына барды.

Андан беш минута өтпөй эле дагы машина көрүндү. Бул жолу мен унчукпадым. Атам өзү эле келип кол көтөрдү, ал дагы токтогон жок. Менин сабырым суз тартканын атам байкады бейм, жаныма келип башымдан сылап:

— Кейибе балам, машина чыгат. Бүгүн барбасак эртең барабыз,— деди камырабай.

Күн батарда апам үйдү саайм деп үйгө жөнөдү. Атам экөөбүз чоң жолдун боюнда кобурашып олтуруп калдык.

Күн батып, айылды караңгылык чүмкөдү, чуулдаган балдардын, желиндери толуп үйгө кайткан кой-эчкилердин, уйлардын үндөрү басылып жым-жырттык башталды... Анча-мынча иттердин чочугандай үргөн үндөрү угулат... Бир убакта ай кылайып чыкты. Айдагы тоону чеңгелдеген желмогуз кемпир негедир бүгүн мага айбаттуу көрүндү.



Эми такыр машина аттуунун үнү басылды. Атам куржунга кымтынып жатып унчукпайт, бир гана ай жарыгы нан анын эриндеринин билинер-билинбес кыймылдаганы көрүнөт, көздөрү жумулуу. Же уктап же ойгоо жатканын билүүгө болбойт. Мен бүгүн негедир атама асылып, жомок айттырганым жок. «Атам чарчаган го, эс алсын»,— деп жанында отура бердим.

Бир убакта апам келди.

— Силер дагы эле окшошуп отурасыңарбы? Мен силерге суюк аш бышырып келдим,— деди апам.

Атам унчукпай отуруп чоң аяк аштын баарын ичти. А мен ооз тийдим да, ичпейм деп кесени апама бердим. Анткени ичим уйгу-туйгу болуп, ичсем эле кусуп жиберчүдөймүн... Апам ичкин деп кыйнады, адатынча жемеледи. Мен болбой койдум...

Тамак ичилип бүткөндөн кийин, апам дасторкон жыйнап жатып:

— Өлбөгөн кулга күз да келип калды. Алишерим (менин Брестте кызмат кылган агам) келет, ошондо бир чоң той өткөрүп, муратка жетсек... Анан, мына бул бак турган жерге үй салмак...— деди бир өзгөчө муңайымдуу.

— А байбичем, ошол күнгө жетер бекенбиз. Мен дагы баятан бери ошону ойлоп жаттым,— деди атам насыбай чегип.

— Жетебиз ошол күнгө, чал. Мына, үч ай калды,— деди апам.

Апамын үнү чечкиндүү, шаңдуу чыкканы менен, анын ыргагынан кооптонуу, чочулоо даана сезилип турду.

Ошол учурда дагы машина күркүрөп, үчөөбүз тең ордубуздан секирип турдук.

Силер көрүнбөй тургула. Шопур калкы көп кишини каалабайт,— деп атам бизге буйрук берип, өзү жол четине жалгыз калдайып туруп, кол көтөрдү. А бу шопур жалгыз турган атамды да карабай өтүп кетти.

— Жети түндө жолдо жатпай эртең менен келбейсиңерби? — деди апам. Атам да, мен да макул болбой койдум.

Апам бир аз биз менен кобурашып отуруп, бизге ак жол тилеп, үйгө кетти. Мен атамдын койнуна башымды катып, жанына жаттым... Таң аткыча бир дагы машина өтпөдү.

Күн кызарып чыкты.

Адатта үйүңдү өрт алды десе да камырап койбогон атам эми тынчы кетип, кооптоно баштады.

— Машина дегендин уругу түгөнүп калганбы?— деп бир отуруп, бир тура калат.

Мен өпкөм көөп, ызам ичиме батпай, куржундун үстүндө отурам. «Ошентип, бул жолу да Ошту көрбөй каламбы?» — деп ойлосом эле ыйлаганы турам.

Күн көтөрүлүп, шашкеден өттү. Тээ ойдунда биздин айылдын эркектери катар тизилип, чалгы менен беде чабууда. Бардыгы кызыл жоолук менен баштарын таңып алышкан. Кимдир бирөөсү эртеңден бери какшап ырдайт, а калгандары улам аны коштоп: «О өмүрүң узун болсун»,— деп кубатташат. Аркы кырда койлор оттоп жүрүшөт. А койчу болсо отуруп алып, чоор тартып, жүрөктү эзген муңайымдуу обон чыгарат.

Айлана тыптынч.

Мен чоорчунун муңдуу обонуна берилип кетип, Ошту да унутуп салыпмын... Күтүлбөгөн жерден машинанын күрүлдөгөн катуу үнү угулуп, атам экөөбүз да селт дей түштүк. Бизди курчаган жымжырттык бузулду.

Атам экөөбүз бир-бирибизди карадык да, ички оюбузду купуя түшүндүк. «Эми бул машина токтобой койсо, кантебиз?» деген ой эле. Машина ушунчалык катуу келатат.

— Бул соо немеби, же маспы?— деп атам кетенчиктеп туруп анан менин кебетемди көрүп, тобокел деди бейм, машина элүү метрче калганда, так жолдун ортосуна барып туруп алды. Машина зымырап учуп келатат. Мен чочуп кеттим, чыңырып атамдын этегине жармаша кеттим. Атам мени колу менен түртүп салып ордунан козголду. Машина он метрче калганда көзүмдү жуумп жибердим. Кулагым дүңгүрөп дүйнө оодарылып, башым айланды. Көзүмдү ача койсом, атам купкуу болуп токтоп калган машинанын так тумшугунда туруптур.

Машина атамды баспаптыр! Атам тирүү экен! Мен чуркап барып, дагы атамды кучактай калдым. Шофер кыргыз киши экен, кабинасын ачып, маңдайынан аккан ысык терди колу менен аарчып, ал дагы кумсарып туруптур.

— Эй, чал!— деп атама кыйкырды.— Өлгүң келсе, гитлер кол салды өлкөбүзгө. Согушка барып өл!— деди колдору калчылдап.

Мен эч нерсени түшүнбөдүм, атам да аң-таң болуп, бул эмне дөөдүрөп жатат дегендей, аны жалт карап:

— Балам, бизди Ошко сала кет. Эки күндөн бери зарыгып жол карайбыз. Ушул баламы,— атам мени көрсөттү.— Анделек базарына алып барайын,— деп жалынып да жиберди...

Тиги шофер атама таң калгандай карап, анан жай сүйлөдү:



— Аксакал, сиз эч нерсени уккан эмес турбайсызбы? Согуш башталды! Бүгүн түнү жүзү кара гитлер биздин өлкөгө кол салыптыр. Мен ушул кабарды азыр радиодон угуп, балдарыма шашып баратам,— деп ордуна отуруп, машинасын от алдырып, жүрүп кетти. Мен аң-таң болуп чаңдуу жолдо зуулдап жүрүп кеткен машинанын артынан телмирип карап тура бердим. Ушул машинанын артынан көтөрүлгөн жолдун чаңы менен кошо көкүрөгүмө батпай, күнү-түнү тынчымды алып, жүрөгүмдү туйлаткан эң кызыктуу балалык тилегим заматта көздөн кайым болуп, асманга сапырылгандай болду. Атам салмактуу колун далыма койду, мен унчукпай жер карадым. Ошондо күнгө күйүп турган кара ташка бир тамчы ысык жаш тамды... Бул кимдин көз жашы? Атамдыкыбы же меникиби, билбейм?..

— Балам, жүр үйгө, согуш!— деди да, атам жерде жаткан куржунду көтөрүп, аркасына салды.

Мен каяша сүйлөбөй ээрчип бастым. Атам менин алдымда башын үңкүйтүп, унчукпай баратты. Анан мен айланамды карадым. Эч нерсе өзгөрбөптүр. Баардыгы ордунда, баардыгы жайында. Эртеден беде чаап жаткандар баягыдай эле көңүлдүү, кырдагы кой кайтарган койчу чоордун жүрөктү эзген муңдуу обонун улантууда.

Апам бизди дарбазадан утурлап чыгып:

— И, окшошкондор, Ошко барып, келип калдыңарбы? Базарлыгыңар кана?— деп какшыктап сүйлөдү.

Атам жооп бербей, чарпаяга отуруп, насыбайын оозуна салып, анан кайра аны түкүрүп:

— Байбиче, согуш!— деди.— Тиги гитлер деген бизге кол салыптыр.

— Эмне дейт. Оозуңа кара таш!— деп апам безилдеп жиберди. Атам түнөрүп унчукпады.

Мен ошондо гана согуш башталганын, менин Ошума чоң коркунуч түшкөнүн айкын түшүндүм. Эми мен Ошту коргоп, элге көрүнүшүм керек деген чечимге келдим.

Кийин эс тартып, чоңойгондо ойлоп көрсөм, бул күн 22-июнь экен... Ошол күндөн мен балалык кыялдын, жомоктордун өлкөсүнөн биротоло ажырап, не бир каардуу не бир татаал дүйнөнүн кучагына кирдим.

ардактуу жеринде гана илинип турчу. Айылдагы жакын жеңелерим да «Түлкү тебетейчен бала» дешип эркелетип тергешчү. Бул жолу түлкү тебетейимди короздонуп кийип келгениме ичимден кубанып турам.

Күн батарга бир жарым саатча калганда биздин жаныбызга кайдан-жайдан калдыраган бош машина токтоду, оозуна папирос тиштеген, жапалдаш бойлуу шофер кабинесинен башын чыгарып:

— Эй, Ноокатка барчу мусапырлар түшкүлө машинага,— деп жалжаңдап күлдү.

Биз ушуну эле күтүп тургаңбыз. Баарыбыз опурап-топурап машинага жабыштык. Шофер баарыбыздан тиешелүү жол киресин алып бүтүп, мындай шарт койду:

— Жолдо эч жерде токтобойбуз. Шлагбаумдан өткүчө баарыңар башыңарды көтөрбөй, чук этпей отургула. Автоинспектор менин таякем эмес. Кармаса Үч-Коргондон көрсөтөт. Уктуңарбы?

— Уктук, куп болот атанын уулу!— деп жанагы чокчо сакал чал эки колун бүгүп, ашкере кошоматчылык кылды.

Мен үнчүкпадым. Акем менен кол кармашып коштошуп жатканда, машина ордунан козголду.

Шофер айткан шлагбаумга чейин сегиз чакырым жол. Кузовдон башыбызды чыгарбай, үн чыгарбай тымып келе жатабыз. Биздин машина бузулган арабадай калдырайт. Анын дөңгөлөктөрү жолдун өңгөктөрүнө тийгенде, машина ого бетер секирип, биз кузоводон учуп кетчүдөй болобуз. Бечара кемпирлер жакаларын кармашып, «О кудай» дешет. Менин аларга күлкүм келет.

Ошентип, коркуп-үркүп жатып шлагбаумдан аман-эсен өттүк. Анда бүгүн кароолчу жок экен. Биздин машина Узун-Мурунду аралай бергенде, мен чыдап отуралбай, ичим кайнап, кабинага боюмду ыктап, тике туруп алдым. Түлкү тебетейимди сүлкүлдөтүп, анын жылуу жүндөрүн жандан өткөн суук шамалга тосуп, ичимден кыңылдап ырдап келатам.

— Ой балам, отурсаңчы, шопур урушат го,— деди жанагы чал эмне үчүндүр менин тике туруп алганымды жактырбаган түр менен.

— Эч нерсе эмес,— дедим мен дагы.

Канткен менен көңүлүм көтөрүңкү. Бир күндө Ошко барып кайра үйгө кайтуу азил бекен? Мен теңдүү балдар мурдунун богун тарталбай, энелерин ээрчип, айылчылап жүрүшпөйбү? А мен болсом, чоң кишилердей Ошко жалгыз каттап жүрөм.

Жол арбын, Кара-Таштан да өттүк. Тигине, Ноокаттын

## ҚАРЫШКЫР МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

(Болгон окуя)

Согуштан кийинки каат жылдардын февраль айы болсо керек эле. Чилде чыгып, ала шалбырт болуп калган.

Мен ошол жылы он бирге чыгып, бешинчи класста окуп жүргөм. Ар бир аптанын аягында Ошто бухгалтердин алты айлык курсунда окуп жаткан Алишер акемдин үйүнө тамак-аш, айылдыктарча айтканда туз, тамеки жеткирчүмүн. Акем согуштан оң колунан жарадар болуп кайткандан кийин үйлөнүп, колхозго аралашып, иштеп жүрүп, ошол окууга кеткен. Ал жаш аялы менен Оштун эски шаарындагы атамдын көптөн берки тааанышы — өзбек досунун үйүндө турчу.

Ош биздин айылдан отуз чакырымча аралыкта. Азыр автобус менен кырк минутага калбай жетип барасың. О, ал мезгилде Ошко каттоо өзүнчө машакат эле. Керели-кечке кол көтөрүп, зарыгып күтүп жатып, оң келе калган жүк ташуучу машиналарга түшчүбүз.

Бул жолу ак жолум ачылып, Ошко түшкө жакын жеттим да, ошол күнү эле үйгө кайтмакчы болдум. Акем да, жеңем да бүгүн калып, шаарды көрүп эртең кет деп зарлап асылышса да, эртеге окуудан калам деп кыйыктанып көнбөй койдум.

Түштөн кийин акем өзү узатып чыкты. Ноокатка кетчү жолдо беш-алты жүргүнчү бар экен; көпчүлүгү кемпирлер, арасында башын көк жоолук менен эки-үч каттап таңган чокчо сакал чал бар. Баары эле оозунан чок албаган айылдык момун кишилер көрүнөт. Кептеринин таризине караганда бирөөнүкүнө бата окушуп бараткан немелер.

Биз дагы аларга кошулуп, көпкө туруп калдык. Кобурашып отуруп бир саатча өттү. Күн кечтеп, кыштын суугу сөөктөн өтүп жатты.

Менин кийимдерим да жупуну болчу. Үстүмдө пахта чапан, белимде кур, бутумда тамтыгы кеткен ботинка. Кууураган кыштын суук шамалы кийимдеримдин туш тарабындагы тешиктеринен өтүп, денемди калчылдатат. Бирок менин жылуулугум, көркүм — башымдагы түлкү тебетейде болчу. Апама асылып жүрүп, аны ошол жылы жаңы тиктирип кийгем. Түлкү тебетейимди аяп, ашка-тойго гана сактап кийүүчүмүн. Кайран түлкү тебетейим карап эле отура тургандай кооз болчу, жылуу болчу! Жолдошторумдун көзүн күйдүрөм деп мектепке бир-эки жолу мактанып кийип баргам. Башка учурда түлкү тебетейим төркү үйдүн



ардактуу жеринде гана илинип турчу. Айылдагы жакын жеңелерим да «Түлкү тебетейчен бала» дешип эркелетип тергешчү. Бул жолу түлкү тебетейимди короздонуп кийип келгениме ичимден кубанып турам.

Күн батарга бир жарым саатча калганда биздин жаныбызга кайдан-жайдан калдыраган бош машина токтоду, оозуна папирос тиштеген, жапалдаш бойлуу шофер кабинесинен башын чыгарып:

— Эй, Ноокатка барчу мусапырлар түшкүлө машинага,— деп жалжаңдап күлдү.

Биз ушуну эле күтүп тургандбыз. Баарыбыз опурап-топурап машинага жабыштык. Шофер баарыбыздан тиешелүү жол киресин алып бүтүп, мындай шарт койду:

— Жолдо эч жерде токтобойбуз. Шлагбаумдан өткүчө баарыңар башыңарды көтөрбөй, чук этпей отургула. Автоинспектор менин таякем эмес. Кармаса Үч-Коргондон көрсөтөт. Уктуңарбы?

— Уктук, куп болот атанын уулу!— деп жанагы чокчо сакал чал эки колун бүгүп, ашкере кошоматчылык кылды.

Мен унчукпадым. Акем менен кол кармашып коштошуп жатканда, машина ордунан козголду.

Шофер айткан шлагбаумга чейин сегиз чакырым жол. Кузоводон башыбызды чыгарбай, үн чыгарбай тымып келе жатабыз. Биздин машина бузулган арабадай калдырайт. Анын дөңгөлөктөрү жолдун өңгөктөрүнө тийгенде, машина ого бетер секирип, биз кузоводон учуп кетчүдөй болобуз. Бечара кемпирлер жакаларын кармашып, «О кудай» дешет. Менин аларга күлкүм келет.

Ошентип, коркуп-үркүп жатып шлагбаумдан аман-эсен өттүк. Анда бүгүн кароолчу жок экен. Биздин машина Узун-Мурунду аралай бергенде, мен чыдап отуралбай, ичим кайнап, кабинага боюмду ыктап, тике туруп алдым. Түлкү тебетейимди сүлкүлдөтүп, анын жылуу жүндөрүн жандан өткөн суук шамалга тосуп, ичимден кыңылдап ырдап келатам.

— Ой балам, отурсаңчы, шопур урушат го,— деди жанагы чал эмне үчүндүр менин тике туруп алганымды жактырбаган түр менен.

— Эч нерсе эмес,— дедим мен дагы.

Канткен менен көңүлүм көтөрүңкү. Бир күндө Ошко барып кайра үйгө кайтуу азил бекен? Мен теңдүү балдар мурдунун богун тарталбай, энелерин ээрчип, айылчылап жүрүшпөйбү? А мен болсом, чоң кишилердей Ошко жалгыз каттап жүрөм.

Жол арбын, Кара-Таштан да өттүк. Тигине, Ноокаттын

чоң бели көрүнүп калды. Аны ашабыз, андан аркысы эле биздин колхоз. Анан жылуу үй.

Ошентип, кыялданып жатканымда кайран тебетейимди шамал учуруп, башымды сыйпалап калдым.

— Кетти, кетти!— деп жибердим машинанын артындагы жолдо тегеренип бара жаткан тебетейимди көрсөтүп.

— Өзүң тил албаган бала экенсиң. Ушуну көрмөксүң!— деп чал мага кошулуп кабинени такылдата баштады. Белди жакалай бергенде машина токтоду, тебетейимден жүз метрче алыстап кеткен элек.

— Эмне болуп кетти. Адам өлдүбү?— деп шофер ачууланды. Мен тебетейим учуп кеткенин айттым.

— Абдан куп болуптур. Сени бирөө тике тур деди беле? Кеттик,— деп кайра кабинесине отура баштаганда, мен кузоводон ыргып түшүп тебетейиме карай чуркадым. Албетте, мен кеч кирип калган мезгилде, ээн жолго таштап кетпейт деп толук ишендим. Мен чымын-куюн болуп чуркап баратам, машина өз ордунда бекен деп арт жагыма кылчайып да коём. Тебетейиме эми жеткенимде, машинанын үнү дүр дей түштү. Карасам, машина өз ордунан козголуп калган экен, чал кабинени каккылап, шоферго бир нерсе деп кыйкырып жаткансыйт. Мен тебетейимди колтугума кысып, машинанын артынан кайра чуркадым. Мени кантер экен деп сынап жатат, коркутуп жатат деп өзүмдү сооротуп коём. Бирок, машина менден көзүмдөн учкан эң кымбат нерседей алыстай берди. Үмүт деген кыйын да, мен өз көзүмө ээн коктуда жалгыз калган тебетейиме ишенбей, тебетейимди бекем кучактап, дагы эле машинанын артынан чуркап баратам, ыйлап баратам, шоферду тилдеп баратам. «Элден чыккан бир айбан болсо керек» дейм улам ызаланып.

Баамымда жарым чакырымча чуркап отурдум беймм. Анан машинанын токтобогонуна бир жолу көзүм жеткенде ээн жолдо, эч бир айыл жок, жомоктогудай как эткен карга, кук эткен кузгун жок, ары сүрдүү, ары коркунучтуу эки тоонун арасында көз жашымды чапанымдын жеңи менен сүртүп, өз үйүрүнөн адашып калган кулундай эки жагымды элең-элең жалтактап карап, жалгыз туруп калдым.

«О, кудай ай, түшүм болуп калсачы!» — деп оор үшкүрүп да жибердим. Тилегиме каршы, түш эмес, өңүм болчу.

Ошол учурда аркайган тоолордун көлөкөлөрү ой-тоону эбак каптап, күн батарга жарым саатча калган экен. Арт жагыма кайтууга болбойт, жолдун көпчүлүгүн басып өткөн болчубуз, жакын арада жашаган адамдардын жалгыз



жарым үйү да көрүнбөйт. Биздин айылга жетиш үчүн дагы эң кеминде сегиз чакырым бар эле. Алды жакта жүрөктүн сары суусун алып Ноокат ашуусу турат. Анын чокусуна жеткиче күн батат, андан ары коркунучтуу капчыгайлар, колоттор. Ушуларды көз алдыма элестетсем, эсим чыгат, денем дүркүрөйт. Жолдо кыбыр эткен жан жок.

Тобокелге салып, үйдү көздөй жортуп келе жатам. Адам корккондо чарчаганды билбейт экен, сезбейт экен, белдин чокусун көздөй тынбай жортуп келатам, түрдүү коркунучтуу жырткычтар, окуялар улам оюма кылт этип түшөт, түшкөн сайын боюмду муздак тер каптап, денем дүрүлдөйт. Коркконго кош көрүнөт дегендей мага аскадагы кара таш, чобур таш — баары эле жомоктон уккан желмогуз сыяктанып көрүнөт. Жортуп келатам, өзүмдүн терс алптыгымды тилдеп келатам, түлкү тебетейимди да айыптап келатам. Ушул түлкү тебетей болбосо, эбак үйгө жетмекмин, азыр жылуу үйдө мешке кактанып, апамдын мага сактап койгон таттуу шорпосун ичип отурмакмын деп, айыпты тебетейиме жүктөйм.

Менин эң корккону карышкыр. Ал жөнүндө канчалык ойлонбоюн десем да ойго түшөт. Адамдардын айтуусуна караганда быйыл биз тарапта карышкырлар арбын, алар тобу менен ой-кырды жойлоп, колхоздун койлоруна күндүзү кол салып жатат деген кабарды жакында эле кулагым чалган.

Мынакей, көздөн оттой болуп учкан белдин чокусуна да жетип калдым. Андан аркы жолду оңой арбытууга болот. Анткени, жол төмөн карай кетет.

Күн кылкылдап батып баратканда, күйүгүп белдин чокусуна чыгып барып, бет маңдайымды карадым. Карадым да, өз көзүмө ишенбей чыңырып жибердим. Жок, чыңырганым жок, анткени катуу коркконумдан үнүм чыкпай калды окшойт. Белдин чокусунун аркы бетиндеги жолдо эң чоң карышкыр мени көздөй жортуп келатыптыр. Мен эми өлдүм деп, чыңырып бир эки жолу чимирилип да кеттим. Көзүмө кылкылдап батып бараткан күн, бийик асман жана аркы өйүздө мени таң калып карап турган ак жүндөрү арсайган карышкыр гана көрүнөт.

«Карышкыр эркек кишиге кол салбайт, андан айбыгат»,— деген атам ыраматылыктын бир айтканы ошол замат эсиме кылт этип түшө калды. Жолду карасам, бутумдун жанында эки чоң таш жатыптыр. Ала койдум да, аларды бир-бири менен кагыштырып, чакылдата баштадым. Карышкыр да ордунан козголбой, менин жолумду тосуп турат. Артка чегинсем, кутулууга арга жок. Мен эки

ташымды чакылдата бердим, эмне себептен экенин билбейм, карышкыр бир секирүү менен жолдун үстүндөгү дөңсөгө чыкты да, эки бутун алдыга сунуп, мени аңдыгансып жатып алды.

Күн батып баратат, менин өмүрүм да күндүн эң акыркы нурлары менен батып бараткансыды.

Адам өлүм менен беттешкенде, сыягы, тобокелчил болот окшойт. Мен эки колумдагы таштарды чакылдатып карышкырга карай тайманбай жүрүп бердим. Эки көзүм кырда жаткан карышкырда, ал да эки көзүн менден албай мурдагы калыбынан козголуп койбой, шарт секирчүдөй болуп турат. Мен улам карышкыр жаткан жерге жакындап баратам, бүткүл денемден муздак тер чыгып, тиштерим калчылдайт. Ошентип, карышкырдын тушуна да келдим, экөөбүздүн аралыгыбыз калп айтпасам он метрдей эле. Ал мени аңдып, мен андан көзүмдү албай таштарымды ургулап баратам. Бир секундга экөөбүз тиктешип да калдык, анын көздөрүнөн кыпкызыл чок жангансыды.

Мен өтө бердим. Ал кол салбады. Бирок, мен өз көзүмө өзүм ишенбедим. «Жок, карышкыр сынап жатат. Азыр артымдан кубалайт»,— деген ички үнүм өз кулагыма угулат. Он беш метрче алыстаганымдан кийин, артыма кылчайсам, карышкыр баягы калыбында эле жаткан экен. Бир кылчайсам карышкыр жаткан дөңсө көрүнбөй калыптыр. Ошондо бар күчүмдү жыйнап, төмөн кеткен жол менен чуркадым дейсиң — адамдын жанына күч келгенде, ал күлүк аттан да катуу чуркайт окшойт. Бутум кээде жерге тиет, кээде абада жүргөнсүйт. Күч келгенде, тебетейимди оор көрүп, ыргытып жиберип, арт жагымды карабай учуп келатам, арт жагымдан жанагы карышкыр өзүнүн үйүрү менен кубалап келе жаткансыйт, алардын дүбүрттөрү угулат. Мен дагы карышкырларга жеткирбей, чуркап келатам. Белдин чокусунан биздин үйгө сегиз чакырым дебедим беле? Ушул аралыкты тынбай жарым саатта чуркап бастым бейм, айылга караңгы киргенде жетип бардым.

Үйгө кирдим да, «Апа!» деп чыңырып жыгылдым. Андан кийинкисин билбейм. Таң аткыча жөөлүп, ыйлап чыктым. Көзүмдү жумсам эле арт жагымдан сансыз карышкырлар кубалайт, мен алардан качып жөнөйм. Башымда үрпөйүп коркуп отурган апама:

— Карышкыр, апа, апаке келатат!— дейм.

...Андан бери жыйырма беш жыл өттү. Азыр да кээде түшүмө ошол коркунучтуу окуя кирет да, уйкумдан чочуп ойгоном да:

— Жакшы, түшүм экен!— деп жеңил дем алам.

# очерктер



# МЕНИН АЙЛЫМ

Ар бир адамдын оңойлук менен эс кыялынан көтөрүлбөгөн, дайыма көз алдына тартылып, жүрөгүн тызылдатып кусаланткан кереметтүү туулган айлы бар эмеспи! Ошол киндик каның тамган, сенин оюн-күлкүлүү бала чагың өткөн, коён жатагына чейин жат билген боз айлыңды эч качан унуталбайсың!.. Ал эмес боз айлыңда бармактайыңдан ысык-суугуңа күйүп, алпештеп өстүргөн апаң жашап турса, башка бирөөгө комсоо көрүнгөн айылың — сен үчүн дүйнөдөгү эң ыйык мекен.

Мейли сансыз театрлуу, оюн-күлкүлүү, көчөлөрү тап-таза, имараттары асман мелжиген эң ажайып шаарда окубагын, жашабагын, алыскы тоо арсындагы айлыңды, жайында коктуларына козу улагы батпай кулагыңдын кужурун алып маараган айлыңды өзгөчө сагыныч, жылуу сезим, сыймык менен эстейсиң!

Кээде уйкуң качып, түнү тынчың кеткенде, атаңдын гөрү ушул ызы-чуулуу шаардагы тар үйдө кыйналып-кысталбай туулган айылда эле шофер же тракторист болуп иштеп жүрсөм, уйкум да таттуу болмок, мына минтип улам уйку дарысын жутуп, отурмак да эмесмин! — деп айлыңдан окуу издеп кеткениңе наар азы болуп, кейип-кепчип да аласың. Ошол замат көзүңдү жумсаң алыскы тоо арасындагы бак-даракка чөмүлгөн айлың элестейт. Ооба, айлыңдагы катар тигилген мырза теректердин жалбырактарынын шуулдаганы, анын астындагы арыкта шылдырап аккан муздак суунун тунук дабышы, ал турмак караңгы түндө сакчылык кылып, улам кулак түрүп, үргөн иттердин үндөрү кулагыңа угулгансыйт. Ошондо сенин жүрөгүңдү кусаланткан түгөнгүс сагыныч каптайт. Сен таң атса эле бардык иштериңди таштап, жалгыз чемоданыңды көтөрүп, айылды карай чү деп жөнөгүң келет. Бирок эртеси ойгоносуң да, түндөгү бекем убадаңды унутуп, кызматыңа жөнөйсүң.

Күндөлүк тиричилик кайрадан башталат!

Сыягы аралыгың туулган айлыңдан улам алыстаган сайын сенин сагынычың да тоо суусундай улам ташкындап, көкүрөгүңдү тепкилей берет бейм! Ооба ошондой.

Мындан он беш жыл мурда Москвада окуунун артында жүргөн кезимде: бөлмөдө жалжалгыз китеп окуп отурамбы, же Чайковский залында Давид Ойстрахтын жүрөктүн кыл тамырларын козгогон концертин угамбы, же дем алыш күнү шаардын сыртына чыгып, орустун бир ажайып токойлорун аралап жүрөмбү, же үстүбүздөгү жылы Монголияга сапарга барып, Гоби чөлүндө жүрөмбү улам-улам туулган айлымды эстей берем. Эрксизден назик музыка, окуп жаткан китебиң орус айлы, же бозоргон Гоби чөлү сезиминде табышмактуу ассоциация туудурат да, туулган айлыңдын образы көз алдыңа тартылат да, жүрөгүңдө сагыныч өкүм сүрөт. Тез эле туулган айлыңа учуп жеткиң келет, анын боз топурагын кучактай өпкүлөп-өпкүлөп жаткың келет! Көптү көргөн карылар туулган жердин топурагы алтын деп бекер айтпаса керек.

Менин айлым — Өсөр.

— Кыргызстандын кайсы бурчунда жайланышкан? — дейсизби?

— Сиз Ош шаарында болдуңуз беле?

Эгер болсоңуз, Оштун, батыш жагынан Ноокат жолу кетет. Бул жолду хан жол деп эсептешет. Анткени ал аркылуу учурунда Александр Македонский, Амир Темур өз армиялары менен өтүшкөн деп калышат карылар. Албетте, бул эл оозундагы легендалар. Бирок бул жол совет бийлигинин учурунда гана көркүнө келип, элдин жолуна айланды, миңдеген транспорттун жолуна айланды. Бул жол аркылуу Түштүк Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан менен күн сайын байланышып турат. Бул жолдо күн сайын автомобилдер кумурскадай каттайт.

Сиз Кызыл-Кыягабы, Ноокаткабы, жер соорусу Ферганагабы, же атактуу Кокон шаарына баргыңыз келсе, тийиштүү автобуска түшөсүз да, жанагы атактуу жол менен сапар тартасыз.

Сапарыңыз ачылсын.

Тез эле Жапалакты басып өтүп, Узун-Мурун жылгасы менен өрдөп зымырап отурасың. Атам заманда жөө жүргөндө, кыбырап эшек мингендер жолу арбыбайт, бул жылгага Узун-Мурун деп ат коюшкан экен. Чынында эле, улоосуз адамга бул Узун-Мурун кыбырап жол жүрө бересиң, улам кадам таштай бересиң — бирок Узун-Мурундун кучагынан суурулуп чыга албайсың. Бала кезде мен да Узун-Мурун менен көп жөө жүргөнмүн, эшекчен жүргөнмүн, арабачан эгин салып жүргөнмүн, оо жолум арбычу эмес.



Ал эми алдыда төрт дөңгөлөктүү тулпары бар жүргүнчү Узун-Мурунду ой-капарына албай өтөт да, андан ары Кара-Ташты басып, Ноокаттын атактуу бийик белине туш келет. Ноокаттын бийик бели кар улуу түшкөн жылдары азыр деле жүк, пассажир ташыган шофёрлорго ары машакаттуу, ары коркунучтуу жол! Бул белдин чокусуна чыккандан кийин, менин айлыма түз барасың. Кызыл-кызыл тоолорду таң калып карап отуруп, менин айлыма зуулдап кирип келгениңерди билбей каласыз.

Онунчу классты бүтүп, айлымдан окуу издеп кеткениме жыйырма жылдан ашык мезгил өтүптүр. Бул аралыкта, айлыма жылдын түрдүү мезгилинде, түрдүү курагымда көп келдим.

Түнү келем, күндүзү келем, кышында келем, жайында келем, дайыма Ноокаттын бийик белинен ашканымда көкүрөгүмө кубаныч батпай, элөөрүп кетем. «Мынакей, айлыма аз калды. Кандай болуп калды экен? Эмне өзгөрүштөр болду экен?» — деп жаш баладай туйлап, бүткүл эси дартым айлыма аралашып кетет.

Кыска-Кырколдон автобус атырылып чыгар замат көз алдыңда айлымдын бүткүл аймагы, бак-дарагы, дөңсөөлөрү, түз талаалары тартыла түшөт! Аркыраган шамал бетке уруп жеңилдей түшөм. Заматта түрдүү эскермелердин кучагында калам, мен үчүн бул айылдын ар бир үйү, ар бир адамы, ар бир дөңсөсү, ар бир ташы жандуу тарых, айтып бүткүс узун жомок, узун эскермелер.

Менин айлым — менин эскермелерим!

Менин айлым да Совет бийлигинин учурунда көркүнө келди, таанылгыстай өзгөрдү. Таанылгыстай дейсиңби? Ооба, таанылгыстай. Эгерде мындан элүү жыл мурда башка тарапка биздин айылдан кеткен киши бүгүн кайрылып келсе, албетте таанybай калмак. Бирок биз кээде адабиятта өтө апыртып жиберген учурларыбыз да болот. Эсимде: согуштан кийин кайсы бир жөндөмдүү жаш акыныбыз (азыр ал эсен-соо, элүүдөн ашып калды) эки-үч жыл башка шаарда окуп, (чаташтырбас үчүн ырдын лирикалык каарманы) өз айлына келсем баягы мен билген, жашаган, чаң баскан боз кыштак жок, анын ордуна заңгыраган имараттар салынган, электр шамы күйгөн, водопроводу бар кыштак турат. Кокус башка айылга келип калганмын го деп күмөнсүрөп, эгинге суу жайган күмүш сакал (ал кезде бул эпитет поэзияда да көп колдонулчу) дыйкан абасына бул кайсы айыл деп кайрылат да, аябай

уят болот. Көрсө окууга кеткен жаш жигит өз айылына келип, анын өзгөргөнүн көрүп, таанибай калыптыр. Кийинчерээк өз айылынан адашуу жаш акындарга адатка айланып, кимиси болсо да өз айлына барат да, адашып кетмей болду. Ал турмак ошол учурда кээ бирлери айлым шаардан айырмасы жок, көчөсү асфальт, түнү ийне жоготуп жиберсек, оңой эле чөптүн арасынан издеп таап аласың, анткени электр шамы күндүзгүдөй (түнкүдөй да эмес) күйүп турат деп ыр жазгандары болду.

Бирок, эл кайдан ишенсин! Согуштан кийинки каат жылдар баарыбызга белгилүү го. Колхозчулар заңгыраган үйлөр салуу эмес, курсактын эптеп-септеп тойгонуна ыраазы болушуп, келечектеги жакшылык күндөргө канаат кылышып, эң татаал шарттарда белди бекем бууп, кайраттанып, көп учуру кан жутуп иштешкенин жаап-жашыруу эл алдындагы, адабият алдындагы кыянатчылык десек болот. Ырас, кээ бир жолдоштор турмуш чындыгы менен искусствонун чындыгынын айырмасы бар деши мүмкүн. Талаш жок, турмушта болгондугун бардыгы эле, көзгө урунгандын бардыгы — искусство чындыгына айланбайт. Бирок, ошол эки чындык бир-биринен такыр ажырап калган Күкүк менен Зейнеп эмес да. Искусство чындыгынын негизи — турмуш чындыгы, эл тагдырынын чындыгы. «Искусстводо, адабиятта сүйүүдөгүдөй эле белгилүү ченемге чейин калп айтууга болот, анан эртеби-кечпи чындыкты айтууга мажбур болосуң» деген орустун улуу акыны А. Твардовскийдин акылман сөзү эске түшөт.

Айылымдан алыстап, адабиятыбыздын узун сөзүнө түшүп кеттим бейм. Ырас, адабий сөздөр ар кандай учурда көңүлгө кылт эте түшкөн түгөнбөс сөздөр да, сөөккө сиңген кесип да.

Айылымдын мурдагы кебетеси кандай экенин, кайдан билейин. «Ыңкылапка чейин ушу биздин Кара-Кегитте саналуу гана үч-төрт үй бар эле»,— деп кээде эскерип калышчу. Угушума караганда биздин айылдыктар мал менен күн көрүшүп, азыркы Кара-Кол адырында кыштоолоп, жайлап жүрүшчү экен, ал эми азыркы айлыбызга жаз учурунда гана келишип, дандыкка жүгөрү сээп кетишчү экен. Колхоз уюшула баштаганда эл Кыр-Колдон түшүп, үйлөр салыша баштайт, отурукташа баштайт.

Туулган жердин топурагы алтын дейт эл макалы. Менимче, туулган жердин топурагы гана алтын эмес, туулган жердин ар бир бурчу, ар бир тереги, арыгы, кең талаасы, бала кезде көңүлгө сиңген бир өзүнчө атайын кызык китеп болсо керек. Өмүрүңдө кызыгып окуп, учурунда



суктанган китептердин, көбүнүн барактары акырындап жүрүп эстен чыгат, ал эми туулган айылдын балалык кезде ысык сезимге жуурулган эскерме китебинин алтын барактары жыл өткөн сайын, өмүр өткөн сайын, эстен чыкпаган сүйүүдөн улам эске түшө берет. Ал эми сен жазуучу болсоң, туулган айылдын балалык эскерүүлөрү, окуялары чыгармачылык үчүн бир түгөнбөгөн кенч, мурас. Улуу жазуучулардын, акындардын ар биринин чыгармаларына көз салып көрөсүң, туулган айылдын, жердин түгөнбөс мүрөк суусу шаркырап китептеринин көркүн ачып турганын байкайсыңар. Ооба, Пушкиндин, Гоголдун, Тургеневдин, Толстойдун, Горькийдин, Шолоховдун, Ауэзовдун чыгармалары дал ушундай.

Менин айлым...

Мен аны кайсы жашымдан тартып билет болдум экен? Эң алгачкы турмуштук деталь, турмуштук окуя кайсы?

Ал окуяны эч качан унутпайм.

Мен тэрттө болсом керек. Так билбейм. Согуштун алды экенин билем. Сыягы же жай, же күз. Анткени, коон-дарбыздар ушул мезгилдерде бышат эмеспи.

Атам дайыма эшек минип, базарга кетет. Мен келишин күтүп, үйүбүздүн үстүндөгү дөңсөөдө күтө берем. Айрыкча, келери жакындап калганда, түштөн кийин келер жолунан көзүмдү албайм. Атамдын карааны алыстан көрүнгөндө эле чымын-куюн болуп тызылдап чуркайм. Атам ырамагылык (о, анда тирүү болчу, мен азыркыдай жетим эмес элем) кыдыңдаган көк эшегинин алдына өңөрүп алып мандайымдан сылап, үрпөйгөн чачтарымдан жыттап, белине ороп келген табылгаларын бере баштачу. Кээде тойдон, аштан атайы түйүп келген жилиги, аппак канты, мейизи, өрүгү болор эле.

Бул жолу атам базардан (мен үйдө жок элем) силерге калп, мага чын, торпоктой дарбыз сатып келиптир. Ооба, ошол дарбыз торпоктой чоң болчу. Алгач дарбызды көргөнүмдө чочуп кеттим. Анан үйүр алып, дарбызды кармалап көрдүм. Кучагым жетмек турсун, боюм тең келген жок. Керели кечке дарбыздын жанында тегеренип ойноп жүрдүм. Үйдөгүлөр да дарбызга таң калышып, ой тобоо, ушундай чоң болот экен ээ,— дешип жакаларын кармап жүрүштү. Атам алып келген базарлыгына ыраазы болуп:

— Мырза чөлдүн дарбызы экен. Талашып атып, араң алып калдым. Сатуучуга ашыгыраак баасын айтсам эле, алыңыз аксакал деп береке тап кылды,— деп кеп кылып отурду.

Кечинде тууган-уруктар, коңшулар чогулушуп, бул дарбызды союшуп жемек болушканда мен чоң чыр салдым. «Сойбогула, сойбогула!» деп эмнегедир чырылдап дарбызды баса калдым. Дарбыз ата-энең беле биз маңдайыңда отурбайбызбы? — деп анан уруша баштаганда, атам мен тарапты алып:

— Кой, байбиче, наристе баланын көңүлүн калтырба. Боорукер бала болот окшойт. — Анан мени жоошутуп, (азыр ойлосом алдаган экен) сойбойбуз, бул дарбызды дагы чоңойтобуз,— деди.

Мен ишенип калдым, бирок отургандардын түрүн карасам, бирин-бири карашып, негедир көз кысышат. Ошентип, атамдын алдында отуруп, кантип уктап кеткенимди билбей калыпмын.

Эртеси көзүмдү жыртып эле «Дарбыз кайда?» деп чыр салдым. «Дарбыз аркандап койгон жеринен качып кетиптир»,— дешти мага. Мен ишене түштүм. Анткени ал дарбыз аркан үзө турган чоң болчу. Бирок, айбанга чыгып эле дарбыздын почокторун көрдүм да, «Дарбызды союп салыпсыңар»,— деп кайрадан чыр салдым. Бечара дарбыздын почоктору эле бир чакага толуптур.

Андан бери көп заман өттү, андан бери эмне деген чоң дарбыздар көрбөдүм, татпадым, бирок андай алп дарбыз кезиктирбедим.

Мүмкүн, ал дарбыз дале чоң болбосо керек, мүмкүн ал наристе кездин кыялынан жаралган кыял-дарбыз болуп жүрбөсүн! Мүмкүн ар кандай көрком чыгарма художниктин учкул кыялынан дал ошол алп дарбыз сымак жаралып жүрбөсүн?..

Экинчи эстен чыкпаган окуя — каргашалуу күн — 22-июнь. Мен канчалык чымырканып ойлонбоюн, эске түшүрүүгө аракет кылбайын. Жеңиш күнү эсимде жок. Ал эми каргашалуу күн эмне үчүндүр эсиме калыптыр. Сыягы, кубаныч, жакшылык адамдын эсинде аз калып, кайгы, өкүнүч, жабыркоо жүрөккө так салып, адамдын эсинде көбүрөөк калат окшойт.

Ал каргашалуу күнү биздин айылда кайсы бир жаш аял (азыр сураштырып көрсөм, Орунбай акенин зайыбы экен) дүйнөдөн кайтып, эл дүрбөлөңгө түшүп, ый, өкүрүк катуу болчу. Ал биздин өлүм менен ишибиз барбы, топтолуп алып четтерээкте ойноп жүргөнбүз. Күн түш болгондо ый токтоп, элдин өңү кумсарып: «Уруш башталыптыр, уруш башталыптыр! Герман кол салыптыр. Уруш, уруш!» — деген каардуу сөздөр өрттөй эл аралай түштү. Бир жерде адамдар эки топ болуп урушуп жатышкан экен



деп мен ойлодум. Биздин Батыш чек арабызда үйлөр, шаарлар өрттөнүп, фашисттик каракчылар капыстан өлкөбүзгө кол салып, дүйнөдөгү эң улуу согуш башталгачын кайдан билейин!

Бир убакта атам менен апам ээрчишип, үйдү көздөй жөнөштү. Жолдорун тосуп олтурган мага карап да коюшкан жок. Башка учур болсо таарынып чыр салар белем, бул жолу алардын пахтадай кубарган кебетелерин көрүп, үнчукпай ээрчип баратам.

«Балам ай, балам ай! Балам эмне болду экен. Герман жактамын деп кат жазбады беле? Эми көргөн күнүбүз эмне болот»,— деп апам безилдеп ыйлап баратат. Атам да бошошуп, «кемпир кайрат кыл, ааламда кырк жыл кыян болсо, бейажал чымын өлбөйт экен» — дейт, бирок өзү да жүүнү бошоп, араң турат.

Анткени, Бакир акем эки жылдан бери өтө алыс жакта — Белоруссиянын кайсы бир жеринде Советтик Армиянын катарында, аскерде болчу. Мөөнөтү бүтүп, ушул күздө келет деп жол карап жүргөнбүз. Ал тургай акемдин үйлөнө турган колуктусу бар эле.

Ошол каргашалуу күндөн тартып айылдагы окуяларды, кабарларды жакшы билем. Менимче, алардын баарын тизмелеп жазуунун кажети жок. Бирок, согуш учурундагы айылымдын жалпы картинасын, жалпы атмосферасын жазууга милдеттүүмүн.

Согуш башталар замат, адамдардын кулк-мүнөздөрү, пейилдери, жорук-жосундары эмес, айылдын кебете-кешпири өзгөрө түштү. Айыл кандайдыр көңүлсүз болуп, суз-га айланды. Алыстагы согуштун каары, шамалы тез эле биздин айылга жетти. Баягы бейпил кездеги шаңдуу күлкүлөр, оюн-тамашалар кан буугандай токтоду. Баарынан да тез эле тандырларга толо-толо нан жабылбай калды, дасторкондордун үрөйү өчүп, берекеси кетти.

Сыягы, эч качан согуш учурундагы ыйларды, өкүрүктөрдү унуталбайм. Биздин кээ бир адабий чыгармаларда, согушка узатууну тойго жөнөткөндөй жеңил-желпи сүрөттөшүп жүрүшөт. Согушка бара жаткандар да шаңдуу, узаткандар да көңүлү ачык. Билбейм, билбейм башка жерде кандай болгонун, ал эми биздин айылдан жигиттерди согушка узатканда ата-энелердин, жеңелердин, эжелердин кара жерди силкинткен ыйларын укканмын. Ошол түгөнбөс ыйларды согуш кезинде көп угуп, биздин балапан жүрөк да бир жолу кара мерез ташка айланып калса керек. Чынында биздин курактын балалык кези кандуу согуштун оор жылдарына туш келди. Биздин шайдоот балалык күн-

күү каргашалуу күн менен тык токтоду. Ал эми согуш жүрөктөрүбүзгө эч качан кеткис заардуу тагын салды десем апыртқан болбойм.

Согуш бүткөнүнө отуз жылга жакындап бара жатат. Бул мезгилде жаңы муундар өсүп чыкты, согушта курман болгондордун орду толду, эл толду. Бирок ушул күнгө чейин ошол кездеги кара кагаз келгендеги ата-энелердин боздоп ыйлаган ыйлары, өкүрүктөрү кез-кезде кулагыма угулгансыйт да, денем дүрүлдөп, чочуп кетем.

Ооба, кара тер басып, чочуп кетем. Ал ыйларды, өксүүлөрдү курман болгондордун ата-энелери тирүү турганда, жакын туугандар эсен турганда унутууга мүмкүн эмес. Азыр деле айлыма барганда кан майдандан кайтпай калган уулдарынын дарегин сурашкан, мүмкүн тирүү бардыр, кабарын биле алдыңбы, балам? — деп жалбарып сурашкан карылар менен кездешкенимде, «О бул согуштун тагы түгөнбөйт экен го» деп ичимен ойлоном. Санап көрсөм, биздин айылдын ар бир түтүнүнөн жоокер согушка кеткен экен. Кээ биринен экиден-үчтөн кетиптир. Бир эле биздин үйдөн үчөө кан майданга барып, үчөө тең оор жарадар болуп кайтты. Хамза акем ошол согуштун жаратынан майып болду...

Согуш мезгилиндеги ызгаардуу кышты, улуу карды унуталбайм. Азыр андай кар биздин айылга түшпөйт... Кардын улуулугунан сыртка чыкпай калчубуз, адамдар бир-бири менен катташа албай, там-таштар күрөлбөй калчу. Кекиликтер жем издеп короолорго жутунуп кирип келчү. Карышкырлар түнү кыр-кырлардан улушуп, эркин аралап жүрүшчү.

Ойлоп көрсөм, азыр деле ошондой улуу кар түшөт экен, бирок айыл толо алдуу күчтүү эркектер турганда улуу кар коркунучсуз экен. Алар ар кандай улуу карды күрөшүп опоңой чыйыр салышат экен. Эркектерден карышкырлар да ыйбоо тартышып, айылга жолой алышпайт экен. Көрсө карышкырлар согуш учурунда күч алышат экен, алсыз кары чалдарга, жаш балдарга, аялдарга кыр көрсөтүшүп, адамдардан өч алышат окшойт. Сыягы, карышкырлар согуш болорун, согушта эр азамат жигиттер бүт кырылсын, ошондо биз кожоюн болобуз деп тилешет окшойт...

Акемдердин үчөө тең согушта. Кээде баарынан эсен-сообуз деген үч бурчтуу конвертте кат келип, үйгө батпай сүйүнүп калабыз. Мен ал каттарды (44-жылы экинчи класста окуп калгам) эжелеп окуп берем, апам ал каттардын ар бирин көкүрөгүнө кысып, эч кимге карматпайт, эң кымбат буюмдай сандыгына салып кулпулап коёт. Бул



күндөрү апамдын марттыгы тутуп, сактап жүргөн карындагы сары майын ачып, атам экөөбүзгө каттама жасап берет.

Согуш мезгилиндеги каттаманын таттуулугун ай. Азыр да ошол каттамалардын даамы оозумда, майга бышкан жыты мурдума тургансыйт.

Кээде көпкө чейин акемдерден кабар жок, кат жок. Бул күндөрү биздин үй — мүрзөдөй. Атамдын да, апамдын да эстери чыгып, эки колу жакасында.

— Абышка балдардын өмүрүн намазында кудайымдан жакшылап тилесең,— деп атамдын кулагынын кужурун алат.

Атам карылыгы жеткен, беш убак намазын үзбөй окуган сопу киши эле.

— Байбиче күндө эле тилеп жатпаймынбы? Сабыр кыл, кат келип калар,— деп намазы кабыл болбой жаткандай айыптуудай жооп берет.

Атамдын намазына мурда анчалык көңүл бурчу эмесмин, көңүл бурсам да, ичимден күлүп тим болчумун. Согуш учурунда атамдын намазында жаңы кырааттар, жаңы белгилер пайда болду. Атам бул дүйнөнү унутуп, бүткүл дили менен намазына берилчү. Өзүнчө, мага түшүнүксүз сөздөрдү бир уккулуктуу кылып көпкө окуй берер эле. Анан намазынын аягында чөк түшүп тизелеп отуруп, эки колун бет маңдайына жайып, күтүлбөгөн жерден кыргызча сүйлөп: «О, кудурети күчтүү алла! Сенин буйругуңсуз он сегиз миң ааламда бейажал чымын кырылбайт. Менин балдарымдын өмүрүн сакта, эсен-аман бизге кайтарып бер. Аскерде жүргөн биздин айылдын балдарынын өмүрүн сакта. Алардын да ата-энелери да өзүңдөн тилеп, эки колу жакасында. О, алла, биздин өкмөттүн өмүрүн сакта, амири күчтүү падышабыз Сталин аксакалдын өмүрүн сакта, иши илгери болсун! О алла, биз өңдүү пенделериңе ырайым кылып, жер жүзүн канга боёгон заалим Гитлердин жазасын бер, Азирети Алинин шамшар кылычы менен кыя чаап ташта»,— деп дагы көп сөздөрдү күбүрөп, көзүн жумуп, тасписин шашпай тартып олтура берер эле.

Атамды арт жагынан караган апам үргүлөп уктап жатат деп ойлошу мүмкүн эле. Жок, атам кайдан уктасын, атамдын намазы дайыма ыйлоо менен бүтүп, сакалына ысык көз жаштары тама берер эле.

Атамдын мындай кескин өзгөрүп, намазында өктөмчүл болуп кеткенине күлүп жүрүп, кийинчерээк өзүм ага берилип дайыма ышкымды коюп укчу болдум. Антпесем, атамдын намазынын аяк жагында бүткүл денесин аралап,

сезимине кайнаган көкүрөктөн атырылып чыккан улуу тилек, улуу үмүткө ширетилген илеби күчтүү сөздөр — улуу ыкылас бар эле.

Атам намазынын аягындагы көкүрөк сөздөрүн дайыма өзгөртүп, улам жаңы сөздөр, жаңы ырааттар киргизип окуур эле.

Мында улуу ыкластуу сөздөр адамдын турмушундагы эң оор, эң жооптуу мезгилде көкүрөктөн чагылгандай жарк этип жаралып, адамдардын сезимдерине жарык нур киргизсе керек. Дал ушундай учурда акындарга шык жаралып, түбөлүккө эсте каларлык сонун ырлар жаралса керек.

Мен түндөлөрү атамдын намазынын аяк жагындагы улуу ыкылас менен окуган сөздөрүн өзгөчө берилип тыңшап, уйкум качып, ойдолоктоп жата берчүмүн. Атамдын ыклас сөздөрү мага ырдай угулчу. Мүмкүн, келечекте адабиятка кызыгып, ушул эң машакаттуу кесипти тандап алышына атамдын ыкылас сөздөрү түрткү берип көңүлүмдө сезим ойготкондур...

Акемдерден кат-кабар жок, үйдө сабырыбыз суз үңкүйүп отурганда, кээде Орунбай аке салам айтып кирип келчү. Аны биздин айылдагылар Орунбай большевик дешчү.

Анда эмне үчүн бул четин жыгачтай арык кишиге мындай ат койгонун билчү эмесмин. Көрсө Орунбай аке бармактайдан жетим өсүптүр. Атамдын бир тууган жээни боло турган. Алты айлыгында энесинин курасыгынан түшүп, энеси өлүптүр. Адам болбойтко деп керегеге калпакка салып илип койсо, чырылдап ыйлаган экен. О жараткандын амири. Ушу Орунбай адам болуп, эми бизди башкарып жүрөт деп атам дайыма жакасын кармап калчу.

Орунбай большевик колхоз уюштуруу кезинде эң мыкты атка минерлерден болуп, далай байларды кулакка тартыптыр. 1937-жылы СССР Жогорку Советине шайлоо болгондо биздин районго депутаттыкка кандидат болуп, атактуу учкуч Константин Ефимович Федоров көрсөтүлүптүр. Жолдош Федоров шайлоочуларга жолукканы келгенде Орунбай большевик сөз алып сүйлөп: «Жолдош Федоров! Мен как башымды ташка урган кедейлерденмин. Элдин баары жиийркенип чочко бакпай койду эле, мына ушул колум менен отуз чочко бактым. Алардын баары семиз. Бу ишимди жолдош Сталинге айта барыңыз деп трибунада ыйлап жибергенин азыр да көргөн кишилер кеп кылып калышат.

Ошол Орунбай большевик согуш учурунда биздин айылда бригадир болду. Ыраматылык, такыр жаны тынч ал-



баган, элдин камын ойлогон киши эле. Күн сайын ар бир үйгө кирип, ал-абалын сурап, чал-кемпирлердин көңүлүн көтөрүп, отун-суусуна каралашып турчу. Айылга кара кагаз келген сайын, өзү башында туруп угузуп, колуна таяк кармап: «Эсил кайран боорумдан айрылдым»,— деп керели-кечке ыйлап турар эле.

Кыш жакындап, үшүгөндөн сандалда отурганбыз. Атамдын, апамдын да сабыры суз, согушта жүргөн балдарын эстешип, капа отурушкан эле.

Орунбай аке салам айтып кирди да, ал абалды айттырбай түшүнүп.

— Эмне үңкүйүп отурасыңар? Бүт эл сүйүнүп жатса, а булардын кебетесин карасаң,— деди сокуга көчүгүн коюп.

Эмне жакшы кабарың бар дегендей биз карап калдык. Ал биздин ойду түшүнгөндөй:

— Сизден сүйүнчү алайын деп келдим,— деди.

— Сүйүнчү сенден айлансын жээн, алагой, деп апам ого бетер коркуп кетти.

— Түндө түш көрсөм,— деп сөзүн улантты Орунбай аке. — Силердин үйүңөрдө чоң той экен. Үч уулуңуз тең эсен-аман келиптир. Балдарыңыз маңдайыңызда жаркырап отурат.

— Оозуңа май айланайын. Айтканың келсин! — деп анан баягы карындагы майын ала баштады.

Угушума караганда Орунбай аке ар бир кат келбеген үйгө кирип, согушта кан кечип жүргөн уулдары жөнүндө түш көргөнүн, түшүндө тигил же бул аскер ак боз ат минип, же болбосо улуу дайраны кечип, акпай аркы жээкке өтүп кеткенин айтат экен. Анын бул жакшы тилек менен айткан түштөрүнө айылдагылар көнүп калышты.

Ким болсо да мындай учурда жакшы сөз уккусу келет эмеспи!

Орунбай аке апам чай пиялага койгон сары майдан оозуна салып, тасписин үзбөй тартып отурган атама кайрылды.

— Таяке, сизге акылдашайын деп келдим. Биздин айылга алты түтүн башка элден мейман келет экен. Бүгүн чоңдор айтты. Аларга үй, отун камдагыла деди.

— Ашык үйүм, отунум болсо, ала кой,— деди атам калыбын бузбай.

— Жок, сиз түшүнбөй жатасыз. Мынабу Ак теректи отунга кыйратмай болдук.

Атамдын тасписи колунан ыргып кетти.

— Жээним, Ак терекке балта чабам дегендерден эч

кими калган жок. Бул жаныбарга кызыр бубам назар салган. Мен бала кезде ал мына ушундай эле. Атам раматылыктын бала кезинде ак терек ушундай экен. Ак терекке быйыл туура 240 жыл толот. Мындай терекке кантип кол саласыңар?

— Керек болсо терек жыгылат дейт го.

— Жок, жок, мен макул эмесмин. Ак терек элдин көркү, мындай терек Фергана өрөөнүндө жок. Кайда барсаң Ак теректен болом десем, орусу да, өзбеги да, ногою да айттырбай түшүнөт. А сен кантип, Ак терекке кол саласың а?

Орунбай аке кызууланып кетти.

— Мен кыйратам деп жатыптырмынбы? Эмне кыл дейсиз. Мейман элдер суукка тоңуп өлсүнбү?

Атам унчуккан жок.

Орунбай аке да көпкө отурбай чыгып кетти.

Чынында эле Ак терек биздин айылдын көркү да, сүрү да болчу. Биз балдар дайыма анын түбүнө барып ойночубуз, жыйырма отуз баланын кучактары Ак терекке жетчү эмес. Эл түлөө, курмандык кылганда дайыма ушул теректин түбүнө малын алып келип сойчу экен. Төрөбөй калган аялдар да Ак терекке сыйынышчу экен.

Эки-үч күндөн кийин Ак терекке балта чабылды. Ошол кездеги үч колхоздун эркектери чогулду. Эч ким биринчи болуп балта чабууга батынышпай турушту. Ошондо Орунбай аке элден суурулуп чыгып:

— Мага бер балтаны, Ак терек эмес, бай-манаптарга балта чапканмын,— дегенде эл чурулдап жиберди.

Орунбай аке купайкесинин жеңин чечип жүгүрүп барып Ак терекке балта чапты. Андан кийин карап тургандар чабуулга өтүштү. Ак теректи жүздөгөн адамдар биригишип үч күндөн кийин кыйратышты. Үч күн бою Ак терекке балта чабылып, үч күн бою Ак терек туш тарабынан арааланып жатты. Үч күндөн кийин Ак терек оң жагына кычырап ооп, анан тоо кулагандай жерди солкулдатты. Ак теректен алыс турган үйлөр жер титирегендей солкулдашты. Анын узундугу, чоңдор ченеп көрсө, 219 метр, туурасы 12 метр экен.

Мүмкүн, керек болсо терек жыгылар, шаарлар талкан болор, тоолор кулар. Бирок, ошол учурда Ак теректи сактап, отунга башка айла табууга болор эле. Азыр ойлоп көрсөм, Ак терек жалаң эле биздин айылдын эмес, жалпы Ноокаттын көркү экен. Өлкөбүздүн, Кыргызстандын көп жерлеринде болдум. Бирок, ушул убакка чейин Ак теректей алпты көрө элекмин. Ак терек табийгаттын сейрек жаратkan эркеси, же болбосо теректердин серкеси болсо керек.



Темиркул Үмөталиевдин жалпыга белгилүү. «Араванда» деген сегиз саптан турган ажайып лирикалык ыры бар. Мүмкүн анын бул ыры аркылуу биздин Ата журттун кебелбестигин, бекемдигин көрсөткөндөр мүмкүн, ушул ырды жазарына биздин айылдагы Ак терек себепкер, түрткү болгондур. Анткени, акын жаш кезинде Ноокатта комсомолдук кызматта иштеген, сөзсүз ал Ак терекке суктанып, алптыгына таң калган.

Дайыма айлыма келгенимде Ак теректин ордун издеп барам. Бирок, анын орду да жок. Азыркы балдарга, дал мына бу үйлөр турган жерде, кыл учуна көз жетпеген Ак терек бар болчу, биз дагы бул жерге келип «Ак терек, көк терек» деп ойногонбуз десем эч кимиси унчукпайт. Алардын эч кимисинин ал теректен кабары жок.

Мен Ак теректин болжолдуу ордунда, чылымды биринин артынан бирин тартып, кыялданып отура берем, кээде күндүн эбак батып, караңгы кирип калганын да сезбей калам.

Ак терек катардагы терек болбосо керек, ал атам айткандай сыйкырдуу терек болсо керек деймин. Учурунда миңдеген чырпыктарды адамдар дарак болсун деп сайышат. Алардын баары эле дарак боло бербейт, кээ бирөлөрү ошол жылы куурап калат, анан адамдардын керегине жарап, арага кетет. Ал эми Ак теректей феномен, теректердин падышасы, генийи сейрек болот. Ак терек эки жүз жылдык өмүрүндө эмне деген бороондорду, чапкындарды баштан өткөрбөдү. Мүмкүн, анын жанында миңдеген теректер болгондур. Алардын баары куурап, кыйылып, ал ушунчалык жылдарга жашоосун уланткан.

Эч ким жок, караңгылыкта, кыялданып отурам да күтүлбөгөн жерден мына ушундай салыштыруу оюма келет. «Согуштан кийинки биздин адабий турмушта алысты ойлобогон кээ бир сынчылар кылымдар бою баскынчы душмандар менен кылычташып, ушул Ата журтубуз Ала-Тоону сактаймын деп, ошол улуу майданда жараткан улуу эпосубуз «Манаска» Ак теректей кылып балта чабышкан жокпу? Аз жерден Ак теректей кылып «Манасты» кыйратып коюшкан жокпу? Азыр дале кээ бирөөлөр албетте, Ак теректей эмес, бирок адабиятта эгер жакшы шарт түзүлсө, мезгили менен бай терек болчу жаш жазуучуларга балта чаап жүрүшкөн жокпу? «Чырпыктан чынар өсөт»— кылымдар бою элдин бул учкул лакап бекеринен сакталып жүрбөсө керек. Кээде биз да адабиятка көрк болор

мырза теректи өстүрүүнүн ордуна, адабий токоюбуздун көркүн бузган бака теректерге өтө көп көңүл буруп, жайыкышы аларды сугарып жүргөнүбүз жокпу?

Канчалык этиет мамиле кылба, канчалык сугарба бака терек — мырза терек болбойт.

* * *

Эмне жөнүндө кеп болбосун, бардык ойлор айлым менен байланышат, ошол жакты карай сызат.

Дүйнөдө окуй турган китептер көп. Бирин окусаң, ону, жүзү, миңи турат. Онун окуйсуң, жүзүн окуйсуң, дагы окуйсуң, баары бир убакыт, убакыт эмес, өмүр жетпейт. Өмүр кыска. Эгерде менин мүмкүнчүлүгүм болсо, бардык иштерди таштап коюп, сонун китептерди окуп, алардын кызыгына батып отура берер элем. Бекеринен Карл Маркс «Сүйүктүү ишиңиз кайсы?» — деп кызы сураганда; «Китептерге кызыгуу» — деп жооп бербесе керек. Китептерди окуп, анын кызыгына батуу, жаңы китептерди издеп табуу, сатып алуу — бул өзүнчө жаткан кумар эмеспи.

Окуучулук кезде, студент кезде, аспирант кезде убакытты бекер кетирбей, тиштин сарысын соруп, көп эле китептерди окугансыдым. Бирок башкаларга салыштыра келгенимде азыр да өзүмдүн дөдөйлүгүмө ичим күйөт. Мисалы, Маршак жети жашына чейин Пушкиндин бардык чыгармаларын окугандыгын билгенимде менин өлбөгөн төрт шыйрагым калды. Ал эми, Пушкинден башка дүйнөдө эмне деген алп жазуучулар бар. Китеп ордуна үйүнө сонун килемдерди жыйнаган окумуштуулар да бар. Бирок бул шылтоолор менин дөдөйлүгүмдү актабайт да. Ушуларды кейип-кепчип ойлогонумда, дагы болсо да, айлым, айлымдагы балалыгым эске түшөт да, өзүмдү өзүм сооротуп жеңилдене түшөм.

...Ак терек жыгылгандан кийин Орунбай аке атамдан коркуп көпкө чейин биздин үйгө келе албай калды. Атам ансыз эле отурган-турган жеринде жээнин тилдеп, акмак болбосо, биринчи балта чабабы? Орунбай ким, Ак терек? Кызыталак, көзүмө бир көрүнсүн, кызыталак, төпөштөп коёюн деп ызырынып жүргөнүн ал сыртынан жакшы билчү. Кантсе да, Орунбай аке бир тууган таекесинен ыйба кылчу.

Кыштын ызгаардуу узун түндөрү ата-энелердин эрмеги мен болуп калдым. Чынында эрмеги эмес, бул үйдүн колго илинерлик туткасы да өзүм элем. Күндүзү мектепке чуркап барып окуп келем. Жаныбыздагы шахты тарапка



барып, ар жерден андып жүрүп, кырдан кулаган көмүрлөрдү ала качып, көк желкеме көтөрүп, кыштын күнү муз баскан дарыяны бут кийимчен кечип өтөм. Жаактарым бир-бирине тийбей шакылдап, үйгө жетем да сандалга кирип жаным калат. Сыягы кыйынчылык жанды чыйратат белем, мүнөздү кайраттуу кылат белем. Мен ошол кезде сегиз-тогузда элем. Суук да тийчү эмес, азыр кичине эле терезеден баш чыгарсам сасык тумоо жаныбар андып турат.

Кечки тамак ичилип, атам куптанын окуп бүткөндөн кийин үлпүлдөп күйгөн жип чыракты сандалдын үстүнө койдуруп:

— Балам, эми башта,— дейт.

Мен ушуну эле күтүп тургандай ыргып туруп текчеге жөнөйм. Биздин үйдө колдон колго өтүп жүрүп, тыштары жыртылган, ортосундагы кээ бир барактары айрылган «Токтогулдун ырлары», «Эр табылды» жана «Курманбек» эпостору бар эле. Биздин кыштын кычыраган узун түндөрүндөгү эрмегибиз ошол китептер эле. Бул китептердин бардыгы латын алфавитинде болсо да мен тез эле аны өздөштүрүп шар окуп кеттим.

Атам ушулардын ичинен Токтогулдун насыят жана үгүт ырларын көп тыңшар эле. Атамдын Токтогулду өзгөчө изаттоосунун өзүнчө себеби бар экен. Жыйырманчы жылдары Токтугул биздин айылдан Сибирге сүргүнгө кошо барышкан Кадыркул, Исраил деген кишилерге меймандап келгенде, атам отуруштарда бирге болуп, ырдаганын, комуз черткенин уккан экен.

Током пайгамбардай киши болчу. Отурган жеринде бежай сөз сүйлөгөндү жактырбайт экен. Баштан өткөргөн азаптарын, көргөндөрүн айтып отурса, денең өлүп, чач тик турат,— деп аппак сакалын сылап, анан апамды жалт карап (ыраматылыктын ошондой адаты бар эле) — байбиче бул колду Током өзү кармаган,— деп апама азил айтып, мактанып калар эле көп учурда.

Кат тааныпбаган кишилер китепке өтө ыйык мамиле кылат. Барагында жазуусу бар ар кандай китепти тумардай кылып ыйык сактайт, ак кагазды ыплас жерге коюшпайт.

— Нан менен ак кагаз ыйык болот балам, экөөн тең көздөй этият карма,—деп атам мага дарылдап эскерте берчү.

Эсимде, согуш алдында бир жолу атам базардан сөгүнүп ачуулу келди. Эшектен түшүп, куржунунан бир китепти сууруп чыкты да, мага сунуп:

— Мынабу китепти жанындай сакта. Бул Токомдун китеби,— деди. Мен анын ким дегендей аңкайып карап калдым. Токтогул кыргыздын ак таңдай акыны. Кызыталак, наспайчы нысапсыз Токомдун китебин кор кылып наспай ороп берип отурат. Элдин көзүнчө тилдеп, колунан жулуп алдым,— деп күйүп-бышып сүйлөнгөн.

Ошондон бери Токтогулдун ырлары биздин үйдө урматсый менен сакталып жүрөт.

Атам да, апам да Токтогулдун бул китептеги ырларын бир нече жолу угушкан. Күн сайын кайрадан болбой тыңшай беришет. Күн сайын окуудан мен жадабайм, улам окугум келе берет. Токтогулдун туткун ырларын окуганымда дайыма атам да, апам да жашып отурушат. Өзүм да аларга билгизбей көз жашымды китепке калкалап аарчып алам, улам берилип окуй берем.

Кээ бир күнү «Эр Табылдыны» окуп берем. Айрыкча Эр Табылды Чал калмактан жарадар болуп үңкүрдө арызмуңун айтып жаткан жерине келгенимде, апам үнүн чыгарып ыйлай баштайт.

— Менин балдарым да ушинтип жүрүшөт бекен?

— Жинди го, бул. Сенин балдарың кызыл аскер. Командирлери бар. Жалгыз бекен? — Атам ичинде өзү жаны кейип турса да, сыртынан компоюн билдиргиси келбейт.

Бир күнү атам дагы китеп окучу дегенде, «Эне тил» китебинен бир ырды окуп бердим. Атам астейдил укту да:

— Дагы окучу,— деди.

Кайра окудум. Ал төмөнкү «Кышкы кеч» деген ыр эле:

Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт.
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт.
Бирде тамдын үстүн жапкан,
Саманды эски чачкылайт,
Жолоочудай түнгө калган,
Бирде эшикти каккылайт.

Же биздин үй болсочу тың,
Эски, нары көңүлсүз.
Эмне, энеке туруп калдың,
Терезеде болуп суз —
Же бороондун улуганы
Эзип, көңүл талабы?
Же ийиктин чуркаганы
Уктаткансып барабы?

Өткөн байкуш бала чакты,
Сен өстүрдүң, энеке.
Айдап желге кусалыкты,



Ичели, чының канаке?
Ырдап берчи обон сала
Кучкач уя салганын.
Бакан алып жаш кыз бала,
Суусга эртелеп барганын.

Мунарыктап борошо уруп,
Кар тозоңун уйпалайт.
Бирде жырткыч айбанча улуп,
Жаш балача бирде ыйлайт.
Өткөн байкуш бала чакты
Сен өстүрдүң, энеке.
Айдап желге кусалыкты
Ичели, чының канеке?

Окулган ырдын күчүбү, ансыз деле кышкы кечте карацгыланып суз болуп турган жаман үйүбүз ого бетер көңүлсүз боло түштүбү. Мен чочулап, сыртта карышкырлар улуп, терезелерди тырмалап жүргөндөй эшик тарапты элендеп карап да алдым.

— Жакшы ыр экен, ким жазыптыр? — деди атам туңжураган тынчтыкты бузуп.

— Пушкин,— дедим ырдын үстүндөгү кара тамгаларды окуп.

— Анын кыргызбы? — деди атам ого бетер кызыгып.

— Билбейм, мынабул сакалчан киши экен,— деп китептеги сүрөтүн атама көрсөттүм.

Атам Пушкиндин сүрөтүн улам-улам карап:

— Ким болсо да, Токтогулдай уккулуктуу жазыптыр,— деди да,— мунуңдун башка ыры бар бекен? — деди.

Мен билбейм дегендей баш чайкадым.

Атамдын ушул сөздөрү дайыма эсиме түшө берет.

Эс тартып, жетилип, жигит болуп Пушкиндин өлбөсөчпөс ырларын, поэмаларын, алтындай нык прозасын, акылга бай, оюн-күлкүгө толо даанышман каттарын улам суктанып, улам кайталап окуп кумарланган учурлар болду. Көрсө, кандуу согуш менен ызгаардуу кыштын узун түнүндө баарыбызды таң калтырган Пушкиндин «Кышкы кечин» атактуу жазуучубуз Узакбай Абдукаимов бир улуу поэтикалык күч, эргүү менен өз эне тилине которгон экен. Ошондо эч кимибиз бул ыр котормо экен, котормо деген эмне экенин билгенибиз да жок. Ал бизге эне тилде жаралган кыргыздын бир чоң акынынын ырындай кулакка шыдыр, жүрөккө жагымдуу угулду.

Бул эскерме менин балалыгымдын бешиги болгон айлым жөнүндөгү унутулгус бир этюд сыяктанат... ойлоп көрсөм.

*1962—1979*

## КЫЗЫЛ АЯНТТАГЫ КЫЯЛДАНУУ

Кызыл аянт — биздин элдин, ак ниет жалпы адамзаттын көңүлү каалап, өзгөчө урматтаган ыйык жери. Анын кооз сүрөтүн окуу китептерден, газета-журналдардан, кино-картиналардан көргөнүбүздө кимибиз элөөрүп толкунданган эмеспиз, кимибиз кыялыбызда ушул Кызыл аянтты салтанаттуу аралап, кимибиз анда улуу уйкунун кучагында мемиреп жаткан адамзаттын «эң адамгерчиликтүү кишиси» — Ленинге өзүбүздүн алкышыбызды, сүйгөнүбүздү билдирип, жүгүнгөн эмеспиз?

Жүгүнгөнбүз! Тезирээк эле Москвага барып, Ильичтин күмбөзүнө кирүүнү жүрөгүбүз түрсүлдөп самаганбыз. Москвада болуп, Кызыл аянтты аралап, Ильичтин күмбөзүнө кирип келген кишиге таңданып, көзүбүз күйгөн учурлар да болгон.

Мынаке, мен бир жылдан бери Москвадамын.

Кызыл аянт менин да урматтаган жерим. Кубанганымда, кейигенимде ушул улуу көсөм уктап жаткан касиеттүү аянтка жөө басып келем, жүрөгүмө сыймык, кубаныч батпай аралайм, Мавзолейдин алдында бир кыйлага унчукпай турам. Кремлдин кереметтүү байыркы карт дубалдарына суктанып карайм. Кызыл аянтты аралаганда сен өзүңдү кандайдыр өзгөчө сезесиң, адамга тийиштүү пендечиликтен биротоло кутулгандай боло түшөсүң. Жүрөгүңдү улуу идеялар, тилектер, максатар толкундатат, Лениндин улуу арбагы сени шыктандырат. Сен алды жагыңа күлүп-жайнап карап, эркин дем алып, кайраттуу кадам шилтейсиң...

Кызыл аянтта таң аткандан элдин аягы басылбайт. Ильичти көрүүгө умтулган элдин учу-кыйырсыз кезегин көрөсүң. Бул улуу кезектин аягы кырк жылдан бери үзүлбөйт, бул кезек Москванын бороондуу чилдесинде да, нөшөрлүү күндөрүндө да, мээ кайнаткан аптаптуу жай айларында да үзүлбөйт, агат. Ооба, Ильичти көрүүгө телмирип турган бул улуу кезектин аягы эч качан түгөнбөйт, күн өткөн сайын анын аягы улам улана берет, узара берет: бул улуу кезектин түгөнбөс булагы Ленин жолунун туuралыгында, Ленин жолунун мезгил өткөн сайын эзилген элдердин аң-сезимин ээлеп, ага маяк болуусунда.

> Ленин жолу ташка тамга баскан жол,
> Эчен кыя белестерди ашкан жол —

акын Жусуп Турусбековдун ар бир окуучу жатка билген татыктуу ырын негедир дал ушул Кызыл аянтта турганында өзгөчө кубануу менен эстейсиң... Жусуптун ушул ырынын өзгөчө бир сапаты бар. Ал жөнөкөй ыр эмес, ал салтанаттуу гимн сыяктанат. Өтө чаап кыялданып кеттик бейм! «Кыялдануу керек!» — деген Ленин. Ал кыялданууну эки түргө бөлгөн: ишке ашпаган маниловдук кыялданууну шылдыңдаган, ал эми революциячыл романтикалык кыялданууну жан-дили менен сүйгөн, колдогон. Ал эми бүгүнкү күндө Ильичтин алдын ала даанышмандык менен көрө билген канча максаты, кыялдануусу ишке ашып отурат.

Мен дагы ушул кезектин катарында турам да, алдыртымда турган кишилердин кебетелерине көз жиберем, кыялданам. Кезек күткөн сансыз адамдардын катарынан кайсы гана улуттардын өкүлүн көрбөйсүң, кулакка бейтааныш кайсы гана чоочун тилдерди укпайсың! Ленин ар бир тилде улуу урмат менен сүйлөнгөн, бркталган көсөм. Байыркы замандан берки карт тарыхка көз жиберип көрсөң, тарыхый доорлордо далай эле акылман, ишмерлер, полководецтер мамлекеттин башына келишкен, журт бийлешкен, бирок алардын көпчүлүгү тар улуттук кызыкчылыктан көтөрүлө алган эмес. Ал эми ушул Кызыл аянтта уктап жаткан көсөм эч качан бир гана өз улутунун кызыкчылыгын жактаган эмес, ал жалпы дүйнөлүк эмгекчилердин талабы, кызыкчылыгы үчүн күрөшкөн, «таяк карман, шымы жаргак, мурун зардап» жүргөн шордууларга «кел берилеп» кол сунган, телегейи тегиз даанышман! Ошон үчүн ар бир улуттун өкүлү Ленинди өз жол башчысындай сезет.

Биз улам жылып Мавзолейге жакындап баратабыз. Азыр эле мен кезектин эң аягында болчумун, мынакей эл ортолоп калдым, ал эми кезектин аягы тай чабым. Бүгүн негедир күн чайыттай ачык. Түндө жамгыр жаап өткөндүктөнбү, аба нарцис жыттанат, Москва өзгөчө кооз көрүнгөнсүйт.

Мен ар бир адамдын жүзүнө тигиле карайм, эмне жөнүндө ойлонуп жаткандыгын кебетесинен билгим келет. Ырас, ушул кезек күтүп турган адамдар көңүл ачып, тарыхый эстеликтерди кыдырып жүргөн сейилчил кишилер эмес. Албетте, көпчүлүгүнүн зарыл жумуштары бүтө элек, көпчүлүгү кечки поезд менен сапар тартышат, бирок алар Ленинди атайы көрбөй кетишти кечиримсиз күнөө деп эсептешет. Ооба, кантип Москвага келип, Кызыл аянттагы Мавзолейге кирбей кетүүгө болот! Андай адам аз табылат... Чынын айтсам Москва Кызыл аянттан башталат. Ырас, мен Москвага барганда Мавзолей убактысынча жа-

бык экен, кап, Ильичти көрө албай калдым, эмки барышымда сөзсүз деп өкүнүшкөн кишилерди да кезиктирүүгө болот.

Мен бул кезек күткөн кишилердин көпчүлүгүнүн бир өзгөчө сапатын байкадым; негедир алардын ар бири кыялында Кышкы сарайды Ильичтин жетекчилиги астында багындырып жатышкансыйт. Чынында ушул баш-аягы жок кезектегилер — ошол Кышкы сарайды багындыргандардын уул-кыздары, неберелери. Дал ушулар бүгүнкү күндө дың жерди, азоо табийгатты, табышмактуу космосту багындырып жатышпайбы?!

Ленин кылымдар өткөн сайын улуулугу, тереңдиги, жөнөкөйлүгү, даанышмандыгы улам ташкындай бере турган адамзаттын Прометейи, Кызыл аянтка таң аткандан келип карап турсаң, дүйнөнүн кайсы бурчунан, кайсы өлкөсүнөн келген улуттардын өкүлүн көрөсүң... Кулчулуктун чынжырын үзгөн негрлер. Америка континентинен жалындуу вулкандай атылып чыккан эр жүрөк кубалыктар, азаптуу тагдырды башынан өткөргөн индустар, залимдиктин «караңгычылык дүйнөсүндө» тумчуккан испандыктар Кызыл аянтка келишет да, Ильичке улуу ызаатын, урматын, сүйүүсүн билдиришет... Алардын бардыгы дал ушул көсөм жаткан Кызыл аянттан жалпы тил табышат, дал ушул Мавзолейден өтүп баратып, Ленин жолуна ак ниет болууга купуя ант беришет!

Ант!

Биз мандайыбыз жаркырап кубанган күндөрүбүздө же өлкөбүздүн асманын кара туман каптаган күндөрүбүздө көңүлүбүз, ой-санаабыз, жүрөгүбүз менен дал ушул Ильич уктап жаткан Кызыл аянт менен бирге болобуз, ал эми москвалыктар жүрөгүнүн чакыруусу менен келишет да, дал ушул Кызыл аянттан салтанттуу өтүшөт да, улуу көсөмгө ант беришет... Бул биздин элдин эң ыйык салты, эң ыйык анты...

Мен бүгүн ач көз душман Москванын, ооба, биздин сүйүктүү Москванын босогосун сагаалап турган учурда, Октябрь революциясынын 25 жылдыгында, дал ушул аянттан жер дүңгүрөтүп өтүшкөн биздин эр жүрөк жоокерлердин сүйүктүү кебетесин элестетем, алардын такылдаган кадамын, терең дем алуусун «Ильич! Сен бизге ишен, биз сен жаткан улуу шаарды ач душмандарга эч качан аралатпайбыз, биз сенден алган улуу тууну бекем кармайбыз, биздин артыбызда Москва, биздин артыбызда өзүң барсың!» — деп купуя айткан сөздөрүн уккансыйм... Дал ошол жоокерлердин арасынан Ала-Тоонун шумкарлары, Москваны коргоп курман болгон панфиловчуларды көргөнсүйм.

Ал эми Берлин чөгөлөп, Кремлдин карт дубалдарында жеңиштин туусу желбиреп, Москвалыктардын ушул аянтта гы кубанычын, көз жашын, курман болгондорун ушул аянтта жоктоп, өксөгөн үшкүрүктөрүн уккансыйм.

Биздин адамдар улуу көсөм жаткан Кызыл аянтка дайыма келишет да, дайыма кайрат-шык алышат. Биздин даңктуу космонавттар Гагарин, Титов, Николаев, Попович, Быковский, Терешковалар космоско учардын алдында дал ушул аянтка келиши бекеринен эмес. Ал эми алар космосту багындырышып, советтик жерге аман-эсен түшүшкөндө бекеринен москвалыктар Кызыл аянтты көздөй чубурушкан эмес. Бир эле москвалыктар эмес... Тиги Волганын балыкчылары, Кыргызстандын малчылары, Сахалиндин аңчылары, тиги алыста чоочун жерде, учу-кыйырсыз океанда сүзүп баратышкан биздин моряктар телмирип, көңүлүн ушул аянтка бурушат.

Валентина Терешкованын космоско учканын радиодон угар замат, токтоп туралбай Кызыл аянтка Горький көчөсү менен жөнөдүм. Мындай жалпы элдик салтанаттуу күндө кантип чыдап үйдө отура аласың! Жалпы элдин кубанычын, сыймыгын өз көзүң менен көргүң келет...

Бекеринен Куба элинин улуу жол башчысы Кастро резиденциясына токтолбой туруп, түз эле ушул аянтка бет алып, бекеринен ал эң алгач улуу окутуучусуна кирип, өзүнүн окуучулук парзын аткарып, жүгүнүп чыккан жок. Мүмкүн Кастро батисттик желдеттер менен кармашып, тоо арасында камалып жатканда, ал ушул аянтта уктап жаткан Ильичтин өлбөс чыгармаларын окугандыр, мүмкүн ошондо келечекте Москвага барып калсам, биринчи жолу Ильичке сапар жасайм деп купуну тилек кылгандыр. Мынакей, Кастро Мавзолейдин трибунасында туруп: «Мы великие почитатели Ленина»,— деп жарыялады.

Азыр дүйнөнүн төрт бурчунда Лениндин чыгармаларын терең үйрөнүп, андан жүрөктү өйкөгөн актуалдуу маселелерге туура жооп таап, жергиликтүү реакция менен кетишкис күрөш жүргүзүп жаткан миллиондогон коммунисттер, ленинчилер бар. Алар түрмөдө жатпасын, куугунтукта жүрбөсүн Ленин жолунун тууралыгына ишенишет, андан күч-кубат алышып, жаңы кайрат менен күрөшкө аттанышат...

Дагы кыялданам. Мынакей, акырын жылып отуруп, биз да Мавзолейдин оозуна жетип калдык. Негедир адамдардын өз ара сөздөрү тык токтоп, баары бир адамдай

ойлуу боло түштү. Мүмкүн, ушул минутада ар бири Ильичтин улуу өмүрүн, күрөшүн купуя эстеп жаткандыр... Мүмкүн, тиги сакалы ак куудай болгон карыя Ильичти тирүү көргөн замандашы, мүмкүн тааныш да болсо керек. Мына ушул улуу минутада Ильичтин кыял-жоругун, чеч-киндүүлүгүн ар кандай татаал шарттан жол тапкан даанышмандыгын көз алдына келтирип жаткандыр... Ал эми мынабу кырдач мурун жигиттин эселек төрт жаштагы кызы эмне үчүн заматта сабыры суз боло түштү! Ал баятан бериናристелик кыял-жоругу менен элди кубандырып жатпады беле? Ал дагы терең ойлонуп, атасына акырын шыбырайт:

— Ата, азыр чоң ата Ленинди көрөбүз ээ?

— Ооба, кызым...

Бир заматка унчукпай турду да, бир жакшы ой кытыгылагандай кубанып:

— Ата, чоң ата Ленин менен сүйлөшөбүз ээ? — деп атасын жалооруп карайт... Атасы кызына эмне деп жооп айтарын билбей, бир аз буйдалып,— Наташа, чоң ата Ленин уктап жатат... Аны ойготууга болбойт... Билдиңби, ошон үчүн жанынан өткөндө сүйлөбө... Макулбу?

Наташа макул дегендей баш ийкеди да, бирок, сабыры суз улутунат...

Улутунганы түшүнүктүү. Наташа Ильич менен сүйлөшсөм, мойнуна асылып эркелейм деп кыялданган... Мүмкүн эртең Мавзолейге барабыз деп атасы айтканда, жер тепкилеп секирип кубанып, көпкө дейре уктабай жаткандыр.

Биз баарыбыз Мавзолейдин оозунда кирпик какпай какайып турган часовойлорго карайбыз... Ильичтин улуу уйкусун кайтарган али мурту чыга элек ушу жигиттерге тигилебиз.

Акыры Ильичтин Мавзолейине да кирдик... Бул жерде тыптынчтык, бул жерде ыйык керемет өкүм сүрөт... Бул ыйык жерге киргениңде башыңдагы осол ойлорду таштап кир! Ар бир адам Ильичке өзгөчө телмирип карайт, ар бир адам ага алкышын купуя билдирип, купуя сыйынгансыйт... О, ар бир адам Ильичтен көзүн албай көпкө-көпкө турар эле, бирок убакыт тар, Ильич менен коштошуу керек, анткени сенин артыңда Ильичке шашкан, талпынган сансыз адамдардын улуу катарын кантип эстен чыгарасың? Алар артыңдан улуу селдей болуп, сени демитип, агып келе жатпайбы?

Мавзолейден чыксак бизге белгилүү Наташа:

— Жүр, дагы чоң ата Ленинди көрөбүз,— деп атасынын колунан жетелейт.



Атасы кызына эмне деп түшүндүрүүнүн айласын таппай:

— Кирип чыкпадыкпы?

— Дагы киребиз... Чоң ата Ленин таарынып унчукпай койду... Билдиңби, кечээ келсек таарынмак эмес, ошондо...— Наташа өпкөрүп ыйлаганы турат.

Ильич биздин элдин жүрөгүндө... Деги дүйнөдө эмгекчи элге тең караган, эмгекчи элдин аң-сезиминен ушунчалык терең орун алган жол башчы болду бекен? Мынабу төрт жашар Наташа Ильичтин улуу күрөшүн, даанышмандыгын али биле элек...

Бирок, ошого карабастан ал Ильичти ушунчалык сүйөт, ага талпынат, күн өткөн сайын анын чоң ата Ленинге болгон сүйүүсү терендей берет... Наташа Ильич жөнүндө балдар бакчасынан, ата-энесинен көп-көп аңгемелерди уккан, мүмкүн, үйүндө Ильичтин күлүмсүрөп карап турган портрети бардыр... Мүмкүн, Наташа апасынан бул ким деп кызыгып сурагандыр... Ошондо апасы Наташаны алдына отургузуп Ильич жөнүндө узун баян баштагандыр.

Мавзолейден чыгып Кремлдин кыпкызыл дубалдарын бойлоп, Ильичтин көрүнүктүү окуучулары түбөлүккө уктап жаткан аллеядан акырын өтөсүң... Мында революциянын жалындуу рыцарлары Калинин, Свердлов, Дзержинский, Киров, Орджоникидзе, Куйбышев, мында Ильичтин курбусу Крупская... Баары-баары революция үчүн кашык канын аябаган чыныгы большевиктер...

— Тынч уктагыла, уктагыла,— деп шыбырагың келет...

Анан Кремлди аралайсың... Күн батып бараткандагы Кремлдин кооздугун сүрөттөөгө мүмкүн эмес. «Жок, Кремлди, анын дубалдарын, анын өтмөлөрүн, кооз сарайларын сүрөттөөгө мүмкүн эмес. Көрүү гана керек, көрүү же кыялданып жүрөк менен сезүү керек»,— деп Лермонтов суктанып жазган экен... Ооба, Кремлди аралап, анын гүлдүү паркындагы скамейкаларына отуруп:

«Кирпичиңди ким биринчи койду экен,
Койгон кезде кандай ойдо болду экен!» —

деп карт тарыхка көз жүгүртүп, кыялдануу керек.

Кремлдин ар бир сарайы, эстелиги өзүнчө эле тилсиз тарых... Кремлден чыгам да, дагы Ильичтин Мавзолейине алыстан көз жиберем. Элдин аягы баягыдай эле түгөнгүс... Эл агууда... Тигине, часовойлор алмаша баштады. Алардын такылдаган кадамынан улам так-тактак... деген дабыш алыстан угулат. Мен алыста ушул такылдаган солдаттын кадамын суктана карайм...

*1963*

## МАЗМУНУ

### ПОВЕСТТЕР

Түштүк кызы . . . . . . . . . . . . 5
Чоочун киши . . . . . . . . . . . . 5

### АҢГЕМЕЛЕР

Эркинбек . . . . . . . . . . . . . . 163
Кыянат . . . . . . . . . . . . . . . 177
Бакыт жөнүндө аңгеме . . . . . . . . . 204
Энелик мээрим . . . . . . . . . . . . 206
Классиктердин наалаты . . . . . . . . 210
Мезгил кымбат . . . . . . . . . . . . 211
Уйкум келбейт . . . . . . . . . . . . 213
Согуштун тагы . . . . . . . . . . . . 214
Аткарылбай калган тилек . . . . . . . 214
Карышкыр менен беттешүү . . . . . . . 224

### ОЧЕРКТЕР

Менин айлым . . . . . . . . . . . . . 231
Кызыл аянттагы кыялдануу . . . . . . . 248

*Камбаралы Бобулов*

**ДЕВУШКА С ЮГА**

**Повести, рассказы, очерки**

Для среднего и старшего школьного возраста

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Редактору *Д. Сулайманов.* Сүрөтчүсү *А. Ерошенко.*
Сүрөт редактору *Ю. Ким.* Техн. редактору *В. Комерова.*
Корректору *Д. Ороскожоева.*

ИБ № 2555

Терүүгө 12. 07. 82. берилди. Басууга 18. 11. 82. кол коюлду. Д—03739. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $84 \times 108^1/_{32}$. Адабий арибы. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 8,0 физ. басма табак, 13,44 шарттуу басма табак, 14,79 учёттук басма табак, 13, 864 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10000. Заказ № 340. Баасы 60 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

*Камбаралы Бобулов*

**ДЕВУШКА С ЮГА**

**Повести, рассказы, очерки**

Для среднего и старшего школьного возраста

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Редактору *Д. Сулайманов.* Сүрөтчүсү *А. Ерошенко.*
Сүрөт редактору *Ю. Ким.* Техн. редактору *В. Комерова.*
Корректору *Д. Ороскожоева.*

ИБ № 2555

Терүүгө 12. 07. 82. берилди. Басууга 18. 11. 82. кол коюлду. Д—03739. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы $84 \times 108^{1}/_{32}$. Адабий арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 8,0 физ. басма табак, 13,44 шарттуу басма табак, 14,79 учёттук басма табак, 13, 864 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10000. Заказ № 340. Баасы 60 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

*Кымбаттуу окурмандар!*

«Мектеп» басмасы тарабынан 1983-жылы өспүрүмдөр жана жаштар үчүн бир нече прозалык чыгармалар жарык көрөт. Алардын айрымдары мына булар:

*Мураталиев М.* КАРААН.

*Сактанов К.* МУРАС

Бул чыгармаларды китеп дүкөндөрүнөн сатып алууга болот.

60 т.